КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

Кенже эпос

IV том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр:
Абдылдажан Акматалиев,
Батма Кебекова, **Мураталы Мукасов**

Бишкек
«Аврасия Пресс» – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 31

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редкеңеш:

Акматалиев А.А. — *Мусаев С.Ж.*
Байгазиев С. — *Садыков Т.*
Жайнакова А.Ж. — *Токтоналиев К.Т.*
Маразыков Т. — *Эркебаев А.Э.*

Рецензенти *А.Исаева* – филология илимдеринин кандидаты

Ж 31 **Жаныш, Байыш.** Кенже эпос: 4-том. /Түз.: *А.Акматалиев, Б.Кебекова, М.Мукасов.* – Б.: «Аврасия Пресс», 2015. – 568 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-464-65-0

«Жаныш, Байыш» – кыргыз элинин өз азаттыгын, эгемендүүлүгүн коргоп, кылым карыта калмак, кытай төбөлдөрүнө каршы согушуп келген баатырдык күрөшүн, калктын тарткан азап-тозогун, ый-муң, оор жоготууларын көркөм баяндап, калк сезимине таасын жеткирген баатырдык тарыхый эпос.

Окурмандарды толук таанышгыруу максатында төрт варианты тең даярдалды.

Китеп жалпы окурмандарга, жогорку окуу жайларынын мугалимдерине, студенттерине, илимий, басма жана көркөм өнөр багытында эмгектенген чыгармачыл адамдарга арналат.

Ж 4702300200-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-464-65-0

© КРУИА, 2015
© «Аврасия Пресс», 2015

БАШ СӨЗ

Кыргыз элинин оозеки поэзиясынын бай казынасына жаткан чыгармалардын бири – «Жаныш, Байыш». Ал өсүп-өнүгүүнүн татаал жолун басып өткөнүн анын варианттарын салыштыра карап келгенде байкоого болот. Андан эпикалык чыгарманын стадиалдык өнүгүшүнүн ар кыл баскычтарынын: баатырдык жомок, баатырдык эпос жана акырында ашыктык эпостордун айрым бир улгулөрүнүн катмарларын да табууга болот. «Жаныш, Байыш» эпосун шарттуу түрдө – Пролог (башталыш), «Баатырдык үйлөнүү», «Күйөөсү аялынын тоюнда» деген үч бөлүмгө бөлүп караса ылайыктуу. Булардын кийинки эки темасы дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда кеңири жолуккан кыдырма тема болушу менен да өзүнө көңүл оодарат. Ал эми жалпы эле эпикалык чыгармалардын «Прологу» жөнүндө В.М.Жирмунский мындай жыйынтыкка келген эле: «Народное воображение, стремившиеся к поэтической идеализации образа эпического героя охотно пользовалась для этой цели традиционными сказочными мотивами, основанными на мифологических представлениях и верованиях более древней эпохи, но утративших с развитием общества свое первоначальное мифологическое содержание»[1]. Башкача айтканда, көпчүлүк эпикалык чыгармалардын «Про-

[1] *Жирмунский В.М.* Сравнительное литературоведение. – Л., 1979.

логу» камтыган мотивдер универсалдуу таралган окшош шаблон мотивдерден туруп, чыгармалардан чыгармаларга көчүп жүрө берет. Муну биз «Жаныш, Байыштын» «Прологунан» да даана байкайбыз. Мындагы «Пролог» камтыган мотивдер түркмонгол элдеринин эпикалык чыгармаларынын көпчүлүк мотивдери менен окшош.

Орто Азиядагы түрк элдеринде укмуштуу бойго бүтүнүн жомоктук-мифологиялык мүнөзү Түштүк Сибирдик түрк жана монгол тилдүү элдердин фольклоруна салыштырганда кыйла жумшартылган. Мында баланы ата-энеге түздөн-түз белекке берүүчү болбостон, алардын тилегинин ишке ашышына көзгө көрүнбөй көмөктөшкөн сырдуу жашыруун күчтөр катары көрүнүшөт.

Айталы, карыган ата-эненин мусулман ыйыктары Али-Шахимардандын, Баба Тукластын, Баба Омардын мазарларына түнөп, кереметтүү түш көрүү менен балалуу болушу өзбектердин «Алпамышынын» ар түрдүү варианттарында, казак эпосору «Кобланды баатыр», «Шоро баатыр», «Эр Сайын», «Едигей», «Муңдук, Зарлык» ж.б. кеңири орун алган.

Кыргыз элинин бир катар баатырдык эпосору, айталы «Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Солтонойлордо» алгачкы негизи, прототиби бар, кайсы бир тарыхый окуялардын айланасында өсүп чыгышкандыгы байкалат. Алардын жүргөн-турган жерлери азыркыга чейин белгилүү реалдуу кыргыз жерлер, душманы да бир кезде тарыхта болуп өтүшкөн же айрымдары азыр да жашап жаткан реалдуу тарыхый элдер. Демек, бир кезде эл-жери үчүн күрөшкөн алардын даңазалуу иштери эл оозунда уламыш, аңыз сөздөргө айланып, бара-бара эзелтеден эпикалык жанры күчтүү өнүккөн кыргыз элинин оозеки чыгармаларында тарыхый-баатырдык эпосторго айланган.

Ал эми «Жаныш, Байыш» кийинки толук калыптанган варианттарында ушулардын тибиндеги тарыхый баатырдык эпос болсо да башкача жол менен өнүккөн түрү бар. Ал алгач байыркы мифтик-жомоктук түрүндө болуп, кийинки доордо гана баатырдык тарыхый эпоско трансформацияланган. Бул М.Мусулманкулов жана К.Акыев башында турган варианттарды салыштыра келгенде бир кыйла сезилээрлик. Муну фольклорист Б.Кебекова мындайча туура белгилеген: «Алгач кагазга түшкөн М.Мусулманкуловдун, Ж.Жанаевдин варианттарына салыштырганда чыгарма (сөз К.Акыевдин варианты жөнүндө баратат – М.М.) баатырдык жомоктон тарыхый баатырдык эпостун деңгээлине көтөрүлүп, жанрдык жактан толук калыптанган»[1]. Жогоруда аталган эпостордо жер-суу аттары реалдуу болсо, «Жаныш, Байышта» ал ойдон чыгарылган же жөө жомоктордо, эпостордо көп колдонулган салттуу аталыштар: «Баш-Көл, Орто-Көл, Аяккы-Көл (Кара-Көл, Көк-Өзөн), Айдың-Көл (Ала-Көл) ж.б. Нуркан (Асылкан) бийлик кылган территория да реалдуу эмес. Бир катар варианттарда Алты-Шаар Замин (Зимин) аталат. Чыгыш Түркстандан орун алган шаарларбы? – деп болжолдой келгенде, анын жалпы аталышы фарсы тилинен алынган Земин (Зимин) «жер» деген түшүнүктү билдирип, тигил шаарлар менен байланышы жок экендиги байкалат. Экинчиден, Чыгыш Түркстандан орун алган Алты-Шаар (Алты-Шаар деген географиялык аталыш XVIII кылымда пайда болгон. Куча, Ак-Суу, Үч-Турфан, Кашкар, Жаргент, Хотон шаарларын бириктире түшүндүргөн бул географиялык ат – Чыгыш Түркстандын (Шиңжаң) Батыш бөлүгүн туюндурат[2]. Ошол регион-

---

[1] *Кебекова Б.* «Жаныш, Байыш». – Б., «Шам» басмасы, 1998, 13-б.

[2] *Бартольд В.В.* Соч. том III, С. 318.

дун аты (Алты-Шаар) коңшулаш жашаган элдерге (кыргыз, казак, өзбек) да кеңири тараган. Кытай менен чектеш болсо, эпосто алты айда араң жеткен жердин түбү. Андыктан, Алты-Шаардын генезисин башка жактан да иликтөөгө туура келет. Мусулман уламыштарында дүйнө жүзүндө алты ыйык шаар бар. «Алар: Мекке, Медина, Багдад, Кудус (Иерусалим), Шам, Букара»[1]. Ушундан улам сөз жалпы эле мусулман өлкөлөрүнүн борборлору жөнүндө жүрүп жатабы деген ой жорууга алып келет. Буга эпостогу мусулман дүйнөсү менен байланышкан төмөндөгүдөй аталыштар да күбө болгонсуйт.

К.Акыевдин вариантында Нуркан 60 шаарды бийлеп, Үзүр (кээде Мисир деп да аталат) шаарын борбор кылат. Тарыхта кыргыздар мынчалык шаар күткөн, күтпөгөнү жөнүндө так маалымат жок. Мисир (Чыгыш элдеринде Египеттин аталышы) бир катар түрк тилдеринде Мүзүр деп аталат, демек, Үзүр ушунун фонетикалык жактан бир аз өзгөрүүгө учурап айтылган варианты дешке болот. Эпосто Жаныш соопчулук үчүн салдырган шаар Кайры аталат. Бул айтылыш ошол эле Мисирдин (Египеттин) борбору Каир (арабча толук аталышы – Миср ал-Кахира» – «Жеңиштүү Мисир») менен үндөшүп турат. Ушул аталыштар тууралуу окумуштуу С.Закиров мындай бир кызыктуу пикирди айтат: «Адам баласы басып өткөн таптык коомдо «кырк тыйын чака чыгарбай карыптарды жарды-жалчыларды» баккан шаарлар, хан, бектер болгон эмес (текстте ошондой шаардын болгондугу айтылат). Бул элдик фантазиядан түзүлгөн келечектеги тилеги, ой-кыялы болгон. Дал ошого карата шаардын атын да кайрымдуу деп Кайры шаары деп атаган. Үзүр шаары да атына жараша адамдардын үзүр көрө

---

[1] *Певцов М.В.* Путешествие по Восточному Туркестану... в 1889 и 1890 годах, СПб, 1895, С.61.

турган шаары»[1]. *Мисир, Каирдин кыргызча үзүр (үзүрдүү шаар), Кайры (кайрымдуу шаар) аталышы С.Закиров белгилегендей эпостогу элдик идеалга ылайыкташтырылып берилген чечмелөө – элдик этимология. Аттары ислам динин тараткан борборлор катарында даңазалуу болуп, кыргыздарга белгилүү болгону менен бул жерлерге кыргыздарга түздөн-түз катнашы болгон эмес.*

К.Акыевдин жана ага жакын турган варианттарда кыргыздардын биримдигин сактап, сырткы жоодон коргоп турган күчтүү, таасирдүү падыша Жаныш, Байыштын чоң атасы Азирет хан (Азирет Аалы) болот. Тарыхта Азирет Аалы Мухамбет пайгамбардын ары иниси (агасы Абу-Талиптин баласы), ары күйөө баласы (кызы Фатиманын күйөөсү) болуп, төртүнчү халиф (бүткүл мусулман дүйнөсүн, анын ичинде Мисирди да бийлеген өкүмдар). Чыгыш элдеринин оозеки чыгармаларында жеңилүүнү билбеген чексиз баатыр катары сүрөттөлөт. 60 шаар, Үзүр (Мисир), Кайры (Каир) жана ал жерлердин халифи даңазалуу инсан Азирет Аалынын (Али абу-Талип) аттарынын эпоско киришин мусулман (араб) маданиятынын таасириндеги чыгыш дастандарынын мифтик-жомоктук эпостон тарыхый-баатырдык эпос болуп кайрадан түзүлүп жаткандыгы «Жаныш, Байышка» тийгизген таасири деп кароого болот. Кыскасы, эпостун башталышында эле жер-суу аттары географиялык реалиядан тышкары мифтик-жомоктук чыгармалардагыдай абстаркттуу сүрөттөлүшү – анын алгачкы булактары ошолордон башталгандыгын дагы бир жолу кабарлайт.

«Жаныш, Байыштын» тарыхый баатырдык эпоско айланган кийинки варианттарында душман-

---

[1] *Закиров С.* Кириш сөз. Жаныш, Байыш. – Ф., «Адабият», 1991, 7–6.

дын арасындагы колукту үчүн атайы аттануу таптакыр унутулууга өткөн. Байыш баатыр душман колуна түшкөнгө чейин Желкайып (Белкыс) жөнүндө эч бир кабары жок. К.Акыев, С.Дыйканбаевдин варианттарында баатырдын душманга каршы аттанышынан душман тараптагы колукту менен эч бир байланышы жок. Алар патриоттук сезим менен душмандар мурда зордоп тартып алган кыргыз жергесин кайрып алуу үчүн жөнөшөт.

Ырас, баштагы кайыптардын энеси жана ээси аял кудайдын кийин экиге ажыраган образынын тескери каарманга айланган түгөйлөшү акырындап, эпостогу эркек персонаж менен алмаштырылганы менен өзүнүн ордун ыңгайсыз, таптакыр жоготуп жибербей, рудимент катары сактап калган. Мисалы, кагаз бетине эң алгач түшүрүлгөн М.Мусулманкуловдун вариантында баатырды душман жерине азгырып барышындагы ролу эркек персонаж Желмаянга өтөт. Бирок баштагы образ – желмогуз кемпир күйөө менен колуктунун ортосундагы байланыштыруучулук ролун кайсы бир деңгээлде сактап калган.

Байыркы кудай аялдын образынын эволюциялык өнүгүшүнүн натыйжасында «Жаныш, Байышта» эркек персонаж менен алмашышынын изин алардын аттарынын – Желкайып, Желмогуз, Желмаян болуп алмашылышынан да байкасак болот. Бул аттардын жалпылыгы, «жел» деген уңгу сөз менен байланышкан. Байыркы түркчө «жел» жел сыяктуу көзгө көрүнбөстөн таасир кылуучу кереметтүү культтун аталышы. «Кайып» аңчылык кылуучу ача туяктуу жапайы жаныбарлардын (кийик, аркар-кулжа, бугу ж.б.) жалпы аталышы. Элдик ишенимде алар өздөрүнчө адамдардыкындай коомдук түзүлүшкө ээ, акка (кудайга – М.М.) жакын жандыктар. Демек, Желкайып байыркы элдик ишенимде жапайы аңчылык жаныбарларынын ээси жана энесинин аталышы. Кийин анын образы эки персонаж ажыраганда терс

күчкө айланган түгөйлөшү анын атына уйкаш Желмогуз кемпир аталгандыгынын «Төштүк» эпосунан көргөнбүз.

Азыркы кыргыз тилинде төөнүн күлүгү желмаян (маян» тажикче – төө деген маанини түшүндүрөт) аталат. Ал эми байыркы элдик ишенимде «Желмаян» деген термин «желмогуз» менен маанилеш болуп, уйкаш эки аттын бирин-экинчиси алмаштырышы анчалык эрөөн-терөөн учурабай, азыркы лексиконубузга деле синонимдеш мааниге ээ. Бул жерде байыркы кудай аял Желкайыптын кийин экиге ажыраган образынын оң каарманы Белкыс аталышы өзүнчө кызыкчылык туудурат. «Библияда» Белкыс Соломонго байланыштуу эскерилет. Ал падыша кыз болот. «Библиянын» таасири менен мусулмандардын ыйык китеби «Курандын» персонажынын бири Сулайман (Соломондун арабча аталышы) болуп, ал Чыгыш элдеринин оозеки чыгармаларында жин-перилерден бери он сегиз миң ааламды башкарган өтө популярдуу каарманга айланган. Ошондуктан, анын аты менен байланышкан персонаждардын ысымы да кеңири тарап, элдик оозеки чыгармачылыктын ар түрдүү жанрларынан орун алган. Белкыстын ысымынын «Жаныш, Байыштан» орун алышын эл аралык оозеки чыгармачылыктын ушундай көчмө таасири деп билүүгө туура келет.

Кыргыздар жаңыдан дуркүрөп өсүп келе жаткан көк түрк каганатынын эзелки жоосу эмес эле тек, ошол кездеги Борбордук Азиядагы уруулардын күчтүү биримдигинин бири болгон. Ошондуктан, күчкө толо баштаган түрктөр коңшу уруулардын байлыгына көз арта баштап, аны басып алууда кыргыз урууларынын күчтүү биримдигинин тоскоолдугуна учурай тургандыгына көздөрү жетип, аларды «күчтүү жообуз» деп эсептешкен. Күчкө толгон түрктөр акыры өздөрүнө кол саларына көздөрү толук жетип, Көк түрктөр найза бою карды бу-

зуп, Көгөмөн белин ашып, уктап жаткан кыргыздарды кыргынга учураткан. Ошентип, жоокерчилик күч алып турган заманда кооптуу жоонун алдын-ала жолун тосуп, капыстан басып калуу салты – тарыхтын реалдуу чындыгы. Элдин башынан өткөргөн тарыхый чындыктын көркөм чагылдырылышы болуп саналган баатырдык эпостордогу мындай көрүнүш баатырдын кооптуу жоого алдын-ала өзү аттанып барышы сыяктуу салттык мотивге айланышын шарттаган.

Кооптуу жоодон сактаныш үчүн алдын алган даярдык жеке оң каармандар тарабынан жасалбастан, тескери каармандар тарабынан да жүргүзүлөт. Калмак каны Шумурут, кыргыз каны «эки баатыр уулдуу болуптур» деп угуп, келечегинен кооптонуп, Жаныш, Байышты жаштайында көзүн тазалоо үчүн: «Туткундап кел», – деп Желмаянды жиберет[1]*.*

Баатырдык эпостордо башкы оң каарман эрдикти жеке жасайт, жоонун сандаган колу менен жеке салгылашып жеңип чыгат.

Сурданып атка минди эми,
Сундуруп найза кылычын
Сумсайып жалгыз кирди эми.
Ачууланып бакырып
Аянбады эр неме.
... Айбат менен алышып,
Аралап сайып бараттат.
Ат үстүндө бир тынбай
Кеч кирет да, таң атат.
Кезиккен миңдей кол болсо,
Кекилик, чилдей тараттат[2]*, –*

деп сүрөттөлөт, жаш баатыр Байыштын кытайлар (калмактар) менен алгачкы беттешүүсү.

---

[1] Жаныш, Байыш. М.Мусулманкуловдун айтуусунда. 32-б.
[2] Жаныш, Байыш. Калыктын айтуусунда. 212–213-бб.

Каармандын эрдикти жеке жасашы түрк элдеринин оозеки чыгармаларындагы эң байыркы мотивдин бири, «элдик ырлардын жана баатырдык айтымдардын адабий трансформациясы»[1] экендигин Орхон дарыясынын боюнан табылган таш эстеликтердеги руналык жазуулар да далилдейт. Эгерде бир эле окуяны сүрөттөгөн үч жазуунун Күлтегинге, Тонукөккө арналганында көптүк түрүндө, ал эми башкы фигура болуп берилген Билге каганга арналган жазууда жекелик түрүндө берилет. Мисалы, Күлтегинге арналган эстеликте:

Күлтегин жыйырма алты жашында
Биз кыргыздарга жортуулга жөнөдүк.
Найза баткыдай карды бузуп,
Көгүмөн жышына (черин) көтөрүлүп өттүк.
Кыргыз эли уктап жатканда бастык.
Каганы менен Сунга жышта кармаштык.
... кыргыз каганды өлтүрдүк.
Элин алдык[2], –

деп, окуянын жүрүшү көптүк түрүндө берилсе, Билге каганга арналган эстеликке жекелик түрдө төмөндөгүчө баяндалат:

Жыйырма жети жашымда
Мен кыргыздарга жортуулга жөнөдүм.
Найза баткыдай карды бузуп,
Көгүмөн жышына (черике) көтөрүлүп өттүм.
Кыргыздар уктап жатканда бастым.
Каганы менен Сунга жышта кармаштым.
Алардын каганын өлтүрдүм.
Элин алдым[3].

---

[1] *Стеблева И.В.* Поэтика древнетюркской литературы. С.95.

[2] *Стеблева И.В.* Поэтика древнетюркской литературы. С.95 (Сапма-сап котормо биздики – М.М.)

[3] *Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. С. 17. (Сапма-сап котормо биздики – М.М.)

Көрүнүп тургандай, Билге каган бүтүндөй коллективдин (бүтүндөй түрк элинин жоокерлеринин) аткарган иштерин эпостук баатырдай жеке, жалгыз өзү аткарган болуп сүрөттөлгөн.

«Создание образа богатыря требовало известной степени выделения личности из первобытной общины»[1] *– деп жазып, белгилүү чоң окумуштуу Е.М.Мелетинский, экинчи бир жерде: «Следует подчеркнуть, что в племенных архаических обществах только мифического персонаж и мог быть главным героем, поскольку только он обладал в глазах членов первобытной общины необходимой для героя свободной самодеятельности. Вместе с тем героем мог быть только персонаж, который моделировал не силы природы, а сам родо-племенной коллектив. А таким как раз, как уже сказано, и является первопредок-культурный герой. От первопредки-культурного героя идет путь и к подлинному герою эпической поэзии»*[2] *– деп белгилейт.*

Е.М. Мелетинскийдин ушул ойлоруна сүйөнө олтуруп, казак окумуштуусу Ш.Ыбыраев минтип жазат: «Ушул өңүттөн келгенде эпос баатырларынын калың эли болуп туруп жалгыз жүрүшү дагы да ошол мифтик логикага аркасын тирөөдөн чыккан. Жеке жүрүп адамзат ийгилигине кызмат өтөө – маданий каармандын башкы белгиси. Маданий каармандын жалгыздыгы анын өз башынын кудайлардын образына жакындыгын, болбосо анын өзү болуунун көрүнүшү»[3]*. Ал мифтик каарман – маданий каармандын адамзат тарыхынын өнүгүшү менен баатырдык эпостун каарманына трансформацияланышы жөнүндөгү оюн андан ары улап: «Баатырдын*

---

[1] *Мелетинский Е.М.* Введение историческую поэтику эпоса и романа. – М., изд. «Наука», 1986. С.62.

[2] Ошондо, 62-б.

[3] *Ыбыраев Ш.* Эпос Элемі. 232-б.

өзү кудай болбогону менен жаратылышында, иш аракетинде кудуреттин касиети даарыган. Аны дүйнөгө келтирген касиеттүү күч-арбактар, пирлер, жөлөп-таёочу олуялар. Алар ар дайым баатырдын жанында»[1], *– Байыштын бойго бүтүп төрөлүшүндө да, баатырдык иштерде да Кызыр колдоп, жандап жүрөт:*

Капа болбо балдарым,
Азелден бери багамын.
Ээрчип жүргөн артыңда
Азирети Кызыр бабаңмын[2].

Байыштын колго түшүшү бардык варианттарда рационалдуу түшүнүккө негизделип, реалдуу сүрөттөлөт:

Нечен күнү жоо сайып,
Кеткен экен дарманы.
Ошондо да октолуп
Сыядат менен кармашты.
Туш-тушунан душмандын
Кол жеткени жармашты.
Тегеректеп курчашып,
Эки колун бекитип
Темир менен чырмашты[3].

Ушундан кийин Байыш кытай (калмак) жерине алып барылып, оңой эле орго таштаалат. Архаикалык типтеги эпостордо баатырдын колго түшүп орго таштаалышы, анын алп уйкусуна байланыштуу болот. Ак-Кандын кызы Эркe-Каракчыга үйлөнмөк болуп жөнөгөн Алып-Манаш, ээрин жазданып алп уйкуга кирет. Ак-Кандын малчысы аны кара сеңир экен деп ойлойт. Анткени андан чыккан бо-

---

[1] Ошондо, 232-б.
[2] Жаныш, Байыш. М.Мусулманкуловдун айтуусунда, 86-б.
[3] Жаныш, Байыш. Калыктын айтуусунда. 217-б.

роондон (Алып-Манаштын мурдунан чыккан желден) тоолор кулап, дарыя жээгинен чыгып ашыпташыйт. Ак-Кан көк бука минген жети баштуу желмогуз Желбегенди чалгынга жиберет. Ал Алып-Манаштын чүчкүргүнөн он тоо, жүз көлдүн ары жагына учуп түшүп, малчынын сөзу чындык экендигин айтып келет. Ак-Кан уктап жаткан баатырга каршы алтымыш балбанын, жетимиш баатырын жиберет. Алардын аткан жебеси, алты саржан кылычы чөптөй уйпаланып, он жакка быркырап учат. Алып-Манаш кебелбей уктай берет. Ак-Кан тогуз күнү токсон саржан ор каздырып Алып-Манашты ага кулатат[1]. Алпамыш Барчынга үйлөнүп, жерине кайткандан кийин, калмак Тайча хан анын кайын атасы Байсарынын мал-мүлкүн тартып алып өзүн койчу кылат. Бул кабар Алпамышка жетип, өзүнүн кырк жигити менен кайрадан калмактарга жөнөйт. Анын жолун мастан кемпир Сурхайил кырк кыз менен тосуп, арак берип кырк жигити менен мас кылат. Калмактар мас болуп уктап жаткан кырк жигитти өлтүрүшүп сөөгүн өрттөшөт, алп уйкудагы Алпамышты өрттөсө күйбөйт, чапса кылыч, атса жебе өтпөйт. Сурхайилдин кеңеши менен терең зындан казылып, аны атынын күйругуна байлап ага кулатышат[2].

Келтирилген мисалдар менен салыштырганда Байыштын туткундалып орго түшүшү – байыркы мотивдин жумшартылып, рационалдуу түшүнүккө негизделип кийин кирген мотив. Алып-Манаш Алпамыштай Байыш дөө кебетесинде эмес, кадимки жердик адам катары сүрөттөлүп, ошол кадимки жердик адамдын башына түшкөн кыйын кезең ме-

---

[1] Алып-Манаш. Улагашев Н. Алтай-Бучай. Горно-Алтайск. 1940, С.126.

[2] *Жирмунский В.М.* Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. – М., Изд., Восточной литературы, 1960, С.17–18.

нен колго түшүп орго таштаалат. В.Я. Пропп архаикалык эпостордо каарман гиперболанын, бойөлчөмү чексиз чоңойтулуп сүрөттөлөөрүн белгилейт да, тарыхка жакындаштырылган кийинки эпосторду: «Грандиозные размеры начинают терять свой пафос и свою привлекательность. Наоборот огромные размеры становятся в глазах народа чем-то отрицательным и начинают вызывать насмешку. Поэтому гиперболизируется враг, и его огромные размеры вызывают насмешку и презрение, они выражают низкую природу врага, его неуклюжесть и безобразность»[1] – дейт. Ушул көз караштан алып караганда Алып-Манаш, Алпамышка салыштырганда, Байыш – эпос жанрынын эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этабына мүнөздүү чыгарманын каарманы. Байыш кадимки жердик адам болуп сүрөттөлсө, колго түшкөн аны өлтүрүш үчүн атайы алынып келинген Аргындын эбегейсиз алп денеси В.Я.Пропп белгилегендей тескери мүнөздө сүрөттөлөт:

Баарысынан башы чоң
Кырк кулактуу казандай.
Көргөндө коркуп көп адам
Жыгылып калат баса албай.
Кулагы түндүк жаагындай,
Көзү кызыл жалындай.
Өзү орой доңуздан,
Өңү кара коңуздан[2].

Качандыр бир кездерде Алып-Манаш менен Алпамыштай Байыш да алп денелүү болуп сүрөттөлүп, рационалдуу түшүнүккө негизделген реалдуу адамга айланышы кийин киргизилген болуу керек. Муну, алардын отко салса күйбөс, ар кандай жоо

[1] *Пропп В.Я.* Русский героический эпос. – М., 1958, С.55.
[2] Жаныш, Байыш. Калыктын айтуусунда, 267-б.

куралы өтпөс, сыйкырдуу өлбөстүгүн Байыштын образы сактап калышынан көрүүгө болот. Бул жөнүндө аны колго түшүргөн Сыядат минтет:

Тулку боюн жаралап
Жарадар кылса өлбөсө,
Мылтыктын огу өтпөсө,
Кылычтын мизи кеспесе,
Орго салса батпаса,
Сууга салса акпаса[2].

Магиялык өлбөстүк жөнүндөгү мындай формула тууралуу В.М.Жирмунский минтип жазат: «... по своему происхождению связана с широко распространенным у первобытных народов представлением, что герой или его противник (великан, демон ит.п.) являются неуязвимыми, потому что душа их находится вне тела, хранится в каком-нибудь потаенном месте»[1].

Эпосто Жаныш, Байыш кереметтүү күчкө ээлиги жана өлбөстүгү алар кийген Ак олпок (зоот тон) менен байланышкан. Бул тууралуу Ак олпокту уурдамакчы болгон Желмаян Шумурутка мындай дейт:

Кереметтүү жан экен,
Кийген кийими пар экен.
Чапканда кылыч кеспеген,
Атканда мылтык өтпөгөн
Бир зоот тону бар экен.
Ол тонунун барында
Адамдын алы жете албайт[3].

Эпостогу салттуу мотивдин бири катары бул мотив кыргыз эпосторунда кеңири жолугат. Мын-

---

[1] Жаныш, Байыш. Калыктын айтуусунда, 276–277-б.

[2] *Жирмунский В.М.* Введение в изучение эпоса «Мана», – «Манас» героический эпос. – М., 1961. С.123.

[3] Жаныш, Байыш. Ж.Жанаевдин айтуусунда, 125-б.

дай магиялык коргоочу кучкө Жаныш, Байыштын Ак олпоктору да ээ. Магиялык өлбөстүк жөнүндө алгачкы адамдардын түшүнүгү жандын денеден башка жакта сакталышы тууралуу анимисттик ишеним менен байланышкандыгын эскерип өткөнбүз. Өсүүнүн андан кийинки этабында, баатырдын жаны өзүндө эле болот, бирок анын денесине эч кандай жоо куралдары залал келтире албайт, чапса кылыч, сайса найза өтпөйт. Мындай керемет-түүлүктү каармандарга мифтик кудайлар, усталар эгедер кылат. Жогорудагыдай касиетке ээ болгон каармандарды өзбек,[1] грек,[2] немец,[3] адыг[4] ж.б. элдердин эпикалык чыгармаларынан жолуктуруу-га болот.

Каармандын денесине жоо куралдарынын таасирсиз болушунун кереметтүү жоо кийимдери менен байланыштырылышын өлбөстүк жөнүндөгү мотивдин кийинки этабына таандыкташтырсак болот. Ушул соңку мотивге Жаныш, Байыштын Ак олпоктору да ээ:

Ак олпок болсо үстүндө
Акырын кийин алчу эле,
Алтымыш миң аскерге
Өзү жеке барчу эле.
Анделектей баштарын
Алмадай үзүп алчу эле.[5]

«Жаныш, Байышта» магиялык өлбөстүк да, касиеттүү кийимдер да ыгына жараша колдонула берет.

---

[1] Алпамыш. Достон, Ташкент, Из-во АН Уз. ССР, 1958, С.15.

[2] Апполондор. Мифологическая библиотека. – Л., Из-во «Наука» Ленинградское отделение, 1972, С. 69.

[3] Песень о Нибелунгах. – Л., Из-во «Наука», Ленинградское отделение, 1972, С. 106–107.

[4] Нарты Адыгейский героический эпос. – М., Главная редакция восточной литературы, 1974, С. 190–194.

[5] Жаныш, Байыш. М.Мусулманкуловдун айтуусунда, 40-б.

Жаныш, Байыштын коргоочу кийими Ак олпокту Желмаянга уурдатып, акырында аларды колго түшүрүп, канжар менен этин тилсе, даргага асса, дөө менен кармашып, ар кандай азаптарды тартса дагы өлбөйт. Демек, анын денесинин чыңдыгы жеке Ак олпокто эмес, өзүнүн денесинин да бышыктыгында. Эски жаңы мотивдердин эпостордо мындай параллель жашашы салттык көрүнүш. Бул жөнүндө Е.Б.Версаладзе минтип жазат: «... очень часто новое осмысление одного же эпизода продолжает существовать в устной традиции наряду с старым его вариантом»[1].

«Негизги сюжеттик өзөктү аралап өткөн кызыл жиптей даана көрүнүп турган мотив калмак (кытай) канынын кызынын элдик баатырды сүйүп калып, ага жардамдашып, бошотуш үчүн болгон күрөшү»[2].

М.Мусулманкулов менен Ж.Жанаевдин вариантында Белкыс калмак каны Шумуруттун жалгыз кызы. Ал колго түшүп келген Байышты көрөр замат ашык болот. Шумурут эч кимге билгизбей орго салган Байышты он жыл издеп таппай сары ооруга айланат. Акырында сыйкырчы кемпирдин жана орду кайтарган Карагулдан Байыштын дайынын угуп, издеп таап, туткундан куткарып чыгат.

К.Акыев менен С.Дыйканбаевдин вариантында кытай канынын кызы Желкайып аталат. Ал дагы Байышты көрөр замат жактырып, орго түшкөн аны жети жыл багып, акырында куткарып чыгат.

Түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында колго түшкөн баатырга душман тараптагы кыздын (кандын же түрмө башчысынын кызы) ашык болуп, куткарып чыгышы кеңири таралган салттык мотивдердин бири. Бул мотив түрк элдеринин бир

---

[1] *Вирсаладзе Е.Б.* Грузинский охотничий миф и поэзия, С. 104.

[2] *Суваибеков Ж.* Кыргыз элинин баатырдык эпостору, 107-б.

катарына орток эпос «Алпамыштын» ар кыл варианттарында, версияларында, казактардын «Кобланды баатыр» эпосунун варианттарында жолугат. Ошондой эле огуздардын «Китаби Коркут» эпосунда, Орто Азия элдерине чачырай тараган. «Юсуп жана Ахмед» («Бозоглан»), «Көроглы» эпосторунда учурайт.

Каармандардын туткунга түшүп жана андан ким бирөөлөрдүн жардамы менен бошонуп чыгышы жөнүндөгү мотив өзүнүн өнүгүшүндө өтө узак эволюциялык жолду басып өткөндүгү байкалат. Жомоктук мифологиялык чыгармаларда жер астына (өлүктөр дүйнөсүнө) же орго түшкөн баатырды анын аты куткарат. Алтайлыктардын «Маадай-Кара» эпосунун башкы каарманы Көгүдөй мергенге ашык болгон жер алдындагы (өлүктөр дүйнөсүнүн) Эрлик бийдин кызы Абрам-Моос Кара-Таажы аны сыйкыр менен жер алдына (өлүктөр дүйнөсүнө) алып кетет да:

«Сөөгүңдү эми өрттөймүн
Рухуң менен жашаймын»[1] –

дейт. Өлүп жаткан Көгүдөй мергенди төрт канаттуу бүркүткө айланган аты шамдагайлык менен эңип алып, күн менен айдын астындагы арашан булакка алып барып кириндирип, тирилтип элине кошот. Орто Азия элдеринин «Алпамыш» жөнүндөгү айтымынын архаикалык версиясы болуп саналган алтайлыктардын «Алып-Манаш» эпосундагы[2] *магиялык уйкуда жаткан баш каарманды душманы Ак-Кан терең казылган орго кулатат. Алып-Манаштын аты жер менен асман тийишкен жердеги*

---

[1] Маадай-Кара. Алтайский героический эпос. – М., Главная редакция восточной литературы, 1973, С.19.

[1] *Жирмунский В.М.* Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. С.145.

көлдөн алтын көбүк алып келип ээсине берип, күчүнө күч кошуп, аны ордон куткарып чыгат. Стадиалдык өнүгүшү жагынан «кийинки» болуп саналган эпикалык чыгармаларда кереметтүү аттардын бул ролу баатырга ашык болгон жердик кадимки кыздарга өткөн, бирок аттын баштагы куткаруучулук кызматы рудимент түрүндө дагы эле сакталып кала берген. Мисалга, «Алпамыштын» түрдүү варианттарында зынданда жаткан баатырга ашык болгон кыз, анын атын таап келет. Аттын куйругу керемет менен узарып, зындандагы баатырды тартып чыгарат. «Жаныш, Байыштын» С. Дыйканбаев айткан вариантында Желкайып алып келген Карала менен Көкала тулпар экөөлөп Байышты ордон тартып чыгара албайт. Ошондо Байыш Желкайыпка мындай дейт:

Минген атым Актулпар,
Алып кетип кытайлар,
Башына чынжыр чалгандыр,
Бутуна кишен салгандыр,
Ак олпогум берейин
Кийип алып барып кел.
Жытымды сезсе жарыктык
Тоо болсо да уратат,
Аска ташты кулатат,
Тулпарды таап алып кел!
Өзүмдүн атым болбосо,
Башканын күчү жете албайт,
Тартып ордон кете албайт[1].

Жер астында камалуу турган Актулпар Ак олпоктон улам Байыштын жытын сезип, бутундагы тушаган чынжырдын быт-чытын чыгара узуп байлоодон кутулат да, Байышка келип аны ордон тартып чыгарат. Баатырды туткундан куткарган кыздардын образдары бир кылка эмес. Өсүп-

[1] Жаныш, Байыш. С.Дыйканбаевдин айтуусунда. 440-б.

өнүгүүнүн ар кыл стадиясында турган эпикалык чыгармаларда алардын образынын мүнөзү ар түрдүү. Казактардын «Кобланды баатыр» эпосунда башкы оң караманга ашык болгон кызылбаш Көбиктинин кызы Карлыга – ары балбан, ары баатыр. Уктап жаткан Кобландынын жана Караманды колго түшүрүп келген Көбиктини аларды камап салгын деп кызы Карлыгага тапшырат. Карлыга аларды опоңой гана колтуктап барып абакка камайт, бирок Кобландыга ашык болуп калып кайра бошотот да, өз атасы Көбиктини кантип өлтүрүүнүн жолун айтат. Кобландынын элин Алшагыр чаап алганда Орок, Караман менен бирге Карлыга жардамга келип, Кобландыны аттан оодара сайып бараткан Аганасты сайып өлтүрөт. Карамандын да, Ороктун да, Кобландынын да, өзүнүн да алы жетпеген өз иниси Биршымбайды амал менен шилиге сайып өлтүрөт. Өз атасы Көбиктиге, иниси Биршымбайга чыккынчылык кылган мага жакшылык кылабы деп ойлоп, Кобланды анын сүйүүсүн четке кагып, аялдыкка алуудан баш тартат. Карлыга ага ыза болуп, Көбиктинин жээни Шашай тарабына өтүп, Кобландыга каршы чыгат да аны кабыргага сайып оор жаралайт. Кыскасы, Карлыга кайрат-күчү жагынан Кобландыга тең, кээде андан артыкчылык кылган баатыр, балбан кыз. Карлыганын жогоркудай жоруктары жөнүндө изилдөөчүлөр мындай пикирге келишет. «В основу коллизии лег древний мотив, присущий эпосу и богатырской сказке многих народов единоброство богатыря с будущей женой-девушкой-богатырем»[1].

Баатыр кыз жөнүндөгү мотив «Кобланды баатырдагы» Карлыганыкындай өтө ачык түс менен

[1] *Кидайш-Покровская Н.В., Нурмагамбетова О.А.* Героическая поэма «Кобланды баатыр». – Кобланды баатыр. – М., Главная редакция восточной литературы. 1975, С.30.

берилбесе да «Жаныш, Байышта» Желкайыптын (Белкыстын) образында бир кыйла жумшартылган түрүндө сакталган. К.Акыевдин вариантында Сыядат баш болуп артынан куун келген кытай колун Байыш жалгыз тосмок болуп, Желкайыпка: «Көп душманга көрүнбөй жашынып тур» – дейт. Желкайып: «Сени жалгыз жиберип, кантип чыдап жатайын» – деп, мылтык атып, жоону жеңүүдө Байышка жардамдашат.

М.Мусулманкуловдун вариантында Белкыс Байышты көрөр замат ашык болот. Жашыруун орго ташталган аны шаардан шаар кыдырып издейт. Ашыктыктын айынан сары оору дартка чалдыгат. Акыры сыйкырчы кемпирден, орду кайтарган Карагулдан Байыштын дайынын угат, бирок сырым ачылып калбасын деп, тигил экөөнү тең өлтүрөт. Байышты ордон тулпарлар менен тартып чыгарып, качып келе жатышкан жолдо Байыштын уйкусу келет. Уктап жаткан Байышка кол салганы токойдон чыга келген жолборсту атып өлтүрөт (башка варианттарда уйкусунан чала ойгонгон Байыштын өзү өлтүрөт):

Төрт аягын тең таштап
Бу дүйнөдө жорго күң.
Калам кармап, кат буткөн
Бу дүйнөдө молдо күң.
Албарстыны байлаган
Адамда жок дубакөй,
Кудай бакты берген күң,
Атканын баштан учурбас
Дүйнөдө жок мерген күң.
Зайыт акыл сөз тапкан
Акындыгы жана бар,
Эркектен мурун эр сайган.
Баатырлыгы жана бар
Ар немени ойлогон,

Ажыдаар, жыланды
Арбап кармап ойногон[1]

кыздын өзүнүн кандаш жакындарына чыккынчылык кылып, ашыгына кошулушу – эпосту жараткан уруулук патриархалдык коомдун моралына бап келбей, жат көрүнүш катары эсептелип, айтуучуларды түйшүктөндүрүп, аны модернизациялоого, түрдүүчө мотивдер менен берүүгө жасаган аракеттери байкалат.

Эпостогу экинчи бөлүгүнүн бардык вариантта-рында сюжет жагынан кескин айырмачылыктар жок, болгону – айрым деталдык жагынан гана өзгөчөлөнөт. Ал варианттардын ичинен өтө деталдаштырылып, терең иштелгени К.Акыевдин варианты болуп саналат. Молдобасан жана ага жакын турган варианттарда (сөз экинчи бөлүм боюнча баратат), сюжет жагынан К.Акыевдин вариантына жакын турган менен, анын вариантындагыдай деталдаштырылып кенен сүрөттөлбөстөн, кыскача гана схема түрүндө берилет. Ошондой эле айрым персонаждардын аттарынын, образдарынын мүнөздөрүндө айырмачылыктар бар. Мисалы, Молдобасанда душман болуп кубулуп келген Жаныш, Байыштын аялдарынын аттары Күнчолпон, Айчолпон; Баяман Байыштын уулу. Ж.Жанаевдин варианттарында кандыкты тартып алган кулдар Акжол, Дөбөк деп аталат.

«Сюжет» возвращения мужа» («Муж на свадьбе своей жены») имеет черезвычайна широкое распространение в фольклоре и средневековой литературе европейских народов»[2]*. Ырасында эле күйөө өз аялынын тоюнун үстүнөн чыгышы жөнүндөгү сюжеттин ондогон версиялары француз, немец, ан-*

---

[1] Жаныш, Байыш. М.Мусулманкуловдун айтуусунда. 89-б.

[2] *Жирмунский В.М.* Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. – М., Изд. Восточной литературы, 1960.С.276.

гличан, италия, испан, венгр, румын сыяктуу европа элдерине кеңири белгилүү болуп, негизинен, орто кылымдагы адабиятта баяндалат. В.М.Жирмунский алардын түпкү булагын элдик оозеки чыгармалардын салтынан издөө керектигин белгилейт.

Түрк-монгол элдеринин жомокторунун, эпосторунун эволюциялык басып өткөн жолундагы ар түрдүү баскычы ачык сакталган. Алардын кереметтүү жомокторунда жер астына (өлүктөр дүйнөсүнө) түшүп чыккан каарман өзүнүн элине таз таракай болуп кубулуп кайтат (байыркы элдик мифологиялык түшүнүктөгү жер алдына – өлүктөр дүйнөсүнө) түшкөн адамдын өң-келбети өзгөрүлүп, жаман кебетедеги экинчи бир адамга айланат. Кайтып келген аны жакындарынан эч ким тааныбайт, бир гана жаман кебетелүү башка уруунун өкүлү аны тааныганда же табууга байланышкан кандайдыр бир сөздү айтканда каарман кадимки жердик өз өң-келбетине келет. Бул мотив түрк-монгол элдеринен башка да бир катар элдердин оозеки чыгармаларында трансформацияланып же рудимент түрүндө сакталган. Мисалы, орус элинин, Садко жөнүндөгү былинасында башкы каарман деңиз падышасынын (деңиздин ээсинин, кудайынын) талабы менен деңиздин түбүнө (Новгороддук орус былинасында жер алды дүйнө деңиздин түбү менен алмашылган) чөгөт. Деңиз падышасы ага деңиз алдынын кереметтүү сулууларынан тандап, бирине үйлөнүүнү сунуш кылат. Падышанын аялынын же Николай Мокрыйдын (Новгороддук деңизде сүзүүчүлөрдүн бороон- чапкындан, кырсыктан сактоочу пири) кеңеши менен Садко кереметтүү сулуулардын эң артындагы бою пас, өңү кара Чернавушканы тандайт да өз жерине аман-эсен кайтат. Чернавушкадан башканы тандаганда, ал түбөлүк деңиз түбүндө – өлүктөр дүйнөсүндө калмак. «Из этого можно заключить, что в лице дочерей морского царя олицетворены реки, в лице[1] Чернавы олицетворена

родная новгородская река, которая и доставляет его в Новгород[2].

Келтирилген мисалдан архаикалык мотивдин орус былинасына трансформацияланууаркылуу киргени ачык көрүнөт. Мисалы, байыркы мотивдеги жер астына түшүп, өң-келбети кубулган каарманды экинчи бир кебетеси жаман персонаждын таанып, өз өңүнө келтириши, мында тескерисинче, каарман окшош кереметтүү сулуулардын ичинен өзүн калыбына келтирип, жер үстүнө алып чыгуучу персонажды таануу менен алмашылган. Мындай трансформациялануудүйнөлүк эпостордун көбүндө жүргөн. Гомердин «Одиссейинде» башкы каарман өз үйүнө кайырчы карыя кебетесинде кайтат. Аны картаң кулу, чочко баккыч Эвмей жакшы кабыл алып, картаң күңү Эвриклей бутуна суу куюп берип жатып, бутундагы кесиктин тагынан тааныйт. Түрк элдеринин эпосторунда бул трансформациялануукеңири деталдаштырылып берилет. Алпамыш Ф.Юлдашевдин варианты боюнча жерине кайткан башкы каарман койчу кулу, карыя Култайга жолугуп, ага өзүнүн далысындагы Шахимардандын беш колунун тагын көрсөтүп таанытып, Култайдын кийими менен кийимин алмаштырып, Барчынга үйлөнмөк болуп жаткан Ултандын тоюна жөнөйт. Ушул эле элдердин версияларында ырчы, дервиш ж.б. болуп кайтып, биринчи жолуккан адамы өзүнүн малчысы болот. «Юсуп, Ахметте», азербайжан, түркмөндөрдүн «Шахсанем менен Гарибинде» каарман ашуг (ырчы) болуп, түрүн өзгөртүп жерине кайтат. «Кобланды баатырда» баатыр кубулбай эле өз өң-келбети менен келет, анын келгенин билип, тосо чыккан аялы Курткага жолугат.

---

[1] Ошондо, 278-б.

[2] *Пропп В.Я.* Русский георический эпос. С. 108-б.

«Жаныш, Байыштын» бардык вариантгарында каармандар жерине думана болуп (думананын кийимин кийип, түрлөрүн өзгөртүп) кайтышат. Алардын өз жеринде жолуккан биринчи адамы мурдагы өздөрүнүн жакын адамдары, шаар башчысы, казыначы ж.б. болот. К.Акыевдин вариантында Кайры шаарынын мурдагы беги Сарбан Жаныш Байышка биринчи болуп жолугат. Кебетеси, Сарбандын бек болуп берилиши – кийинки модернизация. Персиче Сарман – «төө башчы» (төөчү) деген аты көрсөтүп тургандай эпостун алгачкы үлгүлөрүндө ал «Алпамыштагыдай» төмөнкү катмардын өкүлү малчы кул болгон.

Келтирилген мисалдарга салыштырганда алтайлыктардын «Алып-Манаш» эпосунда аталган мотив байыркы формасы бир кыйла толук сакталган. Туткундан кутулуп, жоосун жеңип, жерине кайткан Алып-Манаш бир силкинүү менен таз-таракайга, аты жерге оонары менен эшейген чобурга айланат. Жолдо, мурда аны дарыянын аркы өйүзүнө өткөргөн карыя кайыкчыга жолугат (ал жаңы өлгөндөрдү тиги дүйнөгө өткөрүүчү грек мифиндеги кайыкчы Харонго типтеш адам). Ал Алып-Манаштын өлгөнүн анын аялы Күйүмжан-Аруга Ак-Көбөк үйлөнгөнү жатканын айтып ыйлайт. Каарман өзүнүн нагыз кебетесине келип, аны сооротот. «В алтайском «Алып-Манаше» в соответствии с традицией богатырской сказки, оно действительно имеет характер магического превращения. В позднейшем реалистическом истолковании богатырского эпоса остается переодевание героя как предосторожность, средство самозащиты и испытания верности жены, родичей и слуг»[1].

---

[1] *Жирмунский В.М.* Сказание об Алпамыше и богатырская сказка, С. 265.

Ошентип, түрк элдеринин эпосторунда кааpман кереметтүү жомоктогудай таз-таракай болуп кубулуудан тартып, рационалдуу түшүнүккө негизделген түрүн өзгөртүүгө (кийимин которуп кийүү менен думана, дербиш, ашугга (ырчыга) айлануу), эң акырында эч кандай өзгөрүүсүз кадимки жердик өзүнүн өң-келбетинде эл-жерине кайтууга чейин трансформацияланган. Ушуга байланыштуу кереметтүү жомоктордогу жер астынан (өлүктөр дүйнөсүнүн) башка түргө өтүп, кубулуп келген кааpманды кадимки өз өңүнө келтирген кебетеси жаман персонаж эпосто унутулууга өткөн. Бирок таптакыр четтетилген да эмес, кааpманга жеринде биринчи жолугуп, аны тааныган адамы өзүнүн кулу, малчысы болуу аркылуу рудумент түрүндө сакталган.

Бир катар эпостордо кааpман аялынын тоюна барардан мурун карып болгон эне-атасына жолугуп, алардын өзүн хан жарыялаган кулдардан көргөн азапкордугун угат. Мындай эпизоддордо эненин балага болгон сүйүү сезими айрыкча күчтүү сүрөттөлөт. «Жаныш, Байыштын» бир катар вариантарында, «Алпамыштын» казак акыны Майкөттүн вариантында, «Кобланды баатырдын» Шапай Калмагамбетовдун вариантында эне балдарынын келерин түшүндө көрөт, куурап калган эмчеги ийип, суткө толгон сыяктуу аяндар берилет. М.Ауэзов «Кобланды баатырдагы бул эпизод тууралуу: «составляют по истине шедевр казахской народной поэзии»[1] деген бааны берген. Ушундай эле бааны «Жаныш, Байыштагы», айрыкча, К.Акыевдин вариантындагы (сөз болуп жаткан) эпизодго берсе, ага толук татыктуу.Эпостун жыйынтыктоочу акыркы бөлүмүндө карып болгон ата-эне балдарынын деми менен же алар алып келген касиеттүү нерсенин жардамы менен мурдагы калыбына келет, мисалы, ыйлай бе-

---

[1] *Ауэзов М.* и *Соболев Л.* Эпос и фольклор казахского народа. Литературный критик. – М., 1940, № 1. С. 173.

рип соолгон көздөрү кайрадан көрөт. Карыган ата-эненин баласынын жогунда, зордукчул күйөөлөр тарабынан басмырлоого туш болгону дүйнөлүк эпостордогу салттык көрүнүштүн бири экендигин «Одиссеядагы» башкы каармандын атасы Лаэриттин абалынан да көрүнөт.

Кереметтүү жөө жомоктордо каармандын эл-жерине кайтып келип, аялынын тоюнун үстүнөн чыгышы – эпостордогу каармандардын аялынын тоюнун үстүнөн чыккан сюжет менен өтө окшош. Демек, эпостордогу бул сюжеттин алгачкы булагы кереметтүү жөө жомоктордон башталганы айгине көрүнүш. Кереметтүү жөө жомоктордо башкы каарман көптөгөн эрдиктерди (ажыдаар, алп-дөөлөр ж.б. менен кармашып) жасап, сулуу кызга үйлөнүп, жерине кайтып келе жатканда, андай максатка жете албаган агалары жолдон жолугушуп, аны өлтүрүп же өтө оор жарадар кылып, айрым учурда орго таштап, аялын алып жерине кайтышат да, тиги жасаган эрдикти өзүлөрү жасаган эрдик катары көрсөтүшүп мактанышат. Башкы каарман керемет күч менен оор абалынан кутулуп, өз мекенине кайтып, аялынын тоюнун үстүнөн чыгат да чыккынчы агаларынын бетин ачып, аялын алардан бошотуп алат.

«Алып-Манашта» башкы каарман таз-таракай кебетесинде үйүнө кайтып, Ак-Көбөк зордук менен үйлөнгөнү жаткан аялы Күйүмжан-Аруга ыр менен өзүнүн кимдигин таанытат. Алып-Манаштын келгенин сезген Ак-Көбөк турна болуп учуп чыкканда жаа менен атып өлтүрөт.

«Кобланды баатырда» башкы каарман чет жакта жортуулда жүргөндө калмак каны алшагыр элин чаап, аялы Куртканы зордук менен алганы жатканда жете келип, жоодон элин, аялын куткарат.

«Алпамыштын» ар түрдүү варианттарында, версияларында башкы каарман туткундан кутулуп, кийимин алмаштырып кийип, түрүн өзгөртүп, элине кайтканда мурдагы кулу же калмак аялдан туул-

ган аталаш иниси аялына зордук менен үйлөнгөнү жаткан тоюнун үстүнөн чыгат. Тойдогу жаа атуу мелдешине катышып жеңип чыгып, өзүнүн кимдигин элге таанылтат. Күч күйөөнү жазалап бийлигин кайра орнотот.

Келтирилген мисалдарда жана аларга типтеш эпостордун бардыгында тең зордукчул күйөөлөр эмне үчүн башкы оң каармандардын аялына үйлөнүүгө умтулушат? Эл ичиндеги андан сулуу, андан жаш кыздарга үйлөнсө, алардын колундагы иш эле да? деген законду суроо туулат. Этнографиялык эмгектерге кайрылганда бул маселенин теги айкын болот. Дүйнөлүк атагы бар англис этнографы Фрэзер аны матриархалдык мамилелерден бери келе жаткан калдык экендигин көрсөтүп минтип жазат: «По которому царское происхождение или царская кровь передавались не через мужчин, а через женщин по которому так же трон из поколения в поколение переходил к мужчинам чужого рода, иногда даже к чужеземцу, который женившись на одной из царевен, делается царем, у народа своей жены. Народная сказки, имеющая бесчисленные варианты, рассказывающая об искателе приключений, являющемся из неизвестных стран и умудряющемся получить руку царевны, а с ней и половину царства, эта народная сказка является, быть может, отделенным эхом реального обычая древности»[1]. Мунун калдыгы кечээги күнкү өнүккөн феодалдык заманга чейин сакталып келгендиги тарыхта белгилүү. Мисалы, атактуу Тимур 1370-жылы өзүнүн атаандашы Хусейинди даргага асып, анын аялы Чынгысхандын чөбүрөсүнө үйлөнүү менен гана өкүмдарлыкка ээ болуп, Эмир Тимур көргөн (арабча амир-буйрук берүүчү, монголчо гуреген – күйөө, б.а., Чынгысхандын күйөө баласы) деген наам алган.

---

[1] *Фрэзер Дж.* Золотая ветвь, ч. IV. С. 109.

Ошентип, «Жаныш, Байышта» Ак жол, Дарбаздын Күмүшай, Айсалкынга (Айчолпон, Күнчолпон) үйлөнүү үчүн умтулуусу – ушул сыяктуу тарыхый фактынын чагылдырылышы, б.а., алар саясий максат көздөшөт, тигил аялдарга үйлөнүү менен салт боюнча (зордукчу катарында эмес) чыныгы кандык даражага жетишмекчи болушат.

Мындай эпизоддорго каармандын балдары да персонаж болуп катышат, «Жаныш, Байышта» Баяман, «Одиссеяда» – Телемах, Алпамышта Ядгар эне-лерине болушуп, зордукчул күйөөлөрдүн иш аракеттерине эрдик менен карама-каршы турушуп күрөш жүргүзүшөт. Бул каршылыктары үчүн алар зордукчу күйөөлөр тарабынан өлтүрүлмөкчү болушат. Чындыгында, аларды жоготуунун себеби башкада. Патриархалдык коомдун салтында мурас атадан балага калат. Демек, зордукчу күйөөлөр законду мураскордун көзүн тазалап, жок кылып, бийликке толук ээ болгулары келишет. Кантсе да бул персонаждар эпоско кийин патриархалдык доор күч алганда кошумчаланып киргизилген. Күйөөсү аялынын тоюнун үстүнөн чыккан кереметтүү жөө жомоктордо, ушул теманы камтыган бир катар эпостордо ал персонаждардын жолукпагандыгы ушул ойду ырастайт. Анткени жогоруда көрсөткөндөгүдөй алгачкы учурда бийлик мурасы аялдар аркылуу өткөндүктөн, эпоско аталык мураскордун катышынын анчалык зарылдыгы болгон эмес.

Карап өткөнүбүздөй «Жаныш, Байыштын» салттык мотивдеринин көбү алгачкы башатын жомоктук (мифтик) мотивдерден алган да тарыхый баатырдык эпос болуп кайрадан түзүлгөндө трансформацияланууу жолу менен тарыхый жаңы турмуш чындыгына, жаңы көз караштарга ылайыкташып жаңы мазмундагы өзгөрүүлөргө туш болгон. Мындай өзгөрүү жалгыз «Жаныш, Байышка» гана мүнөздүү эмес, дүйнөлүк эпикалык чыгармалардагы типтүү көрүнүш.

М.МУКАСОВ

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

(Калык Акыевдин айтуусу боюнча)

Кыргызда[1] Азирет деген хан болгон экен. Өзү адамдан акылман, аяр, алдыда келе турган жамандык, жакшылыкты алдын-ала биле турган көрөгөч киши болот. Кыргыз элинин ханы Үсүр шаарында туруп, кыргыз ханына 60 шаар эл караган. Ал убакта кыргыздар Кытай менен кезешип урушуп жүргөн. Кытайдын ханы – Сыядат. Кытай менен кыргыздын ортосунда Аккүргүн деген дарыя болгон. Маңдайы кытайдын чеги, бер жагы – кыргыздын чеги. Үсүр шаары менен Аккүргүндүн арасы – алты айчылык жол. Аккүргүндүн зоосунун түбүнө Азирет хан көпүрө салдырган. Көпүрөдөн өтүп, миң сан кол менен кытайларды нечен жолу чаап да алган. Азирет хан балбан жана баатыр киши болгон. Абдан карып, өлөр убагына жакын калганда ойлонуп: «Мен өлсөм, көпүрөмдөн өтүп алып, элиме кытай күн көрсөтпөйт го. Көпүрөнүн эки башын бекиттирип салайын – деп акыл менен эсептеп, уруштарда колго түшкөн кытайларга эч кимге билдирбей бекиттире баштады. Маңдай жагы кара зоо эле, кара кыш менен кынатып, кара кум менен шыбатып, «Кайып ээлеп калды» – деп жазуу жаздырып койду. Өйүз-бүйүзү кызыл зоо эле, кызыл кыш менен кынатып, кызыл кум менен шыбатып бүтүрдү да: «Кызыр ээлеп калды» – деп жаздырды. Көпүрөнүн маңдайы кара зоо болуп калды. Бүйүзү* кызыл зоо

[1] Ыр ортосундагы кара сөз түрүндөгү түшүндүрмөлөрдү берүүдө бир аз стилдик тактоолор киргизилди. Ою өзгөргөн жок.

болуп калды. Эки жагы тең жиксиз зоо болду. Ошондо[1] бул кытайлар өз элине да айтат, же элине кетсе да: «Азирет хан бекиттирген, Кайып, Кызыр ээлеген эмес деп айтат го, андан көрө булардын тукумун үзөйүн» – деп бардыгын дарыяга салып жиберди да, эч дайнын чыгарбай: «Кайып, Кызыр ээлеп кетти» – деп калкты ишентип койду.

Азирет хандын уулу – Нуркан. Нуркандын атасынча эрдиги, балбандыгы жок, калкын сурап жата берди. Нуркандан – Жаныш, Байыш. Жаныш жаңыдан туулганда Азирет хан көз жумат. Жанышты таятасы багып алат. Күлүкандын боюна бүтүп, жолборстун жүрөгүнө талгак болуп, талгагы канбай жатып, бир жылда Байышты төрөдү. Баланын атын Байыш койду. Байыш 9 жашар болгондо бир кишичил буураны бутунан кармап ыргытканда буту колунда калып, бута атым жерге барып түшкөн экен. Анда ата-энеси: «Койгун, балам, эмитен мындай кылсаң, бирөөнүн сөзү, бирөөнүн көзү тиет, же бир душман өлтүрүп кетет» – деп алдап-соолап агылгалап, ачуусуна тийбей асырап, сактап жүрүштү.

Жанышка Күлбөсхандын Күмүшай сулуу деген кызын алып берди. Күмүшайдын сулуулугу күүгүмдө күн тийип турган сыяктуу болуп, адамдын көзүн тайгылтчу экен. Жаныш, Байыштын жайында жайлап, жаз, күздө куш салуучу Баш-Көл, Орто-Көл деген көлдөрү бар эле. Орто-Көлдө кымыз ичип, шерине жеп, кырк жигити менен оюн-күлкү, тамаша куруп жаткан жерде Байыш баатырдын агасы Жанышты карай сөз баштап айтып турган жери:

«Айланайын эр Жаныш,
Сөзүмдү жаман көрбөсөң,
Көөдөксүнтүп жемелеп,

[1] Эпостун 1970-жылы жарыяланышында бул абзац белгилүү себептер менен кыскартылган, 1939-жылкы басылышы боюнча кайрадан калыбына келтирилди.

Көңүлүмдү бөлбөсөң,
Менде бир кайгы, санаа бар,
Бейлиңди жазып жөндөсөң.
Абалы кудай жаратып,
Адам кылып койгон соң,
Акылым жетет, ал жетпейт
Ар убакта ойлонсом.
Уктасам кетпейт түшүмдөн,
Оюмда турат ойгонсом.
Ойдогуга жетпесе,
Курусун оюн, тамашаң,
Оолуктурат жүрөгүм,
Ойлоп туруп санасам,
Аргасы кандай болот – деп,
Акылымдан адашам.
Жамандык келсе бир көрчү,
Жатындашым жубайым,
Жаш балапан экөөбүз
Ата даңкын сурайын.
Билгениңдин бардыгын
Жашырбай айтчы угайын.
Чоң атабыз Азирет
Кандай болгон хан экен?
Кайраттуу баатыр деп угам,
Кайсыны чаап алды экен?
Биз унутпай жүрүүгө
Бир белгиси бар бекен?
Баш-аягын айтып бер,
Баатыр бекен, шер бекен?
Балбан бекен, эр бекен?
Башынан кандай келди экен?
Баатыр болсок биз дагы
Башка душман чочунуп,
Баласынын балдары
Баатыр чыкты дээр бекен?
Ар убакта жашымдан,
Уламадан улаймын,

Чоң атам кандай өткөн – деп,
Улуулардан сураймын.
Сенден мурун атамдын
Кабарын угуп муңайдым,
Айланайын агаке,
Айтпасаң кантип чыдаймын.
Аккүргүнгө Азирет
Чоң көпүрө салган – деп,
Коломолуу кол менен
Кытайды кыргын чалган – деп,
Сыядаттын көп колун
Эки кур чаап алган – деп,
Көпүрөсүн өлөрдө
Кызыл таштан кынатып,
Бекиттирип салган – деп.
Ушунусу чын болсо,
Айланайын агакем,
Экөөбүздө арман көп.
Көпүрө жатса көрүнбөй,
Эмгиче жолу бекилип,
Көп жыйылып барбаса,
Өзү ачылбайт тешилип,
Ошондо жок экөөбүз
Азамат болдук жетилип.
Ошону ойго албаган,
Атабыз момун киши экен,
Азирет хан барында
Курап кеткен иш экен.
Баатырдыкты унутуп,
Жатып алчу биз бекен.
Сураган сөзүм чын болсо,
Айтып бер ага аныгын,
Улуу менен кичүүдөн,
Ата жөнүн тааныдым.
Ушу баштан тартамын,
Чоң атамдын калыбын,

Дайынсыз тирүү болгуча
Өлгөнү жакшы жанымдын».

Кырк жигити курчап, кулагын салып, Байыштын сөзүн тыңшап, жарданып Жаныште: «Эмне дээр экен» – деп карап турушту. Жаныш баатыр Байыштын сөзүн угуп көп ойлонду: «Мунун оолугушу кандай? Балким, бир душман оолуктурган чыгар. Чынын айтайын да, анан акылга салайын» – деп, Байышка айтканы:

«Айланайын жалгызым,
Укканыңдын баары чын.
Уламадан угупсуң,
Улуулардан туюпсуң,
Чоң атаңдын чабытын.
Балалыгың эмеспи,
Баятан сенин айтканың.
Ата-баба тегинди
Ачык айрым сурадың.
Адам уулу ичинде
Айтылуу кыргыз ураның,
Андайларды сурашка
Жетелек сенин убагың.
Мен да угам карыдан,
Бек жандаган баарыдан,
Түбүнөн бакты тайган жок,
Тирүүлөй кызыр даарыган,
Тукумунан хан болуп,
Түшкөн эмес тагынан.
Кытай да нечен кырылган,
Атаңдын баатыр чагынан,
Аккүргүндүн бетине
Чоң атаң салган көпүрө,
Өз атаң Нуркан көп барган,
Көпүрөнүн четине,
Алтымыш күнү түнөгөн,
Туу тигилген секиде.

Зыярат* кылып зыркырап,
Көзүнөн жашы дыркырап,
Алтымыш кошун бир туруп,
Алар да кошо буркурап.
Ачылып кетсе көпүрө,
Аман өтүп кетүүгө,
Алтымыш кошун ээрчиткен,
Кытайды кыра жетүүгө[1],
Батына албай кайтышкан,
Аккүргүн суусун кечүүгө.
Атабыз Нуркан эл багып,
Ошондон бери тынч жатат,
Көрүнбөй кайып ээлеген,
Көпүрө кантип жол ачат,
Азирет хандын ишинен
Жол ачылса ким качат.
Сур жорго тулпар мингениң,
Сур бучкак болсо кийгениң,
Кызыгы ушул болбойбу,
Тирүү адамга дүйнөнүн.
Түрү суук сөздөрдүн
Түбүн таап сүйлөдүн.
Кызматында кырк жигит,
Кылчаңдабайт буларың,
Туйгун шумкар куш салсаң,
Таркабайбы кумарың.
Тамашаңбы, чыныңбы,
Дайынсыз сөздү сурадың.
Ошол сен сураган көпүрө,
Кайып ээлеп маңдайын
Калкагар кара таш алган,
Канчалык адам өтө албай,
Көзүнө дайра жаш алган.
Кызыр ээлеп бүйүзүн

[1] 1970-жылкы басылышында кыскарган эки сап калыбына келтирилди.

Кыйгактуу кызыл зоо алган,
Кытай, кыргыз ортосу
Кырылышпай тынч калган.
Угушумда чоң атаң
Кытайды далай оодарган,
Элинде тынчтык болгон соң,
Эсиңе алба эч арман.
Атабыз Нуркан падыша
Ага алтымыш шаар караган,
Элибиздин ичинде
Күнүгө оюн-тамаша,
Эриккенде куш салып,
Ээрчишип жүрсөк жанаша,
Айланайын жалгызым,
Сенин айтканың кандай каргаша.
Же энтелеткен душман жок,
Же элинди бирөө бузган жок,
Алтымыш шаарды кыдырчы,
Ачкасы жок, баары ток,
Алаптаган жалгызым,
Мынча эмне болдуң шок.
Падыша Нуркан атабыз,
Дөөлөтүндө жатабыз.
Элибизде душман жок,
Эминеге капабыз,
Эркелетип чоңойткон,
Байбиче Күлүкан апабыз.
Атабыз болсо карыган,
Энебиз кемпир абыдан,
Он жети менен он бешке
Жашыбыз келди жаңыдан,
Биз эмеспиз машыгып,
Жоонун сырын тааныган.
Ат үстүнө мине элек,
Ат кадырын биле элек,
Айылдан чыгып жортуулга
Алты күн сапар жүрө элек,

Айтканың кандай каргаша,
Ачылган жаңы гүл элек.
Балтыр этиң ката элек,
Балапан жүнүң бата элек,
Үйдөн чыгып талаага
Үч күнү удаа жата элек.
Балтыр этиң толо элек,
Басташарга жоо издеп,
Барар кезиң боло элек.
Чымыр этиң ката элек,
Чырымтал жүнүң бата элек,
Чыгып үйдөн талаага
Чыдап үч күн жата элек.
Томук этиң толо элек,
Тосуп чыгып жоо келсе,
Токтотор маалың боло элек.
Тон тоздуруп кие элек,
Тон кадырын биле элек,
Эрезеге жете элек,
Эне сүт ооздон кете элек,
Ээрчишип кайда барабыз,
Эки бала секелек.
Сен жыйырманы ашып жык толуп,
Мен отузга жашым токтолуп,
Кара чачтуу кытайдан
Качпай турган чак болуп,
Мына ошондо барабыз,
Алптарча кайрат-күч толуп.
Оолукпай баскын деминди,
Укпаймын кайта кебинди,
Ойронуң чыккан бир душман
Тапмак экен эбиңди,
Чындап душман бузуптур,
Чыгармакка желиңди.
Сени бузган душманды
Мындан барып табайын,
Тийүүчү болсо колума

Тирүүлөй жерге кагайын,
Өлтүрүүгө кыйбасам,
Өмүрү орго салайын».

Жаныш Байыштын сөзүнө жооп берди да: «Үйдү көчүрүп, малды айдап жай келгиле» – деп шаарды карай жүрүп кетти. Байыш кырк жигитти ээрчитип Жаныштын аркасынан кетип, ордосуна түшүп, атын байлап, атасы Нурканга салам берүүгө келе жатып, Жаныштын атасына айтып жаткан сөзүн тыңшап тура калды:

«Ассалоом алейкум,
Падыша Нуркан атабыз,
Балдарыңыз кош көлгө
Куш салып келе жатабыз.
Ажал жетип өлгөнчө,
Адамда болбойт капасыз[1]
Орто-Көлгө үй тигип,
Башкы-Көлгө куш салып,
Кызыктуу болду тамаша.
Кырк жигитти алпарып,
Кайтара келди Байышың,
Калп жеринен чыр салып.
Башкы көлгө бээ байлап,
Көк ала сазда мал жайнап,
Кысыр эмди тай союп,
Жез можуда* эт кайнап,
Каймак майдай томуруп,
Казы кертип, жал чайнап,
Ойлонуп алып эр Байыш
Оюма салды бир сөздү,
Же жаш өмүрдү жалкытчу,

[1] «Ажал жетип өлгөнчө, адам да болбой каласыз» делип ой бузулган. «Ажал жетип өлгөнчө, адамда болбойт капасыз» – деп ырдын мазмунуна туура келе тургандай, текстке тактоо киргизилди. Болотбек Исабек уулу жазып берген кол жазма менен салыштырганда да ойдун бузулгандыгы байкалды.

Бузуктан угуп көргөнбү,
Бул шумурай баландын
Айтканына ким көндү,
Эл эскирткен эмедей,
Элдин жайын бир сурайт.
Эки хандын арасы
Жердин жайын бир сурайт.
Азирет хан кандай – деп,
Атамдын жайын миң сурайт,
Адамды койбой жайына
Атырылып тынчыбайт.
Азирет хан барында,
Аккүргүндүн четине
Кан көпүрө салган – дейт,
Кытай, кыргыз эл билбей,
Бекитилип калган – дейт.
Тилегеним тирүүдө
Бир кудайдан жардам – дейт.
Кытайды карай бет алып,
Бир барбасам арман – дейт.
Оолуктуруп чунакты
Ойдо жок жерден бурганбы,
Он күнгө жетпей табайын,
Оолуктурган душманды.
Оюна койсоң чунагың,
Араң турат сызганы.
Ала көөдөн ал бир эр,
Алдап-соолап акыл бер.
Аталыгың ойлонсо,
Айтканыңа макул дээр,
Акылы бар эр эле,
Алыстап барып тил билээр.
Элөөрүгөн чунакты,
Темир канат жашсың де,
Жаландаган түгөттү,
Жашында неге шаштың де,
Баатырлыкка таянып,

Жыйырмадан жашың ашсын де.
Курч жүрөгүн мокотуп,
Катуу айткын бетине,
Көрсөтүп айтып ар сөздү,
Көңүлүң калса мейли де.
Түбүн байкап ойлонсо,
Түшө калып зээнине».
Ак өргөөнүн тушунда,
Тыңшап турган эр Байыш,
Агасына кулагын
Салып турган эр Байыш[1],
Айтар сөзүн белендеп,
Суусап турган эр Байыш.
Ачуусу келип Байыштын
Кабагы карыш түйүлүп,
Каарданып үстүнө
Кирип барды жулунуп,
Эки колу боорунда
Тура калды умтулуп.
Ачуусун бир аз таратып,
Кабагын жайып турганда,
Жүрөгү сүйүп кубанып,
Жазыла түштү Нуркан да,
Жалт карады кылчайып,
Байбичеси Күлүкан да.
Эки колу боорунда
Эр Байыш турат сөз баштап,
Озунуп келген эр Жаныш
Отуруп калды кыйгачтап,
Эне-атасы сөзүнө
Кулак салып турган чак.
«Айланайын атакем,
Арзымды айтып турам мен,
Агакем Жаныш алдында

[1] Бир сап ыр түшүп байланышсыз болуп калган, маанисине карата кошумчаланды.

Аныгы бүгүн кеңешем,
Ала көөдөн жаш бала,
Акылың жок дебесең.
Абыдан байкап аныk ук,
Ак сүт берген энем сен.
Кабарын угам карыдан,
Жок элем жолун тааныган,
Көрбөгөн жерди көрүүгө
Эминеден талыгам.
Оюма түшүп оолугуп,
Октолуп турам жаңыдан,
Атаке кечкин акыңдан,
Айбыккан душман даңкыңдан.
Акылыма жеңдирип,
Адашмак болдум калкымдан,
Атагы чыкпайт алыска
Аярланып тартынган.
Энекем кечкин сүтүңдөн,
Төрөлдүм эле ичиңден,
Адам болуп жаралдым,
Ата-эне сенин күчүңдөн,
Аман тургун ата-эне,
Алыскы жолго күтүнөм.
Ак мунар тоонун бер жагы,
Аккүргүн суунун ар жагы,
Айдың-Көлгө барамын,
Азирет ханча мен дагы,
Кор кылбай, азап тарттырбай,
Колдосо тирүү арбагы,
Атагы чыкпай жатабы,
Насили* баатыр балдары.
Кара кыш менен каптаган,
Кызыл кыш менен чаптаган,
Кырк кылымды болжотуп,
Кыноосун жиксиз кынаган.
Кызыл ташка окшотуп,
Кытай уста чыңаган,

Көрүнүп турат жалтырап,
Көпүрө суунун бетинде,
Кара зоо менен кызыл зоо,
Кыналган эки четинде,
Кайып ээлеп калган – дейт,
Чоң атам салган көпүрө.
Ээлегени чын болсо,
Ошо кайыбы менен кармашам,
Канчалык катуу болсо да,
Кара зоону жарбасам.
Азирет хан атамдай,
Айдың-Көлгө барбасам,
Куш салып, кумар жазарга,
Кытайлардан түбүндө
Ажыратып албасам.
Кызып кетип нар жактан[1],
Кытайга кыргын салбасам».

Ошондо Нуркан Байыштын сөзүн угуп, бардыгын байкап отуруп, Жаныштын сөзүн улап, жаман айта албай, жаалын көрүп жазганып, жакшы сөз менен жайкайын – деп, Байышты карап айтканы:

«Айланайын каралдым,
Кандай сүйлөп турасың,
Барса-келбес сапарга
Көңүлүңдү бурасың,
Жарганаттай жаш бала
Жакшы эмес жооп сурашың,
Жанакы ишке жетүүгө
Жете элек сунган кулачың.
Оолукпагын балам сен,
Балапансың экөөң тең,
Кайда тентип кетесиң,
Калың кыргыз элинден.

---

[1] 1970-жылкы басылышында кыскартылган эки сап калыбына келтирилди.

Кандай алда каламын,
Карыганда атаңдын
Билбейсиңби абалын.
Алтымыш шаар жериң бар,
Алтын, күмүш жыйдырган
Казынаң бар, кениң бар,
Хандыгыңдан өксүбөс,
Калың кыргыз элиң бар.
Калкыңдан тентип кеткидей,
Кай жериңде кемиң бар?
Көз ачып көргөн балдарым,
Тилимди алгын барбагын,
Түбү күчтүү душманга
Жете элек барар дарманың.
Акылдан шашып оолукпай,
Атаңдын сөзүн кармагын.
Кол алдыңда калың эл
Кошомат айтып мактаса,
Аңдышып душман жоо чыгып,
Атыңды башка чаппаса,
Күнү, түнү жаныңда
Кырк жигитиң сактаса,
Балам Байыш не арман,
Жаралып жалган дүйнөдө,
Өлбөй, өчпөй ким калган.
Азирет Аалы чоң балбан,
Кудайдын шери атанган,
Каруусу кетип көп жерде
Бу дагы болгон бейдарман.
Сен муштумдай баласың,
Ээлигип кайда барасың,
Каруу, күчүң толо элек,
Кайгыга бизди саласың,
Камаса кытай соо койбойт,
Кандай айла табасың.
Аккүргүндүн арасы
Алты айчылык жол болот,

Агып жаткан суусу жок,
Какырама чөл болот,
Адамдын көбү жолдо өлүп,
Көрбөгөнү көр болот.
Тулпардан туяк түгөнөт,
Тирүү адам жандан түңүлөт.
Туш-туштан туура жол келет,
Душмандан түрө кол келет.
Ойлочу Байыш карагым,
Ошондо жардам ким берет?
Ажыдаар бар сойлогон,
Жолборсу бар жойлогон,
Айбандын алпы көп болот,
Адамды тирүү койбогон.
Карышкырлар кабышкан,
Дүбүртүн угат алыстан,
Аккүргүндүн чөлүндө
Ар түрдүү балаа жабышкан.
Мен дагы баштап баргамын,
Азирет хандын өрнөгүн,
Ушактан уккан сөз эмес,
Көзүм менен көргөмүн,
Алты айда басып өткөмүн,
Аккүргүндүн чөлдөрүн.
Көпүрөнүн башына,
Көз кайрап кызыл ташына,
Аккүргүндүн бетине,
Ат чабуучу секиге,
Алты ай сапар жол тартып,
Араң жетип четине.
Жол ачылар бекен – деп,
Көзүмдүн жашы дыркырап,
Зиярат кылып зыркырап,
Алты миң кошун ошондо
Кошо турган буркурап,
Эки ай бизде жок болгон,
Эс алып бир күн тынчымак.

Айдатып барып түлөөгө
Алтымыш ак боз бээ сойдум,
Каны, жини төгүлдү,
Союлган миң сан ак койдун,
Мына ошондо түңүлүп,
Көпүрөнү мен койдум.
Менден тилек өтпөгөн,
Сенден тилек өтөбү?
Менин алым жетпеген,
Сенин алың жетеби,
Көрүнүп турат көзүмө
Көпүрөнүн бекеми.
Жыйырма бешке чыгарсың,
Билек күчүң чыңалсын.
Каруу күчкө толорсуң,
Айдың-Көл турмак ошондо
Кытайга кире барарсың,
Ошондо жоону талкалап,
Кылычтын мизин жаларсың...»

Байыш баатыр күлүмсүрөп атасын карап, көкүлүн тарап, агасын сынап, өзүн өзү чыңап, кайраты батпай элирип, чыга турган аттай мойноп оргуштап, оттой көзү ойноп, атасы Нурканга карай айткан сөзү:

«Айланайын атакем,
Каргасаң да барамын,
Алкасаң да барамын,
Туулганда өлгөн баламын,
Тирүүмдө силерге
Тие элек го залалым.
Жамандык каабы болбосо,
Калган жок бизде жашчылык,
Жан калкалап жай таап,
Жатабызбы жашынып,
Жортуулга аттанып,
Жер тааныбай ачылып,

Айланайын ата-энем,
Ажал жетип күн бүтүп,
Өлбөгөн барбы пендеден,
Өчкөн шамдай дайынсыз,
Өлгөндөр кайта келбеген.
Ак шумкар салсак аттанып,
Кырк жигит күтсө чактанып,
Апырылып калп айтып,
Айлында жүрсө мактанып.
Аттанып алыс жер көрбөй,
Жортуулдан жоолап эл көрбөй,
Эпчилдик кылса сактанып,
Ошондо адам болобу,
Баатыр жүрөк, балбан күч,
Отузунда толобу,
Табына жетпей качкан куш,
Айланып туурга конобу,
Он экиден өткөн соң,
Балалык жаштык калабы,
Баатыр болчу адамдын
Башында кайрат талабы,
Жүрөгүмдү курчутту,
Айткан сөзүң жанагы,
Эр Жанышты кошуп бер,
Ээрчишип алып баралы,
Айдың-Көлдүн бетине
Ак шумкар кушту салалы,
Алыбыз жетсе кытайдан,
Ак мунар тоодон беркисин,
Ажыратып алалы.
Ат мингенге кубанып,
Эл билгенге жубанып,
Курулай жүрүш болобу,
Куш салып, кумар чыгарып,
Калкында жүрүш болобу,
Карандай күчкө чыналып.
Акындан кечип ата-эне,

Уруксат бер, бата бер,
Эч бир душман сенде жок,
Элиңди бийлеп жата бер.
Өзүң айтып көрсөткөн,
Барарыбыз алыс жер
Жатып алсак дос, душман
Азирет хандын балдары
Жаман чыгып калды дээр.
Алты айчылык жол болсо,
Абыдан ысык чөл болсо,
Арасында жердеген,
Адам уулу болбосо,
Атырылып ар жерден
Айбандын алпы жол тоссо,
Айланайын атаке,
Менин барар жерим мына ошо.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кайда болсо бир өлүм,
Өрттөй каптап жоо сайчу,
Өткүр эрдин бирөөмүн,
Өзүңдүн айткан сөзүндөн
Өрөпкүп учат жүрөгүм.
Уруксат берсең ата-эне,
Узак жолго баратсам,
Учурап түрдүү айбандар
Көңүлдүн черин таратсам,
Алдымда тулпар сур жорго
Алып учар канатчан.
Жолумдан чыккан жолборсту
Кулактан алып минемин,
Кара кулак шер келсе,
Кабылан аттуу эр келсе,
Катырамын тилегин.
Ажыдаардын жонунан
Тирүүлөй кайыш тилемин.
Андан көрө атаке,
Коломолуу кол бергин,

Кошо баргын балам деп,
Эр Жанышка жол бергин,
Алты жылдык күтүнүп,
Азык-түлүк мол бергин.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Ата-эне сени билермин,
Унутулбас өмүрдө
Ушул жообуң силердин,
Кары ата, энем сен,
Калп айтасың дебесең,
Кайраты менде миң эрдин.
Кошун курап, кол берсең,
Көпүрөнүн башында
Туу жайылтып жатышсын,
Жүрөгүн алып душмандын
Бир кызыкка батышсын.
Кытайдын колу жок болсо,
Көпүрө башын сактасын,
Аңдышкан жоонун чегинде
Аламандап жатпасын,
Душман келсе капыстан,
Түрүлө чыгып каптасын.
Кырк жигит менен камданып,
Айдың-Көлгө биз барып,
Абыдан жолун тааныйлык,
Ак шумкар салып шаңданып,
Дүрбү салып көп кошун
Карап жатсын таңданып.
Байыштын сөзү басылып,
Токтоду көөнү жазылып,
Энеси Күлүкан буркурап,
Көзүнүн жашы чачылып,
Айланайын балам – деп,
Оолугушуң жаман – деп,
Тура калды шашылып.
Жанына келип олтуруп,
Жакасына кол сунуп.

Моюнунан кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Кагылайын балам – деп,
Карган кемпир кылчактап.
«Бала көрбөй зарыгып,
Кудайдан тилеп зарылып,
Кыйналып келдим башында,
Жанышты көрдүм жарк этип,
Так кырк алты жашымда.
Сен боюмда болгондо,
Алты айга толгондо,
Жайдын күнү жайкалып,
Башкы көлгө конгондо,
Бар тамагым дапдаяр,
Жайнап турган ордомдо.
Сен боюмда жолборстун
Этине талгак* болгомун,
Төрөрүмдө кырк күнү
Кыйноосун тарттым толгоонун,
Өөдө болбой ошондо
Өлө турган болгомун.
Атаң Нуркан ошондо
Калың кыргыз элинин
Мергендерин жыйдырган,
Жолборс атып берсин – деп,
Жарчы менен чакырткан.
Атып келип берем – деп,
Аңчылар тарап туш-тушка,
Жолборсту жоктон таптырган,
Мергенге бешти аттырган.
Жүрөгүн туурап жедирип,
Терисин кабат жаптырган,
Төрөп иер бекен – деп,
Төрт күнү териге жаткырган.
Өтүшүп кеткен талгагым,
Араң жанган тери менен,
Беш жолборстун жүрөгүн

Бир тууратып жегенден,
Угар болсоң сен үчүн,
Убарасы ушул энеңдин,
Он эки айдын жүзүндө
Омурткам сыздап төрөдүм.
Ошо азабыңды унутуп,
Айланып үч маал бөлөдүм,
Жумуртка чайкап жетилттим,
Пайдаңды качан көрөмүн,
Ажал жетип биз өлсөк,
Күмөн го сенин көмөрүң.
Тил алгын барба алыска,
Мен кемпир, атаң абышка,
Тентек туулган баласың,
Терең акыл Жанышта.
Каруунар толгон убагы
Кор кылбай бизди багышка,
Кайрылбай кетсең балдарым,
Карыганда каптадың
Кайгы менен наалышка.
Өлгөнчө багып көргүлө,
Өлүп кетсек көмгүлө,
Кепинди кенен жаздырып,
Мазарга мүрдө каздырып,
Көмүүгө кана тың бүлө».

Байыш баатыр үндөбөй, энесине жооп бербей эшикке чыгып кетти. Жаныш ата-энесине: «Бул балаңар болбойт, муну калк билген даанышман бектерди, билимдүү бийлерди, кожо, молдо, эшендерди, эпчил сүйлөөк чечендерди чакырып алып, ошолор менен көптөп айтып токтотуу керек» – деди. Нуркан макул көрдү да, 60 шаардагы акылмандарды чакырып алып, Байышка арачы салды. Ошондо кожо, молдо, казы, мупту, эшен, чечендерге Байыш баатырдын берген жообу:

«Кожо болсоң даарат ал,
Баштарыңа селде чал,
Менин айткан сөзүмө
Кошомат кылбай кулак сал,
Кошоматчы, жактоочу,
Кожо болбой куруп кал.
Түн уктабай зикирге,
Орозодо битирге,
Адам өлсө опулдап,
Жаназа доорон битирге,
Жан кыйнабай алдап жеп,
Кыдырып жүргөн түтүнгө.
Оору көрсө дем салып,
Опулдаган молдолор,
Орточу болбой бекерге,
Өз жолунду оңдоңор,
Он миң кошун бир келсе,
Мен эмесмин кор болор.
Казы менен муптулар,
Калыстык менен журт сурар,
Калп кара өзгөй доо менен
Актын ишин жыкчулар,
Менде кандай сурак бар,
Менде сурак жок болсо,
Чениме тийбей ыраак бар,
Арачыга келипсиң,
Алка, курча эшендер,
Жаакташып айтышчу,
Жатык тилдүү чечендер,
Жаныш-Байыш балдарды
Жайкабай ылдам кете бер.
Баарың бирдей арачы,
Алдооңорго кирбеймин,
Аярдыгым карачы.
Түрткүгө кире берүүчү,
Мен эмесмин көрдүңөр,
Түпсүз эрдин баласы.

Өз балаңар аманбы,
Ойлогула чаманды,
Өкүм менен силерди,
Балдарыңды аламбы.
Силер айткан сөз менен
Сапар жүрбөй каламбы,
Кайдан таап алдыңар,
Алдоого жүрчү жаманды.
Эшен, кожо, калпалар,
Казы менен муптулар,
Уулундун сөзү ушу – деп,
Эне-атама айтып бар,
Көп болсо бизди көрө албай,
Ушак кылар ичи тар.
Эми кайта келсеңер,
Өлбөймүн деп ойлонбо,
Бирден түштө түлөө кыл,
Бул сапар тирүү койгонго,
Унутуп калба баарыңар,
Кардыңар чайга тойгондо,
Жооп берип жол ачып,
Жөнөтсүн бизди алыска,
Айтып баргын атама,
Чын турсаңар калыска,
Жалгыз айткын арачы,
Жатындашым Жанышка,
Жашыктык кылып жалтанбай,
Бел байласын намыска.
Ажал жетсе акыры
Үйдө жатсак өлөбүз,
Чымындай жандын баарында,
Чын өлүмгө көнөбүз,
Өлүм үчүн шак ийип,
Бышып турган мөмөбүз.
Каухар көз, кара күчтөрдү
Жер алдына төгөбүз,
Суранамын көбүндөн,

Кооп санап коркпоймун,
Кордук менен өлүмдөн,
Дүйнөгө устун болбоймун,
Тирүү жүрсөм жалгыз мен.
Өлүп кетсем өксүтүп,
Тирүүнүн санын кемитпейм,
Иш оңолсун жөнөтсүн,
Ишенби күнү күндүз де,
Падыша Нуркан атамды
Балдарыңды жүргүз де.
Айдың-Көлгө барышка
Кытайлардын колунан
Ажыратып алышка,
Абыдан тилек чоң бизде».
Арачылар жөнөштү,
Эки-экиден кеңешти.
Байышты бузду булар – деп,
Падыша алат каарына,
Чынын айтып чурулдап,
Жооп берелик жабыла.
Жакындашып баралык,
Жаныш бектин жанына,
Арачылар кеңешип,
Арман айтып баратат.
Не кыларын биле албай,
Бирин бири карашат,
Өз башына келгенде
Өлөр күнүн санашат.

Арачылар кеңешип, сөздү Талып деген эшенге беришти. «Нурканга сиз жооп бериңиз, биздин баарыбыздын уккан-көргөнүбүз ушу дейбиз да, сиздин сөзүңүздүн чындыгына күбө болуп беребиз» – дешти. Эшени, сопусу, сакысы*, казысы, муптусу, мыктысы, чечени, эби жок бечели – бардыгы Нурканга салам берип отурду. Талып эшен Нурканга кадырлуу, барктуу киши экен. Баласы Байыштын сөзүн

агасы Жанышка, атасы Нурканга, энеси Күлүканга айтып турган жери:

«Падыша Нуркан сиз менен,
Балаңыз үчүн кеңешем,
Баркымды билген хан элең,
Баягы эшен дебесең,
Ажалымдын жогунан,
Алдыңа келдим мен эсен.
Баатыр Байыш балага
Арачы болуп биз бардык,
Ачуусу келип булкунса,
Айлабыз кетип кумсардык.
Кожо, молдо, калпа – деп,
Касиетиң канча – деп,
Олуя болсоң эшендер,
Курбасынбы алка – деп.
Казы менен мупту – деп,
Касиетиң көп болсо,
Канакей мени жутчу – деп.
Каарланып караса,
Көзүнөн жалын от жанган,
Баралына келгенде
Батына албайт эч балбан.
Аалы[1] балбан сыяктуу
Айбаты бар шанданган,
Жооп берсин сапар жолго – дейт,
Энем менен атамдын
Айтканына болбо – дейт,
Көндүрбөсөң атамды
Силердин жөндү табам – дейт,
Береним Байыш ишенбей,
Пейлиңер мага жаман – дейт,
Бир жатынды тебишкен,
Бирге эмчек эмишкен,

[1] *Аалы* – пайгамбардын төрт чалыярынын бири.

Сөзүмдү кыйбайт агам – дейт.
Калтырбай кадыр көңүлүн,
Батасын берип көбүндүн,
Кулунунду жөнөткүн,
Кудайдан тилеп өмүрүн.
Кайратын көрүп сөз уккан,
Эшен, молдо, кожо бар,
Каарданганда биз менен
Казы, мупту кошо бар,
Сизден башка баарыбыз,
Жөнөтүүгө ыктыяр».
Хандыгынын иретин
Он эки жаштан билгизген,
Көзүмдүн тирүү чагында
Көнсүн деп алтын тагыма,
Атасы Нуркан мингизген.
Кожо, молдо эшенди,
Казы, мупту, чеченди,
Калтырбай баарын ээрчитип,
Жөнөдү Нуркан абышка,
Тегеректеп олтуруп,
Кеңешин салды Жанышка.
Кеңешке алды жакынын,
Кеп таратты акырын,
Кейитпей турган өндөндү,
Эр Жаныш, Байыш баатырын,
Атасы Нуркан баарына
Айтып турат акылын:
«Жооп бергин, ата, баралык,
Жоголгон бизден балалык.
Батаңды бергин жазылып,
Абыдан көөнүң агарып,
Алкышың тийсе атаке,
Айланып элди табалык.
Калтырбасаң көңүлүн,
Кайраты кара тоо жарат,
Калың кытай жоо тургай,

Калмакты кошуп оодарат,
Бегиме медер болорго,
Белине кемер болорго,
Мен барбасам ким барат?
Минип тур алтын тагыңды,
Билип тур Үзүр[1] шаарыңды,
Оолугуп калган Байыштын
Оюна коё берелик,
Ажал жетип өлбөсөк,
Айланып тирүү келелик.
Барбагын деп балага
Пайдасы жок теңелип.
Акыл айтып берсем мен,
Аныгын угар атам сен,
Алтымыш шаар калкыңдан
Эл чакыргын эртеңден,
Жер жүзүндө жети хан,
Кимисинен бактың кем.
Кернейчини келтирип,
Сурнайды тарттырып,
Ат, кунанды чаптырып,
Балдарыңдан аянбай,
Дүнүйөңдү зарп кылып,
Күңгүрөгөн конокту
Алты күнү бактырып,
Башкы көлдөй чык кылып,
Жанар тоодой эт кылып,
Тамашаны көп кылып,
Баатырларды бет кылып,
Балбан күрөш, эңишти
Бир-бирине жыктырып.
Алдына атан төө берип,
Саарына бээ берип,

---

[1] Баш жагында кыргыз хандыгы орношкон шаар «Үзүр» аталат. Жаныштын сөзүндө «Мисир» делет. Бир түрдүү атоону туура көрдүк.

Жетимге киер тон берип,
Жетпегенге чоң берип,
Кожо, молдо, эшенге
Кол кайырды мол берип,
Жесирге соёр кой берип,
Жети күнү той берип,
Калың кыргыз көп элден
Кол жайдырып дуба алып,
Тоюңдан жеген эл кетсин,
Тополоңдоп кубанып.
Тоюңдун түбү той болор,
Түңүлбөсө уланып.
Өлбөсүн, өссүн, балдарым,
Өмүрүн менен жашын – деп,
Келер болсоң балдарым,
Кем болбогун башың – деп,
Ажал жетип өлсөңөр,
Азабын тарткан ата-энең
Ушудур берген ашың – деп,
Той берип, элди таркатып,
Кечиктирбей жөнөткүн,
Балаңа берген той үчүн,
Кемийт беле дөөлөтүң,
Жер жүзүнө угулсун,
Жетишкен сенин сөөлөтүң».

Жаныштын сөзүн атасы Нуркан, энеси Күлүкан баштап отурган элдин бардыгы макул алды. Биринчиден, акыл көрүштү, экинчиден, хандын бүтүмү дешти.

Кеңешин Нуркан бүтүрүп,
Той берүүгө күтүнүп,
Кол алдында көп элди
Конокко кел – деп чакырып,
Бир жагынан мал союп,
Күндөп-түндөп бышырып.
Эки жүз элүү бээ сойду,

Эки уулуна эл жыйып,
Берип жатат чоң тойду,
Түнкү келген конокко
Күнүгө соёт миң койду.
Хандын берген тоюнда
Бирөө моюн толгойбу.
Падыша Нуркан башынан
Өзү көпөш бай болчу,
Дүнүйөсү түтөгөн,
Төрт түлүгү шай болчу,
Козу ордуна союшу
Күнүнө бирден тай болчу.
Кол кайырдуу берешен
Конбой койбойт жолоочу.
Коного* атын чаптырып,
Желдетке кылыч тактырып,
Жер жайнаган конокту
Жети күнү жаткырып,
Боз уланга бир жактан
Көк бөрүсүн тарттырып.
Балбандары күрөшүп,
Байгеден атын сүрөшүп,
Баатырлары сайышып,
Бакандары тирешип,
Эңишчилер бир жактан
Ат үстүндө эңишип,
Ырчылары беттешип,
Эки-экиден жеңишип.
Сегизинчи күнүндө
Тамашасы тарады.
Жаныш, Байыш жаркылдап,
Көпчүлүктү карады.
Бардык келген коноктон
Бата алсак деп самады.
Эшендер, кожо, молдосу
Жети күн тойдо болгону,
Жер жайнаган көпчүлүк

Тарай турган болжолу.
Тамашасы бир түрдүү,
Балдарга бата берүүгө
Көтөрүлдү колдору.
Батасын берди чуркурап,
Бардыгы ыйлап буркурап,
Баатыр Байыш акылман
Бардыгын байкап тынч турат.
Эки колу боорунда,
Ак пейлиң менен жөнөт – деп,
Кабагын жазып каркылдап,
Капаланбай жаркылдап,
Жаныш, Байыш эки бек,
Жайкалышып жооп сурап.
Сакалы аппак карысы,
Көпчүлүк элдин баарысы
Бата берип жатышат.
«Жаныш, Байыш баатырлар,
Бак-таалайың болсун жар,
Ата жолун уладың,
Аман-эсен ойноп бар,
Аккүргүнгө жеткенче
Катарлаган нечен бел,
Катуу багыт мойнок бар.
Ачык кылсын багыңды,
Асырасын жаныңды,
Аман келип, күтүп ал,
Алтын таажы, тагыңды.
Аман-эсен кайра тап,
Ак калпак кыргыз элиңди,
Айбалыдай кытайдан
Ажыратып алгыла,
Айдың-Көл талаш жериңди.
Шыдыр болсун жолдоруң,
Тирүүлөй арбак колдосун,
Туу көтөрүп качырып,
Душманың жолдо болбосун,

Азирет хандын арбагы
Башыңарга орносун.
Алты айчылык сапардан
Аман барып, эсен кел,
Ат азабын көп тартып,
Ашарыңар нечен бел,
Аманыңды тилерге
Ата Журтуң ушул эл».
Калдайган калың букара,
Календер – жарды бечара,
Эң эле кийин аркада.
Кожо, молдо курдашы,
Казы, мупту эл башы.
Кол көтөрүп камынып,
Кошоматка жабылып,
Нечен көпөс байлары,
Капасыз жүргөн жайдары,
Соодагерлер кербени,
Аңчы, адис мергени,
Баарысы колун көтөрдү,
Балдарга бата бергени.
Кожо, молдо эшендер
Үргүлөшүп үлдүрөп,
Бүбү-бакшы, думана,
Зикир тартып күбүрөп,
Башаламан көпчүлүк
Кошулушуп дүбүрөп,
Бата берди бардыгы
Оомийин! – деп дүңгүрөп.

Тойго келген көпчүлүк батасын берип, Жаныш Байышка коштошуп тарады. Жаныш, Байыш жөнөмөкчү болуп камына баштады. Атасы Нуркан балдарына алты миң кол бере турган болуп, аскер камдай баштады эле, байбичеси Күлүкан болбоду. «Өздөрүн колсуз, жараксыз жибер» – деп энеси Күлүкандын айтканы:

«Калжырайсың жөн билбей,
Карыганың эмеспи,
Араң турган балдарга
Айтпагын андай кеңешти.
Каруу-жарак мол берсең,
Калың аскер кол берсең,
Билбейсиң тирүү келбести.
Коломолуу кол берсең,
Коркобу жоодон балдарың,
Коркуп кайта келишсин,
Сурангын жалгыз барганын,
Оолугуп турган балдарга
Ошобу сенин жардамың.
Каны суюк балдарга
Атышарга жаа бербе,
Көп кол кошуп берем – деп,
Ал экөөнү дегдетпе.
Атышарга жаа тургай,
Колуна бербе шалк этме.
Жалкып келсин жоо көрсө,
Жанына кылыч байлатпа,
Жаракту калың кол берип,
Жашынан шорун кайнатпа,
Кошомат кылып балдардын
Колуна бербе айбалта,
Жаракту калың кол берип,
Жашынан шорун кайнатпа,
Кошомат кылып балдардын
Колуна бербе айбалта.
Дүңгүрөгөн даңкы бар,
Түптүү кытай эл болсо,
Аккүргүндүн дарыясы
Агымы катуу сел болсо,
Талашканы Айдың-Көл
Кытайга тийиш жер болсо,
Өз чегинен жабылып,
Кытайлар чыкса жол тосо.

Аккүргүндүн боюна
Душмандын туусу орносо,
Балдарыңа пайдалуу,
Каруу жарак болбосо.
Коломолуу кол болсо,
Колунда жарак мол болсо[1],
Карсылдашып урушуп,
Жекеме-жеке чыгышып,
Калабы тирүү жолборсуң?
Кайраттуусынган немелер
Кытайдын түрүн көргөндө
Качар жакка оңдолсун.
Ошенетип душмандан
Кадыры калып бир келсин,
Жолугуп калса чегинен
Жолотпой кууп жиберсин,
Айтканымдын чындыгын
Убагында билерсиң.
Кылыч, найза жараксыз,
Кырк жигитин кошуп бер,
Жаракту болсо, жоо көрүп,
Кызып кетет жиндилер,
Оңой эмес алты айлык
Басар жолу узак жер».
Кырк жигити токуду,
Эки тулпар жоргону.
Каршы-терши ачтырды,
Дарбазалуу ордону,
Жакын калды баатырлар
Жөнөй турган болжолу.
Даярданып эки бек
Жорголору токулуп,
Кырк жигитин чогултуп,

[1] «Коломолуу кол болсун, колунда жарак мол болсун» делип, Күлүкандын сөзүнө тескери маани берген эки сап ырга стилдик тактоо киргизилди.

Аман-эсен тургун – деп,
Атасына кол сунуп.
Экөө эки шумкарын
Колдоруна кондуруп,
Вазир, бектер урматтап,
Коштошууга чогулуп,
Аман келгин, балдар – деп,
Ата-энеси коштошуп,
Ага-тууган баарыга
Амандашып коштошуп,
Аттын башын оң тартып,
Үзөңгүгө бут салып,
Кырк жигити шарт этип,
Кыйгас* баары аттанып,
Амандашып жөнөштү,
Алты жылды болжошуп.
Аттанып чыга бererде
Алган жары Күмүшай,
Алымды айта салсам – деп,
Амандашып калсам – деп,
Дарбазанын түбүндө
Гүлсыйнасын көтөрүп,
Аста сүйлөп, үн салды:
«Атыңдын башын бура тур,
Азыраак токтоп тура тур,
Кайрылып кирип барышка
Кайнатам бар иймендим.
Кайгы-зарын уга кет,
Өмүрлөшүң сүйгөндүн.
Кыз да болсо туягың,
Тили ширин Гүлсыйна,
Тиргүлөй жетим, жесирге,
Кайгың өтөр бир кыйла,
Жүрсөң болду саламат,
Түшө элек башың мындайга.
Төрт айлык бала боюмда,
Түшүмдө эркек оюмда,

Белгиң калды карында,
Же береги эркек болбоду,
Береним сенин барында.
Кайгырып өтөр өмүрүм,
Ханым сенин зарында.
Камап келген жооң жок,
Кыстап жаткан дооң жок,
Алыска жөнөп барасың,
Кайгында калган эне-атаң
Жолуңду күндө карасын.
Кагылайын береним,
Кайгылуу күндө калармын,
Каргадай болгон Гүлсыйна
Калкалармын, багармын,
Ордуң калып, өзүң жок,
Кайгынын тузун жалармын.
Саратан чолпон жылдыздай,
Аттанып чыктың жаркырап,
Түңүлбөй тирүү бөлүндүк,
Амалсыздан жан чыдап,
Алдыңдан муунап тоспоюн,
Аялдык кылып аркырап».
Коштошуп колун кармады,
Амандашып зарлады,
Ичи өрттөнүп солкулдап,
Койнуна жашы шолкулдап,
Калбады сүйлөр дарманы,
Башын ийкеп Кумүшай,
Амандыгын арнады.
Карсылдап күлдү эр Жаныш:
«Баланы алып, үйгө бар,
Башка түшсө көрөбүз,
Башынан ушу дүйнө» – деп.
Азык жүктөп кырк атка,
Алыс жолдо аярдап,
Кырк жигит кетип баратат,
Тамак-ашын даярдап,

Оюнда жок балдардын
Ат өргүтүп жай алмак.
Алдында жүрөт эр Байыш
Атамдын айткан жери – деп,
Алтымыш адыр, кырк чыбыр
Ашуусу бийик бели – деп,
Аныk болсо жулунуп,
Ажыдаар чыгат эми – деп,
Ажыдаары бар болсо,
Жутуп көрсүн мени – деп.
Атамдын сөзү чын болсо,
Жолборсу чыгат жолдон – деп,
Жоруган түштөй айтты эле,
Жолугар малы болгон – деп,
Алдына түшүп эр Байыш
Айтып барат далай кеп,
Агасына билдирет,
Ар кайсыны далилдеп.
Туш-тушунун бардыгы
Туюк адыр кери – деп.
Калп болобу чыны жок,
Карылардын кеби – деп,
Качан чыгат арылдап,
Кара кулак шери – деп.
Күлкү салды эр Байыш,
Кырк жигит менен Жанышка,
«Кыргызда жок калп экен,
Атабыз Нуркан абышка,
Ушунча калпты айтабы,
Жөнөтүп жатып алыска.
Токою көп деди эле,
Токой турмак зар болдум,
Ат чалдырар камышка.
Ажыдаар турмак, жылан жок,
Токой турмак, тулаң жок,
Келатабыз жол тартып,

Керик* турмак, кулан жок.
Кара кулак шер турмак,
Карга менен кузгун жок,
Жолборс турмак, жору жок,
Жолунун жүрөр оңу жок,
Дарыя турмак, булак жок».
Аргымак аттан эт арып,
Жигиттин алды жөө басып,
Кыйналгандан баарысы
Кызылы кетип өңү азып,
Алты айчылык жол эле,
Төрт айда жетти эң шашып,
Барып жатып калышты,
Айдың-Көлдүн бетине,
Көпүрөнүн бер жагы
Аккүргүндүн четине.
Аттарын суутуп жайдактап,
Азирет хандын барында
Ат чабуучу секиге.

Жаныш, Байыш көпүрөнүн башына барып, түштушка чалгын чалып, алыскы жерге, ач кайкы белге дүрбү салып, санаасын басып жатып калышты. Эртең менен эрте туруп, колду, бетти жууп тамактанып, аттарын токунуп, бардыгы чогулуп көпүрөгө келишти. Келсе маңдай жагы кара таш, бул өйүзү кызыл таш, эч жиги жок, ал көпүрөнү Азирет хан салдырган.

Азирет хан өлөрүнө жакын калганда ойлоду: «Менин көзүм өтсө, тукумума кытай күн көрсөтпөйт, көпүрөнү дайынсыз бекиттирейин» – деп, кара таш жагын кара кыш менен, кызыл таш жагын кызыл кыш менен кынатып, кара кум, кызыл кум менен шыбатып, таш катарында жиксиз кылдырып койгон. Ошолорду жасап бүтүргөндөр, урушта колго түшкөн кытайлар эле. Бекитип болгондон

кийин «түбүндө зыяны тиет» деп, туткундардын баарын дарыяга салдырып жиберген[1].

Байыштын укканынын бардыгы чын экен. Көпүрө күнү бүгүнкүдөй болуп турат. Байыш дүйнөдө жок балбан болуптур. Анын балбандыгын Жаныш да билбейт эле. Жаныш: «Муну кантип бузабыз, жарак ала келүүбүз керек экен» – деди эле, Байыш: «Мен бузамын, менин балбандык күчүмдү атам эч кимге билдирбей токтотуп койгон. Эми сапар жолунда жүрүп бекитет белем» – деп чечинди.

Кынаган кышты, шыбаган кумду ажыратып таанып тепти эле, кыштын жана таштын бырын-чырыны чыкты. Аны оодарып алып таштап, көпүрөнүн маңдайындагы кайып ээледи деген кара таштагы кара кышты тепти эле талкаланып калды. Ошентип көпүрөнү ачып алды. Бир ишти бүтүрүп, санаасы тынып, көпүрөнүн ар жак, бер жагына чыгып кайтып келди да, Жанышка кубанып айткан сөзү:

«Айланайын агакем,
Билдирейин белгимди,
Сыпайы сырын жашырбайт,
Сырдашар күнгө келдимби,
Балалык кылбай жакшы угуп,
Байкап көрчү эрминби?
Оттон, өрттөн коркпогон,
Ойноо бала кезимен,
Он төрт, он үч жаштагы
Балдар коркчу сезимен,
Ошондон берки көргөнүм,
Кете элек менин эсимен.
Ошол ойноо кезимде,
Атамдын беш жүз төөсү бар,
Өркөчү жок баарысы

[1] 1970-жылкы басылышында ушул абзац толугу менен кыскарган. 1939-ж. китеп боюнча калыбына келтирилди.

Өрдөк моюн кызыл нар,
Жаздын күнү көктөмдө,
Ойноп чыктык көп балдар.
Ошо төөнүн ичинде
Көрүнгөндү кубалар,
Жакын келсе жазганбай,
Тиштеп алып ыргытар
Арасында көп экен,
Киши чайнар бууралар.
Качырып калды бир буура
Бизди карай туптуура,
Чыдай албай бетинен
Чыга бердим бурула,
Балдардын баары мен жакка
Качып берди чубура.
Көбүгүн бүркүп чачылтып,
Көнөктөй оозун ачылтып,
Бир баланы четинен
Чөгөлөй түшүп аймады,
Чыркыратып чайнады.
Жагалмай алган чымчыктай,
Баланын шору кайнады,
Табалбадым ошондо
Ажыратар айламды.
Кош колдоп алып бир буттан,
Ачуум менен ыргытсам,
Буту кала бериптир,
Кармаган колдо жулунуп.
Калкка тарап кетиптир,
Кабарым катуу угулуп.
Тогузумда токтолбой,
Мына ошону кылдым мен,
Таятамдын колунда
Ойноп жүргөн кезиң сен,
Балапан күңкү иш болчу,
Баатыр Жаныш ишенсең.
Эркелетип эне-атам,

Акыл, насаат[1] үйрөткөн,
Ойноктукту оюмдан
Ошо күнү түгөткөм,
Андан кийин ата-энем,
Андып жүрүп жетилткен.
«Мындан кийин чырагым,
Балбандыгың чыгарбай,
Баатыр болгун чыдамкай».
Деген болчу ата-энем,
Ошону менен убадам,
Он жашымда бекиген.
Андан кийин чыгарбай,
Сактагамын күчүмдү,
Эгер эки болгон жок,
Эне-атамдын бүтүмү,
Ашыгып бүгүн көрсөттүм,
Жыйырмамда чыгар ишимди,
Ачуумду чыгарып,
Арачы эшен, кожонун
Биринин кармап бутунан
Бирин башка чапмакмын,
Жазыгы ошол болмокчу,
Жамандыгын тапмакмын,
Акыл берген атама
Убадамды сактапмын.
Жолумдан чыкса жолборсту
Кулактан кармап минмекмин,
Ажыдаардын жонунан
Тирүүлөй кайыш тилмекмин,
Барбасын деген сөзүбү,
Падыша Нуркан атамдын
Калп айтарын билбепмин.
Кара кулак шер болсо,

[1] «Акыл, үгүт үйрөткөн» деген ыр сабындагы «үгүт» деген сөз сөздүн маанисин так бере турган «насаат» менен алмаштырылды.

Айбандын алпы ал болсо,
Тирүүлөй кармап алмакмын,
Мени коркутканың мына – деп,
Кимибиз баатыр туура – деп,
Атама алып бармакмын.
Кырааным Жаныш көрөрсүң,
Толуп жатат аңгемем,
Кыйрата тээп кулаткан,
Кызыл кышты колдогон,
Кыдыры тирүү бар деген.
Кызыры болсо алып кел,
Кырылышып көрөйүн,
Кылычсыз канын төгөйүн.
Кутманым Жаныш көрөрсүң,
Кайнап чыгат аңгемем,
Каңтара тээп кулаткан,
Кара кышты ээлеген,
Кайыбы тирүү бар деген,
Кайыбы болсо алып кел,
Каруулашып көрөйүн,
Канжарсыз канын төгөйүн».
Көңүлү тынып баатырлар
Аттын баарын жайдактап,
Буттарын анын бекитип,
Чидер салып баймактап,
Ооздуктарын чыгарып,
Откорушуп тойгузуп,
Оонатып кайта сугарып,
Көңтөрө ээр, көк жамбоз[1],
Жаба салып токуду,
Аттын баарын даярдап,
Жөнөй турган болушту.

---

[1] *Көк жамбоз* (жампоч) бүркүттүн бир кыраан түрү аталат (караңыз: Кыргызча-орусча сөздүк, 226-б.). Текстте сөз мааниси бузулган көрүнөт. Мазмуну боюнча «жалпооч» (кооздолуп жасалган ат жабдыгы) деген сөз туура келет.

Жетек атка жигиттер
Жүгүн артып камданып,
Жөнөй берди баатырлар,
Жолго түшүп шанданып,
Жоругуна кырк жигит,
Кетип барат таң калып.
Көпүрөнү караса,
Көз кубанткан тамаша,
Буруксуган арчадан
Бир жүз устун санаса.
Көпүрөнүн бетине
Беш миң киши баткандай,
Жолун тосуп камаса.
Өйүз-бүйүз зоолордун
Боорунан үңкүр ойдурган,
Эки башын тиретип,
Устунун тегиз койдурган.
Башка жыгач чирийт – деп,
Ууз арчадан сундурган.
Эки башын бекитип,
Коргошун коюп тундурган,
Ууз арчадан улаткан,
Улоосуң жиксиз кынаткан.
Көпүрөнү көркөмдөп,
Уландысын бекитип,
Коло менен чырматкан,
Панжырасын кооздотуп,
Алтын менен сырдаткан.
Бузула турган неме эмес,
Душман келип бузбаса,
Кезеп келип ыраактан,
Ат бастырып топтошуп,
Көпүрөдөн өтүштү,
Көзүнүн кырын кубантып,
Көңүлүн жазып кетишти.
Улуу-кичүү дебестен,
Убадасын бекитти.

Агасы Жаныш сүйлөдү,
Сыртынан сынап бийледи:
«Ажал жетип күн бүтсө,
Өлсөк чогуу өлөлүк,
Бирибизге бирибиз,
Сүйөнүшүп жөлөнүп.
Тирүү калсак өлгөндөн
Өлгөндү шейит* көмөлүк.
Миң кошчуга бир башчы,
Ошо башчы жол ашчу,
Карылардан угушум,
Бир ынтымак күч жакшы,
Он да болсоң чың турсаң,
Миң аламан жоо кашчу.
Жөнөдү Жаныш жол баштап,
Баратат Байыш түр таштап,
Алтымыш өзөн ак мунар,
Аркайган бийик зоолор бар,
Башында ачык жолу жок,
Тегерете туюк жар,
Үстүнөн туман арылбайт,
Баштары аппак мөңгү кар.
Жоо барбы деп көз салбай,
Жол арытып из чалбай,
Жарышып кетип баратат,
Баарысы көпкөн жаш балдар.
Бала да болсо Байышта
Акыл да бар, эрдик көп,
Айланайын агакем,
Арытар жерге келдик – деп,
Алдында кетип баратат,
Ат алдын карап, жол тиктеп.
«Азыраак түшүп олтуруп,
Ат чалдырып алалык,
Туш тараптын баарына
Турнабайды салалык.
Айдын-Көлдүн белине

Шашпай чыгып баралык,
Чалгынчы изди чалбасын,
Жортуулчу келип калбасын,
Кароолчу карап жатпасын,
Мергенчи өңүп атпасын,
Жер арытып алалы.
Дүнүйөдө ушундай
Жерден сонун чыгабы,
Жел жүргөндө жайкалып,
Жалтылдаса тулаңы,
Кокту сайын шаркырап,
Агып жатса булагы,
Жер экенсиң Айдың-Көл,
Удургуй түшүп жайылган
Бугу, марал, куланы.
Кара чачтуу кытайга
Айдың-Көл кайдан ылайык,
Алышып жүрүп түбүндө
Ажыратып алалык.
Кытай келсе талашып,
Катуу кыргын салалык,
Кара чачтуу кытайлар,
Жеримдин чеги дебесе,
Жети жылда бир конуп,
Мал жайлатып келбесе,
Батынабы талашып,
Баатыр кыргыз ээлесе.
Тээ тектирге жылкы от болуп,
Түзгө жуушап токтолуп,
Түшкө жакын удургуп,
Тээ булакка турса топтолуп.
Көз кайкыган талаага
Көп айылды кондурсам,
Көктөмдө бээни байлатып,
Көк ала төрдө олтурсам.
Айдыңымды учуруп,
Айдың-Көлгө куш салсам,

Атаандашса кытайды
Айында бир кур чаап алсам,
Айдың-Көлгө бет алып,
Бүгүн жете баралык,
Табына келди шумкарлар
Канаттарын таранып,
Эттерин бир аз бошотуп,
Эртенден баштап салалык».
Кырк жигитти шаштырып,
Ат токутуп жөнөдү,
Акырындап жай жүрөт,
Эр Байыштан бөлөгү,
Бастыргын деп жанына
Чакырды Жаныш төрөнү,
«Аралап келдик тыңсынып,
Айдың кытай чегине,
Чыгып бара жатабыз,
Айдың-Көлдүн белине.
Куш салып, кумар жазабыз,
Көгөргөн тунук көлүнө,
Көзүм тойду бир баштан
Көк ала мейкин жерине» –

деп белге барды, аттан түшүп дүрбү салды, тегерете карап олтуруп, жигиттерин күтүп алды. Жүрө жүрүп отуруп, Айдың-Көлдүн көлүнө жетти да, ал түнү жатып калды. Эртеси Байыш баатыр эрте туруп, басып барып көлдүн четине бетин жууп байкап карап турса, Айдың-Көлдүн сын-сыпаты Байыштын көңүлүн оодарды. Ошондо Байыштын жердин, көлдүн сыпатын айтканы:

«Эки күндөн бер жакка
Көрдүм далай жеримди,
Татынакай Айдың-Көл
Таппадым сенин кемиңди,
Көз кубанып көркүнө
Көңүлүм өсүп семирди.

Көл болбосоң коё кал,
Сууң таттуу шекер-бал,
Жээгиңдин баарысы,
Сыйра чыккан сулуу тал.
Адам жердеп келбеген,
Айдың-Көл сенин айбың ал,
Будуруң толгон бугу экен,
Адамзат сени жердебей,
Ичиң толгон муң экен,
Адырың аркар, кулжа экен,
Күңгөй, тескей түздөрүң
Күмүш, алтын нурдуу экен.
Жагалданып көрүнөт,
Жалама зоо бийигиң,
Жанаша чубап чыркылдап,
Эчки-теке, кийигиң.
Капчыгайдан кең казган,
Карышкыр, түлкү ийинин.
Кузгунуң учуп куркулдап,
Кууларың сүзөт жаркылдап,
Кулаалың жүрөт салпылдап,
Сууруң төштөн чыркылдап,
Адам уулу жердебей,
Байланган экен сиздин бак.
Өрдөк, чүрөк, кашкалдак,
Аңырың жүрөт аңкылдап,
Балыкчы кара шакылдап,
Бакалар чардап какылдап,
Булбулуң сайрап түбүндө
Чакчыгай кошо чакылдап.
Коңурсуган кайран жер
Кашка чымчык каргадай,
Карагатың алмадай,
Жылгада түлкү ойногон,
Токоюнда билинбей,
Жолборсуң бар жойлогон.
Карышкырың кабышкан,

Кашкулагың алышкан,
Бүркүтүң зоодо шаңшыган,
Күкүгүң тоодо таңшыган,
Ителгиң тоодак имерген,
Шумкарың текөөр жиберген,
Жердеген адам өмүрү
Кетпес эле бу жерден».
Кызыгар кыйла иш ойлоп,
Кылчайып келди эр Байыш,
Толгонуп жаңы ойгонуп,
Тура элек экен эр Жаныш.
Тургула – деп эр Байыш
Баарынан жооп сурады,
Баш-аягын кыдырып,
Барып келген убагы,
Колуна алып кондуруп,
Ак шумкарды сылады.
«Тургула эрте камданып,
Туш-тушунун баарынан
Далайды көрдүм мен барып.
Тегиз тийген убакты
Күн жаркырап агарып,
Эригишкен шумкарлар
Жулунушат жаланып,
Бүгүн кечке бир тынбай,
Шумкарларды салалык».
Баарысы турду жабыла,
Ат токунду камына.
Эр Байыш келип отурду,
Агасынын жанына,
Көргөнүнүн баарысын
Бир баштан айтты ханына.
Нечен күнү салынбай,
Томогосу алынбай,
Эки шумкар келиптир,
Эти менен табына.
Ат токулду, жөнөдү,

Айдың-Көлдү жакалап,
Аралынан кыдырып,
Алдырды кууну шака-шак,
Куу алдырып шумкарга
Кубанышкан ошол чак.
Боз жерден тоодак серптирип,
Коктудан коён тептирип,
Өчөшкөн шумкар эригип,
Өрдөк, соно, аңырды
Өйүз-бүйүз учуруп,
Алмак-салмак шумкарлар
Көрүнгөндү качырып,
Кайтып келди баарысы
Тамаша менен кеч кирип.

Жаныш баатыр бардыгына айтты: «Биз он күнү куш салып жаталык да, аман кайталык. Минтип жат душмандын жерине жараксыз жана жалгыз келип жүрбөй, калың кол менен келип, көпүрөнүн эки башына колду курап таштап, өзүбүз шумкарларды ошондо салалык. Жалгыз жол болсо жана кол, жарак болбосо, душман билип калса, жолду тосуп алса өлгөнүбүз ошол». Калганы макул тапты.

Куш салып жата беришти. Сегизинчи күндүн түнүндө агасы жаман түш көрүп, түн ортосунда чочуп агасы Жанышты ойготуп алып, көргөн түшүн айтып турганы:

«Айланайын эр Жаныш,
Башыма түштү чоң наалыш,
Жараксыздык жаштыкта
Эч убакта жок намыс,
Кол чакыртып алууга
Алтайчылык – эл алыс.
Көтөрчү өйдө башыңды,
Көрбөйсүңбү имерип,
Көңүлүңдү жиберип,
Көзүмдөн аккан жашымды,

Көргөн түшүм курусун,
Көңүлдө кайгы ашынды,
Өөдө көтөр башыңды.
Көрбөйсүңбү имерип,
Тизилген кара жашымды.
Түндөгү көргөн түшүмдө
Душманым туура асылды.
Түндөгү көргөн түшүмдө
Көпүрөнүн башында
Жабыла чаап, жол тосуп,
Жарданган душман кашымда,
Жалдыратып көзүмдү
Жайлар бекен жашымда.
Аккүргүндүн четинде,
Алты миң кытай бетимде,
Ал көргөн түштө жалтанбай,
Аралаштым кечинде,
Түшүмдө көргөн түйшүгүм,
Турасың чыкпай эсимде.
Көргөн түшүм курусун,
Тосулган биздин жалгыз жол,
Топ-топ кылып иреттеп,
Тосушуп калган калың кол,
Каруу жарак колдо жок,
Кан кечишер заман шол.
Капилет түшүм курусун,
Камалган экен жалгыз жол,
Качып өтөр жылчык жок,
Калдайып жаткан калың кол,
Кара жанга күч келген,
Каргашалуу заман шол.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Кылычтар кынсыз жаркылдап,
Кызыл канга боёлуп,
Найзанын учу калкылдап,
Кыжылдаган кытайдан
Болбоду түк жан тынмак.

Капилет көргөн түшүмдө
Капталы жазы бел көрдүм,
Өзүнчө өркүн тили бар,
Калың кытай эл көрдүм.
Канжарынан чубурган,
Кандан кызыл сел көрдүм.
Так ошо жоого кармалып,
Кайгынын зарын мен көрдүм.
Кыраңы бийик бел көрдүм,
Кыргыздын тилин билбеген,
Кытай деген эл көрдүм.
Кылычынан чубурган,
Кызыл кандуу сел көрдүм.
Кылчая албай камалып,
Кыйноонун баарын мен көрдүм.
Түшө электе колуна,
Туура чыгып жолуна
Дүңгүрөгөн кытайдын
Түйшүк салдым тобуна,
Туура келбей тилегим,
Түшүп калдым торуна.
Көргөн түшүм курусун,
Көп качырдым шылкылдап,
Көлөкөлүү майданда,
Көп кошун өлдү кырчылдап,
Көбүктөнүп кызыл кан,
Көйнөктү жууду чылпылдап,
Көкүрөктөн байкуш жан,
Көп кыйналды кылтылдап.
Салкындашып майданда,
Салышып жүрүп шылкылдап,
Сагалаган кытайдан
Сап кырылды кырчылдап.
Сарыгып аккан кызыл кан,
Сары суудай жылтылдап,
Салышып жүргөн байкуш жан,
Саламат эмес кылтылдап,

Кызып кирип урушсам,
Кытайдын баары кылыччан,
Кыйын кирген сууга окшош
Чылпылдаган кызыл кан.
Кырк жигит жок, сен да жок,
Кыйынчылык күн көрүп,
Кысылгандан кыйкырсам.
Түндөгү көргөн түшүмдө
Ылаачын тийген таандай,
Ыдырын бөлөм четинен,
Калың кытай душмандын
Качырып чыгам бетинен.
Караанынды көрө албай,
Карып болдум жалгыз мен.
Айла кетип, ал куруп,
Эки жагым карасам,
Акылымдан адашам.
Кагырап жаткан корум таш,
Сарапайлап бардыгын
Аштап койгон чоюн баш.
Колдорунда найза бар,
Учу темир куу жыгач.
Каарданып качпастан,
Салышып жүргөн кезимде,
Жоо катары көрүнүп,
Жокмун го сенин эсиңде.
Алды жагым эки миң,
Арка жагым эки миң,
Төрт миң колдун ичинде
Жол табалбай бекидим,
Калың кытай төрт миң кол,
Тегеректеп алышты,
Үстү жагым көз жеткис,
Айлампа мунар зоо болду,
Ортого алып кармаган,
Төрт миң кытай жоо болду,
Алды жагым айлампа

Аккүргүн дарыя суу болду,
Калың кытай душмандан
Кармалышым бу болду.
Жылаңачтап сабатып,
Тикенектеп канатып,
Чымындай жанды жадатып,
Бозортуп көздү талдырып,
Бүткүл беден* этимди
Боёгондой кан кылып,
Кара сандын этине
Канжарларын малдырып.
Карыптыкты билдирип,
Таманы таза калат – деп,
Ак албарс кылыч төшөтүп,
Абыдан кыйнап ошентип,
Тамандарым тилдирип,
Тилик болду таманым,
Түшүмдө кетти амалым,
Түндө көрдүм мен карып,
Дүйнөдө иштин жаманын.
Душманым чыкса жолумдан,
Кандай күндө каламын.
Алып барып сүйрөтүп,
Айлампа казык кактырды,
Эки колум кишендеп,
Мойнума чынжыр тактырды.
Алдыма кара таш төшөп,
Ошого бөлөп жаткырды.
Алтымыш батман темир тор,
Аштай салып жаткырды.
Бүткүл бойдо тамтык жок,
Алтымыш жерим жарадар,
Түндөгү көргөн түшүмдө
Түгөнгүс катуу санаа бар,
Өлүү эмес, тирүү эмес,
Өлүмгө болдум барабар.
Жаткырбай кыйнап жан кейип,

Жаранын баары былчылдап,
Жазгы саздай көйкөлүп,
Жайылып каным чылпылдап,
Жай таба албай онтолоп,
Жаны чиркин кылтылдап.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Тутулдум жоонун ичинде,
Турупмун кылыч мизинде.
Капилет көргөн түшүмдө,
Кармалдым жоонун ичинде,
Кандай болот абалым,
Калыпмын жоонун ичинде.
Жүргүн, Жаныш, ат токуп,
Кечикпей эрте бат токуп,
Түбү жаман түш көрүп,
Түпөйүл болдум мен чочуп,
Кытай келип калганбы,
Көпүрөдөн жол тосуп».

Жаныш Байыштын түшүн угуп, жүрөгү болкулдап чочуп, шашып кийинип кырк жигитти тургузуп, аттарын токутуп, кошколоңун арттырып, коштоо аттарын айдатып, таңга жакын калган мезгилде шашылыш жөнөп, таң ата Айдың-Көлдүн белине келип, күн тегиз жайылган убакта дүрбү салып олтурса, көпүрөнүн башын кара таандай болуп, кытай тосуп калганын көрдү да, иниси Байыш баатырды карай Жаныштын айтканы:

«Айланайын жалгызым,
Түндөгү түшүң туш экен,
Түш эмес туура иш экен,
Көпүрөнүн башында
Түнөрүп жаткан киши экен.
Капилет түшүң туш экен,
Кадиги жок иш экен,
Катарланып тетиги
Карарып жаткан киши экен.

Ак болоттун кыны экен,
Арылбас шордун сыры экен,
Айланайын жалгызым,
Сенин түшүң чын экен.
Жер жайнаган көп кытай
Алдыңдан тосуп тур экен.
Ал жеткис жерде туш болгон,
Арылбай турган муң экен,
Көк болоттун кыны экен,
Күбүлгүс шордун сыры экен,
Күйүшөрүм жалгызым,
Сенин көргөн түшүң чын экен.
Көз жетпеген көп кытай,
Көпүрөдө туру экен,
Күтпөгөн жерде туш болгон
Күбүлбөс күйүт муң экен.
Сенин татканың шейит тузубу,
Табарың нурдун кызыбы,
Таңга маал сен көргөн,
Таанылды түштүн бузугу,
Табылып таалай багыңа
Сенин тартышар жооң ушубу?
Ичериң шейит тузубу,
Аларың нурдун кызыбы?
Аныгы түндө сен көргөн,
Ана ошо түштүн бузугу,
Алдында жаткан көп кытай,
Сенин алышар жооң ушубу?
Коркомун сенин түшүңдөн,
Кордуктуу түштү көргөн сен,
Тетиги колду көрдүңбү,
Түндөгү түшүң туш келген,
Айдың-Көлгө кайталык,
Тилимди алсаң бу жерден.
Бекилип калса жалгыз жол,
Бетиңде жатса калың кол,
Каргадай эки балабыз,

Кантип чыдап барабыз,
Каруу, жарак колдо жок,
Барсак да келбейт чамабыз.
Атышарга мерген жок,
Атабыз жарак берген жок,
Айбат кылып тураргa
Аскер ээрчип келген жок.
Бар таянган күчүбүз,
Ок өтпөгөн ак олпок,
Сайышарга найза жок,
Сагалаган кытайга
Салышкан менен пайда жок.
Каргадай калың кытайдан
Качкандан башка пайда жок,
Чабышарга кылыч жок,
Качкандан башка жумуш жок,
Кара таандай кытайдын
Кашында карап туруш жок,
Айдың-Көл карай кетели,
Азыр бизде уруш жок.
Алы жетер жоо болсо,
Агаң Жаныш качабы,
Алты миң кытай, биз жалгыз,
Көзгө топурак чачабы.
Кырк кыйырдуу
Кыйырчактын Кырын аша качалы,
Оролмо тоону айланып,
Он айчылык жол басып,
Өлүмгө тике барганча,
Азап тартып, өң азып,
Жан сактайлык биз качып.
Туягы ташты кыйратат,
Бардыгы тулпар минген ат,
Мына бул калың кытайдан
Өлбөй тирүү ким калат.
Кырк жигиттин аттары
Кырк күндүк жолго тың барат,

Оролмо тоонун ар жагы,
Аккүргүндүн баш жагы,
Ана ошого жетели,
Арал-арал жазыктан,
Ат жайдактап кечели,
Ак олпокту баш кылып,
Кийимдин баарын чечели.
Асыраса бир кудай,
Аман өтүп кетели.
Мингенибиз тулпар ат,
Кер жорго менен Сур жорго,
Айланайын жалгызым,
Тилимди алгын бир жолго,
Тили буруу кытайга
Тийишем деп кор болбо.
Кырк жигитти жалынтып,
Мойнунан сууга малынтып,
Жорголорду жайдактап,
Куйруктарын шатектеп,
Тегерете сал байлап,
Мен жандайын, сен айдап,
Кырк жигит чыксын сал кармап,
Мен чыгайын ат жалдап.
Салдуу сууда саламат,
Сактаса болду тирүү арбак.
Тилимди алгын жалгызым,
Тиленем сенден мен зарлап.
Аккүргүндүн суусунан,
Кайры шаардын тушунан,
Аман-эсен өтөлү,
Ак тилекке жетели.
Ырайым кылса бир кудай,
Ата-энеге кетели.
Алтымыш шаардан эл жыйнап,
Аксакалын көп сыйлап,
Билгичтерин чогултуп,
Арыз айталык биз ыйлап,

Өлбөй тирүү келдик – деп,
Дарыя кечип, тоо ашып,
Жамандык менен жан кыйнап,
Көпүрөнүн баштарын
Кытайлар курчап алды – деп,
Кыйырчык ашып биз келдик,
Камаган кытай ошондо
Кыбырабай калды – деп,
Озунуп барып тоспосо,
Тирүү койбойт жанды – деп.
Алты миң кошун алалык,
Алдын тосуп калалык,
Көпүрөнү алдырсак,
Олжолонуп кытайга
Кетебиз го таланып» –

деп агасы Жаныш сөзүн бүтүрдү. Байыш баатыр ачуусу келип, акырая карап, көкүлүн тарап, сөзүн жактырбай көөнүнө түшүрүп, агасы Жанышты карай Байыш баатырдын айткан сөзү:

«Айланайын агакем,
Айткан сөзүң курусун,
Азамат эрдин баарысын
Алсыратып турушуң.
Айла кетип турганда,
Ушулбу кылар жумушуң.
Асмандагы тилекти
Жерден берип турганда,
Айланбай кирмек кыргынга,
Качып барсак экөөбүз,
Өлгөнчө калдык шылдыңга.
Өмүрүнчө кемибей,
Ким өтүптүр жыргалда?
Качып жүрүп кайда өлөм,
Какыраган сайда өлөм,
Кытайлардан качканча,
Кыйырчыктын кырк сеңир,

Кыйналып жатып ашканча,
Кызышып кылыч чабышып,
Кыйналбай таза шашканча,
Бир беттешип көрөмүн,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Кагылайын агакем,
Менин качан чыгат өнөрүм?
Калың колго бет алып,
Кайратын көргүн төрөңүн,
Тилдүү жоодон качканча,
Түбү жок суудан акканча,
Коргошун таштай куркурап,
Суу түбүндө жатканча,
Жандуу жоодон качканча,
Жаны жок суудан акканча,
Жаш болсом да өлүмдөн
Жанымды аяп бакканча,
Согушта өлсөм шейитмин,
Кара жерге бейитмин,
Алдымды тоскон кытайдан
Атылып өлсөм шейитмин,
Акыры жерге бейитмин,
Караанын көрүп кытайдын
Качам деп жанды кейиттиң.
Каскагы* болсо сайышып,
Катын алат душманды,
Каскагы жок камчычан,
Баатыр алат душманды,
Качырып капа жазбасам,
Качып тирүү келдим – деп,
Калкыма кайта барганда
Кантип айтам бышманды,
Калың кытай жоо менен,
Качырышар иш калды.
Кылычы болсо чабышып,
Катын алат душманды,
Кылычы жок кагышып,

Баатыр алат душманды,
Кызуу менен жетпесем,
Кырылышып кетпесем,
Кылчайып тирүү келдим – деп,
Кыргыз элге барганда
Кантип айтам бышманды,
Кытайдын колун бет алып,
Кырылышар иш калды.
Мылтыгы болсо атышып,
Мерген алат душманды,
Мылтыгы жок биз өндүү
Бектер алат душманды.
Бетпакты кууп жетпесем,
Беттешип анан кетпесем,
Бекинип тирүү келдим – деп,
Мен элиме барганда
Кантип айтам бышманды,
Бети кара жоо менен
Беттешип өлөр иш калды.
Жаштыр, чалдыр жан калбайт,
Өлүмдө эч ким тандалбайт.
Ажал жетсе өлүмдөн
Өксүбөй жаның ким кармайт,
Качсаң өзүң кете бер,
Каралдың Байыш баралбайт.
Ажалым болсо өлөмүн,
Азабым болсо көрөмүн,
Адам уулу ажалсыз,
Өлөт экен дебегин,
Бактым болсо кытайдан
Абийир таап келемин,
Ажалым болсо акыры,
Алда Таала кудайдын
Аманатын беремин.
Кара таандай душманга
Карчыгадай тиемин,
Каарымды чачылтып,

Өзүм жалгыз киремин.
Тирүү калбай дүйнөдөн
Түбү өлөрүмдү билемин».

Агасы Жаныш инисинин сөзүн угуп, же кетемин деп тике айталбай, же макул көрүп Байыштын сөзүн кабыл албай, акыл ойлоп турду да: «Эмне болсо да Байышымдын кадырын калтырбайын, андан көрө кырк жигитти кайрат берип, катуу бүлөп чыңайын» – деп, кырк жигитин карай Жаныш баатырдын айтып турган сөзү:

«Айланайын кырк жигит,
Адалды татсам бир таткан,
Ат жарышсам бир чапкан,
Ага-инидей сыйлашып,
Акыл кошуп сөз тапкан,
Айдыңыма келгенсиң,
Ар киминер ар жактан.
Оорумду алган колумдан,
Тайбаган таза жолумдан,
Жеңилди алган жеримден,
Жээн, таяке, бөлө эмес,
Бир туугандан кем эмес.
Ишенишип жетиштик
Жергелүү кыргыз элинен,
Тузума кара санабай,
Кызматка жаман карабай,
Өзүмдөн жооп болбосо,
Өзүңөрчө тарабай,
Өөрчүп келе жатасың,
Нуркандан туулган баладай.
Адалды ойноп бир жеген,
Арамдыкка кирбеген,
Жолдошумсуң жоо сайчу,
Кадимди жолборс түр менен,
Кытайдын колун карачы,
Кыжылдаган, дүрбөгөн,

Коркпой, качпай кирелик,
Жол жатат тосуп түнөрүп,
Баатыр Байыш берендин
Айдыңында жүрөлүк,
Колдон келсе кытайды
Көпүрөдөн сүрөлүк.
Качып жатпай камалып,
Байыш менен биригип,
Качырыша баралык.
Көпүрөдөн жоо качса,
Көңтөрүлүп жол ачса,
Маңдайга өтүп алалык.
Өлсөк бирге өлөлүк,
Жамандык менен жакшылык
Көрсөк бирге көрөлүк.
Алдыбызда душмандын
Таратып тобун бөлөлүк.
Кайра качпай салышып,
Канын суудай төгөлүк,
Бирибизди бирибиз,
Өлүп кетсек көмөлүк,
Жаралуу болуп жыгылсак,
Ала качып өңөрүп,
Кан төгүшүп баш кескен,
Кандуу майдан күн болот,
Кара туман, кара чаң,
Көз көрбөгөн түн болот,
Жашык жүрөк, жаман эр,
Жашынам деп жоголот,
Жалгыз койсок Байышты
Анда атыбыз ким болот?
Бел байлагын кырк жигит,
Өлүмдөн качпай кирүүгө,
Карарып жаткан кытайдын,
Азабын колго берүүгө,
Аттанышкан черүүгө.
Качып берип кокустан,

Эт жүрөктү чочутсаң,
Ишибиз кетер артына,
Жолуктук жоонун дартына,
Качпай жетип алалык,
Байыштын баатыр баркына.
Кылычташар майданда
Тик качырып киргиле,
Бала жолборс Байыштын
Баатырлыгын көргүлө,
Өлүүчү болсок кытайдан
Ажыратып көмгүлө.
Тирүү түшсөк душманга
Алың келсе кырк жигит,
Ажыратып алгыла,
Жолборс сүрдүү Байышты
Жоо бетине салгыла,
Кырып-жоюп кытайдын
Аскерин кыра чалгыла».

Байыш баатыр Жаныштын сөзүнө ыраазы болбой, көөнү толбой күлүмсүрөп, күчүн үрөп кылмыйып: «Копол кишинин коркконунун одоносун. Күнчүлүк жерден душманды көрүп алып, колуна түшүп калган сыяктуу болуп коркуп алыптыр» – деп Жаныштын карай Байыш баатырдын айткан сөзү:

«Эр Жаныш сага не болгон,
Эсиң кайда жоголгон?
Алсырайсың саргайып,
Асылым сага не болгон,
Акылың кайда жоголгон?
Кырк жигитке жалынба,
Кырааның аман чагында,
Кырылышка келгенде
Бирөө да калбайт жаныңда,
Кырааным менин сөзүмө,
Кыйыктанып таарынба.
Кырк жигитиң курусун,

Кылабы бектин жумушун.
Кырылышка жабыла
Киришет деп турусуң,
Кырааным Жаныш билбейсиң,
Кыялынын буруусун.
Кыркы кырк жерден келген арамы,
Кыргынга чыдап барабы?
Кырылышкан жан көрсө,
Кызарып аккан кан көрсө,
Кыркынын тиет залалы,
Көрүнөт менин көзүмө
Кырк коктуда калары,
Кылкылдаган кол көрсө,
Кылчаңдап качып тараары.
Кылчаңдабай жөнөргө,
Кыямат кетсең көмөргө,
Өзүбүз жалгыз баралы.
Андай аламанга жалынба,
Арстаным аман чагында,
Атышаар жоону көргөндө
Арамдар калбайт жанында.
Агакем Жаныш сөзүмө
Ар убакта таарынба.
Ошол арамдарың курусун,
Аткарбайт бектин жумушун,
Атышууга жабыла,
Аттанат деп турушун,
Агакем Жаныш билбейсиң,
Акылынын буруусун.
Ар кимиси ар жерден келген арамы,
Алдына түшүп барабы?
Аянышпас жан көрсө,
Атышып аккан кан көрсө,
Алардын тиет залалы.
Аныктап көзгө көрүнөт,
Ар коктуда карааны.
Алты миң колду көргөндө

Айла таап жолдо тарары,
Айбыкпай тике бараргa,
Атышпай найза саларга,
Тик качырып көрөргө,
Өлүп кетсек көмөргө,
Өзүбүз жалгыз баралы.
Кызыганда көрөрсүң,
Кыраанындын басыгын,
Кырдырып мен тартпаймын,
Кырк арамдын жазыгын,
Амандыгын тилеймин,
Агакем сенин башыңдын.
Кырк арамга ишенип,
Кытайга уруш салганча,
Менин талаада калсын жашыгым,
Аралашса көрөсүң,
Арстанындын басыгын,
Аттырып мен тартпаймын,
Арамдардын жазыгын,
Амандыгын тилеймин,
Сенин узун өмүр жашындын,
Арамдарга ишенип,
Айласыз уруш салганча,
Менин адырда калсын жашыгым.
Кырк жигитке ишенип,
Кайсы жоону аламын,
Кылкылдаган кытайга
Көрсөтпө мунун караанын.
Мындай кандуу майданда
Кимдер менен ким жүрөт,
Керектүү киши болбосо,
Кимдер өлсө ким күйөт,
Кылчаңдаган жигиттер
Барбаганын бек сүйөт.
Ошондуктан кылчаңдап,
Ээрчитпеймин буларды,
Кырк жигит билбейт эмеспи,

Кытайга катуу турарды,
Кылчаңдабай салышып,
Биз жазабыз кумарды.
Андан көрө жүргүнүң,
Аттаналык биз бүгүн,
Калдайып жаткан кол менен
Кармашалы күнү-түн.
Жер жүзүндө угулсун,
Жетигим сенин дүбүртүң».

Жаныш Баатыр Байыштын сөзүн байкап, бармагын тиштеп, башын чайкап, көңүлү калбасын – деп жигиттерин жайкап жана коштошуп, Жаныштын айткан сөзү:

«Айланайын кырк жигит,
Аман болгун көргөнчө,
Көзүңдүн кырын үзбөгүн,
Ажал жетип өлгөнчө.
Тапшырамын ушуну
Кырк жигитим силерге.
Таарынбагын жигиттер,
Байыштын айткан сөзүнө.
Жаалы чындап кармаса,
Жалтанбайт менин өзүмөн,
Дүрбүнү үзбөй карап жат,
Кырк жигит эки көзүңдөн,
Ажал жетип өлбөсөм,
Он эки күндө кезигем.
Ушул айткан акылды
Чыгарба жигит эсиңден.
Ар кыялы бар болчу,
Ачуусуна чыдабай,
Атасын көзгө илбеген,
Агасы менен тартынбай,
Алганындай тилдеген,
Баатырлыкка жеңдирип,
Барган сайын жинденген,

Бала да болсо жалтанып,
Балбандар коркчу миңдеген,
Байыштын ушул мүнөзү.
Балалыгы, жаштыгы,
Баатырлыкка жеңдирип,
Барк билбеген мастыгы,
Баарың тегиз билесиң,
Башынан жок кастыгы.
Таарынбагын жигиттер,
Баатыр Байыш беренге,
Жарданып турган душманга
Алып барбайм дегенге,
Кадыр көөнүн калтырып,
Жаш балага теңелбе.
Айдың-Көлдүн белинен,
Кабар алып жигиттер
Жаныш, Байыш бегиңен,
Таарынышпай талаада,
Аккүргүндүн жээгинен,
Көрүнөөр бекен бегим – деп,
Дүрбү менен карап жат,
Дүркүрөбөй, чогулбай,
Ар кайсы жерге тарап жат.
Жаракту болсок душмандан
Жан аябай кирербиз,
Жалтанбайбыз жаалынан,
Жалынбайбыз жүрөбүз,
Каза жетип өлбөсөк,
Кайта качпай бирөөбүз,
Ажал жетсе өлөрбүз,
Алланын жазуун көрөрбүз.
Ажалдан кудай сактаса,
Алты күндө келербиз,
Айланайын кырк жигит,
Алдыңа салам берербиз,
Алты күндө келбесек,
Жети күндө жетербиз,

Каптаган селдей кытайга
Кайратыбыз тең дешсе,
Сегиз күнгө кетербиз.
Тогуз күнгө токтолуп,
Он күнгө чейин жок болуп,
Он эки күнгө биз өтсөк,
Оюңда болсун кырк жигит,
Ушул айтылган күндү түгөтсөк,
Дүрбү салып көрүп жат,
Дүңгүрөтүп кытайды
Ак мунар тоодон кууп өтсөк,
Жазыларсың, күлөрсүң,
Жалтанбай кирип баруучу
Жан кайратым силерсиң.
Күрүлдөп силер барганда,
Күчүбүз көккө тирелсин,
Өлүп кетсек кепиндеп,
Көмөрүңдү билерсиң.
Оомийин десе бериште,
Тирүү кайта келишке,
Жан аябай урушка,
Баш тосуп найза, кылычка,
Камап алган душмандан
Болбоду качып турушка.
Өлгөнүңдөн калганың
Эне-атама баргыла,
Эки бек колго түштү – деп,
Элиме кабар салгыла.
Коломолуу кол менен
Көпүрө жолун чалгыла,
Өлтүрүп койсо дайынсыз,
Кунумду кууп алгыла» –

деп Жаныш сөзүн бүтүрдү. Кырк жигит менен коштошуп, Жаныш, Байыш калың колду карай жөнөп бара жатып, Байыш баатырдын көңүлү ачылып, Жанышка кайрат берип, жүрөгүн бүлөп айткан сөзү:

«Ажал жетип күн бүтсө,
Ак болоттон үй салып,
Арасынан жай таап,
Акыл менен тынч алып,
Айлакер болсок мынчалык,
Анда да бир күн өлөбүз,
Ажалдын күчүн көрөбүз.
Каза жетсе токтоосуз,
Кара болот үй салып,
Кабатына корголоп,
Качсак да бир күн өлөбүз.
Кагылайын агакем,
Каламдан* жазуу көрөбүз.
Адам ата, Обо эне,
Адам болуп жаралган,
Өлбөй тирүү ким калды,
Ошондон берки адамдан,
Дүйнө чиркин ушундай,
Түңүлөмүн замандан.
Адам ата ал өттү,
Нечен падыша хан өттү,
Бүткүл дүйнө балбаны
Азирет Аалы дагы өттү,
Нечен кылым эл өттү.
Үрүстөм баатыр шер өттү.
Ыйса, Муса, Мукамбет
Пайгамбарлар дагы өттү,
Үч миң жыл жашап Улукман,
Аким табып кары өттү.
Жезиттен башы кесилип,
Шейит болуп эзилип,
Кербаланын чөлүндө,
Асан, Үсөн бала өттү.
Ажалы жетпей күн бүтпөй,
Кимдин өмүрү күнү өттү.
Өлүм күчү ошондой,
Мурункуну түгөттү.

Бекемдеп байла деминди,
Береним Жаныш бек ага,
Медер кыл Байыш бегинди,
Ментим тайып өлбөсөм,
Мен алармын кегинди,
Кур бекитет белинди,
Көңүлгө сакта деминди,
Көкжалым Жаныш, көйкашка,
Кубат кыл Байыш бегинди,
Курган жаным өлбөсө,
Кууп алам кегинди.
Колго түшсөм кокустан,
Кополдугуң бар эле,
Таппассың менин эбимди.
Арбактар ачсын жолунду,
Омурооңдон ок тийсе,
Тартып алба колунду,
Тартып алсаң колунду,
Дагы кайта чырматып,
Жаптырасың торумду,
Табытка салган өлүктөй,
Тарттырасың шорумду.
Баатыр Жаныш байкап ук,
Керээзим менин сөзүмдү,
Маңдайың жарып ок тийсе,
Жалтантпагын көзүндү,
Таштап кетпе талаага,
Жарадар болгон өзүмдү,
Капилет көргөн түшүмдө,
Кара каным кечилди,
Кабырган жарып ок тийсе,
Ичиркентпе этинди,
Кытайлар канга батырат,
Нур жайнаган бетинди.
Душманга жакын барганда,
Жекеге мени чыгаргын,
Желин басып кытайды

Жектешүүгө кумармын,
Жекеге чыккан баатырга
Беттешүүгө кумармын,
Чалгынга мени чыгаргын,
Чабышууга кумармын,
Чачыратып душманды
Салышууга кумармын.
Чаап алсам жекесин
Чатырап Жаныш кубангын,
Каскак алган жоо келсин,
Камчы менен бүлдүрөм,
Кылычынан жалтанып,
Кылчаңдабай мен кирем.
Мына бу турган душманга
Өлбөсөм кантип жеңдирем».

Ошондо агасы Жаныш болбоду, камчы менен барса жарактуу жоо жаш баланы майып кылып коёр жана бул майып болуп калса, мен эч нерсенин эбин таба албаймын. Жоо бетине, өлүм четине мен барайын – деп ойлонуп, Жаныш баатыр Байышка жол бербеди да, жекеге өзү чыкты.

Камчысына ак жоолук байлап алып кытайларга ат ойнотуп, туу ордуна жоолугун булактатып, Жаныштын айтып турган сөзү:

«Жолумду тосуп алгандар,
Жоолашып киши өткөрбөй,
Бек бекитип алгандар,
Жолоочу болсоң качырып,
Чыкпайсыңбы балбандар,
Катарың менен кыйырдап,
Каныңды төгүп кетүүчү,
Канчалык тосуп алсаң да,
Жолун таап кетүүчү,
Жаныш, Байыш балдар бар.
Күрөөкө зоот кийгендер,
Күлүктү тандап мингендер,

Күнү-түнү жол тосуп,
Күчөп жаткан миң-сан эр,
Көгүчкөндөй балдарга
Күрөшөөр болсоң бирден кел!
Ак болот зоот кийгендер,
Аргымак тандап мингендер,
Ат куйругун түйгөндөр,
Айдың-Көл жолун бекиткен,
Алп катары миң-сан эр,
Алмадай болгон биз менен
Алышар болсоң бирден кел!
Кылыч чабар кыйындар,
Кыйкырыгы таш жарган,
Кыргыз элин башкарган,
Кыргынга кирчү балдар бар,
Кыйыгына жолуксаң,
Кырк миң да болсоң таркатар.
Мылтыкка адис мергендер,
Бизди камап келгендер,
Кара союл чабууга
Камбыл болгон ыктуулар,
Канаттуу жаа атууга,
Даңгыл болгон мыктылар,
Минген аттан айрылса,
Күрөшкө мыкты балбандар,
Томук эттен оролтуп,
Алдыртан торгой чалгандар,
Мылтык, найза, кылыччан,
Камчыдан башка жарак жок,
Биз менен чындап урушсаң,
Суу ордуна көлкүлдөп,
Майданда аксын кызыл кан.
Туман сындуу түрүлсүн,
Жер, асманга кара чаң!»

Жаныш жекеге кол чакырып басылды. Байыш, Жанышка көрүнүп, кытайга көрүнбөй чабыттап өңүп

кирди. Жаныштын сөзү кытайдын ханы Сыядаттын сөөгүнө батып, ачуусу келип акыранда аскерине чакыранда, өзү кирип барышка намыс кылып калың колуна карай айтып турган сөзү:

«Калың кытай көп элим,
Каргадай болгон баладан
Чочудубу жүрөгүң,
Бир кишини көргөндө
Мынча неге жүдөдүң?
Сан колдон кайра тартпайт – деп,
Салышса жоодон кайтпайт – деп,
Колго түшсө душманга
Сыр-сыпатым айтпайт – деп,
Мен силерди аскерим,
Өмүрүмчө сүрөдүм.
Алсырап артык коркуучу,
Азирет хандын өзү эмес,
Бир кишиден чочуган,
Мунуңар жакшы сөз эмес,
Нуркандын эки баласы,
Эпсиз болот – деди эле,
Эрезеге жетишип,
Келе коёр кези эмес.
Алсыраган аскерим
Силердин кылган ишиң кур,
Же жалгыз-жарым куш салган,
Жандама бектин уулудур,
Жалган айтып койбосом,
Жашынып келип мал алып,
Жансактап жүргөн уурудур.
Ким да болсо эр экен,
Жалгыз келип көрүнгөн,
Жалын жүрөк эр окшойт,
Жалтанбады көбүндөн.
Ошондой эр кул коркобу,
Ок жаадырса өлүмдөн,

Ошонун түрдүү сөздөрү
Кеткис болду сөөгүмдөн.
Бир кишиге бир киши
Аздык кылбайт алдырбайт,
Такшалган эрлер кагышып,
Таасындап найза салдырбайт.
Ким да болсо ошону
Жетер замат алып кайт,
Жетилген баатыр эр болсо,
Жеңдирбейт да, талыкпайт,
Сайышчу баатыр чыккыла,
Тургузбай туусун жыккыла!
Жооп бердим ошону
Байлап келчү мыктыга,
Ыраактатпай ылдамдап,
Бир баатырды ыктуула.
Кароолчунун сөзүндө
Каруу-жарак мол бекен,
Же Айдың-Көлдүн бетинде
Камынып жаткан кол бекен,
Койкоюп жалгыз келиптир,
Кошуну кайда болду экен?
Аскери болсо ошону
Алып учкан дем бекен?
Бар таянган кайраты,
Айдың-Көл ашуу бел бекен,
Же аңчылап келген мергенчи,
Өзүбүздүн эл бекен,
Же катуу багыт бел ашып,
Кайсы жактан келди экен?
Кароолчу көрүп калп айтса,
Калың кол деген ушубу,
Камчыдан башка көрүнбөйт,
Камы жок келген кишиби?
Жабылып өттү дегени
Жанагы жалгыз аттын изиби,
Жан калбай турган дегени,

Жалаң камчысынын мизиби?
Бириң ыкчам барып кел,
Ким экенин таанып кел,
Түрү бузук көрүнөт,
Түбү эмес го биздин эл.
Камбылыңар камынтпай,
Тирүү кармап алып кел.
Өлтүрбөй алып келсеңер,
Өзүм сырын сурайын,
Курушумду чыгарып,
Кулагым менен угайын.
Өзүмө каршы жоо болсо,
Өлүмгө жаза кылайын».
Аяз деген бир балбан
Айбаты башка адамдан,
Атка минип бастырса,
Алгыр кушча шаңданган.
«Асыл пашаа сиз үчүн,
Курмандыгың биздин жан» –
Деп айтууга ал балбан,
Эчак эле камданган,
Тура калып, жооп сурап,
Кылыч, найза колунда
Эки көзүн имербей,
Эки колу боорунда.
Адеп менен суранды,
Атарга мылтык жонунда.
«Мен даярмын барышка
Уруксат кылсаң, таксыр хан,
Урбай кармап келейин,
Ушуну мага тапшырсаң,
Бул жерге келип куласын,
Ханым сизге кас кылган,
Кастык кылган неменин
Төгүлсүн каны астыңдан».
Баргын – деди Сыядат,
Байыш менен Жанышка,

Ойлогону кыянат.
Үзөңгүгө бут салды,
Баатыр Аяз аттанды.
Барып кармап келет – деп,
Баланы колго берет – деп,
Хан Сыядат шаттанды.
Жээрде чаар ат минген,
Жалаң темир зоот кийген,
Эки көздүн кайраты,
Жалындаган от күйгөн,
Чарчабаган чаар аттын
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Арыштатып арбытып,
Аяз барат закымдап,
Ачуусу келип кажанып,
Эр Жанышка жакындап.
Аңдып турат эр Байыш
Алдырбаска өзү сак.
Кылычтын мизин жалмантып,
Найзасын көккө шандантып,
Калың кытай көп колду
Карап тур – деп жардантып,
Жакындады Жанышка
Жан койбогон балбансып.
Жакын кирип бararда,
Жарагы жок Жанышты
Жазбай кармап аларда,
Өңүтүнө жетсин – деп,
Өңүп турган эр Байыш,
Өнөр кылар мезгилин
Көрүп турган эр Байыш,
Сур жоргону такымга
Басып-басып алган кез,
Атырылып жүгүрсө,
Тоодон-зоодон ийменбес,
Мине түштү Аязга
Учуп конгон куштан тез.

Саярында найзасын,
Сууруп алды колунан,
Атарында мылтыгын,
Жулуп алды колунан,
Мактанып келген душмандын,
Балбансынып тобунан,
Сууруп алып кабынан,
Кабаттап кармап сабынан,
Чабарында кылычын
Кармады Байыш мизинен,
Баатырсып келген эр эле,
Калың колдун ичинен,
Аяз баатыр айрылды,
Бардык жарак күчүнөн.
Байыштын түрүн көргөн соң,
Качып берди түсүнөн.
Баатыр Байыш ойлонду,
Тирүү койсом бекер – деп,
Алымды айта кетер – деп,
Кошундарын жабылтып,
Кутулуп калсам багынтып,
Түбүмө кайта жетер – деп,
Акылында эр Байыш,
Аман койсом бекер – деп,
Амалымды айта кетер – деп,
Колдорун бүтүн жабылтып,
Айлам жоктон багынтып,
Айлантып түпкө жетер – деп,
Сур жоргого камчы уруп,
Аязды сайып алсам – деп,
Аркасынан качырып,
Аман-эсен кетет – деп,
Айбат менен шашылып,
Айдалынын кечирин
Айра салды эр Байыш,
Тартып алып таамайлап,
Кайра сайды эр Байыш,

Алдынан чыгып жүрөккө
Даана сайды эр Байыш,
Жаштык кылып эки кур,
Жаза сайды эр Байыш,
Жана айланып жүрөккө,
Таза сайды эр Байыш,
Жүрөк менен жүлүндү
Каза сайды эр Байыш.
Ажал айдап булкунуп,
Ашыгат келген жулкунуп,
Аяз баатыр өлгөн соң,
Душмандар калды кый туруп.
Эр Жаныштын кашына
Иниси келди кулпунуп,
«Айланайын агаке,
Кылычым жок деп кысылдың,
Кыялыңдан бузулдуң,
Кызып кетип кытайдын,
Кыраанын мурда түшүрдүм.
Кырыма кирип келди эле,
Кызыл канын ичирдим.
Жарагым жок деп жалтандың,
Касташкан жоонун түрүнөн,
Каскагым жок деп калтаардың,
Каруу-жарак камдалды,
Бир жайылса кулачым».

Сыядат кытайларга мындай деди: «Бул окумал дубакөйлөр экен. Мурда бирөө эле, дуба менен экөө боло калды да, Аязды өлтүрдү. Эми экөөнө экини жиберсек, дубанын күчү менен төртөө болуп кетет, тирүү койбой түпкө жетет, андан көрө жалпы кууп атып, сайып же тирүүлөй кармап алыш керек» – деп жалпы аламан ат коюп Жаныш, Байышты кууп келе жатканы:

«Атырылтып балдарга
Ат койду колдун баарысы,

Кара туман чаң болду,
Көпүрөнүн далысы.
Жаныш, Байыш баатырга
Кытайдын келди намысы.
Кызышып барып башталды,
Кыргыз, кытай чабышы.
Алтын ооз жез сурнай,
Тартып кетип баратат.
Алты миң кытай кубалап,
Атып кетип баратат.
Айласы жок эки бек,
Качып кетип баратат,
Күмүш ооз жез сурнай,
Тартып кетип баратат,
Көңтөрүлгөн калың кол,
Атып кетип баратат,
Күчү келбей эки бек,
Шашып кетип баратат.
Калың колдун огунан
Качып кетип баратат.
Күч-кубаттын жогунан,
Күүсү тайып баратат,
Караңгыда атышса,
Айдың жүзү көрүнбөйт.
Жоонун аткан огунан,
Качып барат эки бек,
Кайрылар кези жогунан.
Аткан октор жамгырдай,
Айдалыга бир тийип,
Ак олпокко жабышып,
Ак коргошун былчыйып,
Көк олпокко бир тийип,
Көк коргошун былчыйып,
Жаңылыштан ок тийип,
Көп кошундун ичинен,
Өлгөнү көп шылкыйып.
«Арстаным Жаныш тура тур,

Атыңдын башын бура тур,
Азыраак айтар сөзүм бар,
Анығын байкап уга тур.
Азамат болсоң бир сөзгө,
Абыдан бекип тура тур.
Жоодон качпай анчалык,
Жоргоңдун башын бура тур.
Жоо келатат жер жайнап,
Жоготолук бел байлап,
Жолдоштукка туура тур.
Хан баласы качабы,
Касына колтук ачабы?
Кайра тартып сайышып,
Бир кумарды жазалы,
Өтүп кетти сөөгүмө
Кытайдын ушул азабы,
Бек баласы качабы,
Беттешпей коркуп шашабы?
Бир беттешип сайышып,
Биз кумарды жазалы,
Өктөмсүгөн жүрөгүн
Өрт өчкөндөй басалы.
Кыргынды жалгыз салам – деп,
Кылычсыз башын алам – деп,
Кырк жигитке мактансам
Кылчайып жоодон качпаска,
Кыраансынып мактансам,
Өлгөнүм жакшы эмеспи,
Качып барып кайтара,
Ошо кырк арамга капталсам.
Алдырбаймын жоого – деп,
Арамдарга мактансам,
Алдырып жоодон качпаска,
Баатырсынып мактансам,
Баарысын тилдеп ээрчитпей,
Балбансынып аттансам,
Бастырып тирүү жүргөнчө,

Өлгөнүм жакшы эмеспи,
Арамдарга капталсам,
Белиңди байла бек Жаныш,
Береги жоого тик барыш,
Беш-алты миң душманга
Берендин иши кол салыш,
Ойрон кылып душманды
Оңунан келсе олжо алыш».

Жаныш баатыр: «Көпкө топурак чачабызбы, тобу бузулуп бизге кызыгып, чогуусу жазылып, демдери басылып биринде сын, оңуна келет» – деди. Байыш баатыр Жанышка таарынып жалгыз качырмакчы болуп, ошондо айтып турган сөзү:

«Жатындашым бар десем,
Жалгыздын бири экемин,
Жан күйөрүм жогунан,
Алсыздын бири экемин,
Кош аман бол барбасаң,
Жаркыным Жаныш аман бол,
Жатындашка жан боору
Карашпаган заман бол,
Өлүм жакын келгенде,
Бөлүндү сизден биздин жол,
Тирүү калып өлүмдөн
Бул дүйнөгө устун бол».
Агасына таарынып,
Баатыр Байыш камынып,
Жөнөрүнө жакындап,
Шашып жатат чамынып.
Күчүм болсо сеңирдей,
Кол, бутумдун булчуңу,
Чыңап койгон темирдей,
Салышып жүрүп өлөйүн,
Нуркандын эки баласы,
Чыдабай качты дедирбей.
Сур жоргонун эр Байыш,

Төш олоңун бек тартыл,
Чап олоңун бош тартып,
Куюшканды кыскартып,
Көмөлдүрүктү узартып,
Жер жайнаган көп колго
Шашып жатат көз артып.
Сур жоргосу жыбылжып,
Сурданып атка минди эми,
Сундуруп найза, кылычын
Сумсайып жалгыз кирди эми.
Ачууланып бакырып,
Аянбады эр неме,
Көлөкөлүү майданда,
Көп качырды шылкылдап,
Көмөлөнүп жыгылып,
Эрлер өлдү кырчылдап.
Көбүктөнүп кызыл кан,
Агып жатат чылпылдап.
Түндөгү менин түшүм – деп,
Түшүмдө кырган кишим – деп,
Күлө багып эр Байыш
Мурутунда былкылдап.
Саябан салкын майданда,
Салышып жүрөт шылкылдап.
Сап-сабы менен кытайлар
Өлүп жатат кырчылдап,
Сайлуу суудай кызыл кан,
Агып жатат чылпылдап.
Капилет көргөн түшүм – деп,
Катарлап кырган кишим – деп,
Күлүп барат эр Байыш
Мурутунда былкылдап,
Өзү балбан карылуу,
Алп мүчөлүү далылуу,
Көкүрөктө чарайна*,
Жаш болсо да эр Байыш
Жан багышка камынуу.

Айбат менен алышып,
Аралап сайып баратат.
Ат үстүндө бир тынбай,
Кеч кирет да, таң атат.
Кезиккен миңден кол болсо,
Кекилик, чилдей таратат.
Ооздугун тиштеп чакчаңдап,
Ойноктой түшүп асмандап,
Сур жоргосу ойдолоп,
Суу ичпейт да, жем жебейт.
Суубайт дагы, тердебейт.
Көз чаптырып караса,
Тунарган мейкин талаада
Кагыраган корум таш,
Бастырып барса эр Байыш,
Баарысы саптуу чоюн баш.
Найза кылып коптошкон,
Кагыраган куу жыгач,
Алты миң келген аскердин
Алгылы Аяз эр экен,
Хан Сыядат пашага,
Каргылуу кайрат бел экен,
Калган колу каруусуз,
Карга таандай эл экен.
Бир убакта эр Байыш,
Кайрылып артын караса,
Калган жоону кыйратып,
Сайып келет агасы.
Кызыл туман чаң болгон,
Чылпылдап саздай кан болгон,
Ак мунар тоонун талаасы.
Көпүрөнүн башында
Кара дарды куруптур,
Бир аркандын үстүндө
Дарчысы ойноп туруптур,
Карарып турган көп колго
Качырып найза сунуптур,

Карышкыр тийген койго окшош,
Ылаачын тепкен таанга окшош,
Алды качты дыркырап,
Алды-алдынан чуркурап,
Катарынан канчасы
Өлүп жатат тырпырап.
Кылыч алып бир колун,
Чолок болгон мындан көп,
Буту сынып басалбай,
Сороктогон мындан көп,
Жанбашына ок тийип,
Жаталбаган мындан көп,
Жаза-буза жыгылып,
Качалбаган мындан көп,
Дар арканын кыя чаап,
Атынын оозун жыя чаап,
Дарчы түштү шалк этип,
Жыгылды туусу жалт этип.
Душманы чыдап туралбай,
Качып берди жалп этип,
Качып барат калың кол,
Акмунар тоону аралап.
Баатырга чыдап туралбай,
Бардыгы качып талаалап.
Аркасында эр Байыш
Ар өзөнгө камалап,
Ушу келген душманды
Бир сапар сайып алсам – деп,
Сыядат хандын жүрөгүн,
Жүлүнү менен жарсам – деп,
Калың кыргыз элине,
Даңктуу болуп барсам – деп.
Туусун жыгып баарынын,
Туш-тушунан кулатып,
Душманымдын баарысын,
Катар-катар сулатып,
Душманымдан тынсам – деп,

Тукум курут кылсам» – деп,
Агасы Жаныш чакырды:
«Айланайын тура тур,
Атыңдын башын бура тур,
Акылдашып алалык,
Айтканымды уга тур», –
Деп чакырды эр Жаныш:
«Айланайын жалгызым,
Өзүбүз бир аз эс алып,
Оттосун аттар чөп чалып.
Эс алдырып камданып,
Азыраак калган душманга,
Анан кийин баралык.
Жараткан кудай колдосо,
Саат каргаша болбосо,
Пайгамбарлар бак берсе,
Олуя ишти оңдосо,
Бериштелер жол ачса,
Бетиңден дүрбөп жоо качса
Калдайган жоону кулатып,
Кайрат, күчүң жарашса,
Эс алып анан кирелик,
Экөөбүз тең жарышып,
Эмки калган кытайды
Чаалыкканча кыралык.
Ушу келген душманды,
Уу ичкендей кылалык».

Байыш агасынын сөзүн угуп капаланып, кайрат менен Жанышты жаман көрүп, кайта айткан сөзү:

«Жалынасың кудайга,
Жашыктык кылып мындайда.
Ат откоруп, тынч алып,
Аярданып турбайлы,
Качмак болду булар – деп,
Атынын башын бурбайбы.

Пайгамбар менен бериште,
Бастырып келбейт жалынба,
Балаадан сени куткарып,
Качан келет жаныңа,
Алардан айла болобу,
Ал көрө сыйын багыңа.
Кубанамын мингенде,
Куштай сызган жоргону,
Кууганга кайра тартчу эмес,
Качкан жоонун болжолу,
Кубалашып жүрөбүз,
Кана кудай жолдош болгону.
Кырыла качкан душмандан,
Кырааның Байыш коркобу.
Арып, ноюп чарчабас,
Айтпасам черим таркабас,
Алдырган жоонун болжолу,
Атышабыз жүрөбүз,
Кана алландын жолдош болгону?
Алдырып качкан душмандан
Айбатың Байыш коркобу».
Агасына тил албай,
Колго кирди эр Байыш,
Атырылтып жоону кууп,
Жолго кирди эр Байыш,
Арып-ачып чарчабас,
Жорго минди эр Байыш.
Азап-мээнет арылгыс
Шорго кирди эр Байыш,
Кой десе да тил албай,
Колго кирди эр Байыш,
Корголоп душман чубаган,
Жолго кирди эр Байыш,
Куштай сызып чаалыкпас,
Жорго минди эр Байыш,
Кордук менен арылгыс
Шорго кирди эр Байыш.

Учкан куштай сыздырып,
Сур жоргону салдырып,
Түрө качты четинен,
Душмандарын маң кылып,
Кыра чыкты эр Байыш,
Душмандын башын маң кылып,
Жүрөгү калган баарынын
Байышка нечен алдырып.
Качырып барат эр Байыш
Качкан жоону аралап,
Туш-тушунан душман да,
Кетип барат сагалап,
Туюктантып акырын
Кармайбыз деп чамалап,
Эр көкүрөк неме эле,
Эч жамандык көрбөгөн,
Эркин өскөн бек эле.
Эки жагын карабай,
Имерилип аркасын,
Качырышка жарабай.
Түрө саям деп барды,
Түздөн чыгып кысыкка,
Салышып барды эр Байыш,
Салкындан чыгып ысыкка.
Алты миң аскер башында
Эки миңин түгөткөн,
Калганынын баарысын
Кууп жүрүп жүдөткөн.
Аралашып урушуп,
Арадан нечен күн өткөн.
Бир убакта эр Байыш,
Эки жагын караса,
Элдин баары дуулдап,
Эпсиз оюн-тамаша,
Кармалар кези келиптир,
Ойлонуп Байыш санаса.
Кытайдын ханы Сыядат,

Кылкылдаган кол турса,
Өзү кирип барууга
Намыс кылып уялат.
Бу дагы балбан алп эле,
Байыштай баатыр азамат.
Өз турагын караса,
Айланпа мунар зоо болду,
Алды жагын караса,
Атырылып шар аккан,
Аккүргүн дарыя суу болду.
Туш-тушунун баарынан,
Карма деген чуу болду.
Эки миңден курчаган,
Эки жагы жоо болду.
Бузуп чыга качууга,
Качырды кайта көп колду.
Келди деп мунун кезеги,
Табылсын деп эсеби
Кайрат кылып Сыядат,
Карала тулпар мингени,
Качырып тике кирди эми,
Калың колдон эр Байыш
Кутулар кези болгондо,
Кууп жетип кармады,
Нечен күнү жоо сайып,
Кеткен экен дарманы.
Ошондо да октолуп,
Сыядат менен кармашты,
Туш-тушунан душмандын
Кол жеткени жармашты.
Тегеректеп курчашып,
Эки колун бекитип,
Темир менен чырмашты,
Мойнуна зоолу салышып,
Ботодой көзүн таңдырып,
Бүткүл бойдун баарысын,
Кызыл боёк кан кылып.

Кылчайып карар алы жок,
Калган күнү каңгырап.
Камчы менен сабатып,
Тикенектеп канатып,
Чыгарбай кыйнап турушту,
Чымындай жанын жадатып.
Кызыгына батышты,
Кытайлар черин таратып.
Карыптыгын билдирип,
Кара сандын кара этин
Канжар менен тилдирип,
Тулку боюн кыйнашып,
Жарадар кылды эздирип.
Каршы-терши таманын,
Кыйма-чийме кестирип.
Мойнундагы зоолуга,
Аркандай чынжыр тактырып,
Тегеретме болсун – деп,
Темирден казык кактырып,
Алдына корум таш төшөп,
Байлап салды жаткырып,
Оюнда жок баатырга
Ошончо шорду тарттырып.
Темир торду аштатып,
Тегерете чаптырып,
Кайтарып тургун муну – деп,
Кырк сакчыга тапшырып.
Каарын катуу аштады,
Кармаган душман шашпады,
Тели болгон жылкыдай,
Тегеренген көк мээдей,
Темтеңдетип таштады.
Алтымыш жери жарадар,
Өлүмгө болду барабар,
Бүткөн бою былчылдап,
Жаратынан сызылып,
Кызыл кан агат чылпылдап,

Жан чиркин чыгып кеталбайт,
Көкүрөктөн кылтылдап,
Же ажалы жетип дым чыкпай,
Өлгөндөрдүн бири эмес.
Же колго түшпөй кармалбай,
Качып келер тирүү эмес,
Же агасы Жаныш бир жолу,
Түңүлүп кетер күн эмес.
Көрүп туруп эр Жаныш,
Сөөгүнөн бери зыркырап,
Койну кара суу болду,
Байышты кармап бек байлап,
Жабыла чаап жөнөдү.
Жанышты карай чуркурап,
Качпай турган кайраттуу,
Камбылынан кол курап».

Жаныш карап туруп: «Байыштын көргөн күнү, тарткан шору бул болгондон кийин менин алым кайсы болор эле, Байыштан ажырап тирүү качып барып сактаган жан курусун, алым жетсе ажыратып, алым келбесе мен дагы кошо өлөйүн» – деп Жаныш баатыр кайрат кылып айтканы:

«Сактай көргүн асырап,
Чын жараткан кудайым,
Кара таандай душманга
Туткун болду жубайым.
Тирүү да болсом бул жакта
Башыма түштү убайым.
Кытайдын кылган ишине
Кыйналдым кандай кылайын,
Түрүнөн качып душманга
Тирүүлөй кантип чыдайын,
Алдынан тосуп душманды,
Аралай салып чыгайын.
Кылчайбай кыргын салайын,
Кыраанымды душмандан

Ажыратып алайын,
Ажалым болсо колуна,
Мен дагы түшүп калайын,
Каралдымдан айрылып,
Кантип элге барайын.
Өмүрүмчө кор болуп,
Кимдин көзүн карайын,
Алым келсе армансыз,
Катуу түйшүк салайын.
Аман болсо азаптан,
Ажыратып алайын,
Кармалармын душманга
Качсаң бакты таалайым.
Кара жаның бар болсо,
Өлгөнүңчө багайын.
Өлүмгө сунуп колумду,
Душмандын канын төгөйүн.
Колума тийсең чабуулдап,
Ала качып жөнөйүн.
Ак кепиндеп аруу жууп,
Албооч менен белин буун,
Колум менен көмөйүн», –
Деп ошондо эр Жаныш,
Кайра тартпас жылоо ооздук,
Кайра тартып алды эми,
Камчы салбас кара сан,
Кайрылып камчы салды эми.
Жабылып келген көп колго
Жалтанбай кирип барды эми.
Кыргын салды качырып,
Кытайдын бир жак четинен,
Эч кабары билинбейт,
Кырааны Байыш бегинен.
Оюнда жок Жаныштын
Өлөмүн деп шекшиген.
«Мурункудан мунусу,
Кыйын эме көрүндү,

Кыйкырыгы чыкканда,
Кыйландын каны төгүлдү.
Кырып кетет шекилди,
Качпасаңар көбүңдү», –
Деп ошондо Сыядат
Качып берди бөлүнүп,
Качкан жоого карааны,
Кабыландай көрүнүп,
Каарданып алыптыр,
Кара тери төгүлүп,
Качты кытай талаалап,
Акмунар тоого каралап.
Кууп барат эр Жаныш,
Аркасынан сабалап.
Эсине түштү Жаныштын
Баатыр Байыш иниси,
Инилүүнүн тоодон чоң,
Тирүүсүндө ырысы.
Кайра тартып токтотту,
Кытайга салган урушту.
Кылчайып келди эр Жаныш
Инисинин кашына,
Көргөн жерде солкулдап,
Сөөгү аябай жашыды.
Каралдым деп муңайып,
Каны кайнап ташыды.
«Айланайын жалгызым,
Ай нурдуу чолпон жылдызым,
Тирүү болсоң дүйнөдө,
Түгөнбөс тоодой ырысым,
Ырысы жерге төгүлгөн,
Менин тирүүлүгүм курусун.
Көтөрчү өөдө башыңды,
Көрөр алың бар бекен,
Көзүмдөн аккан жашымды.
Ажалбы, же азаппы,
Мандайыңа жазылды,

Как өзүңдөй кылам өлбөсөм,
Хан Сыядат касынды.
Сүйөнөр алың бар болсо,
Сүйлөтчү кызыл тилиңди,
Чыдай албай баратам,
Чыгарчы күкүк үнүңдү.
Убайымдуу жалгызым,
Угайын сенин муңунду.
Сүйлөйүн десе тили жок,
Кыймылдайт чыккан үнү жок,
Тирүү эмес өлүм жагында
Тура калар күнү жок.
Аттын жалын кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Имерилип өкүрүп,
Ителгидей кылчактап,
«Айланайын жалгызым,
Алдымда жүрсөң айбатым,
Кас санаган душманга,
Кара тоодой кайратым.
Ар балаадан куткарып,
Алып учар канатым».
Алтымыш батман* темир тор,
Аңтара салып кулатып,
Жаткан экен эр Байыш
Көкүлүн канга булатып.
Көп кыйналтып душмандар,
Кара ташка сулатып,
Былчылдатып чыңжырды
Үзүп-үзүп таштады,
Өлөрчө болгон Байышты
Өңөргөнчө шашпады,
Өңөрүп алып баатырды
Кача турган баштанды.
Кер жоргонун ооздугун,
Кайра тартып алды эми,
Качарына көздөнүп,

Катуулап камчы салды эми.
Айдың-Көлдүн бели – деп,
Кырк жигиттин чени – деп,
Аман-эсен куткарып,
Алып кетсем эми – деп,
Атырылтып эр Жаныш
Ала качып жөнөдү.
«Айланайын агам – деп,
Жаранын баары жаман – деп.
Жанымды тирүү койбойт го,
Бүткөн бойдо жарам – деп.
Бир азыраак токтолуп,
Эс алдырып көрсөңчү,
Көп кыйнабай жанымды,
Тирүү да болсом көмсөңчү.
Тура калды эс алып,
Туш тарапка көз салып.
Башта калың кытай турганда,
Көпүрөнүн башына
Кара дарын курганда,
Жар бою аңдар казылып,
Жазайыл* койгон жашырып,
Жакындап келсе аткын – деп,
Жашынган бойдон жаткын – деп,
Жаныш көрбөй калыптыр,
Жазайыл атчу мергенге,
Жакындап кирип барыптыр.
Жабыттан түтүн булатып,
Жанышты карай бир атып,
Жаралуу кылды Жанышты,
Омуроосун сыя атып.
Ойрон болуп оң колу,
Сыртына чапты шалк этип.
Жарадар Байыш кайтара,
Түшүп кетти жарк этип.
Жазайыл үнү угулуп,
Жабылып кытай туш-туштан,

Жайнап чыкты чубуруп.
Жаныштy карай ат коюп,
Келатышат бурулуп.
Аткан окко жеткизбей,
Алып качты Кер жорго,
Айдың-Көлдүн жолуна,
Салып качты Кер жорго.
Куткарып кетсем экен – деп
Өлбөй турган болжолго.
Кайраты кетти Жаныштын
Омуроодо жарадан
Бүткөн бою саруулап,
Октун уусу тараган,
Куюлуп кетет шыркырап,
Омуроодон кара кан,
Алыс кетти эси ооп,
Кер жоргонун жалынан.

Жаныш эси ооп аттан түшүп калды. «Мунусу жаралуу болсо да тирүү экен, тигиниси аттан түшүп калды, өлгөн экен, ошонун өлүгүн дагы алып кетелик» дешип душмандар түрүлүп келе жатышат. Ошондо Кер жоргосу Жаныштy карап жалооруп, жаны күйүп чыдабай, чебеленип айткан сөзү:

«Баш көтөрүп кулак сал,
Баатыр Жаныш мен жакка,
Көз чаптырып карачы,
Кууп келаткан эл жакка,
Жарадар Жаныш кыйналып,
Жатканына мен капа.
Жолборсум Жаныш минсеңчи,
Жорголугум билсеңчи,
Жоготууга кубалап,
Жоо келатат жүрсөңчү!
Арстаным Жаныш минсеңчи,
Асылдыгым билсеңчи,
Күлүстөн ээм минсеңчи,

Күлүктүгүм билсеңчи,
Кытайдын баары кубалап,
Келе жатат жүрсөңчү!
Жолборсум Жаныш минип ал,
Жоргоң сүйлөйт тилин ал,
Күлүстөн Жаныш минип ал,
Күлүгүң сүйлөйт тилин ал,
Асылым Жаныш минип ал,
Айбаның сүйлөйт тилин ал.
Айбан да болсом жолдошуң,
Акыл айтам адамдай,
Айламды турам табалбай,
Айдың-Көлдү карата
Алып учсам шамалдай,
Кыйналып турам жан ээм,
Кырк жигиттин жанына
Сени таштап баралбай,
Айланайын эр Жаныш,
Төө чөккөндөй чөгөйүн,
Акырын жылып сен минсең,
Айдалыма чыккан соң,
Алмак-салмак теминсең,
Аман-эсен куткарып,
Кетчү жолго мен кирсем,
Кытайларды тамшантып,
Кыйын экен жоргосу
Куткарып кетти дедирсем.
Башыңды көтөр эр Жаныш,
Төөчө чөгүп жатайын,
Мине албасаң жонума,
Миңгизүүгө кийминден
Тиштеп алып тартайын.
Мине калсаң ошондо
Ордуман тура качайын,
Ойкуштанып жүгүрүп,
Тер көбүгүм чачайын».
Көзүң ачып толгонуп,

Уктагандай ойгонуп,
Оюна салды эр Жаныш
Укмуштун баарын ойлонуп,
Кылчайып артын карады,
Кысып кирип келиптир,
Кытайлардын карааны.
Жата калды жоргосу,
Жылып барды жолборсу,
Бут артты Жаныш кыйналып,
Жоргосунун белине,
Жакын калды душмандар,
Тосуп калар ченине.
Дүбүртүн угуп Кер жорго
Кайгырат Жаныш бегине.
Ала качып жөнөдү
Айдың-Көлдүн белине,
Камчыланар колу жок,
Каршы-терши темине.
Омуроодон ок бузган,
Оң колу барат шалкылдап,
Уюган кара кан ыргып,
Түшүп барат балтылдап.
Кетип барат Кер жорго
Кутулууга зыркырап,
Аркасында кытайлар,
Кууп келет чуркурап.
Үмүт кылды түңүлбөй,
Жаралуу Жаныш жанынан,
Бардык күч менен Кер жорго,
Кетип барат абыдан,
Таза кол менен тырмышып,
Кармаган ыйык жалынан,
Булуттуу көктүн астынан,
Муундуу чөптүн үстүнөн,
Узап алып жөнөдү,
Аккүргүндүн түзүнөн.
Жер көчүп башы айланып,

Кер жоргонун күүсүнөн.
Адыр-адыр боз кашат,
Аркар жайлоо кош кашат,
Алды жагы беш жолдун
Айрылышы бел башат.
Насили* айбан болгон соң,
Келе жатып Кер жорго
Бел башаттан адашат.
Айдың-Көлдүн бели – деп,
Кытайларга кор кылбай,
Куткардым го сени – деп,
Алтымыш өзөн ак мунар,
Салаа-салаа коо болгон,
Киши тургай ал жерден
Кийик чубап өтпөгөн,
Чалкак-чалкак зоо болгон,
Жаныш турду жалдырап,
Туюк зоого камалып,
Жол табылар бекен – деп,
Туш-туш жагын каранып,
Душмандар кууп келатат,
Аркасында жаланып».

Жаныш зоого камалып туруп, шайманы кетип, жаны жай табалбай туруп ойлонду: «Бул душмандарды карай барсам кутула албаймын. Жарым жан, жаралуу болсом кантип кутулууга болот. Андан көрө зоо арасынан жол табылар бекен» – деп жөнөдү. Душмандар туюктун оозунан тосуп алышып, кайда кетээр эле, өзү бастырып келет деп жатышат. Жаныш зоолордун бардыгын караса, эч жол жана ыктуу жер жок. Кытайларга көрүнө зоонун түбүндө оозунан атчан бата турган ар жагы короо ордунан чоң үңкүр табылды. Эми келген душмандарды баш бактырбай ташка ала берермин, эгер ажалым болсо ушу үңкүрдөн кармап атар деп, Жаныш үңкүргө аты менен кирип кетти. Душмандар көрүп туруп: «Муну

таш жутуп кетти, кудайына да иши жаккан жок, эми тигинисин алып жөнөө керек» дешип, Байышты жараты менен байлап алып, Сыядат хан баштап, жалпы өлгөндөн калган жоонун баарысы жөнөдү. Жаныш баатыр үңкүрдө жатып калды да, муңканып кайгылуу үн менен арман кылып, үңкүрдүн ичин жаңыртып, өзүнүн жаралуу калганын, Байыштын байланып кеткенин арман кылып айткан жери:

«Тагдырдын жазган каламы,
Талаада калдым жаралуу,
Каралашар адам жок,
Үңкүрдө жатам камалуу,
Бул жаранын үстүнө,
Бир боорум сенден саналуу,
Издеп келер кишим жок,
Сери болор үкүм жок.
Омуроомду ок бузуп,
Онтоп жатам кан кусуп,
Оңдоп коёр адам жок,
Олутумдан тургузуп.
Багары жок өлөм го,
Түн түлкүгө жем болуп,
Түгөйүм Байыш бар болсо,
Бакпайт беле дем болуп.
Өлөмүн го үңкүрдө,
Өз теңимден кем болуп.
Алым кетип алсырап,
Жаным кейип кансырап,
Жарадар бойдон жатамын,
Жашына жетпей жалп эткен,
Жалгызыма капамын.
Караңгы үңкүр ичинде,
Жеттиңби өлөр катарым,
Жүзүн көрсөм арман жок,
Энем менен атамдын.

Алып келген турбайбы,
Азап менен шор тартып,
Ажал үчүн келиппиз,
Алты ай сапар жол тартып.
Экөөбүздүн бирөөбүз,
Кетпес болдук тирүү кайтып.
Өлгөн болсоң жалгызым,
Бөрү, кузгун, куш талап,
Бар болсоң кеттиң түңүлбөй,
Кылчайып бери жол карап,
Отсуз жүрөк өрттөнөт,
Жалгызым ичти куйкалап.
Атасы башка кырк жигит,
Сурабады алымды,
Ажалым жетип өлгөнчө,
Бакпады асыл жанымды,
Өзүм өлсөм мейли эле,
Өзөгүмдү өрттөдү,
Жалгызымдын жалыны.
Кылчайып алым сурабай,
Кырк жигит кайда кетишкен,
Же Байыштын айткан бир сөзү,
Кыяматтык кек бекен.
Тузум урган арамдар,
Түңүлүп кайда кетти экен.
Онтоткон жара болбосо,
Качпайт элем бетинен,
Кырат элем четинен,
Аскалуу зоонун алдында
Кала бердим жалгыз мен.
Адам эмес экенмин,
Кырк жигитке ишенген.
Айбан да болсо Кер жорго
Жанымдан чыкпайт сагалап.
Оттоп келет суу ичип,
Таш арасын аралап,
Адам эмес багарга

Алдымда турат каралап,
Арбак урган кырк жигит,
Айбан атча болбодуң,
Аркасы тиет дечү элем,
Эч көңүлгө толбодуң,
Эстебей кеткен экенсиң,
Эгерде эки болбогун.
Сактай көргүн өлүмдөн,
Жараткан кудай чын болсоң,
Тартайын азап шоруңду,
Тагдырда жазып койгон соң.
Жан боорумду издесем,
Жаратым айыгып оңолсом.
Же өлүүсүн билбедим,
Же тирүүсүн билбедим,
Кагылайын жалгызым,
Кайгысын тартып издедим.
Как этип учкан карга жок,
Өзүм да өлүм күндөмүн».

Эмки сөз кырк жигиттен. Кырк жигит Жаныш-Байыштын урушун көрүп жаткан, бир далай кызыкка баткан, уруш суюлуп келгенден кийинкилерин билбей калган экен, Байыштын колго түшкөнүн, Жаныштын алып качканын бардыгын көрүп билип жатышкан. Бирок Жаныш туюк өзөнгө кирип кетип, душмандар кууп келип кайта кеткенден кийинкилерди биле албай калышкан. Кырк жигит душмандардан дайын жок болгон соң, издеп таап алалы деп аттанган жери.

Атка минди кырк жигит,
Айдың-Көлдүн белинен.
Амандашып бөлүнгөн,
Башында эки бегинен,
Кадыры калган баарынын
Байыштын айткан кебинен,
Өлүгүн таап көмсөк – деп,

Аккүргүндүн жээгинен.
Жаныш менен Байыштын,
Шумкарларын кондуруп,
Азык-түлүк мол алып,
Азык арткан кырк атты
Алдына салып айдады.
Кылыч, найза, айбалта
Толуп жатат шайманы.
Белден түштү кырк жигит,
Айдаган атын чубатып,
Сайган экен баатырлар,
Далай жоону сулатып.
Арман кылды жигиттер
Ат бастырып келатып,
Душманым качса токтоосуз
Качырып кирип кел деген
Жанышты сөзүн албаппыз,
Качкан жоонун тушунда
Катар кирип барбаппыз,
Болот элек ошондо
Биз деле кошо армансыз.
Байышты кайдан табабыз,
Жанышты кайдан табабыз.
Жете келди жигиттер
Уруш кылган жерине,
Көңүлү тойду кубанып,
Өлсө да эки бегине,
Жоо кеткен соң жулунуп,
Кырк жигит кирди демине.
Көз жиберип караса,
Көргөндө сонун тамаша.
Чөптүн баары чаңдаган,
Коктулуу жерлер аңдалган.
Тушардан турпак чачылып,
Жерде кыртыш калбаган,
Аркы-терки көп өлүк,
Кырылыптыр миң-сандан.

Жаныш менен Байыштын,
Издеп жүрөт өлүгүн.
Түшө калып оодарып,
Бетин ачты көбүнүн.
Бирөө дагы окшобойт,
Баатырларга өңүнүн.
Абал мурда Байышты,
Байлап салган дөбөнү,
Ошо жакта болбосун,
Сөөгүн издеп көмөлү, –
Деп сүйлөшүп кырк жигит,
Жабыла чаап жөнөдү.
Далай өлүк кырылган,
Каршы-терши жыгылган,
Жуушаган койдой өлүктө
Каргалар жүрөт какылдап,
Сагызган чокуп шакылдап,
Кузгундары куркулдап,
Жорулар талап жулкулдап.
Айры куйрук ак журтчу
Ада жүрөт салпылдап,
Жете барды жарышып,
Тизгиндер колдо карышып,
Ал жердеги өлүктү
Оодарды түшө калышып,
Эч дайынын таба албай,
Издеп жүрөт наалышып,
Дөбөнүн суу жак бетинде,
Жардын жакын четинде,
Аштама темир тор калган,
Аңтара салып оодарган.
Катарлап тизген таш калган,
Ошол баары жаткан кан.
Кыдырып жүрүп кырк жигит,
Андан да издеп таппады.
Суутуулары жетишип,
Сарысай болгон аттары,

Тирүүдүр деп түңүлбөйт,
Дайынын асти таппады
Тетиги туюк өзөндү,
Бир имерип чалалык,
Башка жерде дайынсыз,
Туура ошого баралык.
Жер арытып түңүлүп,
Таппасак кетип калалык.
Же аркасынан барууга,
Батынбады жоосуна,
Же барса да кытай жеткирбейт,
Жигиттер кылган доосуна,
Жете келди кырк жигит,
Туюк өзөн оозуна.

Кырк жигит тура калышып, эми ушул туюк өзөндүн ичин арыта карап, анан кайталы. Эч болбосо бирөөнүн өлүгүн таап алып барсак болот эле. Шумкарларын колго кондуруп, азык арткан аттарды аман-эсен коротпой, бир да бирин жоготпой айдап алып, өзүбүздүн бирөөбүз да өлбөй, же жаралуу болбой, аман-эсен жана жаратыбыз жок таптаза бойдон барсак, бизди кылычтын мизине алат. Тапсак табабыз, эгер табылбаса душмандын аркасынан жөнөө керек. Жарак болсо мол, азыкты мол камдап алып, акыры башта бир өлүм бар. Эч болбосо кытайдан бир миң жылкы тийип барбай, тим эле барбайлык дешип кеңешип, туюк өзөндү өрдөп бара жатышып, жаңы аттын изин көрүштү. Жабыла чаап баарысы издей баштады. Үн салып кыйкырышты. Кыйкырык чыкканында таштын арасынан бир жылкы кишенеди. Кайдан кишенегенин билбей калышып, кайта кыйкырышты. Баягы жылкы дагы кишенеди эле, кырк жигиттин аттарынын баары кишенешти. Бирге оттоп, бирге байланып жүргөн аттар аз күн бөлүнгөнгө сагынышып калган. Үнүнөн таанышып, үн алышып кишенешкен.

Таштын арасынан чыга калып бир зоонун түбүнө барып турушту.

Кырк жигит байкаса, Кер жорго экен, Кер жоргого салып чыгып барышты. Жанышка ок тийгенде кан чачылып, ар жерине катып калган, ошондуктан таанылбаган. Кырк жигит жоргонун жанына барышты, Кер жорго аттар менен жытташып туруп, үңкүргө кирип кетти. Кырк жигит ушул үңкүрдө бир кеп бар деп аттарынан түшүп, үңкүргө кирип барса, Жаныш баатыр жаны жай таба албай, онтоп жаткан экен. Кырк жигит кучактап алып, тегеректей калып, муңдуу обонго салып, ыйлашып турган жери:

«Айланайын бereним,
Алды жайык кененим,
Алты жаштан аттанган,
Акылга дыйкан тереңим.
Мээ кайнаткан ысыкта,
Көлөкөлөөр терегим,
Көзүн көрөр бекенсиң,
Атаң менен энеңдин.
Кызыганда качырып,
Кытайды кыран чалдыңбы?
Байыш баатыр экөөлөп,
Жалтанбай найза салдыңбы?
Шайың кетип душмандан,
Жаралуу болуп калдыңбы?
Ачка болсок нан берген,
Каалап алган ар жерден,
Жылаңач келсек, тон берген,
Ата болуп асырап,
Керектүүнү мол берген.
Жоо келгенде ат берген,
Кечиктирбей бат берген,
Пайдалуу элең баарыга
Баатыр пайдасы жок миң эрден.

Ата болуп асырап,
Эне болуп эмизген.
Жар чакыртып элине,
Кырк жолборсум дедирген.
Ажал жетип өлбөсөк,
Айрылбаспыз биз сизден.
Айдың-Көлдүн белинен,
Карап жаттык кызыкты,
Аккүргүндүн жээгинен,
Кадырыбыз калыптыр,
Байыштын айткан кебинен.
Өлүп бара жатсак да,
Үзүлбөйбүз из менен,
Издеп жүрүп таппадык,
Нечен жерди кыдырып,
Өлгөндөрдөн ат кечпейт,
Кошкуруп үркүп чыңырып,
Корогон экен душманың
Миңден сандан кырылып,
Кас душманың кыйраптыр,
Каршы-терши жыгылып,
Боз топурак калыптыр,
Ылай болуп жуурулуп.
Күнү-түнү жол жүрүп,
Көпүрөдөн өтөлү,
Кара үңкүрдү сактабай,
Калкыбызга жетели,
Жыл он эки ай болсо да,
Жыла-жыла кетели.
Мине албасаң жоргого,
Жөө көтөрүп алалык,
Жолубуз шыдыр душман жок.
Өргүп түнөп баралык,
Аманыңды тиленип,
Асырап жакшы багалык.
Энеси Күлүкан байбиче,
Эпсиз аяр киши эле.

Кыйналганда суусабас,
Кымыз, курут берди эле,
Оюмдан чыгып кетиптир,
Ошо курут менде эле.
Коштоо атта күлазык,
Куржунунда келди эле,
Жаралуу киши ичет – деп,
Сыныгы болсо бүтөт – деп,
Аты жакшы мобуя,
Дары берген болуучу.
Башка түрдүү дарыдан,
Дагы берген болуучу.
Кырк жигитке кырк башы,
Бардыгына жол башчы,
Баарысынын улуусу,
Так отузда өз жашы,
Дарыларды эстешип,
Тыйылды аккан көз жашы.
Эсине түштү Таманын,
Тама баатыр улуусу.
Так ошого кырк бир баланын,
Айта койду сүйүнүп,
Дарылардын кабарын,
Даяр болду баарысы,
Омуроодо жаранын,
Алып берди эр Тама,
Кымыз, шербет, курутту.
Оозуна салып эр Жаныш,
Суусаганды унутту.
Куржунду алып антарып,
Дарысын таап камданып,
Кызматты жакшы кылгын – деп,
Кырк жигитти жамгарып.
Ар түйүнчөк баарысын,
Кытай Шооша табыптын
Кырма кызыл дарысын
Чечип алып караса,

Ак кагазга орогон,
Жарадар болсо балдарым,
Айыгат деп жорогон.
Кайдасың казан, кол бакыр,
Суу кайнатып жылытып,
Каткан кандын баарысын,
Таза жууп жибитип.
Жаракатын дарылап,
Жакшы багып турушту,
Жабыла жигит баарылап.
Сыныгына мобуя,
Жараты кырма дарыда,
Омуроосу жаралуу,
Онтоп жаткан Жанышты
Ою менен кырк жигит,
Он алты күнү багышты.
Ордун таап дарылап,
Айыктырып алышты.
Калың кытай душмандын
Колунда кетти бөбөгү,
Кара үңкүрдө жатканда
Кырк жигит болду көмөгү,
Жалгызынан ажырап,
Жалдырап Жаныш жөнөдү,
Жарадан бир аз оңолуп,
Жарым күндүк жол басып,
Жатып калат толгонуп.
Жамандыкты өткөрдү,
Жаш күнүндө кор болуп.
Кылчактап карайт аркасын
Кырааны эске түшкөндө
Кызуу жүрүп баратып,
Конуп калат түш ченде,
Токтолуп калат ар дайым,
Тамшанып тамак ичкенде.
Жайы, кышы он эки ай,
Жол жүрүштү талыбай,

Кас душмандын кордугу,
Аттары болду ыргайдай,
Азыктары түгөнүп,
Өздөрү болду куурайдай,
Өңдөрү өчүп кубарып,
Суудан калган буудайдай.

Арып-ачып, алты айлык жолду он эки айда басып келди. Ата-эне, эли-журтуна учурашып турган убагында атасы Нуркан Жанышты кучактап алып, өзүнүн аман келгендигине ыраазы болуп, кабагын ачып, көңүлүн басып жана Байышты сурап айткан сөзү:

«Айланайын ардагым,
Таалайым элең балдарым,
Дайынсыз сапар жол тартып,
Эки жыл болду барганың.
Эч кабарың алалбай,
Аркаңардан баралбай,
Эсимден кетпей зарладым.
Кагылайын каралдым,
Көпүрө кантип жол берди.
Кандай душман кор кылып,
Бириндетти силерди.
Жолборсуң Байыш соо болсо,
Жоготот эле миң эрди,
Аманыңды билдирип,
Алты айлык жолдон ким келди,
Эки жылдан бер жакка
Биле албадым бир белги.
Сен аттанып кеткенден,
Саналуу болгон атаң мен,
Эч бир кабар укпадым,
Капаланып үшкүрүп,
Кайгы-муңда ыктадым.
Олтурсам-турсам саргайып,
Ой санаадан чыкпаймын,

Күнү-түнү саналуу,
Эс алсам бир аз уктаймын.
Кагылайын каралдым,
Көпүрөдөн өткөндө
Кайсы жакка бардыңар?
Кандай жолду чалдыңар?
Каруу-жарак жок эле,
Кандай күндө калдыңар?
Кабарыңды билалбай,
Кабагын ачып күлө албай,
Кайгыңда болдук зардуулар.
Жүргөнүң алты ай жол болуп,
Жаралуу болгон жолборстой,
Жабыгып келдиң комдонуп.
Жаның тирүү келиптир,
Жалгыз да болсоң толгонуп.
Жатындашың жаш боорун,
Кайда калды кор болуп?
Көз кубанар кумарың,
Көңүлдүн курчун уларың,
Көк жал Байыш беренден
Айрылып келген убагың,
Көргөнүңдү бир баштан,
Айтып көрчү угамын.
Алдыңда жүрсө айбатың,
Ашуу белдей кайратың,
Кол кармашкан кошогун,
Кордугун айтчы ошонун.
Ойрон болгон Байыштын
Кайратын эстеп бошодум.
Каруу-жарак мол бербей,
Коломолуу кол бербей,
Кокойтуп жалгыз жиберген,
Мына бул мага убалың.
Сенин учар канатың,
Кайда өчтү Байыш чырагым.
Энеси жолборс этине,

Талгак болуп туулган.
Нар буураны ыргытып,
Тогуз жашка келгенде,
Даңк-дайыны угулган.
Текөөрү болот тунжуруң*,
Кандай учту туурдан,
Кайрылып жалгыз келипсиң,
Кабар ал балам муңумдан.
Кабыргам кыйрайт ойлонуп,
Уйкудан безем түнүндө,
Уктай албай толгонуп.
Экөөң тең келип жанаша,
Эл көрүп түрдүү тамаша,
Мен өлүп, окуп жаназа,
Турбады калың той болуп.
Жанышым сени мен аман
Көргөнгө шүгүр кылайын,
Байыштын жайын билдирчи,
Баш аягын угайын.
Кандай шордо калды экен,
Кайрылышар жубайың,
Басылсын ичтин жалыны,
Башымдан кетип убайым».

Атасы Нурканга Жаныш баатырдын жооп берип турган жери:

«Айланайын атаке,
Сурадың көргөн, билгенден,
Жорутайын өзүнө,
Жооп алып киргенден.
Байыш, Жаныш жөнөдүк
Бата алып кыргыз көп элден.
Түгөйүнөн ажырап,
Түңүлүп тирүү келген мен.
Азык артып кырк атка
Айдаган жигит алдында,
Кер жорго менен Сур жорго,

Таманы ташка талыбас,
Каптап койгон сыяктуу
Жайы, кышы арыбас,
Тамадан башка баары жаш.
Адыр дебей, түз дебей,
Ат чалдырып эс алып,
Чай кайнатып, нан жебей,
Күнү-түнү жүрөбүз,
Ара чөлдө алты айлык,
Узак жолдор түгөнгүс.
Алты айлык алыс жол экен,
Ашыга жеттик төрт айда,
Барган менен көрбөдүк,
Бу сапардан эч пайда.
Аккүргүндүн жээгине
Айдың-Көлдүн бетине,
Эки башы туюк зоо,
Көпүрөнүн четине,
Барып түштүк төрт айда,
Ат чабуучу секиге.
Дүрбү салып туш-тушка,
Жер арытып карадык.
Көпүрөнүн башына
Көрөлүк деп биз бардык,
Баатыр Байыш баш болуп,
Бардыгыбыз жол чалып.
Күрпүлдөгөн Аккүргүн,
Жайы, кышы киргендей,
Көпүрөнү салганда
Жанында бирге жүргөндөй.
Кызыл кыш менен кынатып,
Бекиткенин билгендей.
Жарак жок деп мен айтсам,
Жанымда туруп эр Байыш
Жара тепти ийменбей.
Маңдай жагы кара таш,
Кара кыш экен бу дагы

Карап тургун баарың деп,
Басып барган убагы,
Баатыр Байыш бир тепсе,
Талкаланып кулады.
Бала да болсо Байыштын
Балбандыгын билген соң,
Эрлер карап турабы,
Же тилин алып бир жакка,
Барбай коюш туурабы,
Жатындаш Байыш эр менен
Ойноп күлүп тең өстүм,
Ар убакта сүйлөшүп,
Акылдашып кеңештим.
Балбандыгын, алптыгын
Башынан билген эмесмин.
Бизден өттү балалык
Жер арытып көз салбай,
Душмандын жери болгон соң,
Жоо барбы деп жол чалбай,
Айдың-Көлгө бел ашып,
Анан кийин биз барбай.
Ашып барып беш конуп,
Айдың-Көлгө куш салдык.
Кызыктуу жер экен – деп,
Кырк жигит жүрдү таң калып.
Адамдын көөнүн кызытып,
Ардагың Байыш шаңданып,
Түнүндө жаман түш көрүп,
Тура калды саргарып,
Жолумдан душман жоо чыгып,
Кармалдым деп зарланып.
Жалындым жалгыз кудайга,
Жакамды бекем карманып.
Күн жайыла биз бардык
Айдың-Көлдүн белине,
Дүрбү салып карадык,
Аккүргүндүн жээгине,

Адам батар жоо эмес,
Калың кытай демине.
Качалы дедим ойлонуп,
Тил алат деп баатырды,
Жактырбады эр Байыш
Жанакы айткан акылды,
Жаман айтып менин да
Көңүлүмдү калтырды,
Кырк жигиттин сөөгүнө,
Арылгыс тамга батырды.
Чалгынчысы чалыптыр,
Көпүрө жолун көп кытай,
Бекемдеп тозуп алыптыр.
Качалы дедим Байышты,
Тилимди албай сайышты,
Жарагы жок жоо сайды,
Жалтанбаган эр неме,
Кылыч, мылтык, найзадан
Кыйласын алып келди эле,
Кыйкырык салып качырып,
Кошо кирдим мен дале.
Тоодак тепкен шумкардай,
Тоголотот четинен,
Коосуна куланып,
Кошо түшөт экиден,
Миң-сан душман чачырап,
Качып берет бетинен.
Душмандар качып дабырап,
Найзалар сынып кагырап,
Кыйрады кытай кырылып,
Үстү-үстүнө жыгылып,
Сабы калып колунда,
Кылычтар сынып шагырап.
Баатырдын кылган ишине,
Эрдигине, күчүнө,
Кайратым кайнап кубанып,
Мен дагы кирдим ичине.

Жол ачылган мезгилде,
Эс алып турдук кичине.
«Кайта кашчу кишидей,
Карап туруш кандай – деп,
Жалтанар болсоң жан аяп,
Жалгыз кирем талбай» – деп.
Кой дегиче токтобой,
Колго кирди Байыш бек.
Алды жагы дарыя суу,
Туш-туш жагы ызы-чуу,
Үстү жагы туюк зоо,
Эки бети калың жоо.
Карап турсаң ошондо
Душман качты жабыла,
Камбылдык кылып эр Байыш
Кайра тартты камына,
Кутулуп келер болгондо,
Бирөө жетти жанына.
Жетер замат кармады,
Же Байыштан мыкты балбанбы,
Качкан жоонун баарысы
Тегеректей калганы.
Өлсөң кошо өлөм – деп,
Сен көргөндү көрөм – деп,
Кармалган бектин артынан,
Качпастан өлүм дартынан,
Качырып жоону сайышка,
Калың колду таратып,
Кайрылып келдим Байышка.
Жарадар кылып байлатып,
Жааптыр темир тор менен,
Жаткан экен жалгызым
Жанын кыйнап шор менен.
Аңтара салып торунан,
Алдым эңип колунан,
Жаралуу болгон былчырап,
Жан боорум Байыш бөбөгүм,

Жараткан кудай колдо – деп,
Өңөрө качып жөнөдүм.
Жазайыл менен бир атып,
Оң колумду сыя атып,
Омуроом окко быркырап,
Оодарылып Байышым,
Түшүп калды тырпырап.
Бир жагы колум жаралуу,
Бир боорумдан санаалуу,
Кайгыга түштүм буркурап,
Аркама түшүп душманым
Кууп калды чуркурап.
Айдың-Көлдүн жолу – деп,
Адаштым туюк өзөнгө,
Өзүм ошол күндөмүн,
Кайгырам Байыш көсөмгө.
Туюктандым жол таппай,
Тегерете зоолорго,
Кармала турган болгондо,
Камап турган жоолорго,
Каралаган адам жок
Камчыдай кайрат болорго.
Аралап зоонун боорунан,
Үнкүрдү таап бекиндим,
Тирүү калбас жаным – деп,
Чын өлүмдөн шекиндим.
Айбан да болсо Кер жорго
Оттоп келет бир убак,
Таш арасын аралап,
Талаага кете бербестен,
Жанымда турат каралап.
Жарадан жаным жай албай,
Жатканда каным чубуруп,
Жан жолдошум кырк жигит,
Кирип келди бурулуп,
Катарданып турушуп,
Кандын баарын жуушуп.

Жан аябай баарылап,
Жаратымды дарылап.
Он алты күнү багышты,
Онтоомду калтырып,
Жараттан жан тынып,
Айыктырып алышты.
Айыккан менен алы жок,
Абалкыдай чагы жок,
Аман көрдүм дебестен,
Аталаштан ажырап,
Арманда келген Жанышты
Атакем Нуркан ылдамдат,
Коломолуу кол алып,
Жарак-жабдык мол алып,
Кечикпей эрте жол алып,
Кетирбеске намысты,
Баатыр Байыш берендин
Кегин кууп алышты» –

деп Жаныш сөзүн бүтүрдү. Нуркан калың элине кабар салып, курбу-курдашын, акылдаш сырдашын, вазир-бектерин, кадыры жетерин чогултуп алып: «Менин бакты-таалайым, кадырым жана ханды-гым силерсиңер. Өзүңөрдөн бата алып алыскы сапар жолуна кеткен баатырларыңардын бирөө душмандын колуна кетиптир. Бирөө болсо жаралуу болуп жаңыдан келди. Элимден калың кол чакырып, катуу кайрат менен кан төгөр айбат менен, атышар мылтык, чабышар кылыч, сайышар найза жана чоюн башты чогултуп, жааларын жандап, окторун камдап, минер аттарын мыктылап аз болсо алты жыл күтүнүп, азык-түлүгүн, ар шайманын бүтүрүп, өзүңдүн көргөн жолуң, кармашкан кас душманың деп Жанышты кырк жигити менен кайта жөнөтөлүк» – деди. Эли Нуркандын сөзүн эп көрдү.

Калың колду жыйды. Оюндагысын кылып бүтүрүп жамдап, кемитпей камдап, Жанышты кайта кырк жигити менен кошуп, Нуркан алты миң кол

жөнөттү. Кыргыз элинен жактырып туруп бир жол башчы көсөм киши кошуу керек деп акылдашып турду да, көрүүгө көсөм, сүйлөөгө чечен, мылтыкка мерген, куш канат Куланчы деген карыны кошту. Кол жөнөп Айдың-Көлгө барышты. Көпүрөнүн эки башына калың колду бөлүп жаткырып, тууну тиктирип, душмандын жолун тостуруп коюп, Жаныш кырк жигити менен Куланчы мергенди алып Айдың-Көлгө карай өтүп, уруш болгон жерге барышты. Кагыраган баш, шагыраган сөөктөрдү көрүп, Куланчы көзүнүн жашын төгүп, Байыштын баралына жетпей басынгандыгы үчүн Жанышка, кырк жигитке карап айтып турган сөзү:

«Бирөө менен бирөөнү
Кармаштырган дүйнөсүң,
Кээ бир эрди кемитип,
Жармач кылган дүйнөсүң,
Байышты шорго туш кылган,
Билинди сенин күйбөсүң.
Он бештеги жаш бала,
Оолугуп жоону каптаса,
Ою менен душмандын
Уюгун бузса таптаза.
Азирет Аалы балбанча,
Жалгыз өзү тартынбай,
Алты миң колду качырса,
Жалгыз жүрүп жайнаган
Жоону көрүп кубанса,
Жер казылып асманга
Чаң созулса туманча.
Эч болбосо агасы,
Сен болбосоң жанында.
Аянбай кирсе качырып,
Жалыны көккө чачылып.
Күйгөн өрттөн качпаса.
Жүрөгү болот чоң сөөк,

Шер экен го таптаза.
Жыйырмага жашы толо элек,
Мындай улан урушка
Аттанар кези боло элек.
Даңкы чыгып угулуп,
Баатыр атка коно элек,
Как ушундай балага
Кайгырбай коюш не керек.
Же камынып келген колу жок,
Качырып кетер жолу жок,
Ушундай баатыр болобу,
Уруш кылар оңу жок,
Олдоксон баатыр болуптур,
Ойлонуп көрсөм обу жок.
Кыртышы кетип күл болгон,
Аккүргүндүн талаасы,
Он бешинде Байыштын
Кылган ишин карачы.
Байыштай болор эр болсо,
Баатырдын баатыр баласы.
Куланып жаткан миң-сан баш,
Куураган сөөгү аралаш,
Ушундай баатыр болобу,
Өлөмүн деп санабас,
Байыштан башка миң баатыр
Мындай ишке жарабас.
Бул Байышка батынган,
Как өзүндөй баатырдан,
Кытай элдин четинде,
Ак мунар тоонун ар жагы,
Эки айчылык бер жагы,
Эл чекеси бер жагы,
Бээжиндин ханы Сыядат,
Угулган нечен арбагы,
Башканын алы жеталбайт,
Кармаса ошол кармады.
Угушума карасам,

Урууда жок алп деген,
Өмүрүмдө жыгылсам,
Өлөмүн ошол ант деген.
Кармашкан нечен баатырды
Койгон эмес мант менен.
Чырагың Байыш баатырга
Сыядат чыгат бет келген,
Чоң атаңдын тушунан
Алышып жүргөн кек келген.
Азирет хандын барында
Душмандыгы чектелген,
Азирет хан Бээжинди
Эки барып чапканда,
Кытайдын ханы кошулуп,
Кызыл суудай акканда,
Азирет хан атаңдын
Колдогону бир кудай,
Колдойгон кара чач менен
Колуна түшкөн миң кытай.
Ошо күнү өзүмдүн
Жыйырма беште убагым,
Атка минсем аргытып,
Күчкө толуп турамын.
Тил үйрөткүн мага – деп,
Бир кытайдан сурадым,
Эки жыл багып кытайдын
Тилин толук үйрөндүм,
Кытайча сүйлөй берүүдөн
Кыргыз элден ийменди м.
Кытай тилин жашымдан,
Калтырбай толук билгемин.
Жооп берсең эр Жаныш,
Кытайды карай барайын,
Мата, самын артынып,
Соодагер болуп алайын.
Кыргыздыгым билдирбей,
Кытай тилге салайын,

Кыраанын Байыш бар бекен,
Бир кабарын чалайын.
Эч дайынын таппасам,
Үстүмө күлө киейин,
Асадан таяк колго алып,
Көрүнгөн жерди чиейин.
Жок болсо өлүм, шордобу,
Же салса зындан ордобу,
Өлүүсү менен тирүүсүн
Ажыратып билейин.
Бар болсо Байыш саламат,
Куш канат Кукең таап алат.
Бар болсо да, өлсө да,
Даңкы чыкчу азамат.
Издебесек барбасак,
Өзүнө жаман ат калат.
Мыкты жигит кошуп бер,
Мени менен ким барат?» –

деп Куланчы чечен сөзүн бүтүрдү. Жаныш баатыр абыдан ыраазы болуп:

«Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн» деген ушул Куланчы аксакал. Мен барар элем, бирок жараттын зарпы жакшылап оңоло албады. Баргында сага жардамы тие турган киши барсын. Жигиттер мен барамын деп белдүү, жүрөктүү азаматыңар булкунуп чыкпайсыңарбы» – деди. «Мен барамын Куланчы аксакалдын кызматына, кандай болсо да жараймын» – деп, Тама тура калып эки колун боорына алып, Жаныштан жооп сурап турду. Жаныш жарпы жазылып: «Силердин кылчандабай суранып барамын дегениңерге караганда Байыш өлгөн жок, тирүүдөй көзүмө көрүнүп турат, мен силерден кабар болсо-болбосо да өмүрүмдү ушу жерде өткөрөмүн. Кош, аман барып Байышты алып келгиле» – деп кол кармашып коштошуп жөнөттү.

Эмки сөз Байыштан башталат. Байышты Сыядат хан байлап алып жөнөгөн бойдон Бээжин шаа-

рына жетти. Сыядат хандын эркек баласы жок, жети кызы бар эле. Жети кыздын кенжеси Желкайып деген кызы эң акылдуу, атасы Сыядатка да нечен акыл кошуучу эле. Башка вазирлерине ишенбей, ар жылда хандыгын төрт ай Желкайыпка берүүчү эле. Өзү урушка жөнөгөн убагында дагы хандыгын Желкайыпка берип кеткен. Бир жигит жиберди. «Сен барып Желкайып падышага кабар бергин, Азирет хандын балдарынын тукумун үзүп, бир баатырын тирүү алып келдик де. Жетерибиз менен дар даярдайбыз, падышанын жообу менен дарга тартылсын» – деп. Жигит барып Желкайып падышага уруштан көргөнүн, Сыядат хандын сөзүн айтып турганы:

«Аманбы таксыр ханыбыз,
Алдында алтын тагыңыз,
Атаңыз салам дува айтты,
Абайлап кулак салыңыз,
Айдың-Көл барган аскерден
Аман келдик жаныбыз.
Жолунду жооң чалды – деп,
Акмунар тоонун ар жагын
Кыргыздын колу алды – деп,
Жер жайнаган калың кол,
Жолунду курчап калды – деп,
Акмунар тоону бекитсе,
Элиңе бүлүк салды – деп.
Кароолчу кабар бергенде,
Жесекчи жете келгенде,
Желкайып өзүң бар элең.
Жети сан кошун жергенде.
Озунуп мылтык атпа – деп,
Үгүт бердиң мергенге.
Атаң баштап жөнөрдө
Алты миң аскер курадың,
Атаң баштап аскердин

Амандыгын сурадың,
Көрүп келген ишимден
Кабар айтып турамын.
Калың аскер жөнөдүк,
Сурнай тартып бир жактан,
Сурнайга үн кошуп,
Жабылыша ырдашкан,
Хан Сыядат баш болуп,
Катарланса жарашкан.
Түндөп-күндөп жол тартып,
Жол азабын мол тартып,
Араба жүрбөс туюк жол,
Алты жүз атка кош артып,
Аңтарылып калат – деп,
Аркан-жибин бек тартып.
Таң атканда биз жеттик,
Акмунар тоонун белине.
Дүрбү салып карадык,
Ак-Күргүндүн жээгине,
Көп токтолуп карадык,
Көпүрөнүн жээгине.
Көп кошун келди деди эле,
Көрүнбөдү бир адам,
Көгүчкөн учуп өткөн жок,
Көз жетпеген талаадан.
Ар күнү кечке жол чалып,
Көрө албадык эч бир жан.
Күндүзү жүрсөк көрөт – деп,
Аңдып чыгып туш-туштан,
Аттандык жапырт күүгүмдө,
Жол жүрдүк ошол түнүндө,
Таң ата жеттик калың кол,
Баары шайдоот шартылдап,
Учкан куштай жүрүүдө.
Душман бар деп туш-туштан
Аттын изин карады.
Чогулуп туруш жаман – деп,

Колдун баары тарады,
Эт жүрөктөр солкулдап,
Не болом деп санады.
Чалгын чалдык миң сандап,
Көрүнбөйт жоонун карааны.
Күн жайылган мезгилде
Айдың-Көлдүн белинен,
Ак таштын орто четинен,
Көрүнүп калды бир караан,
Көп кошун келе жатат – деп,
Күлүп калдык миң адам,
Качыргандай көрүнүп,
Чаң созулуп бөлүнүп,
Келатышы эң жаман.
Үч чакырым токтолду,
Октон качпас окшоду,
Эр чакырды жекеге.
Баатыр болсоң келгин – деп,
Балбан да, баатыр менмин – деп.
Баатыр кыргыз элмин – деп.
Жалгыз өзүм силерди
Кыра турган эрмин – деп.
Кытайды атам талаган,
Кыргыздан чыккан шермин – деп,
Калың колдуу душмандан
Кайра тартпас белгим – деп.
Кырылышар кылышчан,
Келгиле бирден урушсаң,
Сайышар болсоң найзачан,
Жарагым жок камынган,
Кылыч турмак карачы,
Канжар чыкпайт жанымдан, –
Кайратымды мындан бил,
Качпаймын өрт жалындан».
Деп кыйкырды үн салып
Биз турабыз жарданып,
Келесообу, жиндиби, –

Деп ойлодук таң калып,
Хан Сыядат ошондо
Намыс кылды арданып.
Каарланып какарлап,
Тегерете карады
Кеңешин салып баарыга,
Ким барат деп баалады:
«Тирүүлөй кармап келгиле,
Тетиги турган баланы,
Ушунча элден уялбай,
Чын эле уруш салабы.
Алты миң кытай, бир кыргыз,
Алышалбай жүрөт – деп,
Менин аркамдан ушак калабы.
Баатырың болсо сайып кел.
Балбаның болсо алып кел,
Батынбасаң жакындап,
Ким экенин таанып кел.
Душмандыгы чын болсо,
Тумандай каптайт ушул эл –
Деп ошентип турганда,
Аяз балбан камынды,
Калканын жонго жамынды,
Мен барам деп суранып,
Жоо-жарагын тагынды.
Кышкы кирген буурадай,
Көбүгүн чачып чамынды.
Жээрде чаар тулпарчан,
Жөнөдү Аяз каарман,
Камчыланып аркытып,
Каскагын сунуп бараткан,
Каруулашса кокустан
Качырып кирип барууга
Камынып турдук миң адам.
Биз камынган миң киши,
Ал душман турду бир киши,
Экөө болду көрүнө,

Эр Аяз жакын жеткенде,
Эл жанынан түңүлдү,
Экөөнүн бирөө качырып,
Найзасын сууруп кеткенде.
Качырып келип Аязды
Как жүрөккө бир сайып,
Аяз түштү куланып.
Экөө болуп кубулуп
Жарак-күчү курулуп,
Жалпы беттеп ат койсок,
Бизге кирди бурулуп.
Найза салып, кылыч чаап,
Кыргын салды жулунуп,
Кылчайбай качтык ошондо
Заманыбыз куурулуп.
Кылычтар сынып сабынан,
Жүрөктөр чыгып кабынан,
Үшү кетип калың кол,
Үмүтүн үзүп жанынан.
Кылчайып кирсек бел байлап,
Кырылабыз абыдан.
Тоголонгон көп өлүк,
Бирине бири жөлөнүп,
Тоздуруп бара жатканда
Токтобой качып жөнөдүк.
Алты миң кошун барды эле,
Теңибиз келди, теңи өлүп.
Ит көрбөгөн кордукту
Бир кишиден биз көрдүк.
Тар капчыгай кысыкка,
Камап алып ысыкка,
Тирүү койбой кырмакчы,
Тукум курут кылмакчы.
Салышкан жоосун түгөтүп,
Санаалары тынмакчы,
Астындагы качкан кол,
Камалды жандан түңүлүп.

Аркасында калган кол,
Каптап чыкты түрүлүп.
Кайта качып жөнөрдө,
Хан атакең Сыядат
Качырып кирип барганы,
Кыраандык кылып камынтпай,
Мойнуна чынжыр салганда,
Азоо аттай мөңкүтүп,
Камынтпай кармап калганда.
Неткен баатыр элең – деп,
Канжар, шамшар белендеп,
Жеткенибиз ошондо
Туш-тушунан сайгылап,
Кайышпайт да, унчукпайт,
Кайрат менен бек чыдап.
Ошентип кыйнап жатканда
Дагы бирөө келди качырып,
Каарланып жапырып,
Кара буусу чачылып,
Күүсүнө чыдап туралбай,
Көздөп келип чабат – деп,
Көк жалдын өчүн алат – деп,
Хан Сыядат бурулуп,
Качып алып жөнөдү
Көпчүлүккө жашынып.
Сыядат хандын артынан
Жабыла качып жөнөдүк,
Качса болбой каарланып,
Кайрагандай көгөрүп.
Жаралуу болгон жан боорун
Ала качты өңөрүп.
Качып бара жатканда,
Жазайылы атканда,
Өңөрө качкан иниси
Түшүп кетти шалк этип,
Бара жатып өзү да
Кулады аттан салп этип.

Кууп барып артынан,
Кармамак болдук биз жетип.
Качып барып корголоп,
Кара каны чачылып,
Куюлган бойдон шорголоп,
Мунардын туюк коосуна,
Туш-тушунда жолу жок,
Камалды жаткан зоосуна.
Качырса кармап алам – деп,
Биз турабыз оозунда.
Жалгыздыгын билбестен,
Жамандыкты көп кылган,
Калың аскер кырылып,
Катар-катар жыгылган.
Айласы кетип турганда,
Ачыла кетип таш жутту,
Адам уулу көрбөгөн,
Эзелден мындай шумдукту.
Зоо жаңырып душманды
Жуттум деген үн чыкты.
Көйкашкасын* биз тутуп,
Көрүнө бирин таш жутуп,
Алып келе жатабыз,
Өлтүрбөй тирүү асырап,
Багып келе жатабыз,
Сүйүнчүлөп кызыма
Баргын деди атаңыз,
Кубаныч кылар чагыбыз,
Сүйүнчү таксыр ханыбыз.
Сиз барганча дапдаяр
Курулмак болду дарыңыз,
Жооп берип астырсаң,
Кубаналык баарыбыз.
Көргөнүмдүн баары чын,
Эч жеринде жалган жок,
Эрденсинген кыргыздын
Кылчаяры калган жок.
Кыз да болсоң арман жок» –

деп кабарчы сөзүн бүтүрдү. Эмки сөз Желкайып падышадан. Желкайып жашынан араптан молдо алдырып, уурданып шарият окуган, Желкайып өзү ойлонор эле: «Кыргыздын бир акылман айлакер баатырына качып барып, туш болсом» – деп. Жана соодагер кербен сыяктуу жүргүнчүлөрдөн Жаныш, Байыштын кабарын укkан. Кантип кабарлашарын билбей жүргөн.

«Ошол Жаныш, Байыш экен го. Алардан башка карапайым киши мындай иш кылалмак эмес. Мунун Жаныш, Байыш экендигин билейин. Эгер ырас болсо, ажыратып алып билгизбей багайын» – деп ойлонуп, дарды карай жөнөдү. Өзү менен кошо чоңоюп, кошо өскөн бир вазир кыз Желкайыптын сыр-сыпатынын бардыгын билүүчү эле. Ошол вазир кызы менен хандык жалгасын салынып, дарды карай бара жатып Желкайыптын айткан сөзү:

«Жалгасаң жалгар убагың,
Жараткан болсоң кудайым,
Жаныш, Байыш келсе – деп,
Тилекти кудай берсе – деп,
Ойлондум санаа убайым.
Чын бекен колго түшкөнү,
Менин оюмда жүргөн жубайым.
Кабыл болгон шекилди
Жаш экенден тилегим,
Акылдашкан сыяктуу
Алып учат жүрөгүм.
Тилегиме жетүүгө
Өзүмчө качып кетүүгө
Жол табалбай жүрөмүн.
Жардамчы болсоң жараткан,
Мен карыптын муңуна,
Жетпесем жетпей калайын,
Хан менен бектин уулуна,
Ыраазымын кошулсам,

Баатыр кыргыз уулуна.
Атамды мындан жөнөтүп,
Албарсын кынга бөлөтүп,
Аркасынан жибердим,
Кошунун далай көбөйтүп,
Урушка барып келишти,
Далай ай, далай күн өтүп,
Кокойгон жалгыз кишиден
Колунун көбүн түгөтүп.
Кайта качар убакта
Кармап алган бир киши,
Качырганда кыйраса,
Катарынан миң киши,
Кабыл болсо тилегим,
Каалаганым мына ушу.
Эч кимге дайнын чыгарбай,
Ичиме чыдап батырдым,
Эстей калсам түнүндө
Уйкусуз таңды атырдым.
Жети күн болду түш көрдүм,
Түш ичинде ар түрдүү
Түйшүктөрдү өткөрдүм,
Аныкөргөн түшүмдө,
Ар шумдукту өткөрдүм.
Болот текөөр алтын боо,
Асмандан эки куш көрдүм.
Кытайдын элин каптаган,
Жайсыз суук кыш көрдүм,
Эне-атамдын ичинен
Эригисиз муз көрдүм.
Түшүмдө көргөн эки куш,
Өңүмдө тирүү болду туш.
Ошо түш качан келет – деп,
Эсимде жүргөн мен байкуш.
Көкөлөп учуп жоголгон,
Күмүш боолуу көк шумкар,
Айланып торго чалынган,

Анык көргөн түшүмдө
Арылгыс шорго малынган,
Алтын боолуу ак шумкар.
Бармактайдан баш кошуп,
Бардык сырды кеңешкен,
Барк билишип тең өстүк,
Башканын кызы дебестен.
Сен вазир, мен ханмын,
Кадырлашып тең өскөн.
Уктум эле кабарын,
Ушу туткун баланын,
Кыргыздын кыраан ханы – деп,
Кыл баатырдын бири – деп,
Адамдын артык алпы – деп,
Айыгышса душманды
Албай койбойт анты – деп.
Жаның бирге курбусуң
Өлсөң да дайнын чыгарба,
Душмандын алдоо тилине
Кокустан кирип кубанба,
Душманга сырды билдирсең,
Каласың биздин убалга.
Угар болсоң сырымды,
Ушул иш менин мудамда».
Жетип барды Желкайып,
Адам асчу дарына,
Атасына кол берип,
Амандашты баарына.
Таазим берди баш ийип,
Учурашты жабыла.
Дардын түбүн караса,
Эки колун чынжырлап,
Бек байлаган санына,
Имерилип Желкайып
Тура калды жанына.
Баш аягын имерип,
Баарын сынап карады,

Жүрөгү сүйүп жактырды,
Байланып турган баланы,
Мындан башка эр болсо,
Эмгиче өлбөй калабы,
Бул мусапыр муңдуунун,
Кутулар жайын табалы.
Кабылан мүчө, казан баш,
Он бештеги өзү жаш,
Бетиндеги каарынан,
Как жарылар кара таш.
Азыркы адам уулунда,
Мындан балбан табылбас,
Алп мүчөлүү колдору,
Аник жолборс болжолу.
Алп кара куш сыяктуу
Эки кулач далысы,
Айбат кылса бирөөгө
Ажыдаардай арышы,
Чын жалгасаң бир кудай,
Менин көңүлүмдө мына ушу.
Сыртын болжоп сынадым, –
Деп ошондо Желкайып,
Эми сырын сурайын,
Кайсы улуттан болду экен,
Түпкү уругун угайын,
Мусулман болсо түбүндө
Болот го менин жубайым, –
Деп ошону ойлонуп,
Күлө багып жойлонуп.
Байланып турган балага
Баштады муңдуу үн менен,
Сыядат баштап кытайдын
Бири да тилин билбеген,
«Калың кара кытай колуна,
Кармалып келген сен кимсиң?
Кандай урук болсоң да,
Кабарың айткын эл билсин.

Кармалганда канжар жеп,
Канга жуулуп келипсиң,
Кайсы жерден келгенсиң?
Кандай урук элденсиң?
Урууң ким, ата дайыңдын
Учу-түбүн сурайын,
Мусулман болсоң дини ачык,
Саламат сактар кудайым,
Көңүлдөн кетер акыры
Күнүмдүк тарткан убайым.
Өлүмдөн аман кутулсаң,
Мен болормун жубайың,
Сырымды билсе Сыядат,
Тилегиме жеткирбейт,
Сүйлөй бергин тартынбай,
Кытайлар кыргыз тил билбейт».

Ошондо Байыш баатыр таза кишидей соолугуп, колго түшкөндөн кыргызча сөз укпаган эме падыша кыздын кыргызча эритип айткан сөзүнө көңүлү ачылып, кызга карай айткан сөзү:

«Муңдуунун алын сураган,
Булбулдай болгон тилиңден,
Мен садага болоюн,
Бузулуп турган диниңден.
Кабар алдың сыр сурап,
Карып болгон күнүмдөн,
Кандуу дарга байланып,
Мен элем жандан түңүлгөн.
Толгонуп алым сураган,
Торгойдой болгон тилиңден,
Мен садага болоюн,
Толгонуп турган диниңден.
Туура келип сурадың,
Тутулуп турган күнүмдөн,
Тирүү калбай дүйнөдөн,
Өтөр кезим бүгүн мен.

Ургум кыргыз элинен,
Кыргыздын кыраан бегинен.
Алышып жүрүп кармалдым,
Аккүргүндүн жээгинен,
Арзыганым Айдың-Көл,
Аттандым Үзүр шаарынан,
Ак шумкар салып келем – деп,
Бата алдым элдин баарынан.
Оюлган менин өмүрүм
Он бешке келди жаңыдан.
Кыргыздын түптүү төрөсү,
Кытай менен калмакты,
Кыра жүргөн бөрүсү.
Кылымдын жоосу батпаган,
Кылчайып келип каптаган,
Кыргыздын бекем өрүшү.
Азирет хан чоң атам,
Падыша Нуркан өз атам,
Жаныш, Байыш бек элек,
Байыш баатыр өз атым,
Талаага кетти дайынсыз,
Жаралуу Жаныш бекзатым.
Эки мүрүм тең сынып,
Учуудан калды канатым.
Уладың келип көөнүмдү,
Уктуң сурап жөнүмдү,
Жыйылган калың кытайдан,
Жылдызың ысык көрүндү.
Аз калды кыскан ажалым,
Асылып дардан өлөмбү,
Мойнуман дарга байлатпай,
Муунтуп шорду кайнатпай,
Эмки калган каныма,
Дардын түбүн майлатпай,
Бошотуп алар бекенсиң,
Боздотуп мени зарлантпай.
Дар аркан менин мойнумда,

Дарга асылып өлбөсөм,
Далай иш бар оюмда.
Чынжыр менен чырмаган,
Эки кол, эки санымда,
Сенин да сырың сурайын,
Түп жайынды угайын,
Өлө элек тирүү чагымда.
Айланайын кыз бала ай,
Арманымды айттым бир далай.
Жылдызың ысык көрүндү,
Сен ачтың муңдуу көңүлдү.
Мен да угушка кумармын,
Билдирчи кайта жөнүндү,
Кабагың ачып келесиң,
Мусулмандан болбогун,
Муңдуунун муңун билесиң,
Сурадым падыша сырыңды,
Жашырбай айтсаң чыныңды,
Алдоо менен сурасаң,
Арытпайсың муңумду.
Анык болсо тилегиң,
Ачык болсо жүрөгүң,
Сен табасың ыгымды.
Муңдуу кандай, соо кандай,
Мусапыр жайын билиңиз,
Өмүрүңчө кут болсун,
Алтын таажы, тагыңыз
Астырбай дардан куткарып,
Ажыратып алыңыз,
Анык нээтиң ак болсо,
Айламды ойлоп табыңыз.
Аллам өзү жар берип,
Ачылсын таалай-багыңыз».

Калың кытай экөөнүн тең тилин биле албады да, Сыядат вазир кызды чакырып алып, алтын-күмүш, асыл буюмдардан берип, алдап сурады. Ва-

зир дүйнөгө алданды да, Сыядат ханга Желкайыптын мурунтан берки болгон окуясын, самаган максатын айтып турган жери:

«Сыр сурадың таксыр хан,
Айтпасам өлөм астыңдан,
Желкайыпты түшүрүп,
Тагынды алгын астынан.
Кармагын деп желдетке,
Өлтүрбөсүн жаздымдан.
Теңтуш өскөн неме эле,
Карап турса ийменем,
Бармактайдан бир өсүп,
Жаман тили тийбеген.
Хандык сынын кетирип,
Чениңди алгын ийнинен.
Мукамбетке берилип,
Мусулман болгон жашынан
Бул кызыңдын адаты,
Мына мындай башынан.
Сыр сурадың таксыр хан,
Айтпай кантип жашырам.
Мусулмандан бир молдо,
Чакыртып алып окуган.
Кол кайырды мол берип,
Бата алган далай сопудан,
Бала болбой курусун,
Бачым кутул сен мындан!
Ушу кезде падыша,
Сыр сурачы бул кыздан,
Өзөгүн үзүп жатыңа,
Өзүңдөн чыкты чоң душман.
Мурунтан берки сырында,
Бул кызыңдын чынында,
Жол билсем качып кетсем – деп,
Максатыма жетсем – деп,
Ойдогуну сүйсөм – деп,

Оёнуна тийсем – деп,
Тилеп жүргөн кыргыздан.
Ишенер болсоң таксыр хан,
Эртелеп кутул кызыңдан,
Өзүңдөн жоо болгон соң,
Душманың чыгат туш-туштан,
Башка жактан келеби,
Ушундай болот иш бузган.
Өзүңдөн чыгат душманың,
Ишиңди бузат тынч турбайт,
Тууганыңды кас көрүп,
Душманыңа кол булгайт,
Эч айласын таппаса,
Эл аралап сөз тыңшайт.
Таксыр Сыядат ханыбыз,
Сөзүмө кулак салыңыз,
Падышалык белгиңди,
Ушу баштан алыңыз,
Түшүрбөсөң таксыр хан,
Тирүү калбайт жаныңыз.
Тогузунда бузулган,
Толгонгону мусулман.
Бурулбайт дини кытайга
Бу кызыңды туз урган.
Ушундайда таксыр хан,
Күдөр үзгүн кызыңдан,
Тили менен жайпактап,
Дини катуу душмандан.
Асканы турган баланы
Ажыратып алам – деп,
Ажалдан аман бошотуп,
Айласын өзүм табам – деп,
Айбалыдай кытайга
Алп урушун салам – деп,
Мага сырын чыгарып,
Акылдашкан сөзү бар.
Кыз Желкайып баландын,

Кытайга жаман көзү бар.
Кызыктуу эрге жолукса,
Кылчайып келип кытайга,
Кыргын салар кези бар».
Вазир кыздан кеп угуп,
Уят болуп жеме угуп,
Хан Сыядат ошондо,
Тура калды ойлонуп,
Желкайыпты Сыядат
Акырая карады,
Мунун айткан сөзүнөн
Ырас го – деп санады.
Хан Сыядат каарланып,
Вазир кыздан арданып,
Башын алып салсам – деп,
Кылычын сууруп карманып,
Калың кытай тизилип,
Карап турат жарданып,
Кесепеттүү кызымдын
Келмеге тили бузулду.
Кыргыздын бирин көргөндө
Кылар иши ушулбу.
Элге намыс талашар,
Эркек балам болбоду,
Ата-энеге билдирбей,
Алдырса арап молдону.
Элиме кара санаган,
Эр издеп кызым оңбоду.
Сыядаттын көөнүнө
Ошондо акыл-эс кирип,
Желдетине курчатып,
Желкайыптын шол жерде
Ченин алды чечтирип.
Өлтүрсөм деген ою бар,
Кылычтап башын кестирип,
Таажысын алды башынан,
Жаман көрдү Сыядат

Касташып жүргөн касынан,
Желкайыпты кекетип,
Желдети кетпей башынан.
Желкайыптый ошондо
Сөөгү жездей жашыган.
«Желдеттерим ургула,
Желке чачын жулгула,
Элиме кара санаган,
Өлүмгө мени баалаган,
Желкайып экен кулгуна.
Көөдөндөн жанын чыгарбай,
Көзүн ачып жума албай,
Көкөйдөн калгыс кылгыла!
Жабылып желдет ургула,
Жаак чачын жулгула,
Жаныман чыккан турбайбы,
Жаман жара кулгуна,
Орундатып буйрукту,
Оюнан кеткис кылгыла.
Арабадан кулатып,
Жибектей чачын булатып,
Маңдайына каш койбой,
Башына жалгыз чач койбой,
Кызыл өңүн аздырып,
Кыйнама шорго бастырып
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Кийими жок жылаңач,
Жылтыраган таз кылып,
Искек менен тергиле.
Азабын таштай бергиле.
Төрт санына төрт казык,
Төрт жакка кагып кергиле».
Падыша жооп берген соң,
Барбай желдет турабы,
Баса калып тепкилеп,
Жибектей чачын чубады.

Арабадан Желкайып
Чыңырып түшкөн убагы.
Желдеттер сабап урушту,
Жибектей чачын жулушту,
Желкайыпты жек көрүп,
Вазир кызды эп көрүп,
Убайымга өткөрүп,
Сыядат кылды бул ишти.
Жабыла желдет урушту,
Жаак чачын жулушту,
Арабадан сулатып,
Тал-тал чачын булатып,
Төрт жакка казык кактырып,
Үстөмөндөп жаткырып,
Кол-бутунан кериштн.
Башына бир тал чач койбой,
Маңдайына каш койбой,
Искек менен теришти.
Падышанын буюрган
Кызматын кылып бериштн.
Чачынын баары жулунуп,
Заманасы куурулуп,
Кийминин баары жыртылып,
Тамчылап каны бүркүлүп,
Камчы тилген ууздай эт,
Дал-дал болду бөлүнүп.
Бөлүнгөн бойдон жарадан,
Кан куюлуп төгүлүп,
Эки колун чынжырлап,
Темир менен байлады,
Ортого алып он желдет,
Орду көздөй айдады.
Оолжуган сулуунун
Ошентип шору кайнады.
Эки жакка жалдырап
Оттой көзү жайнады».

Желкайып желдеттердин айдоосунда бара жатып өзүнчө мууну бошоп, Байышка коштошуп айтканы:

«Чын жаратсаң кудайым,
Не салдың, башка убайым.
Мындан артык азапка
Дагы салсаң чыдайын.
Асылып турган жалгыздын,
Амандыгын сурайын,
Ажал жетип өлбөсө,
Акыры менин жубайым.
Хандыгымда турбадым,
Кантемин арман эки күн,
Каарына калып атамдын
Кан жуттум го мен бүгүн.
Жазыксыздан мен барып,
Жай кыламбы ор түбүн,
Кабар билбей угулбай,
Калдың го эки муңдуу үн.
Унутулар бекенсиң,
Ушу кордук тарткан күн.
Эки колун чынжырлап,
Байлануу эки санында
Сөзүңдү канып укпадым,
Тилиңдин аман барында,
Эч болбосо эки күн
Болбодум сенин жаныңда.
Каркылдатып сүйрөтүп,
Кыраан куштай талпынтып,
Кара таандай кытайга
Кайратыңды артылтып,
Катуу бороон чапкындай,
Душманыңды чарпылтып,
Турганыңды көрбөдүм.
Тирүү болуп аралап,
Кырганыңды көрбөдүм.

Түбөлүккө баш кошуп
Жыргалыңды көрбөдүм,
Орго салса алпарып,
Ошол го оксуз өлгөнүм.
Аман туруп байлоодон
Ажыратып албадым,
Өмүрлүккө баш кошуп,
Өз элиңе барбадым.
Өлүп кетсем өзөктөн,
Үзүлбөйт ушул арманым.
Армандуу кетет экенбиз,
Айдалып барып мен өлүп,
Асылып дардан сен өлүп,
Азап айдап шор тартты,
Ажалдын күчүн көрөлүк.
Аласасы жан болсо,
Амалсыздан көнөлүк.
Жан кыйналып жүргөнчө,
Жарык дүйнө курусун,
Жаш өмүрдү төгөлүк.
Азаптын тузу чакырып,
Ажалдын күчү кармады,
Таппайбыз го жалгызым,
Өлүмдөн калар арганы,
Колдон келер иш эмес,
Кудайдын башка салганы.
Аманат жалган дүйнөгө
Адам болуп келген мен,
Өлүү эмес, тирүү эмес,
Өлгөндөрдүн бири эмес,
Айланайын жалгызым,
Орто жолдо калдың сен.
Экөөбүзгө кандай сын,
Өзгө жалган өлүм чын,
Өлүп кетсең жалгызым,
Жолдош болсун ыйманың.
Казылуу орго дайынсыз,

Айдалып бара жатамын,
Иши илгери болбосун,
Хан Сыядат атамдын.
Каза жетип күн бүтсө,
Караңгы ордо өлөрмүн,
Кабыл болсо тилегим,
Кайта айланып көрөрмүн.
Тирүү болсок көп жатат,
Ичер суу менен көрөр күн,
Тирүү көрсөм арман жок,
Кутулуп келип көзүндү,
Кабаттанган жарадан
Айыктырсам өзүндү.
Кадимкидей жетилип,
Душманга салсаң сезиңди.
Тагдырдын жазган ишине
Кайгырбай кайрат кылайын,
Атамдын кылган кордугу,
Амалым барбы чыдайын.
Өлмөйүнчө өзүмө
Өзүм кайрат бербесем,
Бирөө кайрат береби,
Башынан залим Сыядат,
Балам эле дебеди.
Башка түшкөн азапты,
Кайгы капа жеңеби.
Атамдын кылган иши бул,
Андан башка душманым,
Алымды сурап келеби».

Желкайып кайта кайрат кылып, кабагын жазып, каткырып күлүп айдоодо бара жатат. Сыядат хан ойлонуп: «Бул кызым акылыма акыл кошкон, душманымды туура тозгон, тагымды минген, ишимдин иретин билген кыз эле. Бул кызымдын барында ичкеним бал менен шекер эле. Желкайыпты эмне үчүн кыйнадым бекер эле, чын айтабы, же көрө

албастык менен бузуп айтабы, балким, көрө албаган бузукунун тили менен мен кызымдын кадырын калтырып, бөөдө жаман иш кылдым го» – деп акыл кылды. «Акыры Желкайыпты алып кел мында, баатырды дарга асканын көрүп турсун» – деп кызын кайта алдырды.

Калкынын баарын чогултуп туруп, Байышты дарга тартты. Байыш балбан, каруу күч бар, ошондуктан күчү көтөрдү да өлбөдү. Үч курдай тартты, эч кандай өлбөдү, ошондо Сыядат хан элине, эл ичинде бегине «кантип өлтүрүү керек» деп кеңеш салып жана коркуп айткан сөзү:

«Калың кытай көп элим,
Көргөнүң барбы мындайды,
Өмүрүнчө жанчса да
Өлбөс эме турбайбы!
Сен кимсиң деп ошонун
Өзүнөн бир ооз сурайлы,
Үч тарттым дарга асып,
Же өлбөгөнү кудайбы,
Асып жатса өлбөскө,
Адам уулу чыдайбы.
Аккүргүндүн четинде,
Колго түшкөн кезинде,
Коломолуу калың кол,
Кыйнап турган бетинде,
Кошо жүргөн кошундар,
Бардыр сенин эсиңде.
Колуна зоолу салдырып,
Зымырата байлаттым,
Көпчүлүккө сабатып,
Көзүнөн отун жайнаттым.
Керели-кечке кыйнатып,
Кетирем дедим кайратын,
Түбүндө сендик болом – деп,
Күчөтөт күлүп айбатын,

Көрүп турдук баарыбыз,
Күчү менен кайратын.
Күлө багып жайраңдайт,
Күчүнө чиреп аянбайт.
Канжарлап кабат сайганда,
Кара канын жайганда,
Шамшарлар санын тилгенде,
Кыйноо салып кытайлар
Туш-тушунан киргенде
Чыдабай турган кез эле
Мындан башка эч бенде.
Ошондогу жаранын
Баарысы турат боюнда,
Дарга тартсам өлбөдү,
Өлбөйт деймин оюмда.
Сууга салсам акпаса,
Камасам үйгө батпаса,
Өрткө салса күйбөсө,
Мылтыктын огу тийбесе,
Өзү кырчын жаш болсо,
Өлбөскө мурун маш болсо,
Жараны жара дебеген,
Бар мүчөсү алп болсо,
Түпкө жетет эмеспи,
Тирүү болуп күч толсо,
Өлтүрүүгө ушунун
Айласын кандай табабыз?
Же жерге тирүү көмүүгө
Жетеби биздин чамабыз.
Өлтүрбөсөк эбин таап,
Бир кордукка калабыз,
Акылың толук көсөмдөр,
Айтууга эптүү чечендер,
Күнү-түнү кеңешип,
Өлтүрүүгө эртең кел.
Аман койбой ушунун
Айласын тапкын калың эл!» –

Деп Сыядат турганда,
Эски вазир көсөмү,
Эбин тапчу чечени:
«Хан Сыядат сөз байка,
Жактырбасаң баш чайка,
Терең акыл ойлонуп,
Бул айтканың эң пайда,
Ат чабуучу коодой – деп,
Кекиртектин чоңдугу,
Тегирмендин ноодой – деп.
Алты айчылык жолдорго
Алты күндө келет – дейт,
Алышсам деген дөөлөрдүн,
Азабын аштай берет – дейт.
Жети сан кошун болсо да,
Жеке жүрүп жеңет – дейт.
Мурду тоонун сеңирдей,
Чымыр эти катуу – дейт,
Чыңап койгон темирдей.
Чын болсо Аргын балбаның,
Кайда жүрөт көрүнбөй.
Алдырып келгин бар болсо,
Алты-Шаар калаанын,
Ар күндө бир маал тамагын
Ичип, жесе тойбогон,
Карагай, кайың жыгачты,
Булкуп-жулкуп ойногон,
Алыша келген кезинде
Алпты, дөөнү койбогон.
Ажал жетип өлбөсөм,
Жыгылбайм деп ойлогон.
Алпты көрсө алжыткан,
Алышкандар кан жуткан.
Угушумда неченди
Асманды карай ыргыткан,
Жыгылып өлсө убал жок,
Жаралуу болгон баладан.

Дөө кармаса дөөрүткөн,
Жинди эмедей жөөлүткөн,
Каарланып кармаса,
Кара ташты талкалап,
Коргошундай эриткен.
Хан Сыядат куп десең,
Карылык кылып айтам мен,
Баланы чечип коё бер,
Чынжыр менен кишенден,
Баатыр чыгар бу дагы
Бактысына ишенген.
Калктын баары кубанып,
Катарланып туралык,
Кызыгына батышсын,
Катын, бала куралып.
Бир тамаша көрөлү,
Кимиси мунун мыкты экен,
Кармашканда өнөрү,
Кажашып көрсө бир кызык,
Кыргыз, кытай дөөлөрү.
Хан Сыядат баланын
Чынжырын чечип коё бер,
Аргын менен баланын,
Кимиси баатыр, кими эр,
Кимиси жолборс, кими шер,
Кабылан шердей кайратын,
Кармашканда билишер.
Көрүп туруп чоң балбан
Көпөлөктөй баланы,
Көбүктөнүп куюлган,
Бүткөн бойдо жараны.
Бүрдүү чынар теректей,
Деп укканмын карааны.
Бул экөөнү бет кылып,
Бир кумардан каналы.
Бир баладан жыгылып,
Өлсө мейли арамы.

Ар күнүнө ичкени
Алты-Шаардын тамагы,
Ачыктырып түтүнгө
Тийип жатат залалы.
Ханым өзүң менен бир барып,
Аяз баатыр анда өлгөн,
Айбан курсак, алп мүчө,
Адамдын баарын түгөтүп,
Апырылып жүргөнчө,
Агасы Аргын мында өлсүн,
Алышып өлсө баладан
Ошол айбанынды ким көмсүн» –

деп вазир сөзүн бүтүрдү. Сыядат, Аргын балбанды унутуп калган экен. Вазир айткандан кийин эстеп: «ырас айтат, «карынын кебин капка сакта, өлүгүн апта сакта» дегендей, Аязды анда өлтүрдү, нечен кабат жара менен дарга үч тартса да өлбөдү. Эми ошо чоң балбан болбосо, андан башкадан өлбөсү көзгө көрүндү, мен өзүм кармашар элем, бирок майып болуп каламынбы, же ушунчалык элинен бир кыргыздын чымчыктай баласын өлтүрүүгө бир киши табылбай, Сыядат өзү кармашып өлүптүр деп жаман атты боломбу. Ошол чоң балбан өлтүрсүн, чоң балбан келгенче мунун тилин билген Желкайып багып турсун» – деп Сыядат хан жардык кылды да, чоң балбанга киши жиберди. Көпчүлүк эл тарады. Ошондо Желкайып Байыштын колунан кармап, мойнунан кучактап, көз жашы бурчактап, өзүнүн жанынан артык көрүп, ашык болуп Байышты карай айткан сөзү:

«Максатым бар башында
Бар тилегим бүгүндө,
Байыш баатыр сен үчүн,
Чын келсе Аргын чоң балбан,
Сенин чыгар бар күчүң.
Таалайыма туш келдиң,

Айланайын жалгызым,
Баатыр кыргыз эли – деп,
Өзүң өндүү беги – деп,
Менин да күчтүү намысым,
Вазирдин туруп атама
Айтканынын баары чын,
Ал чоң балбан түгөткөн,
Алп менен дөөнүн чабытын.
Окшош эмес адамга,
Турпаты туура каманга,
Бир көргөмүн жашымда,
Кийгени түк чак келбейт,
Тебетей жок башында.
Тегеректеп миң сан эл,
Таңыркап турган кашында,
Тулку боюн карасаң,
Түптүү чынар теректей,
Мурдунун эки таноосу,
Бозо салчу челектей.
Алты-Шаар калкынын,
Ар күндө бир маал тамагын
Аралап ичсе тойбогон.
Айланайын жалгызым,
Ал адатын карагын.
Баарысынан башы чоң,
Кырк кулактуу казандай,
Көргөндө коркуп көп адам
Жыгылып кетет басалбай.
Кулагы түндүк жаагындай,
Көзү кызыл жалындай,
Нечен дөөлөр, нечен алп,
Калган эмес багынбай,
Ал атактуу Аргын балбандын
Сөлөкөтү мамындай.
Өмүрүнчө келатат,
Адамзаттан жеңилбей,
Сыядат хандын балбаны
Жыгылып калды дедирбей.

Өзү орой доңуздан,
Өңү кара коңуздан,
Өзүң анда өлтүргөн,
Аяз менен бир тууган.
Басып кеткен жеринен,
Ат чапкандай чаң чыккан,
Чертип кеткен адамдан,
Ок тийгендей кан чыккан,
Адам менен жоолашса,
Аны арзан көрөт чымчыктан.
Аяз менен Аргынга
Адам болбойт унчуккан.
Кырылышар жоо болсо,
Кытайдын колун баштаган,
Кылымда андай балбан жок,
Кыргынга күчүн маштаган,
Каршы келсе дөөлөрдү
Камандай чалып таштаган.
Катарланган тоолордо,
Калама бийик зоолордо,
Бели жок басып ашпаган,
Чоң дарыя Кубаны[1]
Чоң кулак сууча көрбөгөн.
Кармашкан алп дөөлөрдөн,
Калган эмес өлбөгөн,
Кургурум сендей неченди
Кулаалыча көрбөгөн.
Кубанкердин дарыясын
Кулач урбай кечүүчү,
Башка кийимин түрүнүп,
Бутун араң чечүүчү,
Аргынды туурап кечкендер,
Аккан бойдон кетүүчү.
Карагай, кайың, теректи
Булкуп-жулкуп ойногон,

[1] *Куба* – Хуакы дарыясы.

Дүйнөдө ага эч адам
Теңелбейт деп ойлогон,
Капчыгы чыга кампыйып,
Өмүрүнчө тойбогон,
Кытайдын Аргын балбаны,
Соо калбаган чалганы,
Айланайын жалгызым,
Көргөндүн болбойт жалганы,
Башкасы болсо бир эсе,
Түгөтөт ушул аргамы.
Карааның көрсөң жалтанбай,
Баатыр Байыш кайрат кыл,
Башы экөө дейсиңби,
Бакты тилеп айбат кыл,
Айланайын жалгызым,
Менин айтар сөзүм мына бул.
Жаш балапан, жаш жүрөк
Жарадар болгон урушта.
Калмактар качса дүңгүрөп,
Жашы жетип карыган,
Ал өлөрүн ким билет,
Атам падыша Сыядат,
Дагы өлөрүн ким билет,
Жалынайын жалгызым,
Аманыңды мен тилеп.
Жаратыңдан аярлап,
Жаштык кылып жалтанба,
Жалтанчу болсоң чактырдын,
Заар тилдүү жыланга,
Менден башка жакшы айтар
Медериң барбы аркаңда.
Жигит кезде оолугуп,
Жүргөндүр күчкө маш болуп,
Жетимиште Аргындын
Тилеги каткан таш болуп,
Бир кудайдан тилейин,
Жалгызым сага ден соолук.
Кудайдын күчү чын болсо,

Жашка тилек бербейби?
Жаш ичинде жалгызга,
Башка тилек бербейби?
Бактылуунун тилеги,
Баары кабыл келбейби?
Андан көрө жалгызым,
Алдадан тилек тилегин,
Алтымыш калмак беттесе,
Айбынбасын жүрөгүң,
Алда кандай күн болот,
Айбыкбай күчтү үрөгүн».
Тилегин тилеп Желкайып,
Кайрат берип басылды,
Кабагын жазып Байыштын,
Капалуу көңүлү ачылды.
«Айланайын жалгызым,
Жан аманат өлүмдө,
Жанагы менин сөзүмдү
Жакшылап сакта көңүлгө.
Жанагы балбан келгенде,
Жалтанып жашык көрүнбө.
Душмандардын көзүнө,
Тоотпой көрүн чынданып,
Толуп жаткан колдуудай
Күлүп турмак кубанып.
Уй түгүндөй кытайда
Экөөбүз жалгыз экенбиз.
Тилектешип туралык
Түрүңдү бурсаң чынданып,
Жыгылсын балбан куланып».

Желкайып Байыш баатырга катуу кайрат берип, Аргын балбандын жайын түшүндүрүп турду. Аңгыча калың эл удургуп, уйгу-туйгу болуп калды. Ашыгып, аркасы шашылып дүбүрөшүп калды. Ошондо Аргын балбандын келе жаткан убактысы экен. Байыш баатыр балбандын караанын көрүп, кабагын

жазып, кайрат кылып каткырып күлүп, жакшы тилек менен жагалданып, ошондо айткан сөзү:

«Кайрат берип курчутуп,
Ак болоттой бүлөдүң,
Сенин айткан сөзүнө,
Курчуду болот жүрөгүм,
Бала экен деп бер жакка
Кайткан эмес тилегим.
Тилегимди тилеген,
Кайрат берип сүрөгөн,
Айланайын Желкайып,
Билинди сенин зирегиң.
Туулгандан беркимден
Туюп тур айтып берейин» –

деп Байыш бардык көргөн-билгенин, балалык чагынан берки кылган баатырлыгын, ата жөнүн, кантип бул кордукка туш болгонун баштан аяк айтып берди.

Ошондо Аргын баатыр менен күрөшө тургандыгын кайраттанып айтканы:

«Жети өлүп жерде калсам да,
Жетимиш жашка барсам да,
Жер таянбайм чалыңдан.
Жеткенде чалды өлтүрсөм,
Жергелүү кытай калың кол,
Үмүтүн үзөр жанынан.
Он бешимден аттанып,
Он алтыга келген жаш,
Өмүрүнүн ичинде
Нелерди көрбөйт алтын баш.
Он алтыда баламын,
Капалык жок жаркылдап,
Жазылат менин кабагым.
Ажал чиркин жетпесе,
Жеткен жерде чаламын,

Илинсе бутум чалыңды
Чалкасынан чабамын» –

деп, Байыш баатыр сөзүн бүтүрдү. Аярдай басып Аяздын кунун куумак үчүн Аргын балбан келип Байыш менен күрөшкөн жери:

«Орою суук адамдан
Опсуз балбан жаралган,
Оозунан чыккан тыноосу,
Жөө тумандай таралган,
Аярдап турат эр Байыш
Озунуп чеңгел салардан.
Буулугуп келди чоң балбан,
Буту буура белиндей,
Колдорунун булчуңу,
Кара чоюн темирдей,
Бүткөн бойдун сынбаты
Тоонун учку сеңирдей.
Келатышы чын экен,
Эч бир жоодон жеңилбей,
Ат көтөрбөй Аргынды,
Өмүрүнчө жөө болгон,
Калың кытай ичинде,
Каруусу толук дөө болгон.
Карыганча жөө жүрүп,
Каруусу кетип жоголгон.
Оозунда тиши түк калбай,
Билегинде күч калбай,
Карылыгы жетишкен
Камгак түрдүү учкандай.
Чакырып алып Сыядат,
Чарчаганча сүйлөдү,
Курушуп жүргөн кумары,
Таркаганча сүйлөдү.
Сүйлөгөн сөзү мына эми:
«Эр элең Аргын кайраттуу,
Иниң Аяз баатырдын

Бүгүндөн баштап кунун куу,
Баарын кырган балбан бу.
Кыргыздан келген балада,
Аяздын алар куну бар.
Мен Сыядат ханыңдын
Кеткисиз ичте муңу бар,
Аязды ушул өлтүргөн,
Аныгын менден угуп ал.
Карылыкка жеңдирбей,
Айтканыма кулак сал,
Эбиң кетип качканда,
Жыгылып калба алсыз чал.
Жыгып алсаң чунакты
Боорун жарып, өтүн ал.
Канжар кесип, ок тешкен,
Тетиги тулку бойдо жараны,
Турушун көр баланы,
Он алтыга чыгыптыр,
Кем эмес сенден карааны,
Как ошондон жыгылба,
Каңтары качкан арамы.
Кайратынды чыңдагын,
Кармаганда сындагын,
Чыркырасын чыдабай,
Чымындай жаны урунсун,
Чымырканып кармасаң,
Колу, буту суурулсун.
Бир көрсөткүн күчүңдү
Кызыл каны жуурулсун,
Чыңырыгы таш жарып,
Кудайга үнү угулсун.
Аргыным сени кемитпей,
Айтканыңды бергемин,
Жетимиш жашка чыкканча,
Ардактап багып келгемин.
Карылыктын алды – деп,
Касташар душман барбы – деп,

Баатырлыктын кийини – деп,
Байыш колго тийди – деп.
Күч салышып күймөнбөй,
Өлүмдөн коркуп ийменбей.
Жармы жара, жармы соо,
Жарым жандуу баланы
Өлтүрүп берер убагың.
Өзүм кирип барыштан,
Томуктан торой чалыштан,
Калың кытай эл турса,
Ханы барат экен – деп,
Чыдай албайм намыстан.
Тоону жердеп таш баскан,
Алышкан жоосун башка аткан,
Өз атаң Чечим баатырдын
Сыя атып бутун аксаткан,
Экөөбүздөн мурдагы
Кытайдын элин какшаткан.
Ак калпак кыргыз эл деген,
Чаап аламын деп барган.
Душманы кайтып келбеген,
Айбаттуу, сүрдүү деп угам,
Адамзат бендеден.
Ошол Азирет хандын уулу ушу,
Алаптабай тың күрөш,
Баласы Байыш мына ушу».
Хан Сыядат Аргынга
Кайрат берип бүлөдү.
Карылыгым курсун – деп.
Калдайың Аргын жүдөдү,
Угуп алып дайынын
Солкулдады жүрөгү.
Көргөндө көөнү кымылдап,
Шерденип турат эр Байыш,
Алгыр куштай жымылдап.
Аргын келди жай басып,
Алты сан элди аралап.

Акыл айтып Сыядат,
Жанында турат сагалап.
Тегерете караса,
Тепши сындуу көзү бар,
Олурая караса,
Ороо сындуу көзү бар,
Орою суук адамдан,
Оозунда тиши жок,
Ошондон картаң киши жок.
Беттери быткыл бырышкан,
Бел байлап кытай турушкан.
Күчү качып картайып,
Чыдоосу жок шалкайып.
Чыгып калган жумуштан,
Жүдөп турат чоң балбан,
Жүрөгү калган уруштан.
Азирет хандын кабарын,
Ар түрдүү кылган амалын,
Угуп жүргөн башынан.
Убагы кеткен Аргындын
Дарыядай ташыган,
Сөлөкөтү турса да,
Сөөгү жездей жашыган.
Мойнун созуп карады,
Көрө койду баланы,
Солк дей түшүп жүрөгү,
Соо болбойм деп санады.
Байыш турат күлүңдөп:
«Бак берсең кудай бүгүн – деп,
Оңума келсе Аргындын
Омкорсом болду түбүн – деп.
Жанагы балбаныңар кайда?» – деп.
Басып келди чоң балбан,
Кара таандай көп кытай,
Жарданышып таң калган,
Мына мен деп шерденип,
Чыга калды жаш бала,

Алп дөөнү дөөрүткөн,
Аңдыганды жөөлүткөн,
Ак жолборстой маш бала.
Көрө коюп баланы
Көмөлөтө кармаарда,
Баатыр Байыш камданып,
Басып барды балбанга.
Ыргытып ийчү немедей,
Ыкшай түшүп кармады,
Кулатып ийчү немедей,
Кол учу менен кармады,
Кысынбай күчүн үрөдү,
Кытайдын Аргын балбаны.
Бала балбан эр Байыш,
Бар кайраты жыйылып,
Бакты бер деп сыйынып.
Ичине кире калды эми,
Оң жанбашка салды эми,
Оюлгурду камынтпай,
Оңтойлото чалды эми,
Оолжуган түгөттү,
Оңкосунан салды эми.
Суу турбаган как жерге,
Кум жаткырган таш жерге,
Кайра тура калганча,
Оңолуп ченгел салганча,
Оңунда турган эр Байыш
Көтөрүп жерге бир чапты.
Көмөлөнүп таш капты.
Баатырсыган Аргындын
Башы сынды жанчылып.
Мээси жерге чачырап,
Сынып турат Сыядат
Балбанынан ажырап.
Калың кытай чуркурап,
Кадырлашы буркурап,
Сыядат баштап ыйласа,

Кайгырбай коёт ким чыдап.
Алп кармашса алжытып:
«Алгандыгы бар эле,
Алдуулар туура келбеген,
Балбандыгы бар эле.
Душман келсе ким алат,
Ким Аргындай тил алат,
Жоом келсе ким алат,
Жолун жезеп ким чалат,
Баатыр келсе, алп келсе,
Аргын өңдүү ким чыгат,
Алышса ала салдырып,
Алпты, дөөнү ким жыгат», –
Деп ошондо кытайдын
Күйүнгөнү көп болду.
«Ар күндө тамак аш кылса,
Аңдып келип бөрүчө
Шыпырып ичсе тойбогон,
Томаяк жарды, жакырга
Тоёрдук оокат койбогон.
Ошондо да кесептин
Кампайып карды чыкпаган,
Казанын жалап жутунуп,
Жук калтырбай шыпкаган.
Ырас болду өлгөнү,
Бул өлгөнү чын болсо,
Кутулдуң деген төлгөбү», –
Деп ошондо кытайдын
Сүйүнгөнү көп болду.

Аргындан айрылып, айласы кетип, хан Сыядат кайгырып эч айла таппай, өзү күрөшүүгө батпай, кандай кылып өлтүрөрүн биле албай жалынып жалбарып, жанына барып зарланып, Желкайыпка акыл салып, Сыядат хандын айткан сөзү.:

«Кыз дале болсоң туягым,
Менин кыбылада чырагым,

Кыргыздан келген баладан,
Кутула албай турамын.
Канткенде өлөт батчагар,
Каралдым сенден сураймын,
Аракет кылып ар канча
Өлтүрө албай турамын,
Жаш да болсоң туягым,
Менин жаркыраган чырагым,
Кыргыздан түшкөн баладан,
Кобоп кылып турамын,
Жайын билсең айтып бер,
Жаркыным сенден сурадым.
Алп мүчөлүү баладан,
Балбандын баарын өлтүрсө,
Кантип чыдай аламын.
Айбыкпаса патчагар,
Бүткөн бойдо чириген,
Алтымыш жерде жарадан.
Кылыч, шамшар, канжардын
Уусунун баары тараган.
Түгөнгүдөй болду эле,
Жараттан аккан кара кан,
Эзелден эркек бала жок,
Сенден башка кара жок.
Айланайын ардагым,
Сен элең менин жардамым.
Айдың-Көлдө урушта,
Канын төктү канчанын,
Кандай шумдук туш болду,
Каруум кетип чарчадым.
Адамзатпы, кудайбы,
Ким көрүптүр мындайды,
Айраң калды акылым,
Адам уулу чыдайбы,
Аязды анда жайласа,
Алмадай болгон жаш бала
Алты миң колдон тайбаса.

Үч миң киши, үйдөй мен,
Чынжыр менен байласа.
Үч адамча көрбөсө,
Тулку боюн канжарлап,
Жарадар кылса өлбөсө.
Мылтыктын огу өтпөсө,
Кылычтын мизи кеспесе,
Орго салсам батпаса,
Сууга салсам акпаса,
Аяз менен Аргынды
Кабаты менен өлтүрсө,
Ыраазы элем ушуга
Жамандык кылбай жөн жүрсө.
Акылман элең жол тапкан,
Кабар ал балам мен жактан.
Эс-акылга киргенден,
Эсебин таап эл баккан.
Башымдан кетти акылым,
Хандыгым каран калдыбы,
Жок эле менин жакыным.
Ажалым жетсе аргасыз,
Ара жолдо турган мен,
Айланайын Желкайып,
Айламды табар балам сен.
Башыңды жеген бул чунак,
Балбандын баарын түгөттү.
Байланып жалгыз келсе да,
Бардык элди жүдөттү.
Бала дечү эме эмес,
Менин башымды жутчу түгөтпү?
Ажалдан мурда өлтүрөр,
Айласын өзүң таап бер,
Адамзат уулунан
Көргөнүм жок мындай эр.
Аман койсом өлтүрбөй,
Ар душманым угушса,
Алы жетпей калды дээр,

Бир балалык алы жок,
Кытайда эркек барбы дээр.
Ошонетип өзүмдү
Жаман атка калтырбай,
Душманга сырды алдырбай,
Өлтүрөр жайын өзүң бил,
Айланайын каралдым,
Атаңдын айткан сөзүн бил.
Колу катуу эме экен,
Жоготор жайын ойлогун,
Тууганым жок, душман көп,
Уятына койбогун,
Өлтүрүп берсең, эбин таап,
Так, таажымды берейин,
Миң жамандык кылсаң да,
Бул эминең дебейин.
Убадам ушул, ант ушул,
Жалган айтсам бул сөздү
Уруп кетчү дарт ушул,
Арбак урчу шерт ушул,
Алдап айтсам бул сөздү
Анык тийчү мерт ушул».

Желкайып атасынын сөзүн угуп турду да, Байыш баатырга уурданып акыл салды: «Атамдын ак ор, кара ор деген эки ору бар. Эч бир адамга билдирбей ошол ак оргого сени салдырайын, бардык жаратың айыкканча багайын, жаратындын бардыгы айыккандан кийин атамдын Кара ала, Көк ала деген эки тулпары бар, ак орго жете турган алтымыш кулач ак танапты* салып ордон тартып алып, тулпарлардын үстүнө бир чыга турган болсок, кытайга оңойчулук менен жеткирбейбиз» – деп Байыш баатыр менен абдан антташып, убадасын бекитип, Сыядат ханга Желкайыптын айтып турган сөзү:

«Айланайын атаке,
Эми салдың акылды,

Өз баланды душманча
Көрбөгөнүң макулбу,
Өзөгү бөлөк душманга
Көңүлүм качан сатылды.
Калыстык менен сурабай,
Тилине кирдиң бир кыздын,
Мен көңүлүмдү бергидей,
Бөлөсү белем кыргыздын.
Душман кызга ишенип,
Тал-тал чачым жулдурдуң,
Санаадар кылып баланды
Чыркыратып сабатып.
Камчыдан ыргып кан атып,
Ак этимди бүлдүрдүң,
Душманымды күлдүрдүң,
Ошонуң жакшы кеп беле,
Өзүмдөн бир ооз сурабай,
Урдурарың эп беле,
Ошондо бир ооз сырдашпай,
Акылың кайда кетти эле.
Абыдан айлаң кеткенде,
Ажалың жакын жеткенде,
Акыл салып турасың,
Менин айткан сөзүмдү
Кабыл алсаң тынасың,
Кан кускан кыргыз баланы
Как ошондо жыгасың.
Кам топурак кара орду
Казып чыгып кетпесин,
Буулугуп калган көрүнөт,
Буза-буза теппесин.
Санындагы чынжырдын
Кулпусун ачып алыңыз,
Чыны менен баланын
Өлтүрөр жайын табыңыз.
Туш-тушун кенен койдурган,
Түбү ыраак өтсүн – деп,

Алтымыш кулач ойдурган,
Түбү нымдуу болот – деп,
Таш тиздирип чыңдаткан.
Тегерете ичине
Бышык кыштан кынаткан.
Ак оруң бар атаке,
Кабарың жок бул жактан.
Ак орунду айтайын,
Алтымыш кулач ак танап,
Араңдан зорго жетүүчү,
Байлап туруп таштаса,
Кулаган бойдон кетүүчү,
Өлүү-тирүү дайны жок,
Өмүрүндө бекүүчү.
Мен ордуна хан болуп,
Тагыңызга мингенде,
Өзүмдү өзүм билгенде,
Ар күндө арыз үйүлүп,
Сурагыма киргенде,
Далайдын башын кескемин,
Дайындуу ишти издедим.
Көр кепинин алдырып,
Тирүүлөй орго салдырып,
Караңгы ордун ичинде
Суусунун шорго кандырып.
Өзүм кошо баргамын,
Ак орго салган адамдын
Өлөрүн билип калгамын.
Өлөрүн айтып бер десең,
Алтымыш кулач-танапка
Белинен бекем байлатып,
Оттой көзүн жайнатып,
Таштай шорун кайнатып,
Ак ордодо өлсүн ачкадан,
Азапты өзү баштаган.
Ор түбүнө куласын,
Оозунан түтүн буласын.

Ойронун антип чыгарып,
Ошондо ата тынасың.
Же өлүүсү билинбей,
Же тирүүсү билинбей,
Ордон кайта бурулбай,
Амандыгы угулбай,
Ошол бойдон чирисин,
Ордо жатып ирисин.
Өзү жалгыз кыргыздан,
Кимиси келет алыстан.
Өзүнө зыян түбүндө,
Өлбөй калсаң шүгүр де,
Эбин таап өлтүргүн,
Кыргыздын балбан баласын.
Кырылышар жоо калбай,
Кымылдап териң тарасын».
Хан Сыядат ошондо
Ырас айттың муну – деп,
Бул акылың туура – деп,
Макул көрдү Сыядат,
Кубангандан көөнү шат.
Кабагын жазып күлүңдөп,
Капалыгы билинбейт,
Кайраттуу Байыш азамат.
Чынжырлап кишен салдырган,
Чырматып эки далыдан,
Ыраак басып кеткисиз
Абыдан бекем чарыган,
Орго салмак болгондо,
Ошондо Байыш ойлонуп,
Үмүт кылды жанынан.
Чырмаган темир зым менен,
Жыртык чапан шым менен,
Тулку бою жаралуу,
Өлөр-өлбөс сын менен.
Ак танаптын бир учун
Белине бекем байлады,

Орго таштар кезинде,
Оолжуган чунактын
Оттой көзү жайнады.
Алдынан чыгып жол тосуп,
Амалсыздан Желкайып,
Акырын сүйлөп коштошуп,
Көз ирмеп көзүн оңдошуп,
Ажырашкан күн ошол
Айтышкан антты болжошуп.
Желкайып жакшы кылдың – деп,
Душманымдан тындым – деп,
Эмне кылсаң карагым,
Сага моюн сундум – деп.
Ыраазылык кеп айтты,
Чогулган калың эл кайтты».

Байыш баатыр ордо калды, Желкайып ойдо калды. Сыядат хандын санаасы тынып, үйүнө барды.

Эмки сөз Куланчы чечен менен Тамадан башталат. Бул экөө Жаныш жиберген бойдон Байыштын кайда экенин, өлүүсүн же тирүүсүн биле алышпай жүрүшөт. Экөө тең кытайча тилди абдан билишти. Кытайча кийим кийинип, чачтарын коё берип, кадимки кытай болуп алышты. Экөө келе жатса, бир топ кытай сүйлөшүп жатышканын угуп турса, Байыштын эрдигин жана балбандыгын, Аргынды өлтүргөнүн айтып жана орго салганын кеп кылып жатышат. Кытайча тил менен Тама сурады, сураса кытайлар айтышты: «Кыргыз экен, бир бала Айдың-Көл деген жерде уруш болуп, биздин кытайдын көп колун кырган. Жалгыз өзү Аяз балбанды өлтүргөн. Сыядат хан өзү чоң балбан экен, темир тор тосуп кармап келиптир. Дарга тартса өлбөйт, ок өтпөйт, кылыч кеспейт. Аргын балбанды өлтүрдү, ошону хан орго салдырды деп». Тама угуп келди. Куланчыга айтты да, «эми табат экенбиз» дешип кубанычта болуп калышты. Эмки сөз Желкайыптан.

Желкайып Байыш баатырды багып жаткан жери:

Хандын кызы Желкайып,
Караңгы түнгө кунт алып,
Мундуунун күнүн ойлонуп,
Уктап жатып эстесе,
Ыргып турат ойгонуп.
Караңгы түнү күндүздөй,
Кабарын жанга билгизбей,
Алтын дарча ордодон,
Жылып чыгат илбирстей.
Камынып алат күндүздө,
Караңгы ордон Байышка,
Кабарлашат түнүндө.
Айыктырып жарадан,
Кетем го деп түбүндө.
Байлоодо турган кезинде,
Бардык сырын антташып,
Байыш менен кенешкен.
Багып жатат Желкайып,
Андай-мындай дебестен,
Алды жумшак болсун – деп,
Олпок баштап кебезден.
Эки кабат, үч кабат,
Кийим камдап жаңыдан,
Жаны, дили берилген.
Жалтылдаган Желкайып,
Жакшылап багып абыдан,
Жараты бачым бүтсүн – деп,
Алып келип таштады,
Кырма кызыл дарыдан.
Барбай калса бир түнү,
Басылбай чыгат мундуу үнү.
Атасына сүйлөшүп,
Асти дайнын билгизбей,
Жайкап жүрөт ар күнү.
Кытайларга билинбей,

Уурулардын биринде
Ак орду карай жол тартып,
Ар күнү барат түн катып.
Жаза албады көңүлүн
Жайлуу жерге бир жатып,
Ар бир түндө Желкайып,
Кетпеди ордун жанынан.
Кытайга дайнын билдирбейт,
Кыз бечара сагынан.
Кыяматтык болсом – деп,
Кызмат кылды абыдан.
Жаратын жууп турсун – деп,
Жамгырдын суусун тостуруп,
Арасына чылатып,
Ак данакер коштуруп,
Көк жал Байыш баатырга
Көңүлүн берген дос кылып.
Көзү катып уйкудан,
Көңүлү жок тынчыган,
Күйөөм кандай болот – деп,
Көңүлүм кимге толот – деп,
Бал ачтырып көп сурайт,
Балчы менен сынчыдан.
Тилегиңе жеттиң – деп,
Бардык сөзүн балчы айтат,
Кээ бирөөлөр бет келсе,
Кошоматка калп айтат.
Сынчылар сынап сынды айтат,
Сынына келсе чынды айтат.
Желкайыптын алдына
Бир кемпир келди бүжүрөп.
Сүйлөй албай шөмтүрөп.
Арча менен аластап,
Ар балаадан калдастап,
Адырашман түтөтүп,
Алдына келди камданып,
Сырын айтар бекен – деп,

Алдап соолап шам жагып.
Ал кемпирди Сыядат:
«Желкайыпка бар деген,
Мусулман болду деди эле,
Калпы-чынын бил деген,
Көп кечикпей кел деген,
Чынын билип бер деген».
Желмогуз кемпир сынады.
Жик билгизбей сурады,
Жымырайып Желкайып,
Эч кабарын чыгарбай,
Кемпирдин кылган ишине
Токтоо кылып тура албай.
Бал ачуучу балчыны,
Сын түшүргөн сынчыны,
Сынамыш болгон тыңчыны,
Сыр билгизбей жыпылдап,
Сыртынан кордук кылчууну,
Аластап кеткен кемпирди,
Арам санаа кесирди,
Чакырып алып Желкайып,
Караңгы тамга камады.
Сырымды айтат экен – деп,
Акылга болжоп санады.
Тирүү койсом буларды,
Турмушумду айтар – деп,
Атам укса ишенбей,
Ыкыласы кайтар – деп.
Желдеттин бирин чакырып,
Жеткенде сой деп тапшырып.
Сынчы менен балчыны,
Төлгөчү менен бакшыны,
Аласчы менен шамчыны,
Атама айтып коёт – деп,
Өзүмө зыян болот – деп,
Баарынын башын алдырды.
Байыш үчүн Желкайып,

Өзгөрүп көөнүн жам кылды.
Куланчы менен эр Тама,
Издегени бир бала,
Сурасак бирөө билет – деп,
Шаардын ичин иреттеп,
Билинип калса шекшийт – деп,
Биз таппаган эр Байыш,
Зымырата бекийт – деп.
Бээжин шаар калаадан,
Туш-тушунда көчөсү,
Күнчүлүктөн тараган,
Баатыр Тама, Куланчы,
Арытып бүтүн караган,
Эч бир кабар таппады,
Ак ор менен баладан.
«Түн уктаса түшүндө,
Күндүзү чыкпайт санаадан.
Шаар ичинен табылбай,
Издеп чыкты талаадан,
Талаадан издеп келатса,
Бир адырмак жөлөңкө,
Адырмактын үстүндө,
Аркайган бийик дөбөчө,
Дөбөгө чыгып карады,
Мелмилдеген талааны,
Куланчы чечен чыгарды,
Дөбөгө баатыр Таманы.
Тама көзүн талытып,
Туш-туш жакты карады.
Дүрбү салып караса,
Мелмилдеген талаада.
Топурагы* тоо болуп,
Тегерете чекеси,
Түбү терең коо болуп.
Көрө коюп эр Тама,
Зоо эмес деп ойлонуп.
Куланчыны чакырды,

«Кубанды менин көңүлүм,
Кудай берет шекилдүү
Дегдеди менин жүрөгүм.
Теңирим берет шекилдүү,
Улуу кары Куланчы,
Укчу менин сөзүмдү.
Мен көргөндү сен көрүп,
Бир кубантчы көзүндү,
Тээ мунарыктуу талаада,
Топурак турат үйүлгөн,
Көптү көргөн кары элең,
Көзүндү салып тааны сен.
Көкүрөгүм ачылып,
Көп сүйүнүп турам мен».
Куланчы келип карады,
Мунарыктуу талааны,
Болсо ушул болот – деп,
Пикиринде санады,
Ээрчитип алып жөнөдү,
Жолдошу баатыр Таманы.
Чаалыкканы билинбей,
Чатырай басып барышты,
Ак ор деп жазган кытайча
Жазуусун көрө калышты,
Сыдырата тизилтип,
Жазып койгон каты бар,
Сыядаттын наамында,
Ак ор деген аты бар.
Баатыр Тама, Куланчы,
Кытайдан чындык кеп укkан,
Кыргыздан келген баланы,
Ак орго салды деп укkан.
Баатыр Тама, Куланчы
Келишти ордун башына,
Көргөндөр чыдап тургусуз
Көзүнөн аккан жашына.
Жүрөктөрү жалындап,

Жүгүргөн бойдон келишкен,
Тирүү болсо уксун – деп,
Туралбай салам беришкен.
«Айланайын эр Байыш,
Аман-эсен барсыңбы,
Тирүү болсоң түңүлбөй,
Байкагын айткан арзымды.
Ак ордо жаткан жалгызым,
Же ачылар күнгө зарсыңбы.
Кагылайын эр Байыш,
Казылган ордо барсыңбы?
Карып жаның бар болсо,
Кабыл кыл айткан арзымды.
Жаш жайдары бар болсо,
Жарыктыкка зарсыңбы,
Душманың эмес тууганбыз,
Изиңди өлчөп кууганбыз.
Үч жылдан бери табалбай,
Бүгүн келип турганбыз,
Кубат кылып издеген,
Куланчы менен Тамабыз,
Байышыма бар деген,
Баатыр Жаныш агаңыз.
Кытайдан уктук дайыңды,
Ак оруна салды – деп,
Алтымыш кулач зындандын,
Эң түбүндө калды – деп.
Сүрөөго көңүл чыдабайт,
Дагы эле тирүү барбы – деп,
Кыргыздык жайды билдирбей,
Же кытайча окуп тил билбей.
Кыйналып жүрдүк эки жыл,
Күн батып, эрте түн кирбей.
Кысынып жүрдүк акырын,
Тирүү болсоң үнүңдү,
Бир чыгарчы баатырым.
Жарадар болсоң багалык,

Айыктырып алалык,
Абалкыдай оолукпай,
Арылгандыр балалык.
Кытайга дайнын чыгарбай,
Кутулар айла табалык.
Өлүүсү менен тирүүсүн,
Билгенче тентип жүр деген,
Тирүү болсо колуңа,
Тийгенче тентип жүр деген.
Тапмайынча келбе – деп,
Таалайымдан айрылып,
Кантип барам элге – деп.
Аган Жаныш бул кезде,
Аккүргүндүн жээгинде,
Айдың-Көлдүн белинде,
Туш-туш жагын торготуп,
Көпүрөнүн жээгинде,
Кытайдан душман көрүнсө,
Кыргын салар эбинде,
Азык-оокат жарагын,
Ою менен бүтүргөн,
Урушууга чынданып,
Он беш жылдык күтүнгөн.
Опурулса агандын
Он миң колго күчү тең.
Тирүү болсо кытайдан,
Ажыратып алам – деп,
Жан бооруң Жаныш ишенген.
«Айланайын Куланчы,
Кыргызмын деген үнүндөн,
Үн жетпес ордун түбүнөн,
Укканда көңүл ачылды,
Өлүмдөн аман тирүү мен.
Ак ордо жатам дайынсыз,
Алымдан кабар уксаң сен.
Жарыгы жок караңгы,
Жер алдында жатамын,

Жаркыраган күн үчүн
Көзүмдүн курчун сатамын.
Жарыктык шоола көрүнбөйт,
Жан чиркин кыйнайт капамын.
Өлүү менен тирүүнүн
Ортосунда жатамын.
Тирүүлүктөн түңүлүп,
Өлүмгө оогон убагым,
Жолдошум Тама, Куланчы,
Абалымды сурадын,
Чын болсо Кудай Тааланын,
Салганына чыдадым.
Калың кытай көп элден,
Сыядат хандан туулган,
Мурунтан бери тилеги
Муңдашым болсо деп жүргөн,
Кыргызча окуп тил билген
Мен Бээжинге келгенден
Кыргыздын дайнын билдирген,
Муңдашым болду Желкайып,
Мен ушуга дилгирмин,
Сыядат хандын бир кызы,
Дүйнөнүн жарык жылдызы.
Байлалуу күндөн таанышып,
Байыштын ошол ырысы.
Акыл айтып, эс берген,
Таалайыма кез келген.
Ажалым жакын келгенде,
Айламды тапкан мына шул,
Аргын деген балбандын,
Адатын мурун угузду.
Өз жанымдан ардактуу
Көргүм келет бул кызды.
Өлүмдөн кудай сактаса,
Болот ко түбү ырыскы,
Алдым кебез төшөктөн,
Үстүмдө жабуум жибектен,

Желкайыптын жардамы
Тирүүмдө кетпейт жүрөктөн,
Экөөбүздүн антыбыз,
Өмүрдү бирге тилешкен.
Атасын алдап Желкайып,
Ак орго мени салдырды,
Имерилип сүйлөшүп,
Ич пикирди жам кылды.
Шекер менен бал ташып,
Суусунумду кандырды.
Ордо эле жатат дебесең
Оюмда кылча кара жок,
Ойгоном, уктайм, кардым ток.
Жаратымдын баарысын
Дары коюп таңуулап,
Айыктырып келатат,
Үч жылдан бери дарылап.
Кез-кезинде келип тур,
Кеч кире элек күндүздө.
Желкайыпка Куланчы
Келгенинди билгизбе,
Мусапырбыз бу кезде,
Муң кайгынын баары ичте.
Таза болсом ак ордо
Жатат белем эмгиче,
Кырк бөлүнөт шум санаа,
Кыз Желкайып келгенче.
Он жыл да болсо чыдаймын,
Ордо жатып сынаймын,
Оюнда барбы элиң – деп,
Оңолдуңбу бегим – деп,
Желкайып жооп бергенче.
Кара таандай кытайга,
Кыргызча сүйлөп көрүнбө,
Менин ушул сөзүмдү
Бек сактагын көңүлгө.
Дайыныңар билинсе,

Каласыңар өлүмгө,
Кыялданып жүргүдөй,
Кыргыздын жоксуң төрүндө.
Жайлуу жерге жаткыла,
Жата турган жайынды,
Жайгаштырып тапкыла.
Баатыр Тама, Куланчым,
Анттуу, шерттүү Желкайып,
Асырап баккан кубанчым.
Ар түнүндө Желкайып,
Аракет кылып тынбады,
Азыркысын Байыштын
Жетелек кетер кырдалы.
Бүгүлгөн эки канатым,
Бүткөн бойдо жаратым,
Жаңырып кайта ырбады.
Көрүп калса Желкайып,
Арам ойлор шекшинип,
Алыма келип жаратым
Айыксын күчүм жетилип,
Билинбей жаткын бекинип» –

деп, Байыш сөзүн бүтүрдү. Куланчы, Тама коштошуп кайтышты. Өз жандарын жайлап багышып жата беришти. Эмки сөз Желкайыптан болсун.

Байыштын жатканына жети жыл болду. Сегиз жылга айлана баштады. Ошого чейин Байыш Желкайыпты карай эч сүйлөгөн эмес, Желкайыптын ачуусу келди. «Мен сегиз жылдан бери – жанымды кыйнап, күнү-түнү багып жүрсөм, адамча чыгарган үнү жок, сүйлөгөн тилин, сөзүн угайын, эгер сүйлөбөсө, үстүнө таш таштатып жиберейин» – деп, караңгы түндө ордун башына барып, Байыш баатырды карай Желкайыптын айтып турган сөзү:

«Өмүрүңчө талыбай,
Жатасың ордун түбүндө,
Керели-кечке билдирбей,

Камынып алам күүгүмдө,
Түйшүк тартып жалгызым,
Тынбай келем түнүндө.
Жетилип колго тиер – деп,
Жети жыл болду бакканым,
Сегиз жылга айланды
Жер алдында жатканың.
Жети жылдан бер жакка
Сүйлөтөр айла таппадым.
Кытайда жалгыз жүргөндө,
Таалайыма табылдың.
Амандыгың тиледим,
Бир чымындай жаныңдын,
Жер алдында жети жыл,
Ардакталып багылдың.
Ар убакта өзүңдүн
Санаага татты сөзүңдүн.
Анты-шертин сагындым,
Өлүмдөн тирүү бар болсоң,
Анттуу-шерттүү жар болсоң,
Сүйлөтчү булбул тилинди.
Чыгарчы күкүк үнүңдү.
Күтүп жүрөм зарланып,
Калкыңа кетер күнүңдү.
Дарга асылган күнүндө,
Бир кармайм деп колуңду,
Мен тарттым далай шоруңду.
Ачаар бекен деп тилеп,
Жүрөмүн сенин жолуңду.
Жаратыңа ташыдым,
Кытайдан Шооша табыптын
Кырма кызыл дарысын.
Адам кылар иш эмес,
Ак ордо жатып алышың,
Байкасам сенин эр Байыш,
Башында жокпу намысың,

Эбин таап качалык,
Эрдигиңди тааныcын.
Талыбаймын багамын,
Дартыңа дары табамын.
Керегиңдин баарысын
Жер алдына саламын,
Жети жылдан бер жакка
Же билинбейт тирүү кабарың.
Кызыгып жатып алдыңбы,
Ташып берген шекерге,
Көзүңдү ачып сөзүмдү ук,
Көңүлүң болсо кетерге,
Эл, журтуңду эстебей,
Жата бербе бекерге,
Канатыңды күүлөгүн,
Кайрылып учуп жетерге.
Кагылайын ойлонгун,
Уктасаң угуп ойгонгун,
Качсак качар камыңды
Эчак камдап койгонмун.
Каруу жарак калганын,
Орго салчу арканын,
Ойноктогон аттарын,
Такыр алып Сыядаттын
Чыгаралык ойронун.
Кыжылдаган кытайлар,
Кырылгандай уктады,
Кыйкырык салып сынасам,
Кылчайып бирөө чыкпады,
Качсак качар күн бүгүн,
Кетсек кетер түн бүгүн,
Чыдай албай сурадым,
Чыгара турган үн бүгүн.
Арылсын бизден жалгызым,
Ачылбаган мундуу үн.
Түгөнбөгөн көп шорду,
Түпсүз орго чачалы.

Тулпарды минип тирүүдө,
Эки тилек кошулуп,
Узак жолго созулуп,
Сапар жолун ачалы».
Ошондо Байыш ашыгып,
Капалуу көөнү жазылып,
Желкайыпты карады,
Жети жылы зынданда
Жаткан чери тарады.
Желкайыптын сөзүнөн,
Кетем го деп санады.
«Айланайын Желкайып,
Караңгы ордун ичинде
Батамды берем кол жайып.
Жайы-кышы жети жыл,
Таба албадым эч айып,
Кылчайып кетер кун барбы,
Карасы тарар түн барбы,
Кытайга кандуу туу жайып,
Менин мүнөзүм сизге ишенген,
Желкайыпсың бактыма,
Өмүрүнчө туш келген,
Куткарат деп ойлодум,
Чырмаган чынжыр кишенден.
Элден мурда бошоттуң,
Чырмалуу чынжыр торунан,
Чечтирдиң темир зоолуну,
Чырматкан эки колуман.
Акылын табар убагың,
Атаңдын алтын орунан.
Айламды өзү табат – деп,
Асырап жакшы багат – деп,
Алты жыл чыдап бек жаттым,
Аман болсо Желкайып,
Айламды табар деп жаттым,
Жер алдында көп жаттым,
Жети жыл чыдап бек жаттым.

Желкайып тирүү бар болсо,
Анттуу-шерттүү жар болсо,
Жете келер деп жаттым.
Алтымыш кулач ак ордон
Учуп чыгар канат жок,
Ар тарабы бышык кыш,
Бузуп чыгар жарак жок.
Келет эле дарманым,
Ордон чыксам чын чыгып,
Боло турган арманым.
Ошону үчүн Желкайып,
Унчукпай жатып калгамын.
Убарамды көп тартып,
Сага түштү салмагым.
Жараатым бүттү эки жыл,
Жадабай бактың жети жыл.
Сенден бир сөз болбосо,
Не сүйлөймүн бекерге,
Кыйноодо жаткан мусапыр
Кызыгат белем шекерге,
Эки көзүм төрт болот,
Ичим күйүп өрт болот,
Эл, журтума кетерге,
Карала менен Көк ала,
Атаңдын эки тулпарын,
Ак орго салсаң ченелүү,
Алтымыш кулач арканын,
Ала келип сүйүнткүн
Ак болоттон калканын,
Аркамдан барып урушса,
Чыгарайын талканын.
Ак танапты ала келиңиз,
Учун мага бериңиз,
Алты жыл жаткан Байышты,
Ак ордон тартып алыңыз,
Айламды бүгүн табыңыз.
Алты жыл жаткан Байышты

Аргытып тартып алыңыз.
Азап тартпай өмүрү
Жыргасын сиздин жаныңыз».
Кайра тартып Желкайып,
Ордосун карай жөнөдү.
Алтымыш кулач танапты.
Оңтойлоп койду жолуна.
Качырып жоого кирчүдөй,
Калканды такты жонуна,
Карала менен Көк ала
Тулпарларын токуду,
Таң атып кетет экен – деп,
Желкайып ойлоп чочуду.
Тулпарлардын куйругун
Туура байлап түйдү эми,
Көкүрөгүн дагдайтып,
Көкүлүн өөдө шүйдү эми.
Берсең кудай бергин – деп,
Билинер бекен белгиң – деп,
Бир тилегим бар эле,
Берер күнгө келдиң – деп,
Тузун татар бекемин,
Баатыр кыргыз элдин – деп.
Тулпарларын Желкайып
Бирин минип чу коюп,
Бирин коштоп дуу коюп,
Таңга жакын болгондо,
Тараза жылдыз толгондо,
Жете келип карады.
Алтымыш кулач кыл аркан,
Салайын деп санады.
Эстесе эстен таныптыр,
Эсинен чыгып калыптыр,
Алтымыш кулач кыл аркан,
Акылдан чыгып калыптыр,
Ойлоно калып Желкайып,
Байышты карай дыркырап.

Айтып турат арманын,
Алтымыш кулач кыл аркан,
Акылдан чыгып калганын.
«Айланайын жалгызым,
Акылым кудай алыптыр,
Алтымыш кулач кыл аркан,
Акылдан чыгып калыптыр.
Эсимди кудай алыптыр,
Иреттеп койгон кыл аркан,
Эсимден чыгып калыптыр.
Арканды кайдан табайын,
Таң атты кайда барайын.
Аркан таап бергин – деп,
Кимдин көзүн карайын.
Айла жок кайда барайын,
Айланайын жалгызым,
Ак ордон сага жеткидей,
Арканды кайдан табайын.
Аркан таап бергин – деп,
Кимдин көзүн карайын.
Ойлонбогун жалгызым,
Бул мүнөзү кандай – деп,
Алтымыш кулач ак ордон,
Бүгүн тартып албай деп,
Алым ушул жалгыз кыз,
Бүгүн болдум шашылыш.
Жооп берсең кайта барайын,
Албарсын кынга салайын.
Жоо-жарагын билгизбей,
Орду-ордуна жайлайын.
Тулпарларды кайтара,
Жайларына байлайын.
Сыр алдырбай эч кимге
Үйгө барып калайын,
Керели-кечке тымызын
Бек камынып алайын,
Өксүгөн бойдон жалгызым,

Өспөптүр сенин таалайың.
Али кечинде келейин,
Бүгүнчө чыдап жатыңыз,
Айланайын жалгызым,
Арылар бекен саатыңыз,
Алаптап жүрүп унуткан,
Айласы барбы жалгызым,
Ачылбаптыр жолуңуз,
Арылбаптыр шоруңуз.
Алтымыш кулач танап жок,
Сунсак жетпейт колубуз,
Али түндө келебиз,
Бүгүнчө аман болуңуз.
Оолукмалуу эр Байыш,
Жаратынан оңолгон,
Жети жыл жатып бук болгон,
Ичине кайрат жык толгон.
Желкайыпты карата,
Жыйылган күүсүн тарата,
Ойлонуп көөнү зилдеди,
Оозун тартпай эр Байыш
Желкайыпты тилдеди.
Кыйкырык салып ак ордон
Кызый-кызый жиндеди.
«Атаң динге кирбеген,
Алыстыгың билинди.
Жанында болсом сүйлөтпөй,
Кесет элем тилиңди,
Мурда келдиң сүйүнтүп,
Эми келдиң күйүнтүп,
Караңгыда чөккөн көңүлдү,
Кайгылуу өскөн өмүрдү,
Кайтара муңга түйүлтүп.
Кежирлигиң кармаса,
Ойлонорсуң каргаша,
Өлтүрөрсүң өзүмдү,
Өрттөтөрсүң сөөгүмдү.

Эртеле башта бир өлүм,
Өрттөнөт кайнап жүрөгүм,
Акыры бир күн дүйнөдөн
Өлөрүмдү билемин,
Айтышкан анттын ичинде,
Бар беле ушул тилегим.
Жети жылдан бер жакка,
Жер алдында жатамын.
Көңүлүн кыйбайт экенсиң,
Хан Сыядат атаңдын.
Жер сүздүрүп турасың,
Желкайып сага капамын.
Өлүк эмес тирүүмүн,
Өлгөндөрдүн биримин,
Өлбөй тирүү кетпеске,
Өз элиме жетпеске,
Үмүтүм үзүп жүрүмүн.
Кайта келип Желкайып
Тулпарларды байлады,
Жарак-жабдык калканды,
Орду-ордуна жайлады,
Жаман айтып койдум – деп,
Жанымдан неге тойдум – деп,
Байыштын кетти шайманы.
«Капырсың деп жемелеп,
Каарына калдымбы,
Айбынбаган курч жаным,
Ачууланып алдымбы.
Өктөм сүйлөп жүргүдөй,
Өз элимде бармынбы,
Оңунан айтып билдирбей,
Оңолгуча тим жүрбөй,
Оройлукка чалдымбы.
Таарынып калып бир жолу,
Келбей койсо не болом,
Учуп чыгар канат жок.
Кармап чыгар танап жок.

Ордо жатып жоголом,
Орой сөз жаман тилимден,
Качан жүрүп оңолом».
Деп кайгырып турганда,
Таң агарды сөгүлүп,
Тарады жылдыз бөлүнүп.
Күн чачырап жарыгы,
Жер жүзүнө төгүлүп,
Ор түбүнөн эр Байыш,
Асманды тиктеп караса,
Аяктай жери көрүнүп,
Чабалактап эр Байыш,
Эч айласын таппады
Жети жыл жаткан зынданга
Бир күнү кечке батпады.
Кайта келсе Желкайып,
Бир жалынып көрсөм – деп,
Көңүлүнө сактады».

Байыш өзүнөн кеткен айыпка аябай капа болду, ошол убакта Куланчы менен Тама келип калды да, Байышка кабар салды. Экөө сөзүнөн Байышка тааныльды. «Мен бүгүн түндө кетемин. Эгер кете албай калсам, эртең дагы кабар алгыла акылдашабыз, эгерде мен кетип калган болсом, экөөңөр эки ат таап минип, биздин аркабыздан Айдың-Көлдү карай жөнөгүлө» – деп Байыш баатыр Куланчы менен Таманы жөнөттү. Өзү ордо жатып калды.

«Керели-кечке Желкайып
Кем кемтигин камынган,
Жыл он эки ай түгөнгүс,
Күл азыгын камдаган.
Күмүш жагоо тунжурдай,
Канатын күүлөп чамдаган.
Жоого кирчү немедей,
Айбалта бар колунда,
Атышка кирчү мергендей,

Калканы бар жонунда,
Кырылышка кирчүүдөй,
Кылычы бар жанында.
Канжар, шамшар болоттор
Кан төгүүчү табында,
Качырып кирип барчудай
Өрттөнүп жаткан жалынга.
Эрте эмес, кеч эмес,
Түн ортосу болгондо,
Ай караңгы жыбырап,
Бардык жылдыз толгондо,
Калың кытай бут серппей,
Тегиз уктап жатканда,
Суук көрүнүп калдым – деп,
Ордо жаткан балбанга,
Жараткан деп жалынып,
Жалгай көр деп табынып,
Үзөңгүгө бут салып,
Аттанып чыкты камынып.
Бир тулпарды жетелеп,
Бир тулпарды минди эми.
Арыта карап туш-тушту
Ак орду карай жүрдү эми.
Окусунан бир адам
Дүбүртүнөн туят – деп,
Билинип калсам кокустан,
Атамдан келер уят – деп,
Угулуп калса кытайды
Түн боюнча жыят – деп.
Өмүрүмчө өксүтүп,
Ырысымды кыят – деп.
Шаар ичинде Желкайып
Акырындап бастырды,
Аттарынын жүргүшүн
Бир заматта маш кылды.
Талаага чыга чу коюп,
Дүбүрөтүп дуу коюп,

Барды ордун башына,
Байыштын турду кашына.
Көз көргүс кара түн менен,
Көөдөндө мунду үн менен,
Көп кубаныч сөз чыкты
Булбул сындуу тил менен.
Аттанып барган дүбүртүн,
Душмандын бири билбеген.
Акылы даана Желкайып,
Ак орду карай үн салды,
Амансыңбы баатыр – деп,
Ат үстүнөн мунданды.
Караңгы ордун түбүндө,
Кара көзүң тунарган,
Кылчайып жарык күн көрбөй,
Кызыл жүзүң кубарган.
Акылыңды тапканга,
Жети жылы бакканга,
Ойлонбогун эч арман.
Айланайын жалгызым,
Убада, шертти танбадым,
Учкан куштай сызарга
Тулпарларды камдадым,
Өмүрүмдү дос көрүп,
Ак никемди арнадым.
Угуп турчу жалгызым,
Убада, шерттен тайбадым,
Ак танаптын бир учун
Белиңе бекем байлагын.
Жалдырап ордо көп жаттың,
Жарыктык көрүп жайнагын.
Таң жаркырап дук салып,
Ата турган убакта,
Тараза жылдыз кубулуп,
Бата турган убакта,
Ак танаптын бир учун
Ак орго таштап жиберди,

Тулпарлардын тизгинин
Оң жагына имерди.
Камчы басып теминип,
Тулпарларга күч берди,
Аттардын күчү койбоду,
Ак ордо жаткан бир эрди,
Көрүп турат эр Байыш,
Көк ала тулпар минерди.
Жулуп чыкты тулпарлар
Ордо жаткан Байышты,
Баатыр Байыш мингенде
Көк ала бели майышты.
Он бешинде камданган,
Он алты жашка барганда,
Сыядат хандан кармалган.
Жети жылы зынданда
Жарыктык көрбөй зарланган,
Алп катары болуптур,
Абыдан сөөгү толуптур.
Таманы жазы жарым кез,
Каарланып караса,
Жан чыгарчу жалын көз,
Далысы жазы эки кез,
Баатыр мүчө алп мүнөз,
Жыйырма үч жашка толуптур.
Кыргын салып кылымды
Бузар кези болуптур.
Тулпарга камчы салышып,
Шаардан чыкты жарышып.
Түз талаада аргытып,
Тизгиндер колдо карышып,
Айдың-Көл жолу кайда – деп,
Ооздугун чыгарып,
Суулуу жерден сугарып.
Чөптүү жерден чалдырып,
Кутулдук деп кубанып.
Адыр дебей, түз дебей,

Ансыз жолду издебей,
Алдындагы тулпарлар
Секириши бүргөдөй,
Жаландашып жүгүрсө,
Караганы сүмбөдөй.
От ордундай таштарды
Омура басып жүгүрөт,
Кара ала менен Көк ала,
Жаткан уйдай таштарды
Жара басып жүгүрөт,
Жамгыр, мөндүр, шамалга
Аралашып жүгүрөт,
Дүбүртүнө жер бети
Зорго чыдайт дүңгүрөп.
Күндүз дебей, түн дебей,
Тынчыйлык бүгүн күн дебей,
Жайланышып сүйлөшүп,
Бирине бири үндөбөй.
Сыр алдырбай келатат,
Зыңгыраган дилдедей.
Канчалык катар тоо ашып,
Камынышып эң шашып,
Дарыя кечип, таш басып,
Ат үстүнөн азык жеп,
Аман-эсен кетсек – деп,
Желкайып менен жарышып,
Кетип барат Байыш бек,
Тулпар жүрүш, куш учуш,
Жер ортосу тушма-туш,
Он эки күнгө толгондо,
Сыр тоосунун оюна,
Аккүргүндүн боюна,
Тура калды каралап,
Чытырмандуу токойго,
Кирип барды аралап,
Туш-тушунан баарысы
Каман азуу тикенек,

Чымчык учуп келбесе,
Андан башка ким келет.
Аттарын аса байлоого
Катарланган чоң терек,
Аса байлап аттарын
Ээр-токумун алышты.
Кутулдук деп кубанып,
Ээр токум, көрпөчө
Тегиздеп төшөк салышты.
Жоо келет деп аркадан,
Жол тартышып чарчаган,
Жайланып жатып калышты».

Желкайып Байыш экөө үч күнү уктап калды. Желкайып ойгонуп карап отурду. Байыш баатыр дагы үч күн уктады. Желкайып аттарды откоруп, сугарып кайтадан келсе, Байыш уктаган бойдон жатат. Токойдон күрүлдөп бир жолборс чыгып келе жатканын Желкайып көрө коюп, Байыш баатырды тарткылап ойготуп айткан сөзү:

«Баш көтөрүп көзүңдү ач,
Баатырсың Байыш өзүң жаш.
Караңгы калың токойдон,
Качырып чыкты да бир кас.
Кутуруп чыккан жолборстон,
Кутулар айла табылбас.
Ааандай оозу ачылып,
Тишинен заары чачылып,
Түсү бузук арамы,
Тим эле чыкты качырып,
Кутурган жолборс келатат,
Кулагын баштан жапырып,
Көзүңдү ачып карагын,
Көрдүңбү жоонун караанын,
Келип калды Байыш – деп,
Же угулганбы кабарын.
Эч айламды табалбай,

Өрттөй күйүп барамын,
Жолборсту көрүп жан калбай,
Чочуду менин жүрөгүм.
Баса калып жүрбөсүн,
Баш көтөр Байыш зирегим.
Кандай шумдук туш болду,
Бул эмес эле тилегим,
Бирде салат сол колун,
Бирде салат оң колун,
Алдырып коюп жолборско
Армандуу күндө болбогун.
Сен бир адам, ал айбан,
Озунуп жолун торогун.
Кайрат кылбай Байыш жолборско,
Чалдырып койсоң болбоско.
Бул жолборсту өлтүрсөң,
Экөөбүзгө жол бош ко.
Адам туруп айбанга,
Арстаным Байыш чайналба,
Акыл айтып турамын,
Алсыз да болсом мен сага,
Ак жолборсту өлтүрүп,
Аман кетер күн кана.
Баш көтөрүп карагын,
Баатырлыкка жарагын,
Олуялар жар болуп,
Орундасын талабың.
Келе жатат душманың,
Кечикпей тапкын амалын.
Ошо кезде эр Байыш
Көзүн ачпай үлдүрөйт,
Көк жолборс десе ойгонбой,
Көңүлгө алып ойлонбой,
Асти башын көтөрбөйт.
Акылын алып койгондой.
Алды-кийинин карабай,
Акыл ойлоп санабай,

Тура калды эр Байыш,
Уйкунун уусу тарабай.
Эки жагын карабай,
Эчтемени санабай.
Келесоо болгон эмедей,
Карап турат эр Байыш,
Жолборско күчүн теңебей.
Кара чаар кабылан,
Качырып келип абыдан,
Кайраттанып Байышка
Чеңгелин салды жаңыдан.
Чеңгелин салып Байышты
Ала албады каруусу,
Баатыр Байыш жолборсту
Качырата кармады.
Кара чаар жолборстун
Кеткен кези дарманы,
Желкайыптын ошондо
Арылып турат арманы.
Кайрат менен эр Байыш
«Жолборсту көрбөйм чымчыкча.
Өзүң көрүп турасын,
Баатыр болбойт кыргызча,
Ыргытып ийсем жолборстун
Териси калды колумда,
Шимшип жүргөн бир күчүк
Бул жерде менин жогумда.
Качырып келди чоң жолборс,
Кармасам иши оң болбос,
Ажалын билбей ушинтип
Алышып көрдү бир жолборс,
Аркасынан чубуруп,
Асылсынчы миң жолборс.
Ошо миңинин күчү жетеби,
Мага келген душмандар
Өлбөй тирүү кетеби.
Калың кыргыз ичинде

Мен бир хандын баласы,
Жолборс ушу болгон соң,
Жоонун келбейт чамасы,
Жолборсундун териси
Колумда калды карачы».
Желкайып айтты Байыштын,
Тобосуз айткан сөзүнө
Кабыргасы кайышты.
«Айланайын жалгызым,
Акыл айтам уга тур,
Аярдык менен тура тур,
Кулжа көөдөн, жоон өпкө,
Теңелбеген бөлөккө
Дардаң баатыр экенсиң,
Кармасаң канды чыгарган,
Балбан баатыр экенсиң.
Бир сүйлөгөн жок элең,
Жети жыл ордо жатканда,
Элиң кайда эр Байыш,
Этиеттеп чакчаңда,
Эс алганда дардандап,
Эбегейсиз мактанба.
Эсиңди жыйбай энтеңдеп,
Дагы бир балаага капталба.
Бак-таалайың болбосо,
Албайт беле чоң жолборс,
Бактысыз ишиң оң болбос.
Кыйноо тартсаң бир тарткан,
Кыяматты ойлонуп,
Кыйышпас антты бир айткан,
Кыз да болсом мен жолдош.
Апырылып мактанбай,
Анткорсунуп сактанбай,
Ачык жүргөн кем болбос.
Сыр тоосунан аша элек,
Сырттаным Байыш экөөбүз,
Сыр билбеген жаш элек,

Сапар тартып жол жүрүп,
Мынчалык алыс мол жүрүп,
Качан жолго маш элек.
Жолборс да сырттан, сен сырттан,
Жолуккан экөөң тең сырттан.
Туткун болдуң он беш жыл,
Тукуму башка кыргыздан.
Териси калды колуңда,
Карт жолборсту ыргытсаң.
Бак-таалайың эмеспи,
Жүргүн баатыр кетели,
Бир тилекке жетели.
Күнү-түнү жол тартып,
Тынчылыктан кечели.
Ат токунуп аттанып,
Азаптуу шордон сактанып,
Азык-түлүк артынып,
Айдың-Көл карай шаттанып,
Сапар жолун басалы,
Санаанын кирин чачалы,
Жолборсу чыгып күрүлдөп,
Токойдун өттү азабы.
Өлбөй жетсек элиңе
Өмүрдүн гүлүн ачалы.
Адыры суусуз сыр тоонун,
Айбаны жаман токойдун,
Адам уулу келбеген,
Арасында көп экен,
Ажыдаар менен шер деген.
Жаралгандан бер жакка
Айбандын чоңу жердеген,
Аман калбайт жолукса,
Сенден башка бендеден».
Тамактанып олтуруп,
Жол кеңешин бүтүрүп,
Тулпарларын токунуп,
Үзөңгүгө бут салды,

Экөө бирдей аттанды.
Өөдө-өөдө жер келсе,
Экөө бирдей жарышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Тик ылдыйга келгенде,
Тизгин колдо карышып.
Түзгө түшсө тулпардын
Жоргосуна салышып.
Жоо бөрүсү эр Байыш
Ак мунар тоонун бели – деп,
Алты миң кытай кырылган,
Аккүргүндүн жээги – деп.
Кыргыз менен кытайдын
Аккүргүн суусу чеги – деп,
Желкайыпка баяндап,
Айтып келет Байыш бек.
Үч айлык алыс жол тартып,
Күүгүм кирди күн батып.
Токойдон чыгып экөө тең,
Токтоосуз барды дуулдатып.
Жатар мезгил болгондо,
Түндө жүрбөй дүбүрөп,
Жол табалбай күбүрөп.
Караңгыда жүргөнчө,
Бурулуп жатып алалы,
Таң атканда жаркырап,
Таамай жолго салалы –

деп Байыш менен Желкайып талаага конуп калды. Байыш түнүндө түш көрүп, Желкайыпты ойготуп алып, көргөн түшүн айтып турган жери:

«Менин таалайыма табылган,
Жер алдында жети жыл,
Жарадар жаным багылган.
Жаманчылык көргөндө,
Кеткениң жок жанымдан,
Айланайын Желкайып,

Ошол күндөн бер жакка
Артык көрөм жанымдан.
Өлгөн жанды тиргизген,
Жөөгө тулпар миңгизген,
Кагылайын Желкайып,
Кантип жаман көрөм мен,
Өлүмдөн аман куткарган,
Өмүрлүккө жарым сен.
Аман келе жатамын,
Акылман сага жолугуп,
Акмактык өттү бир нече,
Айтканыңдай оолугуп.
Түйшөлүп башың көтөрүп,
Түндөгү көргөн түшүмдү ук,
Куш эргибес зоокага
Кулаалы учуп конуптур,
Аккүргүндүн жээгине
Алты сан кытай толуптур
Алдыңдан чыккан жоо менен
Алышар күнүм болуптур.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Карчыга учпас зоокага,
Карга айланып конуптур.
Көпүрөнүн башына
Калдайлап кытай толуптур,
Калың кытай жоо менен
Кармашар күнүм болуптур.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Түздөгү душман түрүлгөн,
Таршый түшүп турушту
Таңдын алды бүгүндөн.
Жол муунаган жоо болсо,
Соо калбаймын бүгүн мен,
Айланайын Желкайып,
Жоруп көрчү түштү сен,
Көпүрө жолу бекилген,
Көп кол тозгон бетимден,

Сап-сап болуп турушкан,
Салышып жалгыз урушсам.
Сандап жаткан көп кошун,
Салышып жүргөн мен турмак,
Сага да зыян болбосун.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Түштөгү көргөн ишимде,
Калган көңүл калтаарып,
Жаралуу болгон эт жүрөк,
Жамандыктан жалтанып,
Качырып кирип бара албай,
Карап турдум тамшанып,
Качсам дагы өлдүм – деп,
Тагдырдын жазуун көрдүм – деп,
Куусам дагы өлдүм – деп,
Кудайдын жазуун көрдүм – деп.
Оюма түштү ошондо
Абалкыдан калган кеп,
Сүзө качып өтүүгө
Тосулган жалгыз жолум бек.
Качырып чыктым камынып,
Качып берди көп кытай,
Туш-туш жакка жабылып.
Кыра чыктым четинен,
Кылычымды тагынып,
Жүзү качып жыгылса,
Миңи менден кырылат.
Үйүлүшүп өлүктүн
Үстү-үстүнө тыгылат,
Жалгызга жардам бол деген,
Жанаша дабыш угулат.
Акыл ойлоп санасам,
Ал дабышты карасам,
Куланчы менен Тама экен,
Кууп барып аркамдан,
Кытайда калган ага экен,
Өзү көргөн жол менен,

Бизди кууган кол менен,
Кошо келген чагы экен.
Биз качканды билбей калса да,
Ошол Куланчы көсөл сак экен.
Адырма-адыр куушуп,
Кызыл кан менен жуушуп,
Кырылышып урушуп,
Кылкылдаган кол менен
Кырчылдашып турушуп.
Калың колдон камалып,
Канжыгадан кан агып,
Алдымда тулпар Көк ала,
Күндө кызыйт чарчабай.
Колго түшүп бук болгон,
Курушум жүрдү таркабай.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Теңи качат дуулдап,
Тегерене чуулдап.
Алты күн, алты түн жүрүп,
Колдун баарын бүлдүрүп,
Качканы качып кутулуп,
Кутулганы бир тынып.
Кара суудай кара кан,
Кар ордунда бүркүлүп,
Ички соот, тышкы олпок,
Ок найзага жыртылып,
Ойрону чыкты душмандын.
Ойноктотуп тулпарды,
Октон качпай мен бардым.
Качканы качып жоголду,
Калп айткан менен оңомбу,
Карааны анын калдайган,
Колу-буту тарбайган,
Тоотпой туура бастырып,
Тосуп чыкты бир балбан.
Калп аралаш айтканга,
Карааны тоодой шанданган.

Түндөгү менин түшүмдө,
Ал жактан тиги качырып,
Атын күүлөп камчы уруп,
Мен бул жактан чу коюп,
Көргөндө көзүм бир тоюп.
Түпөктүү найза өңөрүп,
Эрдик менен көгөрүп,
Бир беттешип өткөндө
Экөөбүздүн найзабыз
Беш-алтыдан бөлүндү,
Ат үстүнөн ал балбан
Алдырбай турган көрүндү.
Кайта-кайта сайышып,
Каскактын баарын түгөтүп,
Каруусун анын кетирип,
Качырып чыгам жүдөтүп.
Капилет көргөн түшүмдө
Арадан нечен күн өтүп,
Сайгандан таамай келиштик,
Алты күнү эңиштик,
Алмак-салмак ыкшалып,
Эки колду бериштик.
Алты күндө дем албай,
Алым жетип эңе албай,
Ары менен намыстын
Аттан түшүп эс албай.
Алдымда аттан күч кетип,
Өзүмдүн алым бүт кетип,
Көк аладан күч кетип,
Көзүмдөн кубат бүт кетип,
Көмөлөнөр күнүмдө
Күрөшсөм дедим тирүүмдө.
Аттан түшүп күрөшүп,
Алты күн жүрдүм сүрүшүп,
Алым кетип баратат,
Колу-бутум бүрүшүп.
Багалектен алышып,

Балтыр эттен чалышып,
Бак-таалайга салышып,
Муунумдун баары калтырап,
Мусапыр көзүм жалтырап.
Бүткөн бойдон аккан тер,
Мончок-мончок тамчылап.
Жыгылар кезим болгондо,
Жыйналып шорум толгондо,
Ак ала зоонун боорунан,
Айдың-Көлдүн жолунан,
Ак шумкар учуп келиптир,
Мени алсыраткан балбанды
Ай далыга тээптир.
Ал эмине болучу?
Айланайын Желкайып,
Акыл менен жоручу.
Көк ала зоонун боорунан,
Көк ирим көлдүн жолунан,
Көк шумкар учуп келиптир,
Көргөн түшүм Желкайып,
Бул эмине болучу?
Көңүлүң менен жоручу.
Жоо-жарагын шайланып,
Колго болот найза алып,
Мен барайын алдына,
Мен чыгайын чалгынга.
Айланайын Желкайып,
Оомийин – деп кол жайып,
Тирүү болсоң бата бер!»

Байыш баатыр түшүн айтып, сөзүн бүтүрдү. Эмки сөз Желкайыптан. Желкайып Байышты карап, саамайын тарап, аманын тилеп, кайратын бүлөп, баатырлыгын сынап, баштагыдан чыңап айтканы:

«Айланайын жалгызым,
Түндөгү көргөн түшүндү,
Ондоптур кудай ишиңди.

Оңкосунан салыпсың,
Оюңда кектүү кишиңди.
Түндөгү көргөн түшүңдү
Түздөптүр кудай ишиңди,
Түшүрө саят экенсиң,
Түбөлүк кектүү кишиңди.
Көргөн түшүң туш болсун,
Түш эмес туура иш болсун,
Душманыңдын жүрөгү,
Түпөйүл оору муз болсун.
Тилегиңди тилеген,
Өмүрүңдү сураган,
Текөөрү* темирден,
Тээп кетти дедирген,
Кагылайын жалгызым,
Капшытыңа куш консун.
Түндөгү көргөн түшүңдө,
Калың кол чыкса жолуңдан,
Катары менен жыгылып,
Кыйрайт экен колуңдан,
Алдадан парман бар болуп,
Арылыпсың шоруңдан,
Алты миң кытай келсе да,
Кутулбаптыр торуңдан.
Качып чыгып кеткенде
Караткан го орунан,
Ойлончу душман куугандыр,
Ошол орунда сенин жогуңдан.
Кара ала менен Көк ала,
Тулпары жок акырда,
Канжар, шамшар, болоттон
Калганы жок чатырда,
Касташып жүргөн Сыядат,
Кадиктүү сендей баатырга.
Алтымыш кулач зынданга
Ак танапты салгандыр,
Өлдү десе сөөгү жок,

Тирүү болуп өзүң жок,
Ак ордон таппай калгандыр.
Байыш турмак кызы жок,
Аттарынын изи жок.
Түшүндү туура жорусам,
Атам Сыядатка армандыр.
Калың кытай элге айтып,
Качыптыр менин кызым – деп,
Кубалайлык белгилүү
Тулпарлардын изин – деп,
Калкына кабар салгандыр,
Кошунун жыйып алгандыр.
Акмунар менен Сыр тоодон,
Аттардын изин чалгандыр.
Биз токойго бурулуп,
Он эки күнү жатканда,
Тоотпой чыгып жулунуп,
Жолунду жолборс капканда,
Кара чаар жолборско
Каптырбай жерге чапканда.
Күндөп-түндөп өткөндүр,
Күнгүрөнүп көп колдун,
Күүсү менен кеткендир.
Көпүрөгө жеткендир,
Калың кытай эл туруп,
Бир кыргыз кетсе кутулуп,
Мага келет намыс – деп,
Жалгыз жүргөн балага,
Жакшы эмес жетпей калыш – деп.
Кече токойдон келе жатканда,
Айттың эле бир сөздү.
Өзүң билбей калбасаң,
Жалганы болсо көрсөтчү,
Куланчы менен Тамам – деп,
Экөө тең жакын адам – деп,
Ата-эне, эл-журтум
Жаткан экен аман – деп.

Айтпай калып кокустан,
Кийин уксаң жаман – деп,
Угуп калсаң бир күнү
Уят болуп калам – деп.
Куланчы менен Таманын,
Айткансың мага кабарын,
Агам Жаныш жиберген
Куланчы, Тама келди – деп,
Айткансың мага белгилеп.
Билдиргенсиң – билемин,
Менин ошол тилегим,
Кабагым карыш жазылып,
Жалындаган жүрөгүм.
Куланчы, Тама баатырың,
Куба келе тургандыр,
Түш жооруган тилегим,
Туура келе тургандыр.
Тозуп келген душманды
Тобу менен кырыпсың,
Тоодой ханын сайганда,
Тоголотуп жыгыпсың,
Адырлап качса башка эли,
Болот уч найза көтөрүп,
Болжолсуз баатыр кездешсе,
Жалгыз калып сенчилеп,
Жан аябай кектешсе,
Менин атам Сыядат
Ойлонгону кыянат.
Анын сырын ойлонсом,
Колдору ада болгон соң,
Каскагын кабат өңөрүп.
Катуу кайрат сүр менен
Каарланып көгөрүп,
Беттегендир өзүндү,
Береним укчу сөзүмдү,
Чамасы келсе кулатып,
Бир оймок го көзүндү.

Каарынан качпапсың,
Каскак-каскак аштапсың,
Касташкан жоого күчүңдү,
Каар менен таштапсың.
Атам падыша Сыядат
Кытайлары барында,
Намыс кылып туруучу,
Өзү жалгыз калганда
Найзасын жоого сунуучу.
Хан Сыядат калчанын
Кылар иши мына ушу.
Алты күн атчан сайышсаң,
Алың кетип ошондо
Кабырган жашып майышсаң,
Атам да баатыр эр болчу,
Аянбаган шер болчу.
Билек түрүп эңишсең,
Күүлөнүп күчкө келишсең,
Эне албаса алты күн,
Колдоптур сенин бериштең.
Алың келип эне албай,
Алты күн жүрсөң дем албай,
Араң жүрсөң жалгызым,
Аттан түшүп бере албай,
Ыкчыл болчу ар кандай,
Сенден башка жолукса,
Ыргытып ийчү балбандай.
Өзүнөрдөн күч кетип,
Аттын алы бүт кетип,
Аркаңдан өлчөп кууп жетип,
Алты күнү дем албай,
Ат үстүнөн эне албай,
Асыла берсе жүдөтүп,
Ага чыдап тура албай,
Аттан түшүп күрөшүп,
Багалектен алышсаң,
Балтыр эттен чалышсаң,

Баса калам дегенде,
Бак-таалайга салышсаң.
Коюн колтук алышып,
Колдун күчү карышып,
Жыгылар күндө калтырап,
Зорго турсаң жан чыдап,
Бүткөн бойдон жан териң
Куюлуп турса тамчылап,
Ак ала зоонун боорунан,
Ак шумкар учуп келгени,
Ал эмеспи жалгызым
Тилегиңди бергени.
Ак шумкардай чамынып,
Агаң келе тургандыр,
Аманына кубанып,
Салам бере тургандыр.
Алачык үйдөй калчага
Чаманң келе тургандыр,
Айткан түштү жорусам,
Агаңды көрүп бел байлап.
Алып учуп шер байлап.
Акырекке минипсиң.
Ак болот кылыч колунда,
Алкымынан тилипсиң,
Атаң менен энеңе
Аман барып жүрүпсүң.
Күчүң кетип турганда
Көк шумкар учуп келгени,
Көрүнөө тилек бергени.
Көк шумкардай чамынып,
Агаң келе тургандыр,
Күйүшөр бооруң эр Жаныш,
Салам бере тургандыр.
Күйөрүңдү көргөндө,
Көңүл ачып шер байлап,
Көтөрүп уруп бел байлап,
Көкүрөккө минипсиң.

Көк болот кылыч колунда
Көөдөнүнөн тилипсиң,
Эл-журт, эне-атаңа
Эсен барып жүрүпсүң» –

деп, Желкайып Байыштын түшүн жоруп болду. Аттанып жөнөдү. Акмунар тоосун ашып келди. Аккүргүндүн жээги, көпүрөнүн башы көрүнгөндө Байыш баатыр дүрбү салып карады, караса түшүндөгү көргөн окуялардын бардыгы чын болду. Жолдон буруу жерге түшүп, жоо кийимин кийип, жарагын алып, атын токунуп минип туруп, Желкайыпты карап коштошуп, Байыш баатырдын айтып турган жери:

«Айланайын Желкайып,
Таалайыма багын – деп,
Жети жылдан бер жакка
Оокатым сен, жаным сен,
Түндө жатып көргөн түш,
Орду келди ишенсең,
Ишенбесең карачы,
Чаңдап жатат тээтиги
Аккүргүндүн талаасы.
Түндөгү түшүм туш экен,
Туура келген иш экен,
Топурагы казылган,
Душманымдын изи экен,
Түнөрүп жаткан көп караан
Туу жайылткан киши экен.
Карарып жаткан көп кошун,
Калың кытай эл экен,
Бекинип бекер жатканча,
Качырышым эп экен.
Тилеген менен келеби,
Эр жигитке мындай күн.
Эригип калдым жети жыл,
Кууп келген душманды

Эрмек кылам мен бүгүн.
Айланайын Желкайып,
Чын тилекте бар болсоң,
Алышкан колду ойлосоң,
Ант актачу жар болсоң,
Көп душмандын бирине
Көрүнбө да, билинбе,
Жоо кыйраса кубанып,
Жолго чыгып көрүнбө,
Менин ушул сөзүмдү
Бек сактагын көңүлгө.
Жамандык түшүп башыма
Жаралуу болуп бурулсам,
Жалгыздык кылып кокустан,
Арасына жыгылсам,
Кейитпегин жаныңды,
Кетирбегин алыңды.
Беттешкенин найзалап,
Бетпактын башын найзалап,
Ажалдуусун найзалап,
Алмадай башын майдалап.
Алдынан тосуп саяйын,
Колумдан келсе душмандын
Эминесин аяйын.
Жалаң кылыч колго алып,
Жан аябай мен барып,
Кылыч менен чабайын,
Кыргынды жоого салайын,
Кыркылышкан кегимди,
Кытайдан бүгүн алайын.
Кырып, жоюп четинен
Кылычтын мизин жалайын.
Кыйытса кудай ишимди
Кыйналбай өлүп калайын.
Тике барып душманга
Тийиштик кылып көрөйүн.
Түндөгү түшүм туш келсе,

Алды-алдынан бөлөйүн,
Качып берсе чыдабай,
Айдап алып жөнөйүн.
Ажал чиркин кыстаса,
Азыр эле өлөйүн.
Жардам болсо арбактан
Жабыла качса ар жактан
Абийир таап келейин.
Ажал жетсе арга жок,
Акыры өлүм башымда,
Күнөөсү жок жашымда,
Аманатын берейин.
Кош, Желкайып, аман бол,
Меники күнөм сапар жол,
Көрөмбү мен көрбөймбү,
Коштошолук келе кол», –
Деп ошентип турганда,
Колунан кармап Желкайып,
Күлүп турат жылмайып.
«Айланайын береким,
Аялдык кылдың дебегин,
Сен бул жерден кеткен соң,
Кантип чыдап жатамын,
Кандай жерге батамын,
Мени таштап сен жалгыз,
Барганыңа капамын.
Жыгылганын көрөйүн,
Хан Сыядат атамдын,
Жалгыз койбой жанына,
Кошо жүрсө мен караң,
Өлсөм мейли урушта
Өзүң менен бир барам,
Өлүмдөн коркуп качкандай,
Мен эмес сага ичи арам.
Мени көрүп бел байлап,
Сени көрүп шер байлап,
Бөлүнүп чыксын кытайдан,

Куланчы, Тама эки аган.
Жаш күнүмдөн маш болгон,
Мылтыкка адис мергенмин,
Туулгандан мусулман,
Түбүм кытай элденмин.
Мылтык менен кирейин,
Тилегинди тилейин.
Сени жалгыз жиберип,
Кантип чыдап жатайын.
Бир жагынан качырып,
Мылтык менен атайын,
Кара таандай кытайдын,
Канын кошо чачайын.
Сен бараткан өлүмдөн,
Өзүм кантип качайын».
Ыраазы болду эр Байыш,
Желкайыптын кебине,
Жер майышкан колдуудай,
Кирди кубат демине,
Жакын калды буйгалап,
Качырып чыгар жерине.
Көк ала тулпар ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Ок өтпөскө сактанып,
Эки катар зоот кийип,
Качырды Байыш душманды,
Калың кытай уюгун
Каарданып бузганы,
Байыш менен барабар,
Кошо кирди кыз дагы.
Алдындагы Көк ала ат,
Ала качып жалманат,
Жалтылдаган Желкайып,
Жанаша чаап бир барат.
Жан аябай качырып,
Бул өзү кандай жинди – деп,
Душмандар баары таң калат.

Болоттон найза өңөрүп,
Кайраттанып көгөрүп,
Качырып чыкты бетинен,
Калың колдун четинен.
Качып берди бет албай,
Кабарын угуп шекинип,
Кан жайылтып кыргынды,
Сала чыкты секиден.
Кызып алды эр Байыш,
Кырып-жоюп кылычтап,
Кылкылдаган калың кол,
Качып барат жылыштап.
Кыйкырыгы жер жарып,
Кара таандай кытайга
Каарданып чуу салып.
Качканы аман кутулуп,
Кылчайып карайт кылгандын
Каны жерге жутулуп,
Канча баатыр, канча эрдин,
Сооттору тытылып.
Сооттуу менен согушуп,
Калкандуу менен кагышып,
Кылычтууну кыйратып,
Сайып жүргөн убакта
Душмандардын четинен,
Туура кирип бетинен.
Куланчы менен Тамасы,
Кубанып эки агасы,
Бу да кирген жапырып,
Кыргыз – деп ураан чакырып.
Аккүргүндүн бетинен
Ачылат экен чоң жол – деп,
Кымылдап ичи сүйүнүп,
Кынама соот кийинип,
Желкайып кирди бир жактан.
Коломолуу көп колго
Бир жагынан жоо сайган,

Куланчы менен Тама бар,
Бир жагында кыйраткан,
Баатыр Байыш бала бар,
Өлүү эмес, тирүү эмес,
Толуп жатат жыгылып,
Жанталашкан жарадар.
Мылтык атат Желкайып,
Байыш баатыр жоо сайып,
Баатыр Тама, Куланчы
Душманга кандуу туу жайып.
Тирүүсү жандан шекинип,
Тоо-тоого чыга бекинип.
Өлбөй аман калдык – деп,
Кутулгандар сүйүнүп,
Жарадардын баарысы,
Жай ала албай күйүнүп.
Канча бири кырылган,
Катарланып жыгылган,
Өлүктөр жатат үйүлүп.
Колунун көбү кырылган,
Койкойгон жалгыз бир адам
Карылыктуу найзасын,
Карысына салыптыр.
Кара болот кылычын
Оң жагына тагыптыр,
Ок өтпөс коло калканын
Ай далыга таңыптыр,
Оолжуган Сыядат
Өзү эле жалгыз калыптыр.
Калың колу барында,
Намыс кылып туруучу,
Жанына кыстоо келбесе,
Суурулган эмес кылычы,
Адамдан башка көрүнүп,
Алп катары туруучу.
Качсам дагы өлдүм – деп,
Куусам дагы өлдүм – деп,

Талаада калдым элим жок,
Таалайга жазса көрдүм – деп,
Сыядат кирди качырып.
Көк жал Байыш жөнөдү,
Көк алага камчы уруп,
Бет алышып баратат,
Экөө тең найза сундуруп.
Карс коюшуп өтүштү,
Найзаларын сындырып,
Кайра баштан найза алып,
Качырышып тең барып
Бирине бири учурап,
Качырышар найза жок,
Эңише кетип турган чак,
Чиренишип экөө тең
Үзөңгүсүн тебишип,
Шымаланып түрүнүп,
Түндөп-күндөп эңишип,
Алы жетип эңе албай,
Алты күн жүрдү дем албай.
Ары менен намыстан
Аттан түшүп бере албай,
Аттарынан күч кетип,
Өзүнүн алы бүт кетип,
Күрөшүүгө экөө тең,
Түшө калды лып этип.
Билектешип булкушуп,
Күч сынашып жулкушуп,
Багалектен алышты,
Балтырдан таамай салышты.
Каруу, күчүн сынашып,
Тирелишип калышты.
Токтоосу жок күрөшүп,
Тогонок* салып сүрүшүп,
Караңгы ордо көп жаткан,
Муунун сары сыз баскан,
Бүткөн бою саргарып,

Анардай кызыл өңү азган.
Алы кетип баратат,
Алтымыш кулач ор менен,
Сегиз жыл жаткан шор менен,
Аралаш жаткан Байыштан
Кайратынан ажырап,
Кара көзү чачырап,
Зорго турат эр Байыш,
Намысынан жан чыдап.
Булкушаар алы калбады,
Муундары калтырап.
Бүткөн бойдон сызылып,
Кара тери тамчылап,
Тирешип туруп эр Байыш
Көзүн ачып карады,
Жардам берсе боло – деп,
Куланчы менен Таманы.
Жакын жерде көрүнбөйт,
Ал экөөнүн карааны.
Айласы кетип Желкайып
Эр Байышка болушуп,
Атасын чыдап ата албайт.
Же атасына болушуп,
Эр Байышка бата албайт.
Жамандыкка бет буруп,
Экөөнүн бирин сата албайт.
Эмдиги сөз башталсын,
Куланчы менен Тамадан,
Эр Жанышты чыгарбай
Жүргөн экен санаадан.
Куланчы, Тама кеңешти:
«Бир кишиге бир киши,
Алдыра койбойт эмеспи,
Күрөшө турган эр Байыш,
Убадасы чын болсо,
Күттү бекен эр Жаныш» –
Дешип экөө сүйлөшүп,

Күлазыкты бир жешип,
Күүгүмдөн кийин түн дешип.
Убада кылган эр Жаныш,
Он беш жылы күйөм – деп,
Жалгыз да болсом жүрөм – деп.
Тирүү болсо Байышым
Тилегиме жетем – деп,
Айтпады беле бир кепти,
Аман таап Байышты
Аткардык го милдетти.
Эми өзүнөн кабар алалы,
Күтүп жатса эр Жаныш,
Ээрчитип келип калалы.
Куланчы, Тама жарышып,
Өздөрү көргөн үңкүргө,
Ат оозун жыйбай барышып,
Алып келген башында,
Калың аскер колу жок,
Хан баласы Жаныштын,
Кадимкидей оңу жок.
Колунун чети жырылып,
Ачкасынан кырылып,
Тирүүсүнөн өлүк көп,
Тең жарымдап бөлүнүп,
Жооп берип эр Жаныш,
Эли, журтун тараткан.
Инисинин айынан,
Бир туугандын жайынан,
Келесоо болуп бараткан.
Силер менен барбайм – деп,
Убалына калбайм – деп,
Кырк жигитин кетирген.
Кырааным Байыш келер – деп,
Он беш жыл болжоп бекинген.
Салам берсе укkан жок,
Кулагы катуу чалыптыр,
Арман менен кайгырып,

Акылынан таныптыр.
Кебетеси бузулуп,
Келесоо болуп калыптыр.
Куланчы менен Тама айтты,
Кыйкырып салам дагы айтты.
«Ассалоому алейким,
Амансыңбы, эр Жаныш.
Башында барбы бир намыс.
Салам айтып көрүнгөн,
Чыгарбасаң көңүлдөн,
Биз Куланчы, Тамабыз.
Аман келди сүйүнчү,
Аталашың эр Байыш.
Көзүн ачып жалдырап,
Тааный коюп дабдырап.
Жаныш айтты ондонуп:
«Куланчы менен Тамамбы,
Куш салышса бир салган,
Курбуларым аманбы.
Жан боорум тирүү бар болсо,
Көрүнөр болсо силерге,
Кучакташар заманбы,
Өлүү бекен, тирүү бекен,
Айткыла эрте кабарды.
Аман болсо жубайым,
Алдынан тосуп чыгайын.
«Баатыр Байыш Сыядат
Кармашып жатат тээрде,
Калжаңдашып сүйлөшүп,
Кечикпейлик бул жерде».
Түшө калып эр Тама,
Алып чыкты жоргосун,
Аткарды Жаныш жолборсун.
Караңгы көөнү жапжарык,
Кадимкидей шанданып,
Куланчы, Тама, эр Жаныш
Кошулушуп чу коюп,

Токтоосу жок дуу коюп,
Жакын кирип барганда,
Алы кетип бүгүлүп,
Өлөм го деп түңүлүп,
Жер таянып тизелеп,
Дагы эле жатат кармашып,
Сыр алдырбай чапкылап,
Сыядатка жармашып,
Жүргөн экен эр Байыш
Тулку боюн тер басып.
Жанышты көрүп бел байлап,
Жагалданып шер байлап.
Көкүрөккө минди эми,
Көк болот канжар колунда,
Көкүрөктөн тилди эми.
Агасын көрүп бел байлап,
Араң турган эр Байыш,
Алып урду шер байлап.
Акырекке минди эми,
Ак албарс канжар колунда,
Алкымынан тилди эми.
Каны чыкпай Сыядат,
Мөңкүп жатат коркурап.
Жалап коюп канынан,
Эр Байыш жанда олтурат.
Буулуккан мунду үн менен,
Муңканып зарлуу тил менен,
Эр Жаныш келди коңгурап,
Көзүнөн аккан кара жаш,
Коюнуна төгүлүп,
Алтымыш тоом кабырга,
Жик-жигинен сөгүлүп,
Он эки мүчө омуртка,
Муунунан бөлүнүп.
Жан боорум деп зыркырап,
Жайылып жашы дыркырап,
Жалгызым деп буркурап.

Жаныштын түрүн көргөндө,
Жашыбай калсын ким чыдап.
Кол кармашып көрүштү,
Кучакташа калышып,
Кубанчы менен таанышып,
Өчкөн оту тамгандай,
Өрттөнүп оту күйүшүп.

Жаныш менен Байыш баатыр аман-эсен көрүштү. Баатыр Жаныш Байышты көргөндөн кийин бардык санаа кайгыдан арылып, ал-абал сурап, көңүлүн улап, ошондогу айткан сөзү:

«Жатындан бирге туулуп
Жашынан өсүп торолгон.
Жатындашым жан боорум,
Жашы жетилип чоңойгон.
Эмчектин сүтүн бир эмген,
Эстеймин деп жүрөм мен,
Жалгызым сенин айыңдан,
Эс-акылым түгөнгөн.
Ак шумкар салсам бир салган,
Душманыма бир барган.
Айта берсем башымда
Толуп жатат чоң арман.
Өлүү эмес, тирүү эмес,
Сен үчүн болдум бейдарман.
Экөөбүз бирдей аттанып,
Алдыртан өзүң жол чалып,
Кыргыздан тандап жашынан,
Кырк жигитти кошчу алып,
Айдың-Көлгө баргандан,
Эки кыраан шумкарды
Аркы-терки салгандан,
Оюма түштү айтайын,
Ошондон берки армандан.
Түнүндө жаман түш көрүп,
Тура калдың үшкүрүп,

Түшүндү айттың ойгонуп.
Сенин көргөн түшүңдү
Жакшылыкка мен жоруп,
Ошондон бери ортодон
Өтүп кетти көп жорук,
Мына бүгүнгө чейин өзүмө
Эч болгон жок ден соолук.
Урушуп жүрүп кармалып,
Калдың кайгы шор менен.
Качырып кирип мен барсам,
Жатыпсың темир тор менен.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмбү деп санабай,
Өңөрө качып жөнөдүм,
Омуроому ок бузуп,
Түшүп калдың бөбөгүм,
Тирүү кеттим амалсыз,
Ойлодум жандын бөлөгүн.
Ошондон кийин жалгызым,
Не болгонду билбедим.
Жан тынчыбайт жаралуу
Жамандык менен зилдедим.
Элге барсам эс албай,
Эмгиче кайгы күндөмүн,
Эки киши жиберип,
Эсениң тилеп жүргөмүн.
Жарааттан жаным айыгып,
Эл, журтума мен барып,
Эки жылы камданып,
Жер жайнаган кол алып,
Жети жылы болор – деп,
Азык-түлүк мол алып,
Кайта келдим камынып,
Айдың-Көлдүн белине.
Коломолуу кол жатты
Аккүргүндүн жээгинде.
Ошончолук каргаша

Туш болду калың элиңе,
Аркаңдан издеп барышка
Келбеди менин эбиме.
Колуман кубат ал кетип,
Ат арыктап жал кетип,
Арадан үч-төрт жыл өтүп,
Азыктын баарын түгөтүп,
Колдун баарын талаада
Ачкалыктан жүдөтүп.
Жооп бердим кайткын – деп
Жоголуштун жай-жайын
Эне-атама айткын – деп.
Өлгөнүнөн калганы,
Ошону менен тарады.
Андан мурда жибердим,
Куланчы чечен, Таманы,
Ушу болгон агаңдын
Башынан өткөн заманы.
Тамадан кийин кырк жигит,
Жумшасам тилим албады,
Кызматыма барбады,
Бөлөк боор батчагар,
Душмандыгы кармады.
Карды ачып, кийми тозгондо,
Кача баштап козголду.
Акыл берсем тил албай,
Мени менен жүрө албай,
Үч-төрт күндө бир барып,
Карга, кузгун атамын.
Сен кеткенден бер жакка,
Бир үңкүрдө жатамын.
Өзүңдөн берки өмүрдүн,
Өткөнүнө капамын.
Өлүүсү менен тирүүсүн
Билбедим эне-атанын.
Өзүңдөн абал сурайын,
Көргөнүңдүн баарысын

Бир башынан угайын.
Көргөнүмө жан боорум,
Көп шүгүрлүк кылайын,
Көңүлүмө салып көр,
Көк жалдыгың сынайын».
От жүрөгү жалындап,
Агасы Жаныш зыркырап,
Кошулушуп ошондо
Куланчы, Тама буркурап,
Акылын жыйып отурду,
Агасы Жаныш сыр сурап.
Андан кийин эр Байыш,
Көргөнү менен билгенин,
Жер алдына киргенин,
Желкайып колго тийгенин,
Баштап айтты эр Байыш:
«Жылдызы ысык жаралган,
Акылы артык адамдан,
Желкайыптын кызматын
Чыгаргым келбейт санаамдан.
Акыры чыгып зындандан
Орундалды тилегим,
Ордо жатып сегиз жыл,
Аманыңды тиледим».
Желкайып турат билдирбей,
Көзүнүн жашы сызылып.
Куланчы, Тама кошо ыйлап,
Көңүлдөрү бузулуп,
Ажырашкан нечен жыл,
Ар кайсы жакка тозулуп,
Амандыгын сурашты,
Адашкандар кошулуп».

Жаныш, Байыш, Куланчы, Тама, Желкайып жолугушуп кеңешип, олжодон түшкөн жаракатарды, аттарды алып жөнөштү. Көпүрөдөн өтүп, элижуртун, ата-энесин, Үзүр шаарын карай жөнөп бара

жатканда, агасы Жанышка жана бардык жолдошторуна Байыштын айткан сөзү:

«Айланайын агаке,
Арыганым көзгө көрүнөт,
Айдың-Көлгө куш салып,
Барганым көзгө көрүнөт.
Көп ойлосом шумдукту
Көңүлүм эки бөлүнөт.
Сен түшүп элдин алдына,
Мен чыгып жалгыз чалгынга,
Ат ойноткон жер ушу.
Ажыдаар, жолборсту,
Аламын деп жулунуп,
Апырылган мен ушу.
Андай эмес, мындай – деп,
Акыл берген сен ушу.
Жарпымды жазып жаңыртып,
Кыргыздын чети көрүндү,
Жалганбы, чынбы келгеним,
Жарайын боорум көңүлдү,
Жатындашым билесиң
Жашыман менин жөнүмдү.
Айланайын эр Жаныш,
Жети жыл кеттик кабарсыз,
Эли-журтка барарбыз.
Ага, ини, эне-ата,
Баарынан кабар аларбыз.
Оболу мурун билгизбей,
Кайры шаарга кирели,
Калк аманын билели,
Эл аманын билгенче,
Экөөбүз жалгыз жүрөлү.
Аман бекен атабыз,
Жатат бекен апабыз.
Он беш жылы түңүлүп,
Өлүмдөн жаңы тирилип,

Эсен бара жатабыз.
Элге жакын барганда,
Куланчы менен Тамага,
Аттардын баарын бактырып,
Таштайлык мейкин талаага,
Баштагыдай атамды
Падыша деп санаба.
Падыша Нуркан атабыз,
Баштагыдай хан бекен,
Аман болсо атабыз,
Тактысында бар бекен?
Экөөбүздөн ажырап,
Кандай күндө калды экен?
Же баштагыдай эл сурап,
Баракатта жатабы,
Же балдарынын айынан
Бакыр болуп капабы,
Убайымды көп санап,
Узун жолду көп карап,
Көзүн жолго сатабы?
Жоону, жатты билгенче,
Жоругунду чыгарба.
Элге-журтка келдим – деп,
Сыр билдирип кубанба,
Таанышалык кубулуп,
Тууган менен душманга.
Кимиси бар, кими жок,
Кимиси ачка, кими ток,
Кимиси момун, кими шок,
Ким жылаңач кийми жок,
Кимиси хан, кими бек?
Ушулардын баарысын
Биз тааныйлык белгилеп.
Экөөбүз тең куу кийип,
Өңдү буруп темпейип,
Кууга селде чалалы,
Куржунду атка салалы,

Дубана болуп ак уруп,
Кубулган бойдон баралы.
Шалдыркандуу аса алып,
Дубанадай жасанып,
Асаларды асынып,
Баатырдыкты жашырып,
Элден мурда эр Жаныш
Кайры шаарга кирелик,
Тилемчи болуп тиленип,
Калың кыргыз көп элдин
Аманын минтип билелик.
Кайры шаардын беги эле,
Тирүү болсо билгизбей,
Сарбанга салам берелик.
Жооп берсем, жооп алсам,
Мен айтайын бардыгын,
Айланайын эр Жаныш,
Болбос бекен тардыгың».
Узун жолду кыскартып,
Ушунчалык кеп кылды,
Жаныш, Байыш баатырлар
Убадасын бек кылды.

Жаныш, Байыш элинин четине келди. Куланчы менен Таманы: «Силер бул аттарды багып, семизинен союп жеп, элге да берип, бизди билдирбей соодагербиз деп жата бергиле, биз Кайры шаарынан барып кабар алалык» дешип жөнөп кетишти. Нечен күн, нечен түн жол жүрүп, Кайры шаарына барышты. Желкайып үчөө барса, Кайры шаары баштагыдан аламандап, кайырсыз болуп калган. Ошондо Жаныш, Байыш экөө эки куу кийип, кууларынын сыртынан селде чалынып, куржун салынып, шалдыркандуу аса таяк, көлбоор* асынышып, Желкайыпка чүмбөт жаап ээрчитип алып, шаарды аралап жүргүшсө, Кайры шаардын беги Сарбан картайып, алдан тайып, жаман күлө* кийип, көчөдө алакан

жайып кайыр сурап жүрөт. Байыш аны адам көрбөй турган жерге ээрчитип барып, дубана болуп өзүн билгизбей, Сарбандан эли-журтун, эне-атасын сурап айтканы:

«Ассалому алейким
Салам бердим сиз жакка,
Алик алгын биз жакка.
Кайры шаарга бек элең,
Кайдан түштү бул капа?
Алдо үй! Алдо үй!
Өтө жаман карыпсың,
Өлөр жерге барыпсың,
Карып болуп карыганда
Кайыр сурап калыпсың.
Алың кетип бул күндө
Акылыңдан таныпсың,
Алдо үй! Алдо үй!
Мен сурайын сырыңды,
Жашырбай айткын чыныңды,
Кишиликтен кетирип,
Ким тапты сенин ыгыңды,
Ким кетирди сыныңды?
Алдо үй! Алдо үй!
Кимге кетти сурагың,
Кимден өчтү чырагың,
Сарбансыңбы, сен кимсиң?
Тааный албай турамын,
Баштан өткөн кайгыңдын
Баарын айтар убагың.
Алдо үй! Алдо үй!
Ким ээледи калааңды,
Дүнүйөң кимге таланды,
Карыганда кор болгон
Карып Сарбан аманбы?
Айтчы бирден угайын,
Башыңдан өткөн заманды?

Алдо үй! Алдо үй!
Калк башкарган ханың ким,
Карып болгон чагың ким,
Муунуңду бошотуп.
Мусапыр кылган залим ким?
Журт сураган ханың ким?
Алдо үй! Алдо үй!
Кырк күндүк жерге салдырган,
Кытайдан уста алдырган,
Көргөндүн көзүн талдырган,
Алтын ооз Ак коргон,
Кимден калган санжырган?
Алдо үй! Алдо үй!
Ак коргон кимдин калаасы,
Кайда кетип жоголгон,
Ханыңдын эки баласы?
Кашыңдагы ак урган,
Думананы карачы.
Алдо үй! Алдо үй!
Он күндүк жерге салдырган,
Орустан уста алдырган,
Оймосун түздөп сырдаткан,
Ошол кимден калган санжырган?
Он миң киши бир келсе,
Он адамдай болбогон,
Ону үйүнө толбогон,
Алдо үй! Алдо үй!
Ак коргон кимдин калаасы,
Кайда кетип жоголгон,
Ханыңдын эки баласы?
Кудай амир кылбаса,
Адамдын ушул чамасы.
Алдо үй! Алдо үй!
Ак болот така кактырган,
Алтын үртүк чаптырган,
Арыктатпай, семиртпей,
Ак күрүч менен бактырган,

Ак жорго кимдин жоргосу?
Алтын тутка дарбаза,
Ак сарай кимдин ордосу?
Аламандайт элиңиз,
Адашты беле жолборсу?
Алдо үй! Алдо үй!
Көк болот така кактырган,
Күмүштөн үртүк жаптырган,
Күндө суутун кандырып,
Күргүч менен бактырган,
Көк жорго кимдин жоргосу?
Күмүш тутка дарбаза,
Көк сарай кимдин ордосу?
Көрүнбөдү Нуркандын
Жаныш, Байыш жолборсу.
Алдо үй! Алдо үй!
Кайда кеткен бегиңиз,
Кабарын айтып бериңиз,
Кадырыңа жетпептир,
Калың кыргыз элиңиз,
Адашты беле бегиңиз,
Аныгын айтып бериңиз,
Алдо үй! Алдо үй!

Ошол Кайры шаарда Жаныш он бир жашынан хан болгон. Атасы Нуркан машыксын, хандыктын жолун таанысын деп такты, таажысын берип, Жанышты он бир жашында хан көтөргөн. Алты жылы хан болуп сурак кылган, ошол алты жылдын ичинде Кайры шаарды Жаныш салдырган. Ошо Кайры шаарын Жаныш ач калган, кеч келген соодагер кербен, атасыз жетим, алсыз жесир, бутсуз чолок, сокурлардын сообуна каламын деп салдырган. Сарбанды ошол шаарга бек койгон. Жаныш, Байыш кетип, калың элден кол алып, дайынсыз болгондон кийин Акжол, Дарбаз деген мурунку бир согушта колго түшкөн кытай кулдары бар эле, алар хандын

казынасын тешип калкка уурдап берип, Нурканды түшүрүп, Акжол, Дарбаз хан болгон. Сарбан чал ошондуктан мусапыр болгон. Жаныш, Байыштан башка эч адамдан жакшы сөз укпаган, Байыштын сөзүн угуп башын калтылдатып, оозунда тиши жок, ошондон картаң киши жок, эртегиси эсине түшүп, баштагысы башына түшүп, дубаналарды карай Сарбан чалдын зарланып айткан сөзү:

«Айланайын дубанам,
Айтканыңа кубанам,
Кайдан келген балдарсың,
Карыптын көөнүн улаган.
Кайрыкер калктан экенсиң,
Кадырымды сураган.
«Үй» – деп келген үнүндөн,
Үргүлөйүн диниңден,
Учурап кабар алдыңар,
Убайымдуу күнүмдөн.
Жүрөгүм ойноп сүйүнөт,
Эмне болом бүгүн мен?
«Ак» – деп келген үнүндөн,
Айланайын диниңден,
Эт жүрөгүм ойноктоп,
Эргип турам бүгүн мен.
Айланайын дубанам,
Мен элем элден түңүлгөн,
Мен садага дубанам,
Колуңдагы асаңдан,
Жолуктум эки дубана,
Жонуңа көлбоор асынган.
Куржунуң бар салынган,
Кууңа селде чалынган,
Мен мусапыр Сарбанмын,
Албарстыдай жалынган,
Азирет хандын баласы

Нуркан менен курбу элем,
Бир убакта бул жерде
Солкулдаган мырза элем.
Кадырлап Нуркан падыша,
Адалды жесем бир жеген,
Кайры шаарга бек болуп,
Калкынын баарын бил деген.
Кайры шаардын беги элем,
Бек эмес ханы мен элем.
Жаныш, Байыш барында,
Кемибеймин дээр элем.
Убагында мен дагы
Өз жеримде эр элем,
Ханымдын Кайры шаарына
Кадаган болот чеге* элем,
Кайран бектик барында
Калкымды душман жебеген.
Байбичем туубас башынан,
Мен өстүм куубаш жашымдан.
Жасалгандай Жанышым,
Баламдан артык Байышым,
Жоголгон менин кашыман,
Ак нээттүү силерден
Сырымды кантип жашырам.
Кара чабуул кыргында
Калмактан түшкөн кыргызга,
Аты Четен кул эле.
Отун алып, от жагып,
Күл чыгарып турчу эле.
Акжол, Дарбаз экөө тең,
Четен кулдун уулу эле.
Кул кутуруп чоң болду,
Кудайга ыйы жеткенби,
Кулдардын иши оң болду.
Хан тукуму кор болду,
Казанчы кулдар зор болду.
Хан Нурканды түшүргөн,

Астында алтын тагынан,
Акжол, Дарбаз эки кул,
Кордук кылган абыдан.
Абышка, кемпир түңүлүп,
Үмүтүн үзгөн жанынан.
Бала күндөн хан болуп,
Жаныш салган Кайры шаар,
Ата-энеси мен болуп,
Тартканыбыз кайгы, зар,
Жаныш, Байыш бар болсо,
Келер күнү кайда бар?
Кырк күндүк жерге салдырган,
Кытайдан уста алдырган,
Кырк тыйын чака чыгарбай,
Карыптын көөнүн жам кылган.
Жарды-жакыр түнөгөн,
Амандыгын тилеген,
Жаныштан калган санжыргам.
Кырк миң киши түнөсө,
Кырк адамдай болбогон,
Азим шаар Кайырдын
Кырк үйүнө толбогон,
Жаныш бектин калаасы,
Жашында кеткен эки бек,
Падыша Нуркан баласы.
Алдадан амир* болбосо,
Адамдын ушул чамасы,
Мен дагы ошол балдарга
Бел байлаган агасы.
Менин көргөн күнүмдү,
Дубаналар карачы.
Он күндүк жерге салдырган,
Орустан уста алдырган,
Он тыйын чака чыгарбай,
Оокатсыз көөнүн жам кылган,
Берекелүү Кайыр шаар
Бектерден калган санжыргам.

Он миң киши түнөсө,
Он адамдай болбогон,
Ойрон болгон шаарымдын
Он үйүңө толбогон.
Он тыйын чака чыгарбай,
Оюму менен кийинген,
Сообубуз тийсин – деп,
Сокур, чолок сүйүнгөн,
Эр Жаныштын калаасы,
Ээрчишип кеткен эки бек,
Хан Нуркандын баласы,
Бактысы тайса дубанам,
Бенденин ушу чамасы.
Жаныш, Байыш барында,
Жаман Сарбан жанында,
Акылдашкан агасы,
Карып болгон кезимде,
Календерлер карачы.
Алтын така кактырган,
Абайы* үртүк жаптырган,
Арыбайт деп сынчылар,
Ак күрүч менен бактырган,
Эр Жаныштын жоргосу,
Алтын тутка дарбаза,
Эр Жаныштын ордосу,
Ээрчип кеткен жанында,
Иниси Байыш жолборсу,
Мен дагы бектер барында,
Акылдашчу жолдошу.
Көк болот така кактырган,
Күмүш үртүк жаптырган,
Күүсүнөн тайбайт минсе – деп,
Күрүч менен бактырган,
Көкжалымдын жоргосу,
Кошо кеткен болучу,
Күйөөрү Байыш жолборсу.
Эки бектин барында,

Эртели-кеч жанында,
Күйүтүн тарткан мен карып,
Көздөшүп жүргөн жолдошу.
Айланайын дубанам,
Ал-абалым сураган,
Азыркы сенин сөзүнө
Алданам да, кубанам,
Акжолтой болуп багыма,
Келдиби нээтиң туурадан.
Кейиш тартып зарланып,
Кемпир-чалбыз куураган.
Балың болсо бал ачкын,
Бар-жогума карашкын.
Табериксиң дубана,
Таалайыма жараштың.
Карыптык энчи бергидей,
Казан асчу кулдардын
Кайсынысын талаштым.
Бачым ачкын балыңды,
Бал акысын берейин,
Байбичемди ээрчитип,
Бачымыраак келейин.
Төп сүйлөсө төлгө тарт,
Төлгө түшсө көргөндү айт,
Төлгө акысын берейин.
Эч болбосо дубанам,
Төрт чака таап келейин.
Тирүү болсо келди де,
Тилегиңди берди де.
Өлгөн болсо түңүл де,
Угузайын бүгүн де,
Кайрылып келер алы жок,
Калды де жердин түбүндө».

Ошондо Байыш аттан түшө калып, кырк бир ташты санап алып төлгө салды да, кайта атына минип, Сарбанды сүйүнчүлөп Байыштын айткан сөзү:

«Чынын айтат бал төлгө,
Сүйүнчү бер Сарбаным,
Нечен жылдан бер жакка
Кайыр тилеп зарладың,
Аман келип эки бек,
Арылыптыр арманың,
Санааң кайта жашарып,
Кириптир кубат дарманың.
Алдо үй! Алдо үй!
Армандуу Сарбан сүйүнчү,
Алек* тонуң кийинчи.
Күйүттүү Сарбан сүйүнчү,
Көлөңдү оңдоп кийинчи.
Төлгө тарткын дединиз,
Тирүү экен бегиниз.
Түрү бузук кулдардан
Тийди колго кегиниз.
Алдо үй! Алдо үй!
Байгамбардын балы айтат,
Балчыларың даана айтат,
Бал ачып бер дединиз,
Аман-эсен келиптир,
Байыш, Жаныш бегиниз,
Баштагыдай бектикке,
Келиптир Сарбан эбиниз,
Байыш келип кулдардан
Колуңа тийди кегиниз.
Алдо үй! Алдо үй!
Жаныш, Байыш эки бек,
Кими дос, кими душман – деп,
Баштарына куу кийип,
Ичтерине кек түйүп,
Думана болуп турушат,
Жүрөгүнөн от күйүп.
Алдо үй! Алдо үй!
Кууларынын тышынан,
Селделерин чалынып,

Арыктаган атына
Куржундарын салынып,
Кубулушуп келиптир,
Кулдарына камынып.
Алдо үй! Алдо үй!
Жүрөгүндөн чер кетип,
Маңдайыңдан тер кетип,
Келет экен эки бек,
Көңүлүңдү дегдетип.
Душманыңды басыпсың,
Тилегиңе сен жетип,
Байбичең эркек туугандай,
Жаңыдан бешик терметип.
Алдо үй! Алдо үй!
Жаныш, Байыш баатырлар,
Көлбоолорун асынып,
Көргөндө тааныйт душман – деп,
Баатырдык көркүн жашырып,
Кадиксиз баатыр экөө тең,
Кайратын тоодон ашырып,
Дубана болуп туруптур.
Түбү жайын биле албай,
Кулдарды кудай уруптур.
Алдо үй! Алдо үй!
Ошондо Сарбан сүйүнүп,
Үйүн карай жүгүрүп,
Шашканынан шордуу чал,
Үч жыгылып бүгүлүп.
Көзүнөн кара жаш агып,
Көңүлү кайта жашарып,
Ыраактан кабар салды эми,
Үйүнө жакын барды эми.
Кудай кошкон курдашым,
Курбулаш өскөн мундашым,
Үйдөсүңбү кайдасың,
Үшкүргүңө арылып,
Көңүлүң мендей жайнасын.

Кулагың угуп кубансын,
Көңүлүң мендей жубансын.
Күйүтүң ичтен жоголуп,
Бул кордуктан оңолуп,
Кайгыны жазар күн келип,
Тилекти кудай чоң берип,
Оңоло турган кез келди,
Дубаналар учурап,
Төлгө тартып сыр берди.
«Жаныш, Байыш келет – дейт,
Жардамды кудай берет – дейт.
Жолборсторуң келгенде
Жоголот сенден мээнет» – дейт.
Тең карыдык, тең арып,
Төлгөсүн көрдүм мен барып,
Нечен жылдан бер жакка,
Өтпөдү оокат сандалып.
Алты чака, беш чака,
Барбы сенин жанында.
Берер чака жок болсо,
Алып кел тапкан нанынды,
Келет – деди дубана,
Жаныш, Байыш ханынды.
Бал акысын берелик,
Батасын алып келелик.
Төлгө акысын берелик,
Дубасын алып келелик.
Бүгүнкү тапкан нанынды,
Ачка өлсөк да жебейлик».
Баарын угуп кемпири
Чыга калды чалым – деп,
Чынбы, сөзүң жалганбы,
Калбады менин жаным – деп.
Жаныш, Байыш бек келип,
Ачылабы багым – деп.
Олуя болсо дубана
Оюн эмес белги экен,

Ошолор мурда жок эле,
Кайсы жактан келди экен?
Же дөөдүрөгөн дубана
Өзүбүздүн эл бекен?
Бүгүнкү күндө мен шордуу
Ашпозго бардым аш сурап,
Ачкалыктан ал кетип,
Көзүмө кара жаш курап.
Наабайга бардым нан сурап,
Наабайдан жаман сөз угуп,
Кайтара бастым алсырап.
Айланайын чалым, ай,
Кетирдиң кубат алымды, ай.
Алты чака, беш чака,
Ким салат менин жаныма, ай.
Элден, журттан суранып,
Жокчулук чиркин уланып,
Төгүлдү менин арым, ай.
Бүгүн кечке суранып,
Бар тапканым жарым нан.
Айланайын абышкам,
Ээрчийин сенин артыңан,
Элдин баары жек көрөт,
Ошондуктан тартынам», –
Деп кеңешип алдында
Кемпири келет кеденден.
Жаны калбай жүгүрүп,
Жарты нанын белендеп.
Жегенине ыраазы
Дубанага берем – деп,
Дубасын алып келем – деп.
Жан аябай жүгүрүп,
Колу, буту бүгүлүп,
Чала-була жыгылып,
Чалы келет чарбандап,
Сүйүнгөндөн дарданып,
Кошулушуп кемпири

Колу, буту барбаңдап.
Кемпир барды буркурап,
Көзүнүн жашы дыркырап.
Эки колу боорунда,
Дубанадан сыр сурап.
Кемпирдин сөзүн макул – деп,
Кеңешип келген акыл – деп.
Абышкасы тынч турат.
Эки колу боорунда,
Жарты наны колунда.
Дубанага жалынып,
Көзү жашка карыгып,
Бечара кемпир бир баштан
Сөз баштады зарылып:
«Айланайын дубанам,
Айтканыңа кубанам,
Алданын сүйгөн бендеси,
Алсыздын жайын сураган
Кол куушуруп алдыңа
Зыярат кылып турамын,
Бал ачып көргөн сырыңдын
Бардыгын айтар убагың.
Алдыңа келип арыз айтып,
Айлансын кемпир, чалыңыз,
Айланайын дубана,
Аз экен тапкан наныбыз.
Аз да болсо алыңыз.
Жаныш, Байыш бек келип,
Ачылар бекен багыбыз.
Жаныңа келип буркурап,
Жалынат кемпир, чалыңыз,
Жарты экен тапкан наныбыз,
Жалынабыз сыр сурап,
Жаман кемпир, жаман чал,
Жашык болгон зыркырап.
Жалыны өчкөн көздөрдүн
Жамгырдай жашы дыркырап,

Жалынып турат алдында
Жайсыз кемпир, жайсыз чал,
Жармачтарга көзүң сал,
Жарты да болсо нанын ал.
Жарты экен биздин наныбыз,
Жакын бекен келери
Жаныш, Байыш ханыбыз?
Аз экен биздин наныбыз,
Аз деле болсо алыңыз,
Анык бекен келери,
Адашкан эки ханыбыз?
Аман келсе эки бек,
Айланайын дубанам,
Биздин жанды алыңыз.
Карып болдук, хан элек,
Бир адамча бар элек,
Мусапыр болдук, бек элек,
Муңайтты кулдар тебелеп,
Муунду сары суу алып,
Көздүн жашы себелеп.
Жаныш, Байыш дегенге
Кубанып келе жатабыз.
Жакшы сөз угуп дубанам,
Жазылды биздин капабыз.
Кабыл болсун дубанам,
Карыпка берген батаңыз».

Кемпир, чал зарылып, дубанага жалынып, муундары шалдырап, баса албай далбырап, баштары каңгырап турушту. Байыш кемпирдин жарты нанын алып, көлбоорго салып, анан муну айтты. «Жаныш, Байыш да биздей дубана болуп калган, аман-эсен беш күндө келишет, алар келгенче сиздерди мына бул кыз эч нерседен кемитпей багып турат».

Желкайыпты кемпир, чалдын колуна таштаашып, Жаныш, Байыш өздөрүнүн ата-энеси турган Үзүр шаарын карай жөнөп кетишти. Барса атасы

Нуркандын ордосу талкаланып калган. Хандык ордону жана мунараны башка салдырган. Керней, сурнай тарттырып, балбан күрөштүрүп, эр сайыштырып сонун той болуп жатат. Жаныш, Байыш ордосунун ордун карап, не болду деп терең санап келе жатышса, жардын түбүндө жаман там турат. Тамдын түбүндө жаман кемпир, жаман чал олтурат. Көзүнүн жашы дыр эткен, көп кайгырып күнү өткөн, көөдөндөн көк түтүн бурк эткен, кулагы укпай, кумары чыкпай, көздөрү көрбөй, же ажалы жетип өлбөй жаткан кези эле. Атасы менен энеси экенин таанып, Жаныш, Байыш маңдайына барып тура калып, Байыштын дубана болуп айткан сөзү:

«Ассалоому алейким
Салам бердим көргөндө,
Сап болорбуз өлгөндө,
Баш көтөрөр бекенсиң,
Санаадарың келгенде.
Карып болуп калыпсың,
Калың кыргыз эл кимде,
Тирүү болсо балдарың
Бар бекен келер белгиңде?
Амандаштык көргөндө,
Адашабыз өлгөндө,
Алыңды айтар бекенсиң,
Асылдашың келгенде,
Алсыз болгон экенсиң,
Алтын так кимде, эл кимде?
Аман-эсен балдарың
Бар бекен сенин белгиңде.
Жашың жетип карыпсың,
Жаман болуп калыпсың,
Ажырап эки бегиңден,
Акылыңдан таныпсың.
Эч бир адам кайрылбай,
Өлөр күнгө барыпсың.

Көргөн, билген зарыңды,
Бир башынан сурайын.
Көңүлдөгү дартыңдын,
Баарын айтчы угайын.
Жаныш, Байыш баатырдан,
Билдиң бекен бир дайын?
Ооматың кетип башыңдан,
Ордоң кимден бузулган,
Оокатың өтпөй бул күндө
Карып жаның кысылган.
Ажырапсың талаалап,
Ак калпак кыргыз журтуңдан,
Мусапырлык күн берип,
Бу кордукту ким кылган?
Хандыгыңды талашып,
Кандай душман асылды?
Кайдан келген касчылык,
Карып кылды башыңды?
Бечаралык карыптык,
Беш энеңе жазылды,
Кандай душман кас болуп,
Карып кылды башыңды?
Ким алды алтын таажыңды?
Ким сурады элиңди?
Ким кести сенин деминди?
Хандыгыңан түшүрүп,
Карыптын суусун ичирип,
Ким тапты сенин эбиңди?
Ким минди алтын тагыңды?
Ким байлады багыңды?
Ким кетирди алыңды?
Биз угалык кемпир, чал,
Кайгы-капа, зарыңды.
Хандыгыңды колго алып,
Ким билди Үзүр шаарыңды?
Ким бузду сенин ордоңду,
Кимдер сендей кор болду?

Ким алды алтын тууруңду?
Ким кетирди муунунду?
Ким алды күмүш тууруңду?
Ким кетирди муунунду?
Күйүт тартып ыйлаган,
Күнөөсү барбы кыйнаган,
Күңгүрөнүп муң менен
Күкүктөй тили туйлаган,
Күйөрүң кимдин баласы?
Жакын калган көрүнөт,
Жеткен ажал чарасы.
Алтының жыйган казынак,
Ачкычы кимдин колунда,
Арманың сурайм азыраак,
Азап тартып жатыпсың,
Арылбас шорго батыпсың,
Армандын тузун татыпсың,
Ак жолборстон ажырап.
Күмүшүң жыйган казынак,
Килити кимдин колунда,
Күйүтүң сурайм азыраак.
Күнөөкөр болгон экенсиң,
Көзүндөн жашы чачырап,
Күйүттө жаткан экенсиң,
Көк жолборстон ажырап.
Кырк күнгө болжоп той кылып,
Алтын көкүл баланы
Астырууга ой кылып,
Дайындатып желдетке
Дар курдуруп койдуруп,
Белеске жыйын курган ким?
Бегиңдин уулун урган ким?
Маңдайда алтын көкүлүн,
Бармакка ороп жулган ким?
Балапан кезде жалдырап,
Байлоодо ыйлап турган ким?
Кырк күндүк тоюн аткарып,

Кырк күндүк оюн башкарып,
Калың жыйын курган ким?
Хандык кылып турган ким?
Ханыңдын жалгыз баласын
Камчыга бөлөп урган ким?
Желдеттердин колунда,
Карып болуп турган ким?
Маңдайда алтын көкүлүн
Каңтара тартып жулган ким?
Ким билди калың элиңди,
Ким тапты сенин эбиңди,
Кандай душман болсо да
Карып болсун дедиби?
Кара чачы жайылган
Кайгылуу кимдин келини?
Жаныш, Байыш баатырдын
Салганы алгыр куш эле,
Санаасы бузук душмандын
Самаганы ушу эле.
Саамай чачын жулдурган,
Сабатып желдеттерге урдурган,
Санаалуу кимдин кызы эле.
Жаныш, Байыш бектерге,
Жаш убакта кеткенге,
Нече жыл болду арасы?
Ак шумкар салып кеткени,
Айдың-Көлдүн талаасы,
Асылмак болду жалгызың,
Баатыр Жаныш, Байыштын
Кимисинин баласы?
Баландын алын байкуш чал,
Баш көтөрүп карачы».

Жаныш жарадар болуп, Байыш байланып кеткенден кийин, хандын казынасын уурдап, калың элди колуна алып, Нурканды түшүрүп, Акжол, Дарбаз хан болгон. Жаныштын төрөлгөн кызы бар жана

өзү кеткенде зайыбынын боюнда калган эле. Эркек төрөгөн баланын атын Баяман койгон. Баяман 15 жашка чыккан кези. Кызы Айсалкын 17 жашка чыккан кези. Акжол, Дарбаз акылдашып, баласы Баяманды өлтүрүп, Күмүшайды, Айсалкын кызын экөө алмак болгондо, Күмүшай: «Таксыр ханым, биз дагы өзүңдөй хандын катын-баласыбыз. Мындай кордук-зордук менен албагын, өзүңүзгө ийгиликсиз болот. Биз үчүн кырк күнү той бер, жана кырк күнү оюн кылгын. Үзүр шаары кыргыз эли таң калып, тамшангандай болсун. Кызым экөөбүз сиздерге тийип, мен баламды өзү аман калууга көндүрөмүн. Эгер балам тил албаса, өз убалы өзүнө» – деди. Акжол, Дарбаз макул алып, кырк күндүк тою өтүп, кырк күндүк оюну ошо күнү бүтүп, баланы дарга асмакчы болуп жаткан күнү эле. Күмүшайдын тилин Баяман албады: «Мен кытайга энем менен эжемди берип, тирүү жүргөнчө өлгөнүм жакшы» – деп. Ошондуктан Акжол, Дарбаз баланы өлтүрмөк болушкан. Ошол окуялардын баарын Нуркан дубаналарга айткан сөзү:

«Алейкиме ассалам,
Алымды сурап келипсиң,
Айланайын жан балам,
Айласын таппай өлгөнү,
Арманда жатат мен бабаң.
Акжол, Дарбаз кулдарым
Хандыгымды кармаган.
Айланайын дубанам,
Айтканыңа кубанам,
Алдыма адам келчү эмес,
Келгениң кайсы – туурадан?
Элимде киши жок эле,
Силердей алды сураган.
Кайгы менен муң басып,
Кемпир, чал элек куураган.
«Үй» – деп келген үнүндөн,

Үргүлөйүн диниңден,
Жаныш, Байыш баатыр – деп,
Жакшы айткан булбул тилиңден,
Аргымак элем бир кезде,
Айлык жолго жүгүргөн,
Арышым кетип дубанам,
Бу кезде алым кетип бүгүлгөн.
Жаныш, Байыш бек тургай
Мындагы жалгызымдан түңүлгөм.
«Ак» – деп келген үнүңдөн,
Айланайын диниңден,
Кабар алып келипсиң,
Карып болгон күнүмдөн,
Казанат элем бир кезде,
Караңгы, күндүз жүгүргөн.
Канаты сынып бүгүлгөн,
Качанкы кеткен бек тургай,
Мындагы каралдымдан түңүлгөм.
Калкылдайт өпкө, жүрөгүм,
Кандай болом бүгүн мен.
Жаныш, Байыш баатырым,
Жашында кетти куш салып,
Жамандыкты көп көрүп,
Жатабыз мында биз карып.
Күнү-түнү жол карап,
Жоругун ойлоп көп санап,
Курчу кетип көз талып,
Ачыккан кулдар журт сурап,
Алсыратып эл жеди,
Ач-арыктан алганын
Ырайым кылып бербеди.
Байланган менин багымбы,
Балдарым кайта келбеди,
Жаш экенде балдарды
Же бара кой деген менденби?
Кайыр шаарды кар кылды,
Кеңири жаткан эл элем,

Заманымды тар кылды.
Ушу болду дубанам,
Кулдардын кылган кордугу,
Өтүп кетти сөөгүмө
Өлмөйүнчө зордугу,
Ушу көргөн убарам,
Же өзүмдөн кесир болдубу,
Кул кутуруп чоң болду,
Кулдун иши оң болду,
Хан тукуму кор болду,
Хандарым келер бекен – деп,
Түңүлбөй карайм жолдорду,
Келсе келер кези эле,
Кечиктирди болжолду,
Керээзим жалгыз Баяман,
Же кетер күнү болгонбу?
Казынаны талатып,
Өзүн канга каалатып,
Элимдин көөнүн киритип,
Ишимдин баарын чиритип,
Хандыктан мени түшүрүп,
Карыптык шорду ичирип.
Кул минди алтын тагыма,
Кул байлады багымды.
Дүнүйөгө алданып,
Эл кетирди алымды,
Хан баласы кор болуп,
Кара торго чалынды.
Карып жанын соогалап,
Казанчы кулга жалынды.
Кул алды алтын туурумду,
Кул кетирди муунумду.
Кубаты кетип ыйлаган,
Кулдары жанын кыйнаган,
Жүрөгү аттай туйлаган,
Жаныштын жалгыз кулуну,
Жалынсам да эки кул,

Укпады менин муңумду,
Кул алды күмүш туурумду,
Кул кетирди муунумду.
Күйүт тартып ыйлаган,
Күнөөсүз кулдар кыйнаган,
Камчы менен сабаткан,
Бүткөн бойдон сызылып,
Жамгырдай кара кан аккан,
Ошо мен карыптын кулуну.
Акжол, Дарбаз эки кул,
Асты эле билбейт мунумду.
Жаныш, Байыш кеткенде,
Карында калган карагым,
Каруусуна толгондо,
Кармарга болот жарагым,
Кайгысында турамын,
Кармалып турган баланын.
Бегимден калган медерим,
Алымды сурап келерим,
Бел бекитер кемерим.
Баатырдан калган байрагым,
Жазгы чыккан булбулдай,
Жан эритип сайраган,
Акыры минтип кулдардан
Өлгөнү турат жайдарым.
Алтыным жыйган казынак,
Ачкычы кулдун колунда,
Арманым айтам азыраак
Азапта жаткан дубанам.
Ак жолборстон ажырап,
Ак жолборсум Жанышым,
Акжол, Дарбаз кулдарга
Өтпөдү менин наалышым.
Күмүшүм жыйган казынак,
Килити кулдун колунда,
Күйүтүм айтам азыраак,
Тирүү эмес, өлүүмүн

Көк жолборстон ажырап,
Көк жолборсум Байышым,
Көп кытайга бет кылып,
Көрбөдүм эрдин сайышын.
Белеске жыйын курган кул,
Бек болгонсуп турган кул,
Баатырдын жалгыз баласын,
Байлатып алып урган кул,
Маңдайда алтын көкүлүн
Бармакка ченеп жулган кул,
Калың элге той берип,
Карартып жыйын курган кул.
Хан болгонсуп турган кул,
Ханымдын жалгыз баласын
Камчылатып урган кул.
Маңдайда алтын көкүлүн,
Каңтара тартып жулган кул,
Хандык тийсе колуна
Казанчынын иши бул.
Кул билди калың элимди,
Кул кести менин демимди,
Хандыгымдан айырып,
Кытай кул тапкан эбимди.
Казанчы кулга кор болуп,
Кайгы тапкан бейбак ай,
Мен шордуунун келини,
Жанында турат жалдырап,
Баласы менен кызы бар,
Байкуштардын ичинде
Эригис кайгы музу бар,
Казанчы калмак кулдардан
Карып болду ушулар,
Кара нээт кулдардын
Уясы биздей бузулар.
Айланайын дубанам,
Байланып турган баланын
Имерип алын карагын.

Мусапыр менен мундууну,
Жетим, жесир тулдууну,
Карып го деп санагын.
Эч айламды таба албай,
Өрттөнүп күйүп барамын.
Жаныма жакын келе кет,
Жан сактайын өлгөнчө,
Жан кебиң болсо бере кет,
Тетиги жалгызымды көрө кет,
Жалынсам да кулдарым
Мени жакын жеткирбейт,
Жалгызымдын бетинен
Мандайын сылап өбө кет,
Кагылайын дубанам,
Кайрылып жакын келе кет,
Карып болгон Нурканга
Кайырың болсо бере кет,
Карыштырды карыганда
Казанчы кулдар кара нээт.
Кармалып турган жалгызды
Кадырын сурап көрө кет,
Дубана сага тапшырдым,
Кайрылып барып өбө кет.
Жаныш менен Байыштын,
Тирүүлүгүн билерге
Бербеди кудай керемет.
Жакын барсам эки кул,
Ыргыта түртүп тепкилейт,
Жакындасам кеткин дейт,
Жалынсам да жеткирбейт.
Жалгызымдан айрылсам,
Таң атпайт да, кеч кирбейт».
Ошондо кемпирдин айтканы:
«Бул ак уруп келген ким,
Бүгүнкү күн кандай күн,
Мусапырдан мун сурап,
Мунун жазган кандай күн?

Башымдан кетет шекилдүү,
Баскан туман кара түн.
Көкүрөк чирип дарт баскан,
Көмүлгөн көзүм ачылып,
Көрүнө калды жер, асман,
Биз бир мундуу мусапыр,
Акыл-эстен адашкан,
Мээнет тартып жатабыз,
Эч адам жок карашкан,
Жайында тоңгон жүрөгүм,
Жалындап ысып күйөсүң,
Каны кеткен эмчегим,
Жаш чагымдай иесиң.
Жаныш, Байыш келгенсип,
Жаным кургур сүйөсүң.
Жанышым менен Байышым,
Дайынсыз кетти билинбей.
Тирүү болсо келер – деп,
Тиледим эле түңүлбөй.
Жалындайсың жүрөгүм
Жаңыдан тууган күнүмдөй.
Баш көтөрдү бүжүрөп,
Ачылдың деп көкүрөк,
Кабыл болот шекилдүү
Кажып калган бир тилек,
Какшып калган эмчектен,
Сүт агабы диркиреп.
Дубана турмак бурулуп,
Дудук келип койбогон.
Тууганыбыз кас болуп,
Душмандыгын ойлогон,
Булар кандай дубана,
Жүрөгүм турат кубана,
Жаныш, Байыш баламдын
Жамалы жакын келгенби?
Жалооруган мундуунун,
Тилегин кудай бергенби.

Келбесе да ошонун
Дайынын билген элденби.
Ой дубана балдарым,
Ким экениң айта кет,
Кирди кубат дарманым,
Азыраак тура кеткиле,
Арылсын менин арманым.
Айланайын балдарым,
Бир азыраак тура кал,
Биздин муңду сурап ал.
Мына бул күндө жатабыз,
Мусапыр кемпир, муңдуу чал,
Карыганда мүгдүрөп,
Карып болдук көзүң сал.
Боз ордодон ажырап,
Боз турпакта жатабыз,
Он беш жылдан бер жакка
Кайгы менен капабыз,
Күнү-түнү жол карап,
Күйүттүү көздү сатабыз.
Силерди көрүп дубана,
Акыл менен эс кирди,
Алжыган кемпир, чал элек,
Ачылып эки көз кирди,
Куу булут кетип башымдан,
Кубаныч күнгө жеткирди.
Менин кубанчыма карасаң,
Жаныш, Байыш келеби,
Алтымыш эки тамырым
Зыркырап ийип демеди.
Көзүм тартат дембе-дем,
Мындай белги келбеген,
Балдарымды көрөбү,
Өлүп кетсем энем – деп,
Ак кепиндеп көмөбү.
Баштан кетер капалык,
Дагы тилеп жаталык».

Жаныш ата-энесин көрүп, чыдап тура албай: «Кулдарды өлтүрөмүн» – деп жулунду. Байыш агасы Жанышка кайрат берди: «Азыр шашпа, кимиси кас, кимиси дос экенин билелик, азыр балага барып сынап көрөлү. Бала өлүп бара жатса да кулдардан тартынбай, кайрат менен турар бекен, же жаштык кылып жалтанып, жалынып турар бекен» – деп, Баямандын маңдайына барып, Байыш дубана болуп балага айткан сөзү:

«Ассалоому алейки
Амандаштык бүгүн күн,
Асыламын дарга – деп,
Аманат жандан түңүлдүң.
Акыл ойлоп карачы,
Ак жолборстун баласы,
Ажалдан алып калышка,
Акжолго барбы арачы,
Арылсаң бакты, таалайдан,
Адамдын ушул чамасы.
Баатыр Жаныш беренден,
Балапан калган сен жетим,
Ажал жетип өлбөсөң,
Жок эле сенин милдетиң,
Энеңди кулга бербесең,
Өлө турган күндөсүң.
Атаң Жаныш, эр Байыш,
Айбыкпай кирчү сан колго,
Баатырлыгын билгемин,
Кошо жүрүп ошондо,
Ажалдан тирүү каласың,
Апаңды берсең Акжолго.
Нары жалгыз, нары жаш,
Хандар менен кармашпа,
Акыл ойло чырагым,
Ажалсыз өлүп калбаска,
Алды-кийин өзүң бил,

Ар кимдин ою ар башка,
Эби келсе ойлонуп,
Эженди бер Дарбазга.
Карында калып төрөлгөн,
Каргадай жалгыз баласың,
Апаңды берсең Акжолду
Ата кылып аласың,
Апаңды кулга бербесең,
Алдына күндө келбесең,
Ажалсыз өлүп каласың,
Эркелигиң эл билбейт,
Эси жок кандай баласың.
Эженди бергин Дарбазга,
Жезде кылып аласың,
Эженди кулга бербесең,
Эркелеп күндө келбесең,
Ажалсыз өлүп каласың,
Эки бектен тайбаган,
Өлүмгө башын байлаган,
Өрттөнгөн кандай баласың.
Апаңды берип тартууга,
Ата де Акжол кулуңду,
Апаңды кулга бербесең,
Ата деп күндө келбесең,
Акжол кул билбейт муңуңду,
Акылдан шашпа алактап,
Асыл эрдин кулуну,
Айтканыма көнбөсөң,
Анык шоруң куруду,
Эл жактырбайт мунуңду.
Эженди берип тартууга
Жезде де Дарбаз кулуңду,
Эженди тартуу кылбасаң,
Эки кул билбейт муңуңду.
Эс, акылдан айрылба,
Эссиз бектин кулуну.
Эжең менен энеңсиз,

Эрсинсең шоруң куруду,
Эл жактырбайт мунуңду.
Акыл айтам, бил балам,
Айтканыма кир балам.
Ар-намысты ойлонсоң,
Аман койбойт бул заман,
Хандар менен жайлашып,
Калганың жакшы тынч аман.
Өлбөй тирүү калууга,
Өчүндү кийин алууга,
Эмне десе макул де,
Бул айтканың акыл де.
Убагыңа барууга,
Азыр балам өзүң жаш,
Кире элексиң карууга.
Өтө кайрат баш жарат,
Өксүп учат жаш канат.
Өзүң өлсөң өлөсүң,
Кошо өлөм деп ким барат,
Акыл ойлоп сабыр кыл,
Ата-энеңди ким багат.
Алдо үй! Алдо үй!»

Бала дубаналардын сөзүн угуп, башын көтөрүп жооп берейин деди эле, желдеттер желкеге коюп, баланы сүйлөтпөй, жер тиктетип турушту. Ошондо бала дубанага жооп берүү үчүн желдеттерге сүйлөгөн сөзү:

«Кече атам Жаныш барында,
Эр Байыштын жанында,
Кылычын чапкан кыраандар,
Жамандыгын эч көрбөй,
Жакшылык көргөн туугандар.
Жамандашып жоо келсе,
Жан аябай куугандар.
Айланайын желдеттер,
Ойлосоң карар убал бар.

Көп кыйнаба жанымды,
Атамдан калган желдеттер,
Мен муштумдай баланы.
Колуңдан келсе коё бер,
Боздотуп кайта урганча,
Болбойсуңбу соопкер,
Ата көргөн алымды,
Силер билбей ким билер,
Кантип мени соо койсун,
Тетиги казан асчу жиндилер.
Жалынамын буркурап,
Жаным кейип зыркырап,
Жамгырдай жашым дыркырап,
Боздотуп кулдар урдуруп,
Болбоду менде тынчымак.
Силерден мага жазык жок.
Менден сага жазык жок,
Айланайын желдетим,
Айла кетип колуңда
Кармалып турам мен жетим.
Жакшылыкты талашпай,
Жашмын го деп адашпай,
Жашынып элдин четинде,
Жансактап жүргөн кезимде,
Асылды кулдар жетимге.
Акыры тирүү калбаймын,
Арамдык жок нээтимде.
Сөзүнө жооп берейин,
Дубана турат бетимде.
Айланайын желдеттер,
Сүйлөтүп алчы тилимди,
Чыдай албай барамын,
Менин көргөн күнүмдү,
Береги эки дубана,
Уга кетсин муңумду,
Бекеринен кыйнаба,
Бектин жалгыз мен уулу.

Көңүлүмдү оорутуп,
Көлбоорлорун асынып,
Дубана келди кашыма.
Ырайым кылгын желдеттер,
Көзүмдөн аккан жашыма,
Койгулаба желкеге,
Кор кылбагын желдеттер,
Мен дагы хандын тентеги,
Жаныш, Байыш бек келсе,
Жаш тилегим эп келсе,
Башыңа тиер келтеги.
Мен мусапыр баланын,
Мүндуулугун карагын.
Акжол, Дарбаз кулдардын
Билбединер арамын.
Тирүү жүрөт дебесе,
Жок эле менин залалым.
Жооп кылсаң желдеттер,
Дубанага карайын.
Баш көтөртүп койсоңор,
Арманымды айтып алайын.
Туулгандан болдум тумшуксуз,
Менин жок экен го таалайым».
Жооп берди желдеттер:
«Сүйлөсөң балам сүйлө – деп,
Бу мүндуулук ар кимдин
Башына келер дүйнө» – деп.
Дубананы бет алып,
Сөз баштады ошондо:
«Аса таяк асынып,
«Ак» – деп жүргөн дубана,
Андан бетер кыдырып,
Азапка түшкүн убара,
Түбү бузук калмакка
Апасын бербейт бу бала.
Апамды кулга бергенче,
Аталап кулга келгенче,

Менин аманат жаным убара.
Андан көрө дубана,
Асаңдын жолун туурала,
Алда кандай кез келип,
Акыл айтып, эс берип,
Менин азабым тартып кууpаба.
Көлбооруң түшпөй жонуңдан,
Көп кыдырган дубана.
Көрүнгөнгө калп айтып,
Күпүлдөгөн убара.
Сен эмессиң мен билем,
Көптү көргөн улама.
Көрүнгөнгө шам жагып,
Көлбоорунду туурала,
Күйүшөр жалгыз эжесин
Кулга бербейт бу бала.
Эжемди кулга бергенче,
Эркелеп кулга келгенче,
Менин эссиз жаным убара.
Күнөөсүз туруп кез келип,
Көңүл айтып эс берип,
Күйүтүм тартып кууpаба.
Айланайын дубана,
Эми айтайын арманды.
Амал барбы көрбөскө,
Акжол, Дарбаз салганды.
Мен бир жетим баламын
Өлбөй калар ал барбы,
Ак сакалдуу карыдан,
Атамды көргөн баарыдан,
Акылдашса кеп угам,
Атамды Жаныш – деп угам.
Алардын жайын мен угам,
Каада билген карыдан,
Кадырымды тааныган
Калайыктан кеп угам.
Агам Байыш – деп угам.

Хандардын сөзүн мен угам
Кытайга барып жоголгон,
Атанын жөнүн мен угам.
Жаныш, Байыш ата, агам,
Келе турган болсочу,
Жалгызга кудай бир тилек
Бере турган болсочу.
Жаза кесип кулдарды
Жалгыз өлөр күнүндө,
Көрө турган болсочу.
Жаш куюлган бетимден
Өбө турган болсочу,
Жалбырагым куурабай,
Жаш элем күлүм толсочу,
Байыш баатыр багыма
Келе турган болсочу.
Балапан жаштын тилегин
Бере турган болсочу,
Байлап алып кулдарды
Кере турган болсочу.
Баласы өлөр чагында
Көрө турган болсочу,
Байлоодон колум чечилип,
Бар болсо күнөөм кечилип,
Балапан күлүм толсочу.
Айласыз күндө турганда,
Атакем келип калсачы,
Акжол, Дарбаз кулдарды
Алдыртан торой чалсачы.
Алсыз башты өлүмдөн
Ажыратып алсачы.
Асмандап учкан тунжурум,
Айланып туурга консочу.
Атакем Жаныш өлсө да,
Байышым келер болсочу,
Агамды көрүп кубанып,

Ач калган көөнүм тойсочу.
Жалгыз кылып арытпай,
Жаш өмүрдү карытпай,
Жаратпай эле койсочу.
Атакем Жаныш кеткенде
Жети жыл өмүр өткөрдүм,
Жетимдин кайнап шорунда,
Сегиз жылдан бер жакка
Куурадым кулдун колунда.
Асмандап учкан сар бекен,
Алтын, күмүш сал бекен,
Атанын жүзүн көрбөгөн,
Ажалынан өлбөгөн,
Адамда мендей бар бекен.
Атам Жаныш, эр Байыш
Акжол, Дарбаз кулдардын,
Эминесин алды экен.
Мага кандай кулдардын,
Артыкбаш доосу калды экен.
Көкөлөп учкан сар бекен,
Күмүш жамбы сал бекен,
Күйүшөрүң көрбөгөн,
Күнөкөр болуп өлбөгөн,
Күйүттүү мендей бар бекен.
Күйөөрүм Байыш, эр Жаныш,
Күңү менен кулунун
Эминесин алды экен.
Күйүттүү менин багыма
Кандай күчтүү доосу калды экен,
Же менин жаным кулдардын
Колунан өлчү жан бекен? –

деп, бала басылды. Эмдиги сөз энеси Күмүшайдан. Күмүшай кулга тиейин десе баласы Баяман болбойт, тийбейин десе баласын өлтүрүп, кулдары зордук менен нике кыйып алмак болуп жатат. Ошондо Күмүшай баласын карап айткан сөзү:

«Айланайын жалгызым,
Асманда жарык жылдызым,
Айлаң кантип табылат,
Арстандан калган ырысым.
Жалгызды жалгыз дебеген,
Жетимди жекке теңеген
Ошо кулдардын иши курусун.
Айланайын жалгызым,
Айланды таппай зарладым,
Эки көзүм ортосу,
Эт жүрөгүм толтосу.
Кара көзүм ортосу,
Как жүрөгүм толтосу,
Сен ушинтип турганда,
Атаң Жаныш алкынып,
Кирип келер болсочу.
Айтайын арман угуп ал,
Акылыма кулак сал,
Билбесең жөнүн билип ал,
Мен бейбактын тилин ал.
Кайрат кылып карышпай,
Хандар менен салышпай,
Кагылайын тирүү кал.
Балапан жүнүң бата элек,
Балтыр этиң ката элек,
Чырымтал жүнүң бата элек,
Чымыр этиң ката элек,
Атанын жөнүн биле элек,
Акылың толук кире элек.
Кайрат кылыш не керек,
Куп десең айткан сөзүмдү,
Кул деле болсо тиейин,
Кудайдан сенин жаныңдын
Тирүүлүгүн тилейин.
Кулунум сенден ажырап,
Кантип тирүү жүрөйүн.
Куу тырмак кытай кулдардан,

Кечилбейт сенин күнөйүң.
Кулунум тирүү бар болсоң,
Жаман да болсо кулдарга
Жалынып барып тиейин.
Жалгызым сенин жаныңды,
Жараткандан тилейин,
Жалынсам да кулдардан
Кечилбес болду күнөйүң,
Жалгызым сенден айрылып,
Жатсам, турсам кайгырып,
Канткенде тирүү жүрөйүн.
Айланайын кулунум,
Айла таппай курудум.
Мындан башка акыл жок,
Же муңунду сурар жакын жок.
Жалгыз эркек, жалгыз кыз,
Жетим, жесир байкушпуз.
Акжол, Дарбаз калмактын
Заманына болдуң туш.
Мен тийбей сени агытпайт,
Чалынган торго сен бир куш».

Күмүшайдын сөзү бүттү. Баяман бала энесинин сөзүн угуп турду да, бардыгын байкап, энеси менен эжесин карай бир айткан сөзү:

«Айланайын апаке,
Сүйлөтпөгүн тилиңди,
Акжолго тийип алам – деп,
Улуксат бергин балам – деп,
Келтирбе менин жинимди.
Кулга тием дегиче,
Ойлогун түпкү зилиңди,
Акжол, Дарбаз кулдарың
Аман койсун киминди.
Курсакта калып төрөлүп,
Куурадымбы чырпыктай,
Кулдардан өлөт экемин,

Кулаалы алган чымчыктай,
Куу топурак алдында
Апаке кулунуң калар тумчукпай.
Жатында калып төрөлүп,
Жаш куурадым чырпыктай,
Жазыксыз өлүп баратам,
Жагалмай алган чымчыктай.
Жабыктай жердин алдында
Апаке жаш ботоң калар тумчукпай.
Кара дарга асылып,
Казанчы кулдан мен өлүп,
Кайгыма чыдап тура албай,
Канаты сынган улардай,
Апакем менен эжекем,
Катарың менен тең өлүп,
Акыры башта бир өлүм
Бел байлашып көрөлүк.
Айланайын апаке,
Акырет кетем сен үчүн,
Акжол кулга тийгенче,
Азабын тартып күйгөнчө,
Ардагындан ажырап,
Арман менен жүргөнчө,
Ажалсыз өлгүн мен үчүн.
Кагылайын эжеке,
Кыямат кетем сен үчүн,
Кызматкер кулга тийгенче,
Кыялым санап күйгөнчө,
Күйөрүңдөн ажырап,
Күндө үч убак кайгырып,
Кыйналып жүрбөй эжеке,
Кылчайбай өлгүн мен үчүн.
Эжекем менен апакем,
Өлүп кеттим сен үчүн,
Өрттөнгөн кулга тийгенче,
Өзөгүң оттой күйгөнчө,
Өлүп кетти жалгыз – деп,

Өзүмдү санап күйгүчө,
Өлө көргүн мен үчүн.
Мен өлгөн соң экөөңөр
Өлбөйсүңөр неге үчүн?
Айланайын апаке,
Ак кендир жипке муунуп өл,
Ардактуу эжем Айсалкын,
Арбагымды унутпай,
Ак болот канжар уруп өл.
Армандуу эки шордуулар,
Менин арманымды угуп ал.
Бир тууганым Айсалкын,
Буурчактык жипке муунуп өл,
Күйүттүү апам Күмүшай,
Көк болот канжар уруп өл.
Курулуу дарга кул асып,
Муунуп өлөт жалгызың
Мундуу сөзүн угуп ал.
Кагылайын апаке ай.
Кайгыңа өлдүм силердин,
Калмактарым астырып,
Кара дарда чирендим.
Качан апам өлөт – деп,
Кайрылып карай жүрөрмүн.
Хансынган эки калмакты
Акырет жайы чын болсо,
Калыстык менен сын койсо,
Кара эшек кылып минермин.
Айланайын эжеке ай,
Ажалыңа өлдүм силердин,
Акжол, Дарбаз эки кул
Астырат дарга чирендим.
Эжекем качан келет – деп,
Жолунду карай жүрөрмүн.
Жоонсунган кулдарды
Акырет жайы чын болсо,
Жоор эшек кылып минермин.

Жетилбей өлгөн жетимдин
Арманын угуп калгыла,
Мындан кийин экөөңүн
Келе албаймын алдыңа.
Сыйласаң эже өзүмдү
Садага кылар жан мына».
Жатындашы Айсалкын
Көзүнөн жашы чубуруп,
Эт жүрөгү жалындап,
Күйүткө ичи буулуп,
Жанаша өскөн жайкалып,
Жатындан бирге туулуп,
Жалгызым деп зыркырап,
Жамгырдай жашы дыркырап.
Жанына келди бурулуп.
«Айланайын бир боорум,
Апакең айтса болбодуң,
Медерим сенден калбаймын,
Мен дале орто жолдомун.
Сенден кантип калайын,
Жалгызым, сен тарткан азап шордомун.
Ардагым сенден айрылып,
Акжолго кантип тиейин.
Азирейил алат – деп,
Ажалга кантип күйөйүн.
Аталаш сенден ажырап,
Армандуу көзүм чачырап,
Канткенде тирүү жүрөйүн,
Унутпайм керээз кебинди,
Убайымдуу түгөйүм.
Алыскы жерде отурсам,
Амандашып келерим,
Ачка болсом демөөрүм.
Атакем Жаныш баатырдан
Артылып туулган бereним.
Кагылайын Баяман,
Кара тоодой медерим.

Бербеди кулдар өкүмдү,
Белимден түшөт шекилдүү,
Белимде алтын кемерим».
Кармалып туруп үчөө тең,
Кайгы дартын козгошуп,
Каңырыгын түтөтүп,
Кан жутушат боздошуп,
Кол кармашып турушат,
Кордуктуулар коштошуп.
Жолдошуң болсун ыйманың,
Ал жетпейт кандай кыламын.
Жазыксыз сени өлтүргөн,
Калмакка жетсин убалың.
Хандын уулу сен элең,
Сени тууган мен элем.
Хан да болсо чыдагын.
Канткенде табам эбиңди,
Кагылайын чырагым,
Кулдардын кылган ишине,
Айла келбейт, ал жетпейт
Акылың бар жалгызым,
Айткан менен тил өтпөйт.
Айланайын жалгызым,
Ооматы келсе ким көппөйт.
Кармалып кулдун колунан
Каралдым кеттик караансыз,
Кантип өтөт өмүрүм
Кайгы менен баласыз.
Жалгызым сенин аркаңдан
Айсалкын шордуу экөөбүз
Алты күн калбай барабыз».

Жаныш баатыр катын, баласын көрүп, кайгызарын угуп, каары келип: «Акжол, Дарбазды өлтүрөмүн» – деди. Байыш баатыр: «Сабырдын түбү сары алтын деген, сабыр кылуу керек. Акжол, Дарбаздын маңдайына барып, салам берип, тоюна куттуу

болсун айтып көрөлү. Эмне дээр экен? » – деп, Байыш баатыр агасы Жанышка акыл айтып, катын-баласына билдирбей, Акжол, Дарбаз хандарынын маңдайына барып, Байыш баатырдын дубана болуп учурашып турган жери:

«Ассалоому алейким
Акжол, Дарбаз ханыбыз,
Ачылган хандар багыңыз.
Куттуу болсун эки бек,
Алдында алтын тагыңыз.
Алыскы жерден биз келдик,
Амандашкан чагыбыз.
Ак тоюңуз кут болсун,
Акжол, Дарбаз бегибиз,
Жаныш менен Байыштан
Колуңа тийди кегиңиз.
Аралап көрсөк кубанат,
Калың кыргыз элиңиз,
Падышанын баласын
Өлтүрсөң сууйт демиңиз.
Куттуу болсун эки хан,
Үстүңдө алтын чениңиз.
Кармалып турган баланын
Касташа турган эби жок,
Калк бийлеген хандарга
Кайрат кылар деми жок,
Жанын сактап каларга
Жаныш, Байыш беги жок.
Кутуну кийген боюңуз,
Куттуу болсун тоюңуз,
Хандын уулун карматып,
Кабыл болду оюңуз.
Атка минип, тез келдик,
Ак тоюңда кез келдик,
Акжол, Дарбаз эки хан,
Кайратың бар миң эрдик.

Жазылыптыр тырышың,
Жарашыптыр ырысың.
Жаныштын жалгыз баласын
Өлтүргөнү турусуң.
Эмдигиче өлтүрбөй,
Өкүмүңөр курусун!
Бир кетирип алган соң,
Кетирмек душман дарманын,
Хан болмоктон бек болсун,
Качыруу керек арбагын.
Өлтүрбөй тирүү коём – деп,
Уят болуп калбагын.
Кезегиң келди эки бек,
Кармасаң жакшы кармагын.
Эртелеп асып өлтүргүн,
Эр Жаныштын баласын,
Эжесин бириң аласың,
Энесин бириң аласың.
Бирөөңөргө бирөөңөр,
Күйөө болуп каласың,
Мындай сонун сулууну,
Кайдан издеп табасың.
Акжол, Дарбаз эки хан,
Эл башкарып турасың,
Чынардын жалгыз тамырын,
Чының менен жуласың.
Тамыры куурап бардыгы
Дайын чыкпай куласын,
Кекенээрге душман жок,
Керилет сунсаң кулачын.
Астыргын дарга баланы,
Биз дагы көрүп туралык,
Кара дарда муунуп,
Кызыл жүзү кубулуп,
Кан кускур өлсүн суналып.
Кастык кылган баланын

Кара көзү өчсүн тунарып.
Шариятка тууралап,
Молдолорду чогултуп,
Кыйыктанган молдону
Кылыч менен коркутуп,
Кыяматта күнөөсүз,
Никеге кутпа окутуп,
Күн өткөрбөй эки хан
Кожо, молдо жыялы,
Бүгүндөн калса баланын
Түбүнө тиет зыяны.
Баланы бачым өлтүрүп,
Экөөнө ника кыялы.
Алтын парда көшөгө,
Ак ордого тарттырып,
Алты кабат мамыкка,
Айсалкын менен жаткырып,
Үлгүлүү Үзүр шаарынан,
Керегиңди таптырып.
Туш-туш жакка таралып,
Желдеттерди чаптырып.
Камынгыла эки бек,
Баланын каны чачылсын.
Өмүрдөгү кул болгон
Курушуңар жазылсын.
Муну көргөн душманың
Кан буугандай басылсын,
Экөөңөр эки сулуунун
Коюнунда жатчу асылсың.
Алдо үй! Алдо үй! –

деп турду эле, Акжол, Дарбаз: «Бул дубаналарым ырас айтат, акыры өлтүрмөк болгон соң, баланы эртелеп өлтүрүш керек» – дешип, баланын эки колунан экөө кармап, дардын түбүн карай сүйрөп келе жатат. Бала тилин тартпай кулдарды карай айткан сөзү:

«Жаш канатты талытсаң,
Жаңы гүлдү соолутсаң,
Кандай кылсаң, андай кыл,
Кайда өлбөгөн чымын жан.
Жаратылып жан болуп,
Ажалым жетти кулдардан.
Апаке, сендей бейбак жок,
Армандуу күндө тул калган,
Энекем менен эжекем,
Аркамдан өлсөң жок арман,
Коё бер кулдар колумду,
Бошоткун менин жолумду,
Жазыгым жок бала элем,
Не урасың догунду,
Же жазыксызды жашынан
Өлтүрүшүң сонунбу.
Обу жок кулдар ойлонуп,
Байкап көргүн соңунду.
Ырайым кылгын кулдарым
Көзүмдөн аккан жашымды,
Күнөөсү жок бир жашты
Астырышың жакшыбы.
Отун алып, от жагып,
Күл чыгарып, ат багып,
Кызмат кылган кул элең,
Азыртан баштап экөөңдүн
Азат кылам башыңды.
Ата мураз кулдарым,
Карагын менин алыма,
Забын* болбо каныма,
Туз, арбакты сыйласаң,
Мингизгин алтын тагыма,
Байкуш жетим баланын
Теңелбегин багына.
Отунум алчу кытай кул,
Экөөң вазир болгун жаныма.
Өлүмдөн калсам мен аман,

Эки кул болсоң сен аман,
Суратайын элимди,
Куубасаң кулдук кегинди.
Энекем менен эжекем,
Эки кул сенин теңиңби?
Жалынсам да өлөмүн,
Жалбарсам да өлөмүн,
Жалгыздык жаштык зары ушул,
Жазуунун ишин көрөмүн.
Көзүнүн кырын саларга,
Ажыратып аларга,
Канакей менин жөлөгүм?»

Дубаналардын жана баланын сөзүн угуп, Акжол, Дарбаз хан Баяманды өлтүрүү үчүн дардын түбүнө сүйрөп келип, астырмакчы болот, ошондо Байыш баатыр кулдарды карай какшыктап айткан сөзү:

«Акжол, Дарбаз кулумсун,
Ак, караны ылгаган,
Адал нээт зулумсуң,
Баяманды өлтүрүп,
Даңкың көпкө угулсун.
Жалгызынан ажырап,
Күмүшай менен Айсалкын,
Мунду жашка жуунсун.
Сага окшогон арамы,
Калмакты кудай алабы,
Кара дарга муунтуп,
Асып көрчү баланы.
Кан тукумсуз калабы,
Казанчы кулдар байкагын,
Өзүңө тиер залалы.
Куру желге семирген,
Кул падыша дедирген,
Силер өңдүү арамы,
Кулду кудай алабы.

Өлтүрбөгүн баланы,
Өлүп кетсе баланын
Өзүңө тиер залалы.
Өлөрман кулдар ойлогун,
Бек тукумсуз калабы.
Акылы жок экенсиң,
Акжол, Дарбаз хандарым,
Аркаңдан чыгып карасам,
Арамы кулдар сандарың,
Атасы келсе баланын
Азапка түшөр жандарың,
Акылсыз кулдар билбейсиң,
Атасы келип калганын.
Кутурасың элирип,
Кулдан чыккан хандарым,
Кутман бекен деп келсем,
Кулга окшош сандарың.
Куу кийип келсе эки бек,
Курубасын жандарың.
Кулдугуңдан билбейсиң,
Куюгуп кеткен баатырлар
Кубулуп келип калганын.
Акжол, Дарбаз байкагын,
Аныгын эми айтамын.
Арстан келди кубулуп,
Азим шаар Үзүр калаанын,
Атасы келди баланын,
Акыл менен ойлоп бил,
Айтып турган саламын.
Андан көрө эки кул,
Аманын тиле баланын.
Эси жок кулдар карагын,
Ээси келди калаанын.
Эмдигиче билбейсиң,
Эки бектин кабарын.
Көөдөнү жоктор билбединң,
Көрсөтүп айткан саламын,

Күнөөсү жогун мындан бил,
Күйөөрү келди баланын.
Кытай менен урушуп,
Кыргын салып кеткен бек,
Кылчайып дайны угулбай,
Он беш жылга жеткен бек,
Карып кылдың калганын,
Хан болгонсуп чекчеңдеп,
Казанчы кулдар тойбодуң,
Казынасын казып жеп.
Калмак менен урушуп,
Кан төгүшүп кеткен бек,
Кабары жок болгону
Он беш жылга жеткен бек,
Ойрон кылдың калганын,
Обу жок кулдар чекчеңдеп,
Баласына тап койдуң,
Бардык мүлкүн такыр жеп.
Карылуу болсоң күрөшүп,
Көрөйүнбү кулдарым,
Кабыргаңдын тоомдорун,
Сөгөйүмбү кулдарым,
Кан, жиниңди оргутуп,
Төгөйүмбү кулдарым,
Калмактарым билбепсиң,
Ханыңдын келип турганын.
Бооруңду тилип өзүңдү,
Жарайынбы кулдарым,
Өткөн өч, кеткен кегимди,
Алайынбы кулдарым,
Баштагы кылган ишиңе,
Салайынбы кулдарым.
Байкап көрүп таанып ал,
Байыштын келип турганын.
Күл чыгартып отунду,
Жактырайын кулдарым,
Өлмөйүнчө атымды,

Бактырайын кулдарым.
Өмүрүңдү ошентип,
Сап кылайын кулдарым,
Жансыз кулдар билбедиң,
Жаныштын келип калганын.
Алдо үй! Алдо үй!» –

деп, Байыш баатыр ак уруп турду. Ошондо Акжол, Дарбаз арданышып, баланын колун коё бердирип: «Сасыган дубаналардын ажалы жеткен экен» – деп, кылычтарын сууруп алышып, дубаналарды карай тап беришип, катуу жүгүрүп чаап таштамакчы болушту эле, дубаналардын аттары үркүп башынан куулары ыргып кетип, алтын көкүлдөрү жайыла түштү. Ошондо Акжол, Дарбаз тааный коюп, эси ооп чалкасынан кетип жыгылышты. Карап турган эл таң калышты. Жаныш, Байыш десе дубана, дубана экен десе, алтын көкүлдүү. Ошондо бала Жаныш, Байыш экөөнү акыл менен таанып, эки колун боорына алып, маңдайына келип салам берип айтып турганы:

«Ассалому алейким
Айланайын дубана,
Салам бердим сиз жакка.
Кайдан келдиң бул жерге?
Калың кыргыз элинен,
Калбаптыр мени сүйөргө,
Кайрыларым болбоду,
Кайгырып ичи күйөөргө.
Дубанасыңбы, кимсиңер?
Же бактыма тийген күнсүңөр.
Жалындаган жүрөктүн
Жарасы бүтсүн жооп бер.
Турушунду тааныдым,
Дубана эмес белгиңер,
Эсине алып байкаса,
Эрдин сырын эр билер.

Ээрчишип эки айбатым,
Кайсы жактан келдиңер?
Оюмда жок келет – деп,
Он беш жылы жоголгон
Кубанарым экен го.
Куу кийип селде оронгон,
Кулдарды басып салмагы
Куткарган каардуу бороондон
Атакем менен агамбы,
Айбатың арстан сүрүндөй,
Баатыр Байыш аманбы,
Өлүү болуп көрдө жок,
Тирүү болуп төрдө жок,
Курсакта калган каралды,
Көргөндө шүгүр кылайын,
Көк жалдар сенин карааңды.
Атаң-энең жатат арманда,
Азап тартып карыганда,
Алтымыш шаар Үзүрдөн
Эч адам чыкпайт жардамга.
Кошулушкан бардыгы
Кулдарың хандык алганда,
Мени кулдар жибербейт,
Атам менен энемдин
Алын сурап барганга.
Душмандын түшүп колуна,
Тирүүлөй жесир алганың,
Алганыңдан төрөлгөн,
Арсыз жетим балдарың,
Акжол менен Дарбазды
Албарстай басты салмагың.
Атакем Жаныш эсенби,
Аны үчүн тааныйт ардагың,
Айтпаса да билбейби,
Акылдуу адам ар жагын.
Күйүттүү энем Күмүшай,
Тирүүлөй салган тулуң көр,

Азаптуу эжем Айсалкын,
Атасыз кыздын муңун көр,
Атаң менен энеңдин
Азыркы жаткан күнүн көр.
Айланайын жалгыз – деп,
Чыркыраган үнүн көр.
Карыптардын турушун
Кайраттуу болсоң бүгүн көр.
Жазыксызды жыйнаган,
Акжолдун кылган ишин көр,
Катының, кызың тийбесе,
Сайгылап жатып өлтүрчү,
Саптатып койгон шишин көр,
Акжол, Дарбаз кытайдын
Арам санаа ишин көр.
Айтканымдын баарысын,
Жетимдин уксаң арызын,
Аралап жүрүп бүтүн көр.
Дубана болсоң чын эле,
Көлбоорунду жоңго сал,
Экөөңөр тең ээрчишип,
Өзүңөр көргөн жолго сал.
Талканыңды чогултуп,
Таягыңды колуңа ал.
Болбосо кимсиң сырыңды айт,
Боздотпой ички чыныңды айт.
Бозоруп турган мен карып,
Жүрөгүм сүйүп жымылдайт.
Арстаным Байыш болбосоң,
Асаңдан кулдар жыгылбайт.
Көк жалым Жаныш сырыңды айт,
Көңүлдөгү чыныңды айт,
Өлүмдө турган мен карып,
Өрөпкүп жүрөк жымылдайт,
Жаныш, Байыш болбосоң
Көлбоордон кулдар жыгылбайт,
Жаныш, Байыш сен болсоң,

Жалдыратпай чыныңды айт,
Көп кечикпей бачым айт,
Байыш болсоң баркыңды айт.
Балапан жүрөк калкылдайт.
Эки баатыр эсенби,
Атыңды укпай жан тынбайт.
Өлүмдө турган мен карып,
Өчкөн отум тамганбы.
Өлдү деген баатырлар
Экөө тең келип калганбы.
Өксүп таппай турамын,
Өлүмдөн калар аргамды,
Өлүмдөн эсен куткарып,
Тараттың ички зардамды,
Өлүп бара жатканда
Өмүргө бердиң жардамды.
Караңгы шамым жанганбы,
Кайрылып учуп жетилип,
Канатым келип калганбы.
Канча жылдан бер жакка
Катын, балаң зарланды.
Кайрылар адам болбосо,
Кантип табам айламды.
Каза жетип өлөрдө,
Карыпка бердиң жардамды.
Чындап бүгүн кетирдиң,
Чырмалган ички зардамды.
Душмандын чалган күчүнө
Туруштук берер ал барбы.
Алты жылдан бер жакка,
Айласыз жалгыз мен капа.
Азыр күлүп турамын,
Апакем менен эжемдин
Азабын тартып куурадым.
Жаныш, Байыш сен болсоң,
Атаң менен энеңдин
Ал-абалын сурагын», –

Деп турганда баланын
Мунун угуп буралып,
Кайтара ойлоп эр Жаныш,
Кайратына кубанып.
Токтоно албай ошондо
Баласын көрүп бакырып,
Көзүнөн жашы чачылып.
Аттан түштү секирип,
Дубана киймин чечинип,
Бар кайраты Байыштын
Мандайына түйүлүп,
Байкап турат эр Байыш,
Баатырлык киймин кийинип.
Колунан кармап солкулдап,
Коюну жашка шолкулдап:
«Кагылайын балам – деп,
Калмактан келдим аман – деп,
Каңырыгым түтөтүп,
Кайгырганың жаман – деп,
Кыйноодо калган балам – деп,
Кытайдан келдим аман – деп.
Кылчаярың болбосо,
Жалгызым ушул жаман – деп.
Бооруна басып болкулдап,
Кучактап алып солкулдап,
Жашып турат эр Жаныш,
Кулдарына кекене,
Шашып турат эр Жаныш.
Кимдер дос да, ким душман,
Дос, душманды билемин.
Сени карып кылган душмандын
Катырамын тилегин.
Карында калып төрөлгөн,
Канаты кырчын зирегим.
Каза жетип өлөрдө,
Кабыл болду тилегиң.
Он беш жашар өзүң жаш,

Жылаңайлак, жылаңбаш
Кулунум сени кыйнаган,
Кулдардан башка кимдер кас.
Колго түшкөн уурудай,
Кордук тартып жылаңач,
Задиси* кытай кулдардын
Залимдиги боору таш.
Өлүмдөн тирүү биз келдик,
Карыбым кандуу көзүңдү ач», –
Деп ошондо эр Жаныш,
Атасын көрүп ал кетип,
Энесин көрүп эс кетип,
Кармалып турган балага
Кай-кайсыны эстетип.
Кыйноодо турган Айсалкын,
Кызын көрүп кыйналып.
Кайратынын бардыгы
Калмак кулга жыйналып,
Күйүтү күчтүү Күмүшай
Алганын көрүп арданып.
Ата-энеси, алганы,
Азап тартып балдары,
Баарысы турса зарданып,
Бул шумдук кандай болду – деп,
Же баланын иши оңбу – деп,
Калың эл турат жарданып.
Качып жатат тымызын
Күнөөлүүсү тандалып,
Калың кыргыз көп элдин,
Кары, жашы таң калып.
Куу кийип селде чалынган,
Куржуну бар салынган,
Кемпир, чалга бир барды,
Сурады андан муң-зарды.
Кармалып турса буркурап,
Кайрылып келди сыр сурап,
Катын менен баладан,

Ким экенин биле албай,
Жүрө бердик аламан,
Алын сурап ак урду,
Ар кимисин ар башка,
Анан келди бастырып,
Акжол менен Дарбазга.
Катуу айтты хандарга,
Задиң кытай кулсуң – деп,
Силерди тузум урсун – деп.
Каныңды төгөм кулдарым,
Жазыксыз жаза буюрган,
Жакшылыгың курсун – деп.
Калмактарга билдирип,
Карайлаган турбайбы,
Калың кыргыз журтум – деп.
Кабарымды билишсе,
Кантип чыдап турсун – деп.
Каарланды кулдарга
Жаныбыздан түңүлдүк,
Жаман айтып турганда,
Эки ханды кулатып
Эсен калды мындан да,
Жаныш, Байыш бек болсо,
Күлө кийип самсаалап.
Баатырлык сырын далдаалап,
Акылдуусу билсин – деп,
Дубанача күрсүлдөп.
Куржун, көлбоор, асаны
Шылдыңдашып күлсүн – деп.
Кубулушуп келгенби,
Же кудайдан коркпос шерденби,
Жолу катуу көрүнөт,
Жолборс менен шерденби,
Же жолоочу барып келишкен
Өзүбүздүн элденби,
Эли билбей удургуп,
Тааныбай турат жабыла.

Бастырып келди эр Байыш
Агасынын жанына:
«Айланайын агаке,
Сенин акыл-эсиң канаке,
Энең уруп койгонсуп,
Эмшиңдейсиң, ыйлайсың,
Эки көздөн жашыңды,
Эмдигиче тыйбайсың.
Калкымды тирүү көрдүм – деп,
Катындарча ыйлайсың,
Кайраты жок эмече,
Кара жашың тыйбайсың.
Кайрат берем ар убак,
Качан мени сыйлайсың.
Айтканымды эстебей,
Ар убакта кыйнайсың,
Ким дос сага, ким душман,
Иретиңди ким бузган,
Биле элекпиз экөөбүз,
Бүгүн келдик алыстан.
Катын, балаң, эне-атаң,
Кайгы менен наалышкан.
Элди, журтту арытып,
Анан кийин намыстан.
Ар, намысты токтотуп,
Кабагың ачып күлбөйсүң,
Кайрат менен чың туруп,
Калкыңдын сынын билбейсиң.
Ар убакта билдирбей,
Айбат менен жүрбөйсүң, –
Деп ошондо Байыштын
Көзүнөн чыккан чаары бар,
Акырая караса,
Аныk жолборс каары бар.
Кайратына караса,
Кабыландын заары бар.
Ошонун Байыш экени

Опурулса таанымал,
Ачуу-кайрат деминен,
Агасына айткан кебинен,
Качып жаткан мындан көп,
Кантээр жайын таба албай,
Шашып жаткан мындан көп,
Байыштын кайрат табынан
Жүрөгү чыгып кабынан,
Жүдөп жаткан мындан көп.
Үмүтүн үзүп жанынан,
Чочуп жаткан мындан көп.
Үйүн чечип жүктөшүп,
Үркүп жаткан мындан көп,
Кантебиз деп бир-бирин,
Түртүп жаткан сандан көп.
Эл калкылдап турганда,
Өпкөсү көөп калкылдап,
Токтобой мууну шалкылдап,
Атасы Нуркан балам – деп,
Адашып кетип он беш жыл,
Келдиңерби аман – деп,
Атаң менен энеңдин
Көргөн күнү жаман – деп.
Энеси келди уулум – деп,
Эч пайдасы жок чунак,
Силерди кайдан туудум – деп.
Алтыным агып жез болуп,
Акылым качып нес болуп,
Акты го менин муунум – деп.
Айсалкын келди атам – деп,
Азабын тартты апам – деп,
Акырет кете жаздады,
Баяман жалгыз балаң – деп.
Алган жары Күмүшай,
Алдында турат буркурап,
Айнектей көздөн кара жаш,
Агып турат дыркырап.

Амандашып туш-туштан,
Кол беришти чуркурап.
Кырк жигит келди бегим – деп,
Кыйнаган кулда кегиң – деп,
Кылчайбады элиң – деп,
Кыркыбызды кызытты,
Кыраандар сенин демиң – деп,
Алакан, таман чор болуп,
Баатыр билек жоор болуп,
Кырк жигитиң кор болуп.
Тамак үчүн сатылып,
Кул ордуна орнодук.
Кулдарга малай кыркыбыз,
Күнү-түн кетет тынчыбыз.
Өзүнчө оокат кылууга
Жооп бербеди кулуңуз,
Жыйылып ичке чер болду,
Кандуу кайгы, муңдуубуз,
Кара дарга жазыксыз,
Кармалган жалгыз уулуңуз,
Баатырлар сенин жогунда
Көргөн күндү угуңуз.
Кайгы-капа, муң-зарды,
Баарыбыз көргөн ыйларды,
Баатырлар бүгүн жуудуңуз, –

деп, кырк жигит зарын айтып, өткөн жабыр-жапасынын баарын айтып өттү. Атасы Нурканды хандык ордуна койду. Энеси Күлүкан балдарынын кубанычы менен кайра жашарып, мууданды. Кырк жигитти кадимкидей аттап, тондоп кызматына койду.

Желкайыпты алдырып, жергелүү элин жам кылып, самсаалаган Сарбанды, кайырчы болуп калганды, Кайры шаарга бек кылып, каалаганын эп кылып, Байыш баатыр Желкайыпты алып алды да, тынчып жатып калды.

Жаныш, Байыш Акжол, Дарбазды дарга астырып өлтүрмөк болду эле, ошондо Жаныштын бала-

сы Баяман: «Мунунуздар жарабайт» – деди. Өзүнөр менен өчөшүп, кектешип жүргөн кытайдын же калмактын ханы менен же бир баатыры менен касташып колго түшкөнсүп, ушу кулду уялбай кантип дарга асасыңар, ушулардын кеги, өчү курусун. Андан көрө кулдук кызматын кылып жүрө берсин» – деп, бала дарга астырбай койгон экен.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Бүйүз – берки жээги, берки өйүзү.

Зоолу – фарсы сөзү, кишен.

Зыярат – араб сөзү, ыйык жерге сыйынуу.

Жез можу – чөңкө казан, талаа жеринде пайдаланылат.

Талгак – боюнда бар аялдын бир тамакты энсөөсү.

Сакы – араб сөзү, март.

Коного – алыскы аралыкка чабылуучу аттардын түнөгү.

Кыйгас – түп көтөрө, бардыгы.

Керик – фарсы сөзү, носорог.

Каскак – найза, кээде темири жок учтуу жыгач түрүндө да болот.

Шейит – араб сөзү, эпосто согушта өлгөн адамга карата айтылат.

Веден – фарсы сөзү, дене.

Чарайна – фарсы сөзү, жалпак металл, тери, же башка нерселерден жасалган соот.

Насил – араб сөзү, айбанга карата айтылып, тукум деген мааниде.

Тунжур – карчыга, куш төрөсү – туйгун, анан тунжур аталат.

Көйкашка – ашкан баатыр, ашкере азамат.

Патчагар (баччагар) – фарсы сөзү, арам, бузук, ыплас, өтө жаман.

Танап – араб сөзү, аркан, жип.

Көлбоор – тилемчинин мойнуна асынган баштыгы.

Күлө – фарсы сөзү, конус сыяктуу, конус формалуу дербиштин баш кийими.

Чеге – эпосто калканч, таяныч, коргоочу деген мааниде.

Абайы – сөздүн өтмө маанисинде саймаланган, кооздолгон.

Алек – жибек аралаш токулган жол-жол болгон материал.

Амир – араб сөзү, башкаруу, буйрук берүү маанисинде.

Забын (зобун) – араб сөзү, бекерден бирөөнүн канына аралжы болуу, күнөөсүн көтөрүү.

Зади – фарсы сөзү, теги, чыккан жери.

Кутпа – араб сөзү, ника кыйганда окулуучу дуба.

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

(Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусу боюнча)

СӨЗ БАШЫ

Асылкан деген бир падыша бар эле, анын дүйнөсү түгөл, түркүгү алтын эле. Эч перзенти жок эле. Ошондо тактысын талак кылып таштап, кудайга жалынып, мойнуна бото салынып, Мекеˣ Медийна көздөй жөнөдү.

Жолдо бара жатса Кызыр Илияс* учурады. Кызыр Илияс: «Сен кимсиң?» – деди. «Мен Асылкан падышамын» – деди. «Тилегиң өттү кудайга, кабыл этти» – деди. Анда Асылкан айтты: «Кызыр бабам болсоң, кудайдан эки бала берсең, телегейин тегиз берсең, бирөөнөн бирөөн улуу берсең, пендеде жок сулуу берсең, беттешкенди алган берсең, бир пуд ташты көтөргөн балбан берсең» – деди. Кызыр Илияс: «Ач алаканыңды» – деди. «Оомийин» – деп бата* берип, көздөн кайып болду.

Тилеги кабыл болду. Тогуз ай, тогуз күн, тогуз саат, тогуз минутта байбичеси эки эгиз бала төрөдү. Экөө тең семиз түштү. Бала алтын көкүлдүү түштү. Адамдар көрүп, балдарга айран-таң калды. Атасы Асылкан Алты-Шаарга падыша эле. Элди жыйып, ар тарапка кабар салды. Чоң той кылды. Той өттү, токсон күн бүттү. Ошондо бир аксакал адам: «Бирөө Жаныш, бирөө Байыш болсун» – деп ат койду. Ал кишини эч ким тааныбады. Көздөн кайым* жоголду. Көрсө, Кыдыр Илияс экен.

Балдар он бешке чыкты. Бир мугаллак токтогон тоонун башында көл бар эле. Ошол көлдүн па-

дышасы Нуркожо деген куштун падышасы эле. Ошол көлгө Рамбак деген перинин* кыздары жылында бир мартаба келип сейил кылып кетчү экен. Ошондо Жаныш, Байыш эки бала жанында сексен жигити менен куш салып, талаага чыгып барды. Перинин кыздары көлдө ойноп жаткан экен. Кыздарды балдар алыстан көрүп таң калып, бейуш болду. Жигиттерге кайрылды: «Бул кайдан келген кыздар?» – деп, таң кала карап турду. Ошондо бир куш сүрөттүү киши учурады. Ал адамга: «Сен кимсиң?» – деди. Ал: «Нуркожо деген куштун падышасымын» – деди. «Тиги кыздар ким?» – деди эле, «Перинин кыздары, кыздарды эмне кыласың?» – деп сурады. «Мен ашык болуп калдым» – деди. «Андай болсо, алар кеп кийимин кие электе чукул барып, кийимдерин ала кач. Кептерин кийип алышса карматпайт» – деди. Эки бала өңүп, чукул барды. Кыздар билбей, ойноп жатышты. Экөө эки кыздын көйнөгүн ала качты. Алар жетөө экен, бешөө учуп кетти. Эки кыз көйнөгүмдү бергин – деп көпкө жалынды. Бербей коюшту. Жигиттердин арасында Айдар деген жигит перинин тилин билет экен. Эки баланын жөн-жайын айтып түшүндүрдү эле, аларды көрүп кыздар ашык болду. Көйнөгүн алып, кыздарды өңөрүп, Алты-Шаарды көздөй жөнөдү. Журт чогулуп, кыздарга айран таң калды. Экөө тең он беште, ай-чырайлуу сулуу, биринин аты – Айчолпон, биринин аты – Күнчолпон. Чоң той берип, балдарды кыздарга үйлөнтүштү. Кеп көйнөктөрүн катып коюшту. Ошону менен Жаныш, Байыш Зимин* деген жерде жатып калды.

Калмактын Шумурут деген бир падышасы болуп, анын он сегиз дарбазасы, чынжырлап байлаган сексен жигити бар эле. Падыша жигиттерин жыйып, масылат курду. «Алты-Шаарда бир падышанын эки баласы бар дейт, ошону мага кармап алып келип

бергиле» – деп амыр кылды. Барууга эч ким чыкпады. Падышанын Белкыс деген бир кызы бар эле. «Ошо кызымды беремин дегенде, Желмаян деген жигити: «Мен барамын» – деди. Падыша алтын мөөрүн басып, алтын таажысын башына салып, Желмаянга: – Кызымды ал, Алты-Шаарга бар, Жаныш, Байышты кармап кел» – деп жөнөттү. Желмаян: «Он жылда келемин» – деди.

Желмаян жөө жүрүп отуруп, токсон күнчүлүк жолго отуз күндө жетти. Бир жесир кемпирди таап, эне кылып, үч жыл жүрдү. Жаныш, Байыш Желмаянды көрүп, жигит кылып алды. Үч жыл Жаныш, Байышта жигит болду. Ошентип арадан алты жыл өттү. Желмаян сексен жигиттин башчысы болуп, Жаныш, Байышты өзү билди. Бир тулпар атты минди. Бир сулуу кызды тандап алды. Бектер эч сөзүнөн чыкпады. Ошентип, арадан тогуз жыл өттү.

Желмаян эми падышасын эстеди. Убадасы бүттү. Колунда бир тил билүүчү кептери бар эле. Жазуу жазып, мойнуна тагып, учуруп жиберди. Кептер Алты-Шаар Зиминден Шумуруттун шаарына он беш күндө учуп жетти. Катта: «Бир айда эки баланы алып барамын, Айдын-Көлдүн боюнда даярданып тосуп тур» – деп жазылган эле. Шумурут падыша катуу кубанычта болду. Элүү миң аскер, отуз балбан алып, Ала-Көлдү көздөй жөнөп калды. Астына он чалгынчы жиберип, келгенин билгизип, кабар айткыла – деди.

Жаныш, Байыш сексен жигити менен олтурса, Желмаян сөз баштады: «Ой, балдар, Ала-Көл деген бир керемет жер бар. Ошого баралы, шумкар салып, сейил кылып, тамаша куруп келели» – деди эле, балдар макул болду. Сегиз күндө жөнөйлү – деп, сексен житит менен бата кылды.

Сейилге бармакка ак таман күлүктөрдү, жорголорду кармап суутту. Ок-дары, кылыч, найза бар-

дык жарагыңар менен жолго даяр болосуңар – деп, эки бек сексен жигитке буйрук кылды. Тогузунчу күнү мылтыктарын асынып, кылычтарын байланып, олпокторун кийип, аттарын минип, куйругун түйүп, жигиттер чогулуп Жаныш, Байыштын астына келди.

Үйүндө дүнүйө-булу калды. Акжол, Дарбаз эки кулу калды. Абышка, кемпир чалы калды. Алтын, күмүш зери* калды. Айчолпон, Күнчолпон жары калды. Жөнөмөккө даярланып, чогулушуп керней тартып, сурнайчы, ырчы, домбурачы менен жүрүп кетмек болду.

Балдардын таятасы бар эле, ал таятасы келди. Аты Шаазада эле. Балдардан: «Кайда барган жатасыңар?» – деп сурады. «Ала-Көлгө баратабыз» – деди. Анда таятасы: «Ыраак жерге барбагыла. Токсон күндө жетесиң. Тогуз дарыядан өтөсүң. Кайрылып Алты-Шаар Зымынга келбейсиң. «Аны ким көргөн экен?» – деди. «Желмаян көргөн экен» – деди эле: «Бул Желмаян аяр* адам экен го. Өңү карадыр, ичи аладыр, силерди бир балаага саладыр» – деди. Балдар болбоду. Барбагыла – деп таятасы ыйлады. Эки зайып ыйлады. Ага эч болбоду. Желмаян жол баштады. Жерин таштады. Атка минип, балдар жөнөдү. Желмаян астына түштү.

САПАРГА ЖӨНӨРДӨ АЙЧОЛПОНДУН АЙТКАНЫ

«Аттанбагын көлүңө
Кайта айланып көрүнбөй,
Капа болом өзүнө.
Асылым атка мингениң,
Аялдабай жүргөнүң.
Түндө жатып түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм,

Калмак келди кашыңа,
Каран түн түштү башыма,
Көзүмдөн аккан жашыма,
Көңүл салгын дартыма,
Кайта айланып келбейсиң,
Бадышам, Алты-Шаар калкыңа,
Аргымак атты мингениң,
Ала-Көл көздөй жүргөнүң.
Бадышам сенин барында
Аябай доорон сүргөнүм.
Перинин кызы мен элем,
Бектин уулу сен элең,
Өмүр өлчөө сен элең,
Өкүнбөй турган мен элем.
Кадырымды билбейсиң,
Катын деп мени тилдейсиң,
Алты-Шаар калкыңа
Кайта айланып келбейсиң.
Ала-Көл көздөй жөнөдүң,
Асылым Байыш өбөгүм,
Колумдагы желегим,
Козголбой турган терегим,
Артыңа таштап сен кеттиң,
Алты жашар белегиң.
Кыз алган жарың мен калдым,
Кыйбатың тартып сандалдым,
Жетим калган баланды
Кайда барып багамын,
Оокатын кантип табамын,
Кара элечек каламын,
Кайгыны башка саламын.
Кападар болуп кайгырдым,
Кайраным сенден айрылдым,
Аттанып кеттиң шумкарым,
Артында калды тулпарың,
Байлоодо турган бурагың,
Байкушуң калды ынагың.

Ала-Көлдүн боюна
Алтымыш күндө жетесиң,
Аркаңда калган Айчолпон
Азаптуу кылып кетесиң.
Кайрылып мени карачы,
Кантип калам саначы.
Периден келген мен болдум,
Бейпайыңды тарттырып,
Безилдеткен сен болдуң,
Артында кантип каламын,
Азапты башка саламын,
Алты жашар баландын
Аргасын кантип табамын,
Канча айтсам да билбейсиң,
Катынсынтып тилдейсиң,
Алты-Шаар калкына
Кайта айланып келбейсиң.
Келе бери колунду,
Түзөсүн кудай жолунду,
Сенин көзүң өткөн соң,
Багыштап турам сообунду.
Аттанып сапар жол жүрдүн,
Артыңдан жигит мол жүрдү,
Кара тоо башы заман бол,
Кайрылып сени көргөнчө,
Кайраным төрөм аман бол».

САПАРГА ЧЫККАНЫ

Атка минип шарт этип,
Алтын көкүл жарк этип,
Атка минди шартылдап,
Асабасы калкылдап,
Катар тартып жарданып,
Караган бенде таң калып,
Ала-Көл көздөй жөнөдү

Асылың Байыш камданып.
Жаныш, Байыш эки бек,
Асылкандын баласы,
Балбан эле чамасы.
Жамандык менен иши жок,
Акыл айтар киши жок,
Керней тартып жез найдан*,
Келет конуп ар кайдан,
Домбурачы, ырчысы
Чогулушуп ырдашып,
Жөнөп кетти жыргашып.
Падышанын балдары
Башында көкүл жаркылдап,
Баштап алып Желмаян
Астында барат каркылдап.
Эки кайыш тең тизгин,
Эри өлгөндөй жулкулдап,
Оозунан көбүк буртулдап,
Ала-Көл көздөй жөнөлүп,
Улуу жолго салды эле,
Алты күнү жол жүрүп,
Адашып жолдон калды эле,
Арбак урган Желмаян
Адаштырып салды эле.
Аркар баспас зоо менен,
Агыны катуу суу менен,
Адаштырып алды эле,
Аркайган тоого салды эле,
Агып жаткан дайрага
Алып кирип барды эле.
Дайра агып былкылдайт,
Тай жарышым жерлерден
Алда кайдан жылтылдайт,
Келип туруп кар болуп,
Кечерге пенде зар болуп,
Жаныш, Байыш эки бек,
Жайылып жаткан дайрадан

Кантип кечем – деп айтат.
Желмаян капыр баштады,
Бар кийимин чечип таштады,
Кайык жасап миндирди,
Капырлыгын билдирди.
Кайыкка түштү балдары,
Капаланды калганы,
Арканга байлап балдарды
Азапка башын салганы.
Алты саат кечирип,
Аман-эсен өткөрүп,
Арбытып жолго салганы.
Ала-Көлдүн боюна
Отуз күнү жол жүрүп,
Ойрондор анда калганы.

АЛА-КӨЛ

Кара тоонун боорунан
Калмактар карап калганы,
Канча киши келди – деп,
Караанын санап салганы.
Сексен эки кишини
Кагазга жазып алганы,
Келип калды Байыш – деп,
Пашасын көздөй барганы.
Падышасы сүйүнүп,
Калкына кабар салды эми,
Калк чогулуп калды эми:
«Жаныш менен Байышты
Эр Желмаян айдаптыр,
Арканы жок байлаптыр.
Бого качан барабыз,
Качан кармап алабыз,
Аттаналы баарыбыз,
Ак ала сакал карыбыз,

Тегеректеп алабыз,
Тепкедей болгон Ала-Көл
Эми кармап алабыз,
Эмгекти башка салабыз».
Жанында чукул киши жок,
Жаныш, Байыш балага
Акыл айтар киши жок.
Сексен жигит ээрчитип,
Балбандарын телчитип,
Байыш келди энтелеп,
Ала-Көлдүн боюна
Эч нерсе жок оюнда.
Бартал* атын түшүрүп,
Чатыр тигип саяттап,
Жолду карап танаптап*,
Кабактын түбүн каңтарып,
Эки жагын аңтарып.
Кырк жигити дуулдап,
Ырдап түштү чуулдап.
Кысыр эмди тай союп,
Кызык доорон салды эми,
Кырк жигити чогулуп,
Масилетке* барды эми.
Каманы жүрөт коркулдап,
Аюулары алпылдап,
Бабырганы бакырып,
Баары жанды чакырып,
Айланасы тоо экен,
Ала-Көлдү сурасаң,
Агыны катуу суу экен.
Куланы жүрөт кутуруп,
Кузгуну жүрөт жутунуп,
Адыры турат суюлуп,
Аркары жүрөт куюлуп.
Акылы айран маң болуп,
Айнектей жүзү чаң болуп.
Куусу көлдө барпылдап,

Кузгуну учат каркылдап,
Бадышанын балдары
Алтын көкүл жаркылдап,
Атка минип алалы,
Бүгүн амаш кылалы,
Эртең менен аттанып,
Ала-Көлгө баралы.
Чоң чатырдын ичинде,
Чигитин терген пактада,
Жибектен кылган тактада,
Сары казы, кыйма жал,
Бээни союп алышып,
Берендин баары чогулуп,
Аңгемеге батышып,
Тактага төшөк салышып,
Тамам уктап калышып.
Азаматым эр Байыш,
Түндө жатып түш көрүп,
Бир ажайып иш көрүп.
Калмак келди кашына,
Каран күн түштү башына,
Алтын көкүл жарк этип,
Атынан түшүп чалк этип,
Кайта айланып кетпептир,
Алты Шаар калкына.

ЖЕЛМАЯН МЕНЕН ШУМУРУТ КАН

Жанындагы Желмаян
Акырын чыгып барды эми,
Эшиктеги тулпардын
Бирөөн минип алды эми,
Уктап жаткан бектердин
Эч кими көрбөй калды эми.
Эки бегиң уктады,
Эшикке киши чыкпады,

Тулпарды минип энтелеп,
Бирөөн кетти жетелеп,
Жетелеп алып Желмаян
Калмакты көздөй салды эми,
Каран калган сексен бек,
Бирөө билбей калды эми.
Ак олпогун* жазданып,
Эки бала ыкташып,
Уктап баары калды эми.
Аларга булар ишенип,
Убайым башка салды эми,
Арбак урган Желмаян,
Калмакка кабар бермекке
Качып жолго калды эми.
Атка минип токтобой,
Кайнап жаткан көп калмак
Ичине кирип барды эми.
Шуумурутка көрүшүп,
Колунан кармап өбүшүп,
Абдан жатып көрүшүп,
Алкымынан өбүшүп,
Бадышага кеп айтат,
Баркынды билген Желмаян
Алып келдим – деп айтат.
«Алып келдим бадыша,
Жаныш, Байыш бегинди,
Алчу болсоң бадышам,
Ала көргүн кегинди,
Бар болсоң айткан кебинде
Белкыс сулуу меники,
Эки баатыр сеники».
Желмаянга жүгүрүп,
Кучактап алып сүйүнүп,
Так көтөрүп алышып,
Тактага төшөк салышып,
Канча киши келди – деп,
Атка кантип миндиң – деп,

Аскерине көрүнбөй,
Кантип эптеп келдиң? – деп,
Бадышасы кеп айтат:
«Бүгүн түндө аттанып,
Тегеректеп калалы,
Темирлүү найза алалы,
Түп көтөрө баралы.
Аргымак атын минели,
Аял кылбай жүрөлү».
Желмаян анда кеп айтат:
«Бүгүн түндө барбайлы,
Түгөнгүргө жолугуп,
Каарына калбайлы,
Алдап эптеп кармайлы.
Ал, беттешкенди алган кул,
Миң бут ташты көтөргөн,
Жааңда жок балбан кул.
Ак олпогун кийбесин,
Аргымак атын минбесин,
Биз өңдөнгөн кулдардын
Куйкасын кармап тилбесин,
Көк бөрү кылып тартпасын,
Көөдөндү минтип жанчпасын.
Каш, кирпикти тербесин,
Адепти колго бербесин,
Он жыл жүрүп үйүндө
Абдан билдим сырын ай,
Аныкайттым чынымды ай.
Ак олпок болсо үстүнө
Акырын кийип алчу эле,
Алтымыш миң аскерге
Өзү жеке барчу эле,
Анделектей баштарын
Алмадай үзүп алчу эле,
Биз өңдөнгөн душманга
Далай кыргын салчу эле.
Уктап жаткан кезинде

Акырын кайта барайын,
Ортого жатып калайын,
Уктап калса балдардын
Олпогун уурдап алайын,
Олпок колго тийген соң,
Силерди көздөй жанайын».
Акыл айтты калмакка,
Тапшырган муну арбакка,
Кайра тартты Желмаян
Ак олпогун алмакка.
Кайта келет энтелеп,
Аргымакты жетелеп.
Бадышага кеп айтты,
Силер байкап тургун – деп айтты,
Артымдан жигит жибер – деп,
Ак турнабай алсын – деп,
Айнегин маа салсын – деп,
Турнабайды имер – деп,
Дурустап киши жибер – деп.
Ала-Тоонун башынан
Карап турсун барганым,
Олпокту кантип алганым,
Олпокту алсам имерем,
Олпок колго тийгенде
Силерди көздөй жиберем.
Бадышага кеп айтат,
Кайрылып мен келгенче,
Былк этпегин – деп айтат.
Бадышага сүйлөшүп:
«Түн катып кайта барамын,
Түйшүктү мыктап саламын.
Түгөнгүрдүн олпогун
Кантип сууруп аламын,
Олпок колго тийген соң,
Бир мүнөт турбай чабамын.
Кызыл алтын шакегиң,
Колума качан илесиң,

Убаданда бар болсоң,
Кызынды качан бересиң?»
Аман болсо баргын – деп,
Ак олпогун алгын – деп:
«Ак олпогун алалы,
Арманды башка салалы.
Арманды башка салганда,
Баарыбыз чогуу баралы,
Айланасын алалы,
Алты курчап калалы.
Адебин колго берели,
Кармап алып келели,
Убадада жалган жок,
Жалгыз кызды берели».
Колдон кармап көрүшүп,
Атка минип алды эми,
Аялдабай салды эми.
Уктап жаткан боз балдар
Ойгонгон киши жок болуп,
Бири туйбай калды эми.
Түшө калып шайлады,
Түндүгүң түшкөн Желмаян
Түркүккө атын байлады.

ЖЕЛМАЯНДЫН КАЙРА КЕЛГЕНИ

Эки бек жатат болпоюп,
Эчтемеден кабар жок,
Уктап атат торсоюп.
Төшөгүнө барды эле,
Эч ким туйбай калган соң,
Торсоюп уктап калды эле.
Жата турсун Желмаян,
Эки бала ойгонуп,
Бир немени ойлонуп:
«Жүрү, абаке, кетели,

Үйүбүзгө жетели,
Аттаналы ушу жерден
Астыңкы ийним артыптыр,
Суук этим тартыптыр,
Калмак кармап жатыптыр,
Кадемим жаман катыптыр,
Түшүмдөн чочуп ойгондум,
Кетейин деп ойлондум,
Жүрү, абаке, кетели,
Алты-Шаарга жетели.
Айчолпон калды сагынып,
Атакем калды сабылып».
Намаз окуп энтелеп,
Даарат алды эртелеп,
Бир кудайга жалынып,
Ак селдесин чалынып,
Алтын көкүл жаркырап,
Азан айтты баркырап.
Зуулдап шамал дирилдеп,
Асманда жылдыз биринде,
Эки бек турду болпоюп,
Ортосунда Желмаян
Уктап жатат томпоюп.
Эртең менен болгондо
Жигиттерин чакырып,
Жалпы кел деп бакырып.
Жалпы келди баарысы,
Жашы менен карысы,
Масылат кылып олтуруп,
Ичинде эч бир бушман жок,
Эки жакты караса,
Элендеген душман жок.
Калмактын баары быкылдап,
Кара тоонун алдында
Кайнап жатат жыкылдап,
Аны көрбөй калганы,
Арманды башка салганы.

Чогулушуп олтуруп,
Сексен бирдей балбаны
Желмаянга кеп айтат:
«Атка качан минебиз,
Ала-Көлдүн боюна
Качан ойноп киребиз,
Аңгеме качан батабыз,
Ак бараң качан атабыз,
Аркар менен кулжаны
Аралаш атып ойносок,
Кеткибиз келет Желмаян
Айчолпонду ойлосок».
Желмаян анда кеп айтат:
«Шашпагыла баарыңар,
Мен насаат айтам карыңар,
Атка кээжим* салыңар,
Тамак алып алыңар,
Ак бараң мылтык асынып,
Анан аңгемеге барыңар,
Аркар менен кулжаны
Айнек менен көрөлү,
Жаныш, Байыш жигитин
Кырктан кылып бөлөлү,
Кызыгын анан көрөлү.
Ак шумкарды алалы,
Алты шумкар турбайбы,
Үчтөн бөлүп салалы.
Кылычты кыя байланып,
Баарын шашпай камданып,
Тамак ичкин жайланып».
Кылганында айыбы жок,
Кызыталак калмактын
Келет деген дайыны жок.
Азамат Байыш кеп айтат,
Өрөпкүп жүрөк токтобойт,
Кетелиби – деп айтат.
Улуу агасы эр Жаныш,

Каарын укту эр Байыш:
«Сен алтын медаль тагынып,
Алты күнү жол жүрүп,
Айчолпонду сагынып,
Кудай алсын өзүңү,
Кубанбагын сөзүңө,
Акылыңан шашасың,
Алыстан келген душман жок,
Кетейин деп качасың,
Ала-Көлдүн боюна
Серпилтип шумкар салалы,
Сексен киши баралы.
Кууга шумкар салалы,
Кубанып ойноп алалы.
Көлгө шумкар салалы,
Көрүнө ойноп алалы,
Ак аркарды аталы,
Аңгемеге баталы.
Кубалап кулан аталы,
Кубанчына баталы,
Алтымыш кууну алалы,
Ак олпокко салалы.
Айчолпон менен Күнчолпон
Бир мактанып баралы».
Байыш айтты бакырып,
Баарысын бери чакырып.
Калмак карап сүйүнүп,
Олпогун качан алат – деп,
Карап турат жүгүрүп.
Жаныш, Байыш эки бек,
Атка минди шарт этип,
Алтын көкүл жарк этип,
Атка минди жарданып,
Кароолдо турган калмактар
Карап турат таң калып.
Тизгин кошуп жарышып,
Бири калбай куушуп,

Атка минип алышып,
Бири калбай сексени
Сепилге чыгып барышып,
Желмаяны баркылдап,
Желектүү найза колунда,
Күлүп жүрөт жаркылдап,
Айланы эптеп салсам – деп,
Ак олпокту алсам – деп,
Амалы турат ичинде,
Жеткизе албай кечинде,
Доол кагып, тарс этип,
Мылтык атты карс этип,
Куунун баары далбактап,
Көлдөн учту балбактап,
Ак шумкарды салды эле,
Айланып учуп асманга
Көтөрүлүп алды эле,
Куунун баарын имерип,
Ак шумкар келип тепкенде
Асмандан түштү дуулдап,
Айланып шумкар калды эми.
Алтымыш кууну алды эми,
Кууну шумкар алды эми,
Куунап балдар калды эми,
Түндө көргөн түштөрү
Эсинен чыгып калды эми.
Ысык күн тийди чымылдап,
Боз соно чыкты кыңылдап,
Көгөн чыкты дыңылдап,
Чиркейдин баары ызылдап,
Булут басып жымылдап.
Аскердин* баары карашып,
Атка минип алсак – деп,
Найзаларды талашып.
Калмактын баары карашып.
Качырып барып тием – деп,
Кылычтарын талашып,

Шуумурут кан балкылдап,
Жөн тургула иттер – деп,
Сөгүп жатат баркылдап,
Түшкө маал болгондо
Жигиттин баарын имерип,
Аксакалы Желмаян
Ар кайда бөлүп жиберип,
Ак бараң мылтык аткын – деп,
Аңгемеге баткын – деп.
Айтканыңыз акыл – деп,
Сексен жигит макул – деп,
Чогулушуп калды эми,
Чогуусу менен бир жүрбөй,
Иттерди кудай алды эми.
Сексен эки кишини
Санап турат билдиңби?
Турнабай салып чокудан
Карап турат билдиңби?
Жигиттин баары чогулуп,
Мылтыгын алып камынып,
Тоого чыкты жабылып,
Акырында барды эми,
Эки бала, Желмаян
Үчөө жалгыз калды эми,
Ак шумкарды салды эми,
Бир тоодакты кубалап,
Шумкар кетип калды эми,
Аркасынан эки бек
Атка камчы салды эми.
Топчулугун чыгарып,
Ак олпокту чечти эле,
Ат сооруга түштү эле,
Ак олпогу жайылып,
Олпогунан айрылып,
Же балдар келбейт кайрылып.
Эки бала жарышып,
Колунда тизгин карышып,

Арбак урган Желмаян
Эки бирдей олпокту
Кабаты менен алды эми,
Кабаты менен бөктөрүп,
Булгап-булгап алды эми,
Карап турган калмактар
Алганын көрүп калды эми,
Аялдабай Желмаян
Токойду көздөй салды эми,
Олпогунан ажырап,
Эки бала калды эми.
Кылганында айыбы жок,
Кызыталак Желмаян
Качып алып дайыны жок.
Ала качып олпокту
Аскерине барды эми.

КАЛМАКТАР МЕНЕН ЖАНЫШ, БАЙЫШТЫН УРУШКАНЫ

Караңгыда кубанып,
Калмактын баары дуулдап,
Баары күлүп чуулдап,
Атка жалпы минишип,
Ак асаба* көтөрүп,
Балдарды көздөй жүрдү эми,
Алды-артынан алды эми,
Алты жүз калмак барды эми,
Тегеректеп алды эми.
Жетимиш миң барды эми,
Ала-Көлдүн боюнан
Тепкедей жер калды эми.
Жердин баары чаң болуп,
Күндүн көзү көрүнбөй,
Караңгы туман кан болуп,
Темир найза кылкылдап,

Желектин баары былкылдап,
Катар тартып жарданып,
Калмактын баарын жапырып,
Кайран Байыш бакырып.
Качарына жери жок,
Калалуу коргон чеби жок,
Жигиттердин баары жок,
Тигинтип аткан калмакка
Тит багып адам барабы?
Торгой сайрайт быжырап,
Асманга учат кыжырап,
Конoруна жер таппай,
Калмактардын үстүнө
Коно калып тырпырап,
Аны көрүп эр Байыш,
Ыйлап ийди чыркырап.
Жигиттин баары ыйлашып,
Кара жанын кыйнашып,
Бары-жогу бакырып,
Байыш, Жаныш кайда? – деп,
Баабедин* айтып чакырып,
Жетимиш миң көп калмак,
Келе жатат жапырып.
Жигиттин баары чогулуп,
Кучактап алып чуркурап,
Ыйлаганы мындан көп,
Кара жанын каржалтып,
Кыйналганы мындан көп.
Азамат Байыш кеп айтат,
Атакем менен энекем,
Кандай болду – деп айтат.
«Кайдан келдим жеримден,
Калаалуу коргон чебимден,
Кайран теңтуш элимден.
Элимди кайта көрбөдүм,
Эл ичинде мен жүрүп,
Эки бала өлбөдүм.

Куруп калган Айчолпон
Аттанба деп жалынып,
Аттанып жөнөй бергенде
Артымда калды таарынып.
Кайгы келди кашыма,
Каран күн түштү башыма,
Кайта айланып барбадым,
Алты-Шаар калкыма,
Дубай салам айта бар,
Ага-тууган жалпыңа».
Калмак келет балдырап,
Падышанын балдары
Карап турат жалдырап,
Кылычтары жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Кара жандын өзүнө
Болор бекен пайда – деп,
Жигиттерди чакырат,
Ак олпогум кайда? – деп,
Ак олпогуң менде – деп,
Ат ойнотуп бакырат,
Арбак* урган Желмаян
Кандай кылдым – деп айтат,
Эки бек келип кеп айтат:
«Алтын кемер белиңе
Алып келип жапшырдым,
Арбак урган Желмаян
Ак тузума тапшырдым.
Ак олпок алар сен белең,
Азапты тартар мен белем,
Кыналуу жорго мингиздим,
Арбак урган Желмаян
Кыңырттыгың* билгиздиң,
Бөтөнчө жорго мингиздим,
Бөлөктүгүң билгиздиң.
Кызыл тору сулуу кыз,
Кылымдан тандап киргиздим.

Ала-Көлгө баштадың,
Азапка мени таштадың,
Же элимден кабар албадым,
Же энеме кайта барбадым,
Ичимде калды арманым».
Замбиреги* дүп этип,
Мылтыктары тарс этип,
Тегеректеп балдырап,
Падышанын балдары
Айнектей көзү жалтырап[1],
Жигиттин баары тырпырап,
Баары ыйлап чыркырап.
Мойнуна бото* салынып,
Бир кудайга жалынып,
Атка минип алды эми,
Ак болот кылыч колунда
Качыралы деп айтып,
Кыбыла* көздөй түрдөнүп,
Качырып калды күүлөнүп:
«Жаа Алла», – деп бакырып,
Жасаганды жат кылып,
Аралашып калды эми,
Аралап найза салды эми,
Бир жагында жамандан
Бешти ыргыта койду эми.
Кылычтын баары жаркылдап,
Найзанын баары жылтылдап,
Желектин баары кылкылдап,
Жер майышкан көп колго

[1] Согуш майданында элдик баатырларды коркок кылып көрсөтүү баатырдык эпостор үчүн мүнөздүү эмес. Ошондуктан тексттеги «Жаныш, Байыш эки бек, эси чыгып калтырап» деген эки сап ырды кыскарттык. Анын үстүнө ушул эле эпизоддо 50 миң кошун тегеректеп найза сунуп турганда да Жаныш, Байыштын жалтанбай согушка кирип, эпсиз эрдикти көрсөтүшү жогорку ойго карама-каршы. Эгерде эпостун академиялык басылышы даярдала турган болсо, калыбына келиши мүмкүн.

Аралашып кылтылдап.
Күндүн көзү көрүнбөй,
Топурак менен чаң болуп,
Жаныш, Байыш эки бек,
Бүткөн бою кан болуп,
Алтын жаак сыр жебе*
Тартып кетип баратат,
Мылтык жеткен жер болсо,
Атып кетип баратат.
Аралап найза салды эми,
Асылдарың сайышып,
Моло кылып өлүгүн
Үйүп кетип баратат.
Денесинде башы жок,
Былкылдаган калмак көп,
Өлөр-өлбөс ал менен
Шылкылдаган калмак көп.
Азамат Байыш сайышып,
Аралап жүрөт салышып,
Ак болот кылыч колунда,
Амайыл куран* мойнунда,
Ак олпогу жок болуп,
Жалындап ичи өрт болуп,
Жакшы айтар киши жок болуп.
Кылганында айыбы жок,
Кылчайып артын караса,
Кырк жигиттин дайыны жок,
Кол кармашып энтелеп,
Бирин бири жетелеп,
Аралап найза сайды эми.
Азаматым эр Байыш,
Жигиттери жок болуп,
Жин ургандай октолуп,
Ичи күйүп чок болуп,
Ак жыландай октолуп,
Ак олпогу жок болуп,
Аныктап ичи чок болуп,

Алтын көкүл жарк этип:
«Жаа Алла», – деп бакырып,
Жан жолдошун чакырып,
Калмактарды жапырып,
Караңгы туман чаң болуп,
Бүткөн бою кан болуп,
Калың калмак ичине
Аралап найза салганы,
Жан жолдоштон бирөө жок,
Армандуу болуп калганы.
Олпогу жок кайышып,
Эки колу карышып,
Эки жүздөй калмактын
Экөө башын алышып.
Камчы тийбей жонуна
Калың калмак ичинен
Качып чыкты жарышып.
Көрбөй калды калмактар
Курттай кайнап кыжылдап,
Сайышкан жерден быжылдап.
Кылчайып артын караса,
Кырк жигитти санаса,
Бир да бирөө дайны жок,
Араак чыгып алышып,
Кууп келген душман жок,
Аттан түшүп алышып,
«Жин ургандай жанабыз,
Жигиттерден ажырап,
Кантип үйгө барабыз,
Каралуу калган катынга
Кай жоопту айтабыз,
Элге кантип барабыз,
Жигиттер кайда? – деп айтса,
Не жоопту табабыз.
Чогуусу менен болбойбу,
Жолдошу менен өлбөйбү,
Калаалуу коргон чеп кылар,

Качып барсам калкыма
Калың айыл кеп кылар».
Экөө бирдей ыйлашып,
Кара жанын кыйнашып.
«Жигитти кантип табабыз,
Ат башын кантип чабабыз,
Экөөбүз качып барганда
Абийир кантип табабыз.
Жин ургандай бөлөлү,
Жүрү Жаныш аттанып,
Жигиттерди көрөлү,
Өлгөнү болсо көмөлү,
Качырып барып калмакка
Кайтадан кирип көрөлү».
Тизгинде колу карышып,
Камчыланып тулпарга
Кайта кирип жарышып,
Аралашып калмакка,
Жигиттерди душмандан
Ажыратып алмакка.
Аралап найза салышып,
Ак болоту майышып.
Аябай жаңжал салды эми,
Аныктап уруш кылам – деп,
Аныктар бектер барды эми.
Ичинде жок бушманга,
Аныктап кирди душманга.
Ажал жетип өлөлү,
Алды-алдынан бөлөлү,
Жасагандын салганын
Кайда барса көрөлү.
Ажал жетип күн бүтсө,
Жаздыкта жатып өлүүчү.
Белес-белес бел да өткөн,
Азиретаалы шер да өткөн,
Мусулмандын дини үчүн
Далай дөөлөр тең өткөн.

Азирети Улукман,
Үч миңгече жашаган,
Ушуну койбой кара жер
Курсагына ашаган,
Азирети Сулайман,
Он сегиз миң ааламды
Падыша болуп сураган,
Алладан ажал жеткенде
Алар да өтүп сулаган,
Ак байгамбар мустапа*
Алар өткөн шум жалган,
Өлбөй бенде ким калган,
Алла Таала кудурет,
Бизге кылаар мээрман.
Эки бала зарланып,
Жердин баары чаңданып,
Көргөн адам таң калып.
Кайтара кирди калмакка,
Тапшырып өзүн арбакка,
Көрүнчү болсо жигити
Ажыратып алмакка.
Орто жерин эр Жаныш,
Оюп кетип баратат,
Бир чекесин эр Байыш,
Союп кетип баратат,
Моло кылып өлгөнүн
Үйүп кетип баратат,
Жалындап ичи өрттөнүп,
Күйүп кетип баратат,
Тулпарларды түйүлтүп,
Калмактарды күйүнтүп.
Калмактар айран калды эми:
«Кайгыны башка салат го,
Кары, жашты алат го,
Канетип кармап алабыз,
Кандай айла кылабыз,
Адебин колго берели,

Жибектен аркан керели.
Арканга келип токтолор,
Башка айла жок болор.
Токтолбостон баралы,
Тобубуз менен ыргытып,
Башына чалма салалы».
Акылдашып турганда,
Атынын башын бурганда,
Алла деп ураан баштады.
Алтымышын токмоктоп,
Асылдар келатканда
Артынан чалма таштады,
Чалма түштү мойнуна,
Шайтан кирди койнуна,
Чалма түштү чарк этип,
Алтын көкүл жарк этип.
Чалма түшүп мойнуна
Былкылдатпай алды эми,
Байыш түштү бакырып,
Жанындагы Жанышты
Байкелеп чакырып.
Түшө калып жайлады,
Отуз балбан чогулуп,
Аркан менен байлады,
Айнектей көзү жайнады.
Жанындагы Жаныштын
Ак болоту майышып,
Өрттөнүп ичи күйгөндөн,
Элүү киши кырды эми,
Кырганына болбоду,
Кыргый эмес качкыдай,
Бул кызыр кайыр оңбоду.
Жайылдык кылдык өлгөнгө,
Курган Жаныш канетсин,
Жан жолдошун көргөндө.
Ак мылтыгы колунда
Калмактын баары аткылап,

Жетимиш жерге ок тийип,
Жарадар болуп калды эми,
Жаанын* огу жабылып,
Ажалдын огу табылып,
Жан калбастан калмактар
Баары кирди качырып
Каны жерге чачылып.
Алтындан кылган кемерин
Сыя аттырып салды эми,
Жетимиш жерге ок тийип,
Жаралуу болуп калды эми,
Атынын башын бурду эми,
Атка камчы урду эми.
Аял кылып туралбай,
Алты-Шаар көздөй жүрдү эми.
Кайра тартты култулдап,
Каны чыгып буртулдап,
Сыйкырчысы дубалап,
Эки жүздөй балбаны
Артынан түштү кубалап,
Байыш калды байланып,
Айнектей көзү жайланып,
Байыш калды бакырып,
Байкесин улам чакырып.
Чамбылала чаң кылып,
Кызылала кан кылып,
Байлап салды Байышты,
Колго түшүп эр Байыш,
Кокуй күн болуп кайышты,
Эми качкан Жаныш шартынан,
Кууган калмак артынан,
Күйүп турат дартынан,
Тулпардын баары кан болуп,
Жердин баары чаң болуп,
Жүгүрүп тулпар аркырап,
Жара тарткан эмедей,
Кан токтобой шыркырап,

Алтын көкүл жаркырап,
Түгөйүнөн ажырап,
Ыйлап барат баркырап.
Тулпар ташты басты эми,
Токтоосу жок качты эми,
Эки жүзү кубалап,
Сыйкырчысы дубалап,
Чукул жетип калды эми.
Кызыл кыя майдандан
Кыя тартып кетерде,
Наркы белге жетерде,
Эси ооп эр Жаныш
Тулпардан түштү шалк этип,
Алтын көкүл жарк этип.
Биртике басты жетелеп,
Эки жүз калмак артынан
Кууп барды энтелеп.
Калмак чукул жеткенде,
Аты турат кишенеп,
Минерине алы жок,
Жан жолдоштун баары жок,
Эми кармап аларда,
Эмгекти башка саларда,
Айбан да болсо Ак тулпар
Окуранып жаныбар,
Алтындан кылган кемерден
Кабаттай тиштеп алды эми,
Карышкырча кылчайып,
Кайра үстүнө салды эми,
Айбан да болсо жаныбар,
Адамдан эстүү турбайбы,
Ала качып калды эми.
Ала качып жаныбар,
Алда кайда барды эми,
Аркасынан кубалап
Калмактар жетпей калды эми.
Ала качып жаныбар,

Канча жерге барды эми,
Кууп жүргөн калмактар
Караанын көрбөй калды эми.
Калмактар кууп жабышып,
Тулпардын оозу карышып,
Кара-Үңкүрдүн ичине
Алып барып таштады,
Окуранып жаныбар,
Жаныштын отузча жерде каны бар,
Жатып калды шалдайып,
Далайга жатты далдайып.

ЖАНЫШ УРУШТАН КИЙИН

Кылганында айбы жок,
Кылчайып артын караса,
Душмандардын дайны жок.
Ушу жерде эр Жаныш
Сүйлөйүн десе тили жок,
Же сүйүп багар эли жок,
Карап турса беги жок,
Калаалуу коргон чеби жок,
Кантесиң деген эли жок.
Башын өйдө көтөрүп,
Курган Жаныш жөтөлүп,
Кекиртеги кыркырап,
Каны агып шыркырап,
Жаныбарым Ак тулпар
Кишенеп турат баркырап.
Жүгүрүп тулпар барды эми,
Азаматым эр Жаныш
Жүгөнүн эптеп алды эми.
Отурат эле делдейип,
Кара таштын боорунан
Чычкан чыкты селдейип,
Жүгүрүп чычкан келди эми,

Аккан канды шимирип,
Аз келгенсип түгөнгүр,
Этин тиштеп кемирип,
Мунажат кылып кудайга
Жигиттен мени кем кылдың,
Чычканга кудай жем кылдың,
Ыйлап жатат болкулдап,
Айбан да болсо Ак тулпар
Жанында турат солкулдап[1].
Чычканды кармап алды эми,
Жетимиш жерин чычкандын
Терисин кесип алды эми,
Коё берди чычканды
Мен көргөндү сен көр – деп,
Экөөбүз бирдей тең көр – деп,
Чычкан кетип жүгүрүп,
Жүгүрүп чычкан барды да,
Жер түрткүлөп калды эми.
Дары таап жедиби,
Силкинип чычкан алды эми.
Аны көрүп эр Жаныш
Айыгып чычкан калды – деп,
Эмне болуп алды – деп,
Баягы жерге барды эми.
Чөптүн түбүн казыптыр,
Эки тамыр көрүнөт,
Бир тамырдан кан агат,
Бир тамырдан сүт агат,
Сүт акканын алды эми,
Таңдайына салды эми,
Бир паста туруп айыгып,
Энеден тууган эмедей,
Таза болуп калды эми.
Кайта келди сүйүнүп,

[1] Чычкан жөнүндө өтө майдалап кеткен маанисиз 6 сабы кыскартылды.

Тулпарын көздөй жүгүрүп,
Тулпары турат кишенеп,
Канеке кууган киши – деп.
Тулпарын кармап жетелеп,
Кургуруң турат энтелеп.
Үңкүргө кирип алды эми.
Бир тууганын чакырып,
Канетип калдың Байыш – деп,
Үңкүрдө туруп бакырып.
Калмактын баары калдайып,
Эми карааны чыкты далдайып,
Эси ооп эр Жаныш,
Отуруп калды шалдайып,
Калмактар чукул келгенде,
Амыр болду Алладан
Кара-Үңкүрдүн ичине
Кайып эрен* бекитип,
Келсе Жаныш жок болуп,
Ушул үңкүргө кирип токтолуп,
Кубалай келген көп калмак,
Кара-Үңкүр муну жутту – деп,
Аңгемеге батышты,
Алты саат чогулуп,
Кара-Үңкүрдү атышты,
Жаныш деген эмени
Кара жер муну жутту – деп,
Калмакча жазуу жазышты,
Таштын бетин ойду эми,
Ташка уруп койду эми.

БАЙЫШ

Кайра тартты калмактар,
Барса Байыш байланып,
Айнектей көзү жайналып,
Көкүлү турат жаркылдап,

Көп калмактын ичинде
Эси кетип калтырап,
Кесепеттүү калмактар
Желигип сүйлөп тил билбейт,
Кесепеттүү калмакты
Кейигенден жан сүйбөйт.
Кылганында айып жок,
Кырк жигиттин дайны жок,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Жигиттен тирүү калбаптыр,
Чалма салып Байышты
Калмактар атка байлаптыр,
Айнектей көзү жайнаптыр.
Күн асмандан жааганда
Себилинде калыптыр,
Качырган жерде кырк жигит,
Тепсөөрүндө калыптыр.
Жана кырк жигиттин дайны жок,
Беркинин кылганында айбы жок,
Жалпы калмак чогулуп,
Өлүктөрүн бөлүптүр,
Орто жерин оюптур,
Шер колдогон эки бек,
Он миңдей калмак союптур.
Ак олпогу жок болуп,
Армандуу ичи чок болуп,
Ак олпок болсо үстүндө
Өз билгенин кылмакчы,
Экөө тамам кырмакчы.
Капырлар* өз өлүгүн
Сууга апарып салды эми,
Кырк жигиттин өлүгү
Көмүлбөстөн калды эми.
Атка таңып Байышты,
Адамдын баары кайышты.
Эр Байыш шондо кеп айтат,

Атаны арман дүнүйө,
Кандай болдум – деп айтат.
Түгөйүнөн ажырап,
Капа болуп эми айтат:
«Карышкыр баспас кара жол,
Жолунда кетип барамын,
Түлкү баспас түмөн жол,
Жолунда кетип барамын,
Түшүмө кирбес калмактын
Колунда кетип барамын,
Канатымдан кайрылдым,
Кан акемден айрылдым,
Түгөйүм жанда жок болуп,
Кантип жүрөм токтолуп,
Качан жүзүн көрөмүн,
Калмактан качан өлөмүн».
Алтын көкүл жаркылдап,
Аркасынан калмактар,
Асабасы калкылдап,
Бир жигитти жетелеп,
Элүү миң калмак айдады.
Эки көзү жайнады.
Элине кабар жиберип,
Калмактын каны Шумурут
Байышты кармап алдым – деп,
Мына минтип бардым – деп,
Жанындагы Жанышты
Кара таш жутуп салды – деп,
Кетип барат мактанып,
Сөз сүйлөбөй эр Байыш,
Капасы ичке сакталып.
Элүү миң аскер айдаган,
Эки колун байлаган,
Эркe бала Байыштын
Эки көзү жайнаган.
Каңгайлап ураан чакырып,
Карсылдап мылтык атылып,

Катары менен сүйүнүп,
Караган жандар түңүлүп.
Элине кабар жеткенде
Атка минген чалдары,
Жаш өспүрүм балдары,
Ургаачы менен эркеги,
Баары келди эрмекке,
Эр Байышты көрмөккө.
Бетине барда салынган,
Бир кудайга жалынган,
Алтын көкүл жаркырап,
Шаарга кирди баркырап.
Адамдын баары таң калып,
Артында жүрөт сандалып,
Көргөн адам таң калып,
Көтүндө жүрөт сандалып.
Абыдан сулуу бала экен,
Адамдан артык жан экен,
Баары келди эрмекке,
Байышты келди көрмөккө.
Шумуруттай падыша
Жардык кылды калкына,
Жалпы калмак салтына.
Эр Байышты байлады,
Эки көзү жайнады,
Арабага таңылып,
Адамдын баары сабылып,
Жакшысына кубанып,
Жалпы баары ынанып.
Падышасы Шумурут
Байлап келдим – деп айтат,
Жаныш, Байыш эки бек,
Айдап келдим – деп айтат,
Бирөөн анда өлтүрүп,
Жайлап келдим – деп айтат,
Байышты эми өлтүрөм,
Жалпы көргүн – деп айтат.

Калмактардын карысы,
Масылат кылды баарысы.
Желмаян келип кеп айтат,
Мурдун тешип Байышты
Жетелеп жүрөм – деп айтат,
Мойнуна чынжыр салам – деп,
Болбой өчүм алам – деп.
Карыясы кеп айтат,
Андай кылба – деп айтат.
Он күн жатты байлалуу,
Ойрондун көзү жайналуу.
Урук-урук болушуп,
Күндө келип көрүшүп,
Аягына жетти эми,
Алты күнчө өттү эми.
Калмактардын карысы
Жүз жыйырмада жашы бар,
Казандай болгон башы бар,
Буртабаш элге кеп айтат,
Муну өлтүрбөйлү – деп айтат.
«Кабыланча караган,
Сырттан тартып жараган,
Кара кулак шерге окшойт,
Кадимки мыкты эрге окшойт,
Карап турсам сыпаты
Азиретаалы шерге окшойт,
Өлтүрбөйлү ушуну,
Ыйыгы экен адамдын,
Балакетке калбайлы,
Байкап муну алдайлы,
Көкүлү бар башында,
Он сегизде жашында,
Ушундай сонун болобу,
Өлтүргөн киши оңобу».
Желмаян туруп кеп айтат:
«Коё берсең Буртабаш,
Дарбазаңды талкалайт,

Алтын менен күмүшүң
Олжо кылып калталайт,
Багыңды тамам кыйратат,
Кыз-келиниң ыйлатат,
Башын кесип алалы,
Макул болсо ушуну
Коё бербей соёлу,
Эки көзүн оёлу.
Он жыл жүрдүм үйүндө,
Өзүн көрүп сүйүнбө,
Бошонуп калса бу жерден
Акырын чыгып барбайбы,
Акыр заман башыңа
Аз күндө келип салбайбы,
Алмадай башың албайбы.
Аргымак атын минген соң,
Акмактыгың билген соң,
Бошотуп муну жиберсең,
Көзүңдү бир күн ойбойбу,
Сен өңдөнгөн калмакты
Кармап алып сойбойбу.
Ойноп, ойноп койгону,
Экөө жүрүп урушса,
Он миң калмак сойгону.
Сайып акыл акты кул,
Сагызгандай мыкты кул,
Коё берсең эр Байыш,
Адебиң колго бербейби,
Каш, кирпигиң тербейби.
Көк бөрү кылып тартпайбы,
Көөдөнгө минип жанчпайбы.
Бошотуп ийсең бир колун
Атыңды мине качпайбы,
Алмадай башың албайбы,
Азапка башын салбайбы,
Алтын менен күмүштү
Атка теңдеп албайбы».

Буртабаш анда кеп айтат:
Андай кылба – деп айтат,
Өлтүрбөгүн ушуну
Зынданга салгын – деп айтат.
Андай болсо акыл – деп,
Айткан сөзүң макул – деп,
Масылатты токтотуп,
Зынданга муну салалы,
Сыртынан карап багалы.
Зынданга Байыш салынып,
Сыртынан капка жабылып,
Кылганында айбы жок,
Кылымдын баарын караса,
Эр Байыштын дайны жок.

БАЙЫШ ЖАНА БЕЛКЫС. БАЙЫШТЫН ЗЫНДАНГА САЛЫНГАНЫ

Желмаян менен Бортабаш[1]
Жетелеп муну алыптыр
Падыша менен бир малай
Төртөөлөшүп барыптыр.
Сексен кулач зындандын
Нак түбүнө салыптыр,
Түк киши көрбөй калыптыр,
Кайтартып койду малайга,
Багып жүрдү далайга.

Падышанын Белкыс деген жалгыз кызы бар эле. Белкыс Байышты зынданга түшпөстөн мурун көрүп, баланын сулуулугуна айран-таң калып, жүрөгүндө ашыктык оту тутанган экен. Ашыктык оту күндөн-күнгө күчөдү. Байышты көрөм десе, кайда кеткенин билбей калып, кайрадан көрө албады.

[1] Буртабаш, Бортабаш болуп эки башка айтылат. Биз, Бортобашын калтырдык.

Жүрөгүн чер басып, бүткөн боюн тер басып, ак уруп ыйлап, чачын жулуп, жүрөгү сагынып, дартка чалынып, Байышты көрбөй, жаратынан айыктырып, колу менен бакпай, бекиткен жерин таппай, «Эмне болду экен» – деп он күнү бейуш болуп жатты.

Он күндөн кийин эсин жыйып, эркектин кийимин кийди, төбөсүнө чачын түйдү, Байышты издей баштады.

Падышанын жалгыз кыз
Эртеси издеп таппады.
Ашык болуп Байышка
Ашыктыктын дартынан,
Сары оору болуп зарынан,
Ичи күйүп, чок болуп,
Издесе Байыш жок болуп,
Кандай күнү кабылып,
Караңгы жерге жабылып,
Кайгырып Белкыс сабылып,
Карааның көрбөй токтолуп,
Кайнап ичи чок болуп,
Кай жерден издеп табайын,
Кайранды таап багайын,
Бир карааны көрүнсө,
Как жүрөгүм чабайын,
Асылды издеп табайын,
Табылып калса бир жерден
Армансыз болуп багайын,
Он эки шаар Зиминди
Оодарып издеп таппады,
Оюнан чыкпайт эр Байыш,
Онтоп келип жатканы.
Көрбөйт көзү тунарып,
Чөптөй өңү кубарып,
Сары оору болуп саргарып,
Жатып калды шалдайып,

Эси ооп алсырап,
Эки жума кансырап.
Кылганында айып жок,
Кыз таппады дайны жок,
Жалындап ичи өрт болуп,
Дарты кыйын көп болуп,
Кантип турат токтолуп.
«Ажалым жетсе өлөйүн,
Алла Таала кудайдын
Не жазганын көрөйүн,
Амаш алып он беш күн
Андан издеп жөнөйүн,
Санаамдан чыкпай күйөмүн,
Сары оору болуп жүдөдүм.
Көк дукаба жамынып,
Көрбөсөм муну сагынып,
Издеп сени таппадым,
Койнуңа кошо жатпадым.
Алыстан келген сен болдуң,
Азабың тарткан мен болдум.
Алты ай издеп таппадым,
Алыстан келген балбаным,
Арманды ичке салганым,
Дагы издеп жөнөйүн».
Ашыгымды табам – деп,
Жаман кийим кийинип,
Калааны көздөй барды эми,
Калаадагы калмактын
Баарына суроо салды эми.
Жетимиш капка шаар экен,
Жетимиш капка шаарга
Кирбеген шаары калбады,
Табамын деп бечара
Байыш үчүн зарлады.
Ашыгынан айрылып,
Арманда болуп кайгырып,
Аспап* кылыч алды эми.

Жылдыздын баары толгондо,
Талааны көздөй барсам – деп,
Ашыгымды тапсам – деп.
«Издесем колго тиеби,
Эстесем ичим күйөдү,
Байышым аман жүрөбү,
Же ажалың жетип өлдүңбү,
Арманды Белкыс көрдүңбү?
Тамандарым жоюлуп,
Эки колум союлуп,
Эмгектеп калган мен болдум,
Эстебей калган сен болдуң.
Кандай күнү болдум кез,
Кайгырып өңүм болду жез.
Жагоолуу шумкар мен болдум,
Жабылуу тулпар сен болдуң.
Издейм сенин артыңдан,
Иш кылбай сенин дартыңдан,
Күйүп издеп табармын,
Көрүнө сени багармын,
Кара башым тартсам да,
Кан жүрөгүм чабармын».
Таяк алып колуна,
Чапан кийип жонуна,
Издеп чыкты шаарынан,
Кабар салды баарына.
«Сыр буйлалуу нарым жок,
Сыпайы тууган жарым жок,
Бөксөдөн чыккан туман жок,
Бөтөнчө күлүк кунан жок,
Тагылуу жүргөн тумар жок,
Ача турган кумар жок,
Эгиздеп чыккан күңгөй жок,
Эрмегим бирге түгөй жок».
Шаардагы калкынын
Баарына суроо салды эми,
Баарынан жооп алган соң,

Сары оору болуп калды эми.
Издеп элден таппады,
Кайтып келип жатканы,
Он жыл издеп таппады,
Оору болуп жатканы.
Канатынан кайрылып,
Ордунан калды турбастан,
Ичкен ашын жутпастан,
Баш көтөрбөй бүк түшүп,
Белкыс жатты зар кылып,
Ашыгын издеп табалбай,
Айыкпас дартка чалдыгып,
Кызың оору болду – деп,
Падышага кеп айтып,
Бадыша ыйлап буркурап,
Энеси ыйлап чыркырап,
Келсе кызы ооруптур,
Өлөргө чукул барыптыр,
Кучактап алып энеси,
Кошо ыйлап жеңеси,
Бадыша келип баары ыйлап,
Балбандары дагы ыйлап,
Тактага төшөк салышып,
Так көтөрүп алышып,
Бадышанын үйүнө
Алып кирди баарысы,
Бортобаштай карысы,
Сыйкырчы менен курачы,
Чакыртып алып баарысын.
Желмаян келди энтелеп,
Колуктуң ооруп калды – деп,
Кокуйду башка салды – деп.
Желмаянды көргөндө,
Куруган Белкыс муңайып,
Артынан чачы булайып,
Алланын салган буйругу
Ичинде турат муңайып.

Алмадай башың алсам – деп,
Кул сени, азапка башың салсам – деп.
Курсакта турат билгизбейт,
Же кубаныч кылып күлгүзбөйт.
Өлөйүн десем жан таттуу,
Өлбөйүн десе иш катуу.
Өкүрсө Байыш табылбай,
Өрттөнүп ичин сыздатты.
Падыша журтка кеп айтат,
«Масылат салчу карыңар,
Чогулуп келдиң баарыңар,
Маңдайымда жалгыз кыз,
Айласын жалпы табыңар,
Төлгөчү менен курачы,
Журттан жыйнап алыңар».
Кабар салды шаарына,
Кабар кылды баарына.
Төлгөчүлөр чогулуп,
Эч билбеди оорусун.
Ашыктыктын дартынан
Эч ким билбейт калкынан.
Куруп калган Белкыстын
Эки көзү жайнады,
Курачы менен төлгөчү,
Балчы менен сыйкырчы,
Эч кимиси билбеди,
Эр падыша тилдеди.
Бирөөң да муну билбейсиң,
Элүүң бирдей чогулуп,
Набактыга кир – деди.
Элүү киши айдалды,
Эки көзү жайнады.
Элүү киши жок болду.
Эрке Белкыс канетсин,
Ичи күйүп чок болду.
Анда туруп падыша:
«Төлгөчүнү саначы,

Дагы калкта калдыбы,
Онуң чыгып карачы.
Он киши чыкты шаарга,
Дагы курачы болсо аларга.
Он жигит издеп бакырып,
Курачы менен төлгөчү
Барсыңбы – деп бакырып.
Бир кемпир чыкты энтелеп,
Ушуну минип барам – деп,
Бир уугун жетелеп,
Он жигит ага барды эми,
Энеке бирге жүргүн – деп,
Тегеректеп калды эми.
Кемпир аты ууктан,
Он жигиттин аттары
Он беш күн болгон сууткан.
Жүрү, балдар, жүрү – деп,
Кемпир минди уукка,
Эки кайыш тең тизгин,
Колдорунда карышып,
Кемпир менен боз балдар
Келе жатат жарышып,
Боз балдардын мингени
Арып кетти билдиңби,
Кемпирдин минген уугу
Чыгып кетти билдиңби?
Ойрондоруң жарышып,
Кемпирди алып барышып.
Кемпир анда кеп айтат,
Келдим балам – деп айтат.
Келсе Белкыс жатыптыр,
Каны калып бир кашык,
Эти калып көк жашык,
Табылгыдай катыптыр,
Сары оору болуп жатыптыр.
Төлгөчүдөн бирөө жок,
Балчылардын баары жок,

Карылары дагы жок,
Кемпир энең кеп айтат,
Келдим балам – деп айтат,
Не себептен жаттың? – деп,
Белкысты көздөй барды эми,
Бир бут алтын берем – деп,
Падыша айтып калды эми,
Төлгөсүн кемпир салды эми,
Төбө чачтын арасын
Кемпир карап калды эми.
Кемпир журтка кеп айтат:
«Алтын замбил ичине
Мен баланы салайын,
Алиги жаткан үйүнө
Жалгыз алып барайын».
Жер астына барды эми,
Тактага төшөк салды эми,
Так көтөрүп алды эми.
Жетимиш кызы чуркурап,
Баарысы ыйлап буркурап,
Атасы менен энеси
Кошо ыйлап чыркырап,
Жаткан үйгө барды эми.
Атасына кеп айтат,
Мен жалгыз көрөм – деп айтат.
Кырк күнүн тамам кетирип,
Жай-жайына житирип,
Белден төшөк салды эми,
Мелтиреген кара бет,
Жалгыз карап калды эми.
Кемпир энең кеп айтат:
«Самандай өңүң саргарып,
Сен жатыпсың далдайып,
Айланайын балам ай,
Саа айла табам ай,
Ашыктыктын зарпынан,
Сен жатыпсың дартынан.

Сары оору болуп сабылып,
Сен жатыпсың жабыгып,
Жалгыз сени багайын,
Дартынды издеп табайын.
Жүрөгүң оттой жаныптыр,
Ашыктык ичти алыптыр.
Жүрөгүңдүн толтосун
Сары суу менен чер басып,
Бүткөн бою тырбайып,
Аппак өңүң чаң басып,
Ак тишинди кал басып,
Сен жатыпсың кубарып,
Көрбөй көзүң тунарып,
Алыстан келген кишинди,
Мен табамын ишинди.
Сагынбагын саргайба,
Кулунум, сары оору болуп далдайба.
Ажалы жетип өлө элек,
Ашык болгон кишинди
Асты жандар көрө элек,
Ажалы жетип күн бүтүп,
Эмдигиче өлө элек.
Он жыл бою жатканың,
Ойлонуп апаң тапканы.
Сексен кулач зындандын,
Түбүндө жатат сандалып,
Көргөн киши таң калып,
Арка чачын өрө элек,
Адамзат көрө элек,
Мен табамын ишинди,
Кудай кабыл келтирсин,
Издеп жүргөн кишинди.
Айтпа сөзүм бирөөгө
Таап берем кишинди,
Жана кабыл келтирсин,
Кыла турган ишинди.
Мени издеп тапты – деп,

Айта көрбө бирөөгө,
Апакенди алып бер,
Он беш жашар күйөөгө.
Мен күйөөгө тиемин,
Бөлөк кебим киемин,
Он сегизде кызга окшоп,
Ойноп-күлүп жүрөйүн.
Бүгүндөн калбай табамын,
Жаткан жерге барамын,
Алып келип колуңа
Аныктап бүгүн саламын.
Ооруган сени бактымбы,
Ойлонуп энең таптымбы,
Ошо киши оюңдан,
Эмдиге чыкпай жаттыңбы?»
Анда Белкыс кеп айтат:
«Айланайын энеке,
Тилиңди бери чыгарчы,
Мен сороюн деп айтат,
Тилин сунду чыгарып,
Тилинен кармап чунак кыз,
Түбүнөн кесип алды эми».
Кескен тили балбырап,
Бүткөн бойдон кан агып,
Падышанын астына
Кемпир барды балдырап.
Падыша туруп кеп айтат,
Бул акмактын келдесин
Алып салгын – деп айтат,
Желдеттер чукул барды эми,
Аспап кылыч колунда
Башын алып салды эми.
Кемпирди Белкыс сойду эми,
Кырк кыздарын чогултуп,
Масылат кылып койду эми,
Аксарбашыл бир койду
Алып келип сойду эми,

Азиреттин жолуна
Бата кылып койду эми.
Тирүү экенин билди эми,
Түңүлбөй Белкыс жүрдү эми.
Бирдемени ойлонуп,
Бирпас жатып ойгонуп,
Кырк кызына кеп айтат,
Чогулгула – деп айтат,
«Алла Таала кудайдын
Не салганын көрөмүн,
Ажал жетип күн бүтсө,
Тирүү калбай өлөмүн.
Мен турбаймын бу жерге,
Мусулмандын четине
Издеп жүрүп өлөмүн.
Издеген Байыш жок болду,
Ичим күйүп чок болду».
Айтып Белкыс токтолду,
Кайнап ичи чок болду,
Эки бирдей тулпар ат,
Тилин бууп салды эми.
Табына келди тулпарлар,
Мусулмандын дини үчүн
Качайын деп калды эми.
Сегиз ай тулпар байлады,
Туйгундун көзү жайнады.
«Ажалым жетсе өлөйүн,
Ата-энемди көрөйүн,
Атам менен сүйлөшүп,
Тулпар келди табына
Күн батыш көздөй жөнөйүн».
Сүлөөсүн ичик жамынып,
Сүйлөшүүгө үйүнө
Келе жатат камынып.
Аспап кылыч байланып,
Кетемин деп шайланып,
Падышанын үйүнө

Эми чукул жеткенде,
Дарбазасы шарк этип,
Бир малай чыкты салп этип.
Ал малайы кеп айтат;
Барасың кайда? – деп айтат,
Чымырабас бетиби,
Чыдап басып кетүүчү
Малай кулдун көтүбү.
Малайга Белкыс кеп айтат,
Мен тиемин – деп айтат,
Желмаян кул алам – дейт,
Тийгенге ага ар кылам,
Жан жолдошум жаныма
Бирөө кылып алайын,
Жакындагын сен малай,
Күйөө кылып алайын,
Ак шумкарым салсаң дейм,
Мен тиейин алсаң дейм.
Алтын, күмүш зар берем,
Айдап далай мал берем,
Атамды мында таштайын,
Малай менен кетейин,
Мурадыма жетейин,
Желмаян мени алам – деп,
Шерменде кылды калкыма.
Мен кеп кылайын жалпыңа.
Малай чукул барды эми,
Колунан кармап алды эми,
Жамал беттен өптү эми,
Жанданып малай көптү эми.
«Акылың айран болдубу,
Алыстан келген Байышты
Кайда жатат билдиңби,
Көкүрөгүн эзели,
Көкүлүн баштан кесели.
Көкүлүн алып тагынсам,
Көрүнө сага жагынсам»,

Дагы малай кеп айтат,
Азыр табам – деп айтат:
«Кара жолдун боюнда,
Ийри терек түбүндө,
Орго салып таштаган,
Аны ойрон падыша баштаган,
Желмаян менен Бортабаш,
Алып барып таштаган.
Он жыл болду багамын,
Күндө тынбай барамын.
Ордо жаткан Байышты
Азыр издеп табамын,
Башындагы көкүлүн
Азыр кесип тагамын.
Өлгүчөктү Белкысты
Жаным үрөп багамын»
– Кайсы жерде жатат? – деп,
Карап Белкыс кеп айтат.
«Тетиги кара жолдун боюнда,
Чоң теректин оюнда,
Эгерде киши көрө элек,
Эмдигиче өлө элек,
Көкүлү башта жаркылдап,
Ордо жатат жалтылдап».
Карап малай кеп айтат
Тетиги жерде жатат – деп,
Аныгын малай эми айтат,
Малайды колдон жетелеп,
Келе жатат энтелеп.
Айткан сөзүң акыл – деп,
Аныгын айттың макул – деп,
Байкабай малай калды эми,
Башын кесип салды эми,
Малай жатып өлдү эми,
Байкушту Белкыс көмдү эми.
Малай менен кемпирди
Кабаты менен сойду эми,

Кайра үйүнө барды эми,
Эч ким көрбөй калды эми.
Кырк кыздын баары шуулдап,
Өлөң айтты дуулдап,
Кыркы бирдей көрүшүп,
Аймалап беттен өбүшүп,
Аксарбашыл кой союп,
Катма куран* окутуп,
Келме шарын миң айтып,
Алланын ысмын көп айтып,
Бир кудайга жалынып,
Мойнуна бото салынып,
Кырк кызы менен жатты эми,
Аңгемеге батты эми,
Адашкан жарын тапты эми.
Сүлөөсүн ичик жамынып,
Сүйүнүп жүрөк жарылып,
Атакеме барсам – деп,
Уруксат он күн алсам – деп,
Атасына барды эми.
Айыктыңбы балам? – деп,
Акылы айран калды эми.
Атасына кеп айтат:
«Аргымак атты минбедим,
Асылдыгын билбедим,
Эркек болуп элинде
Аттанып кошо жүрбөдүм,
Бир кулга мени берем – деп,
Кайран жаным кор кылдың,
Алты-Шаар Арзимди
Алты айланып жүрөйүн,
Айланасын көрөйүн.
Аташкан жерге сен берсең,
Ага-ини, карындаш,
Айылчылап көрөйүн,
Уруксат болсо жөнөйүн.
Аңгемеге батайын,

Арзы дартым айтайын,
Азыраак көрүп кайтайын.
Уруксат берсең өзүмө
Алты жүз киши атайын».
Атасы анда кеп айтат.
Алты жүз киши атканың
Айып болот – деп айтат.
«Жалгыз кызым чыгат – деп,
Бекингиле деп айтсаң,
Жашынгыла деп айтсаң,
Жакшысына кеп айтсаң»,
Андай болсо акыл – деп,
Бадыша айтты макул – деп,
Белкыс үйгө жанды эми,
Укканы айран калды эми.
Кырк балбанды чогултуп,
Шаар жакка баргыла,
Жалпы кабар салгыла,
Үйдөн чыкпай бекинсин»,
Чыкканын Белкыс атат – деп,
Үстөмөндөп жатат – деп,
Адамдын баары шашты эми,
Алтынын таштап качты эми.
Дарбазасын бекитип,
Эшикке чыкпа өлдүң – деп,
Бирин бири кекетип.
Чын ошентип токтолду,
Чыккан киши жок болду.

КЫРК КЫЗ НӨКӨРҮ МЕНЕН БЕЛКЫСТЫН БАЙЫШТЫ ИЗДЕП ЧЫККАНЫ

Белкыс үйгө барды эми,
Кыздын баарын чогултуп,
Кызык доорон салды эми.
Эртең атка минели,

Алты-Шаар Азимдин
Айланасын билели,
Арабасын алдыртып,
Атты чегип салдырып.
Жанында кырк кыз нөкөрү,
Байланган арак көөкөрү.
Көөкөргө арак байланып,
Көчөгө чыкты айланып,
Көргөн адам таң калып.
Кырк кыздын баары шуулдап,
Өлөң айтып дуулдап,
Аңгемеге батты эми,
Алты, жети кишини
Көрүнгөндөн атты эми,
Адамдын баары бекинип.
Үйү-үйүнө жатты эми.
Алты-Шаар Азимди,
Баарысын көрүп бу кыздар
Теректи көздөй салды эми.
Кабар уккан калайык,
Шашып жаткан мындан көп,
Кара бет чыкты деп айтып,
Качып жаткан мындан көп.
Замбиреги тарсылдап,
Доол какты карсылдап,
Адамдын баары бекинип,
Дубалдан алыс секирип,
Туюк жерге бекинип,
Адам таппай калды эми.
Кырк кыздарын ээрчитип,
Кара жолдун боюна
Кайраның эми салды эми,
Катылуу жаткан Байышка
Салып кирип барды эми.
Намаздигер, намаз шам
Иңир кирип калды эми,
Куптан болуп калды эми,

Курган Белкыс ушу жерге
Кырк кызы менен барды эми.
Кызарып жаткан көкүлдүн
Чекесин көрүп калды эми.
Көкүлүн көрүп сүйүнүп,
Түшө калып жүгүрүп,
Кырк кызы менен жарданап,
Карап калды таң калып.
Эки жакты байкаса,
Эзелде киши көрүнбөйт.
Тегеректеп барды эми,
Көкүл турат жалтылдап,
Көргөндө айран калды эми,
Панардай болуп жалтырап,
Зынданда жатат калтырап,
Көкүлүн көрүп кубанып,
Сөз сүйлөдү ынанып:
«Зынданда бегим жаттыңбы,
Сырттаным сени таптымбы,
Асылым аман жаттыңбы,
Арыстаным сени таптымбы.
Аман-эсен жаттыңбы?
Он жыл издеп таппадым,
Ойронум эсен жатканың.
Зынданда жаткан сен болдуң,
Сыздап бир жүргөн мен болдум.
Көрүнбөй жаткан сен болдуң,
Күйүтүң тарткан мен болдум.
Асмандап тийген жаркыным,
Амансыңбы алтыным?
Каухардай жалтырап,
Көп издедим жалдырап,
Аташкандан айрылбас,
Кудуреттин иши экен,
Амыр болду Алладан
Себеп болгон киши экен.
Алда Таала кудурет,

Ар ишиңе көндүрдүң,
Асылым сенин айыңдан
Эки киши өлтүрдүм.
Тулпар атым таптадым.
Туйгунум саа сактадым,
Он эки жыл издеп шаарымдан
Эзелден сени таппадым,
Караңгыда жатканың,
Жагоосу алтын шумкарым,
Жаттыңбы эсен тулпарым?
Кара кашка тынарым,
Какшап турат чынарың,
Алгыр бүркүт кырааным,
Амансыңбы тынарым,
Аман-эсен жаттыңбы,
Асылым сени таптымбы?
Кырк кызым бар кашымда,
Өзүм жыйырма бир жашымда,
Ашык болдум зарыңдан,
Абыдан күйдүм дартымдан,
Күйдүм десем түтүн жок,
Жүрөгүмдүн башында
Жүгөрүдөй бүтүн жок.
Кара жанды кыйнадым,
Сен эсиме түшкөндө
Көзүмдөн жашым тыйбадым.
Канча жылы зарландым,
Карааның көрүп таң калдым,
Ашык болдум диниңе,
Азирет Аалы пириңе».
Анда Байыш кеп айтат:
«Капырдын кызы сен болсоң,
Караңгы жердин астында
Капаланган мен болсом,
Кырк кызың менен жүрөсүң,
Шылдың кылып күлөсүң,
Шылдың кылчу сен эмес,

Шылдыңдай турган мен эмес.
Оюн кылба өзүмдү,
Укпаймын сенин сөзүңдү.
Карабаймын көзүңдү,
Калп айткан сенин сөзүңдү,
Өз жайымды ойлобой,
Кантип көрөм көркүңдү.
Жаркылдап жүргөн сен болсоң,
Жалгыз жаткан мен болсом,
Капырдын кызы сен болсоң,
Карабаймын кашыңа,
Кесепетиң тийбейби,
Жалгыз менин башыма».
Анда Белкыс кеп айтат:
«Мусулман болдум диниңе,
Бүбү, Батма пириңе,
Сыйынамын кудайга,
Сен жатыпсың ордодо
Мусулман болдум ынангын,
Диниңе кирдим кубангын,
Он жыл издеп дартыңдан,
Ушунча күйдүм зарыңдан,
Алла Таала кудурет,
Буюрса сүйөм алкымдан.
Ажыратып алармын,
Калың Азим калкымдан».
Анда Байыш кеп айтат:
«Арканды качан саласың.
Азаптан кантип аласың?»
«Аркан салбай багармын,
Депкириң* өзүм табармын.
Ордодо жаткан сен болдуң,
Ойлонуп жүргөн мен болдум.
Кайран төрө тулпарым,
Жакшылап багам шумкарым».
Кыздын баары жүгүрүп,
Байышты көрүп сүйүнүп,

Кара кызы жүгүрүп,
Карап баары сүйүнүп.
Анда Белкыс кеп айтат:
«Бирөө көрүп калбасын,
Бейпайды маа салбасын,
Бегим чыкпай калбасын.
Азапты маа салбасын,
Ашыгым чыкпай калбасын».
Отуз эки тамактын
Баарын тамам алды эми,
Ороого баарын салды эми,
Он күнү мында багам – деп,
Мен үйүмө барам – деп,
Тулпар атты минем – деп,
Токтоосу жок келем – деп,
Кыздын баары жарданып,
Кайта келди камданып.
Кыздын баарын бекитип,
Айтпагын деп кекетип.
Айнектен салган ачык үй,
Асасы кирди кубанып,
Ар сөзүнө ынанып.
Бар келишти эжем – деп,
Баары бирдей сүйүнүп,
Аксарбашыл кой союп,
Ала туяк бээ союп,
Бир кудайга жалынып,
Мойнуна бото салынып,
Эч ким билбей калды эми,
Кырк кызына кеп айтат,
Угуп тургун – деп айтат,
«Мен аттанып кетемин,
Акыретке жетемин,
Бул дүйнөдө жалганды
Талак кылып кетемин».

БЕЛКЫС МЕНЕН БАЙЫШТЫН КУТУЛГАНЫ

«Кара тоо башы аман бол,
Кайрылып сени көргүчө,
Калганыңар аман бол,
Байкагыла жөнөрмүн,
Маашарда* сени көрөрмүн».
Кыздар менен көрүшүп,
Кырка оозунан өбүшүп,
Колу менен көрүшүп,
Козголуп баары өбүшүп.
Кырк кызына кеп айтат,
Кылчайбаймын – деп айтат,
Кырк кызы ыйлап чуркурап,
Баккан кемпир буркурап,
Ыйлаба деп кекетип,
Чыга калып эшигин
Сыртынан тартып бекитип,
Жөнөй берди сабылып.
Кырк кызы калды камалып,
Баары калды чуркурап,
Чуркураса кайрылбай,
Жөнөй берди булбулуң
Атын көздөй жүгүрүп.
Жүгүрүп барды тулпарга
Эзелде колдон окуган,
Аргымак атын токуган,
Көмөлдүрүк сом алтын
Омуроодо жалтылдап,
Айнектей жүзү жаркырап,
Атка минди шартылдап.
Алтымыш кулач ак кендир
Арканын алды байланып,
Атка минип жөнөдү,
Асылга келди айланып.
Бир тулпарды жетелеп,
Кетип барат энтелеп.

Орго чукул барды эми,
Арканын таштап шайлады,
Ак тулпарды байлады,
Аркандын учун салды эми,
Асыл Байыш белине
Бекем байлап алды эми.
Жаа Алла – деп бакырып,
Жасаганды жат кылып,
Жаадынан чыкпай чакырып.
Арканды бекем байланып,
Тартып турат эр Белкыс
Асманды көздөй айланып.
Эки колду бек тартып,
Берер бекен деп тартып,
Өөдө карап жылыштап,
Бетинен тери ыргыштап,
Кайра түштү шарк этип,
Өзүн өзү бир муштап.
«Жалгыз тартып алалбай,
Жайдарым тарталбадым арканды,
Кара кыз менен келбедим,
Экөөлөп тартып албадым,
Ушу болду арманым,
Кантип тартып аламын,
Кайгыны башка саламын,
Каражолтой мен бейбак,
Каран түн түшүп каламын».
Ыйлап атат буркурап,
Көздөн жашы шыркырап,
Байыш келет бакырып,
Бери кел – деп чакырып.
Арканды бери байла – деп,
Аргымактын куйрукка
Бир учун бекем байла – деп,
Алдындагы тулпарды
Аста секин айда – деп,
Тулпарды кармап жетелеп,

Айдап турат энтелеп,
Туягын жерге мылгытып,
Тоодой болгон Байышты
Тартып чыкты тулпарлар
Токумдай кылып ыргытып.
Алтын көкүл жарк этип,
Ордон чыкты шарк этип,
Ордон чыкты баркырап,
Оттой көкүл жаркырап,
Тулпары туру кишенеп,
Тулпарын көрүп сүйүнүп,
Үстүнөн тулпар түйүлүп,
Эси ооп жыгылды.
Берги тулпар качты эми,
Курган Белкыс шашты эми.
Араң барып токтотуп,
Кайта келсе шумкарың,
Байлап койгон эмедей,
Жанында турат тулпарың.
Көкүлү турат жаркырап.
Күлүп Белкыс жаркылдап,
Окуранып октолуп,
Тулпарлар турат токтолуп,
Жанында киши жок болуп,
Жалындап ичи чок болуп,
Ошондо жарым саат токтолуп,
Эси ооп эндейип,
Далайга турду сенделип.
Белкыс анда кеп айтат:
– Мингин атка – деп айтат,
Тулпарын тартты жетелеп,
Туйгун Белкыс энтелеп
Тулпардын башын бурду эми.
Аттаныңыз – деп айтат,
Асыл Белкыс кеп айтат.
Үзөңгүгө бут салып,
Жаа Алла – деп кубанып,

Жанында турат кубарып,
Тулпар атка минди эми,
Туйгундарың кошулуп,
Күн батыш көздөй жүрдү эми.
Ай менен Чолпон кошулуп,
Атка минип созулуп,
Асылдар бирге кошулуп,
Үзөңгү бутта кагышып,
Учкан куш менен жарышып,
Катар тартып жарданып,
Караган бенде таң калып.
Атка минип даркырап,
Алтын көкүл жаркылдап,
Жанында Белкыс жаркырап.
Дүбүртү чыгып тулпардын,
Күзөтчүлөр калтырап,
Кара жандан түңүлдү.
Уктап жаткан Бортобаш
Акылымдан шаштым – деп,
Ак тулпар бизден качты – деп,
Ары-бери жүгүрүп,
Жандын баары түңүлүп,
Шаарга кабар салды эми.
Кубалап кантип жетем – деп,
Калкына кабар салды эми.
Канча киши чогулуп,
Тулпардын изин чалды эми.
Кубалап алып бул изди
Казган орго барды эми,
Карап турса Байыш жок,
Ордон чыгып алыптыр,
Күн батыш көздөй салды эми.
Кызды кудай урду – деп,
Ордо жаткан балбаны
Ала качып калыптыр,
Арманды башка салыптыр.
Калмактын баары чогулуп,

Капа болуп сыздашып,
Караңгыда мушташып.
Түнү, күнү жол жүрүп,
Түн арбытып мол жүрүп,
Эртеңки күнү шашкеде
Жанында Белкыс буралып,
Уйкусу келди эр Байыш
Атка жүрбөй үргүлөп,
Уктайм Белкыс – деп айтат,
Ургаачыга кеп айтат,
Уктабагын ойгон – деп,
Уят ишти ойлон – деп,
Кара милтең өмөлө,
Касташкан душман көп эле.
Артымдан калмак келбесин,
Азапты колго бербесин».
Байыш барат сабылып,
Жанындагы Белкыска
Уктаткын – деп жалынып.
Өйүзгү тоонун өңүрдө,
Быткыл-сыткыл сеңирде,
Какаска чыгып калды эми,
Бой бекитип алды эми.
Чытырман калың токойдун
Ортосуна барды эми,
Белден төшөк салды эми,
Белин чечип эр Байыш,
Ошондо уктап калды эми.
Тулпардын башын байлады,
Бутуна чидер шайлады.
Бугудан кылган чылбырды,
Буруп талга байлады,
Булбулдай көзү жайнады.
Уктап атат эр Байыш,
Ак сеңирдин учугу,
Кыңкылдап жатат жанында,
Ак жолборстун күчүгү.

Дүрбүсү бар колунда,
Алты атары мойнунда,
Алтын жаак, сыр жебе,
Алты ок менен колунда,
Асейили койнунда,
Алтындуу куран мойнунда,
Серепчилеп кургуруң,
Секиде жүрөт булбулуң.
Ойготсо Байыш ойгонбой,
Өлөрүн асти ойлонбой.
Ак жолборс келет күрпүйүп,
Алыстан келет дүмпүйүп.
Адамдын жытын алды эми,
Алачыктай чоң жолборс
Аңдып жакын барды эми,
Уктап жаткан Байышты
Алайын деп калды эми.
Астыңкы колун оңдотуп,
Көткү бутун комдонтуп,
Араандай оозун ачыптыр,
Ак көбүгүн чачыптыр,
Көткү бутун такандап,
Жылып келди жакындап,
Алабы деп Байышты.
Жанындагы Белкыстын
Кабыргасы кайышты.
Терекке чыкты жүгүрүп,
Теңтушунан түңүлүп,
«Уктабай Байыш ойгончу,
Уят ишти ойлончу,
Ак жолборс келди кашыңа,
Ажал жетти башыңа,
Ак жолборс сени албасын,
Азапка мени салбасын.
Арман күн, Байыш, ойгончу,
Ажалың жетти ойлончу!»
Айтып турса ойлонбой».

Ажалда Байыш ойгонбой,
Алтын жаак, сыр жебе
Мойнунан сууруп алды эми,
Атайын деп оңтойлоп,
Даярланып калды эми.
Жаанын огу салынып,
Жасаганга жалынып,
Шыкаалап калды жолборсту.
Как жүрөктүн толто – деп,
Алыс кетсе непаада
Эки көздүн орто – деп,
Шыкаалап калды жолборсту.
Бармактын каны чыкканда,
Барпырап жалын учканда,
Ирмеп ийди бул жааны.
Жаанын огу мылк этип,
Эки көздүн ортого
Кирип кетти жып этип.
Жатып калды шылк этип.
Жаанын огу кабылып,
Мээси ташка жабылып,
Жышылган жери оюлуп,
Куйругу менен салганда
Үйдөй терек жыгылып,
Жүгүрүп түшүп барды эми,
Жүнүнөн тартып калды эми.
Кадимкидей ондонуп,
Тирүүсүндөй комдонуп,
Араандай оозун ачтырып,
Ак көбүгүн чачтырып.
Уктап жаткан Байышты
Сынамакка барды эми.
«Кайран Байыш ойгончу,
Өлүм келди ойлончу,
Ак жолборс келди алганы,
Азапка башың салганы,
Ажалың жетип өлөсүң,

Акыретти көрөсүң!
Үч күндөн бери ойгонбой,
Сен үйүңдү ойлонбой».
Араандай оозун ачыптыр,
Ак көбүгүн чачыптыр,
Жолборс келди оңдонуп,
Алганы келди комдонуп.
«Айланайын Белкысым,
Акылыңдан шашпагын,
Ар сөздүн башын айтпагын,
Атымды укса ак жолборс,
Алда кайда качаттыр,
Токойду көздөй шашаттыр,
Байыш мында жатат – деп,
Айтып койгун бакырып,
Мен жолборстон коркпоймун,
Ушу сөзүм бышыктайм,
Жолборс мага мышыктай.
Мен жеримде жүргөндө
Жолборсту кармап барчу элем,
Кулагынан алчу элем,
Кармап алып жолборсту
Башына нокто кактырып,
Жайдак отун арттырып,
Ушу жолборстон качкан оңбостур,
Дүрбөлөң салган болбостур».
Анда Белкыс ынанып,
Ырахмат – деп кубанып.
«Кайран Байыш жолдошум,
Кабыландай жолборсум,
Ынандым сенин сөзүңө,
Ыраазы болдум өзүңө.
Жолборсту атып таштадым,
Сени келип сынадым,
Сыныма толуп турусуң,
Сүйүнчү деп кеп айттым,
Ак жолборсту мен аттым,

Жүр соёлу – деп айтып,
Тамак ичип шайланып,
Жарактарын байланып,
Экөө барды кошулуп,
Жолборско чукул барышып,
Экөө айран калышып,
Экөөлөшүп жолборсту
Терисин союп алышып.
Атка минип барышып,
Үзөңгү бутка кагышып,
Учкан куш менен жарышып,
Экөө бирдей чабышып,
Жөнөп кетти жол тартып.

БЕЛКЫС МЕНЕН БАЙЫШТЫН ЖАНЫШТЫ ТАПКАНЫ

Тулпар ташка жетти эми,
Сары кыя, майда тал,
Кыя тартып өттү эми,
Калмакча ойгон кара таш,
Кубарган ташка жетти эми,
Жазуусун окуп билди эми,
Жалт этип Белкыс күлдү эми.
Анда Байыш кеп айтат:
– Эмне күлдүң – деп айтат.
«Бир тууганың бар беле,
Билип күлдүм – деп айтат,
Калмакча жазып коюптур,
Бирге жүргөн жан беле,
Бир тууганың бар беле?
Бир тууганың өлтүрүп,
Бу жерге калмак көмүптүр».
Жаныш өлдү дегенде
Аттан түштү талп этип,
Алтын көкүл жарк этип.

Бир тууганы бакырат,
Бир күнү кечке чакырат,
Чакырган менен пайда жок,
Жанына келчү айла жок,
Эси чыгып Белкыстын
Өңү качып кубарып,
Көрбөй көзү тунарып,
Айнектей көзү жаркырап,
Эси чыгып калтырап.
Аңгыча чөптүн башы козголуп,
Ак боз ат минип болпоюп,
Ак селдеси башында
Бир ак сакал киши койкоюп,
Бастырып чыга келгени.
«Ассалоом алейкум балдарым,
Эки ыйлаган жандарым,
Эзилген сенин кандарың,
Тааныйсыңбы өзүмдү,
Таамайлап кара көзүмдү,
Уккун менин сөзүмдү.
Телегейге тең болом,
Он сегиз миң ааламга
Ырыскыны жеткирчү
Азирети Кызыр мен болом.
Ыйлабагын балдарым,
Убайым тарттың балбаным,
Канча жыл болду барганың,
Караңгы зындан ичинде
Канча жылы калганың.
Капа болбо балбаным,
Азелден бери багамын,
Ээрчип жүргөн артында
Азирети Кызыр бабаңмын.
Бекитип койгом аганды
Ыйлабагын табамын,
Датың жетти кудайга,
Азапты тарттың далайга,

Кара жаның кыйнаба,
Кайран балдар ыйлаба».
Азирети Кызыр байгамбар
Алла деп аса алды эми,
Кара ташты салды эми,
Жарыла түштү кара таш
Тулпар менен койкоюп,
Жарагын тамам байланып,
Жаныш чыкты болпоюп.
Сыр найзасы колунда,
Асайылы мойнунда,
Алтындуу куран койнунда,
Таштан чыкты жарк этип,
Башында көкүл жарк этип,
Жүгүрүп келип көрүшүп,
Оозунан бекем өбүшүп,
Сак-саламат көрүшүп.
Сагынышып өбүшүп.
Байыш ыйлап буркурап,
Жаныш ыйлап чыркырап,
Белкыс турат болкулдап,
Берки экөө тең солкулдап.
Коё берип бир бирин
Эки күнгө ыйлашып,
Эпсиз жанын кыйнашып.
Азирети Кызыр байгамбар:
«Ыйлабагын балдарым,
Кошулдуң эки балбаным,
Мен берейин жардамым,
Колунду балдар көтөргүн».
Кол көтөрүп балдары,
Бата берип байгамбар,
Мойнун буруп караса,
Кайып болуп калганы,
Жаныш, Байыш эки бек,
Айта турган далай кеп.
Ат үстүнөн өбүшүп,

Кайта-кайта көрүшүп,
Белкыс көрүп кубанып,
Бу сөзүнө ынанып,
Маңдайынан сылап кубанып,
Перидей бою буралып,
Бейиштеги нурга окшоп,
Бектердин көңүлү кубанып,
Чыбыктай бели ийилип,
Көз үстүндө кара каш,
Тууган айдай чийилип.
Көмкөрө кундуз көбөлүү,
Көмкөрө бычкан төбөлүү,
Төрт талаасын тордоткон,
Жибек менен чырматкан.
Күлсө тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Салкындыгы көлгө окшойт,
Ысыктыгы чөлгө окшойт,
Жакшылыгын байкасаң,
Жалбырактуу гүлгө окшойт.
Сөзү таттуу муңайым,
Басмалап салган түргө окшойт.

КАЛМАКТАР МЕНЕН УРУШ

Эки бала кубанып,
Эрмек кылып ынанып,
Белеске чыкты болпоюп,
Үчөө чыкты койкоюп,
Эч нерсе жок оюнда.
Жолдун баары оюлуп,
Топурагы тоо болуп,
Жердин баары чаң болуп,
Аскер өтүп кетиптир,
Ажалы анын жетиптир.
Алтымыш миң аскери

Астынан тосуп калыптыр,
Азапты башка салыптыр,
Алтымыш миң аскерди,
Жыйып алып Шумурут,
Жаткан экен түгөнгүр
Ала-Көлдүн оюнда.
Чыга түштү жарк этип,
Аскердин баарын көрдү эми,
Атка минип чабылып,
Баары келет жабылып,
Желектерин көтөрүп,
Жетимиш миң көп аскер
Баары келет жөтөлүп.
Кыйкырыгы баш жарып,
Айкырганы таш жарып,
Алты жүзү аттанып,
Карагай найза алышып,
Калганы турат жыйылып,
Келе жатат быжылдап,
Артындагы көп кошун
Кумурскача кыжылдап.
Бадышасы Шумурут
Керкөөдөн деген ат минип,
Жал-куйругун шарт түйүп,
Аркасынан аскери
Келе жатат жакындап.
Керкөөдөн атын миниптир,
Бери салды такымдап,
Береги үчөөнө жакындап:
«Жаныш, Байыш эки бек,
Акылдан түптү шашпайлы,
Акмакча кайта качпайлы,
Ажалы жетсе өлөлү,
Алла Таала кудайдын
Не ишине көнөлү.
Жамандыкты көрүүчү,
Аныктап ажал жеткенде,

Жаздыкта жатып өлүүчү.
Азирети Улукман
Үч миңгече жашаган,
Аны да койбой кара жер,
Курсагына ашаган.
Өлбөй пенде ким калат,
Өлгүчө жаның аманат».
Эрөөлгө* чыгып барарда
Белкыс туруп кеп айтат,
Тура тургун эки бек,
Мен барайын – деп айтат.
Төрт аягын тең таштап,
Бу дүйнөдө жорго күң,
Калам кармап, кат бүткөн,
Бу дүйнөдө молдо күң,
Албарстыны байлаган,
Адамга жок дубакөй,
Кудай бакты берген күң,
Атканы баштан учурбас,
Дүйнөдө жок мерген күң,
Зайыт акыл сөз тапкан,
Акындыгы жана бар,
Эркектен мурун эр сайган,
Баатырлыгы жана бар.
Ар немени ойлогон,
Ажыдаар, жыланды
Арбап кармап ойногон,
Акырет жайын ойлогон.
Сен барба деп эки бек,
Чылбырдан кармап торгогон.
Анда Белкыс кеп айтат:
«Ажалым жетсе өлөйүн,
Токтотпогун эки бек,
Бир беттешип көрөйүн».
Ак Тулпар менен чып этип,
Ак болоттой шыңк этип,
Качырып калды жып этип.

Найзанын учу кабылып,
Наркы калмак жабылып,
Кумурскача быжылдап,
Алты жүздөй балбаны
Келе жатат зыпылдап.
Керкөөдөн атын миниптир,
Кер бучкак ичик кийиптир,
Ат жарышым атына
Атасы мурун келиптир.
Белкыс мына жетти эми,
Чылбырлаша кетти эми.
«Кызыл найза кыргагым,
Кыз да болсо тырнагым,
Жашылдан найза кыргагым,
Жалгыз Белкыс тырнагым,
Мындай ишти кылбагын, ботом,
Эки бирдей арачы, ботом,
Ээрчибегин каракчы, ботом».
Анда Белкыс кеп айтат:
«Алтын такка мингизем, ата,
Асылдыгың билгизем, ата,
Ааламды жалгыз билгизем, ата,
Ак диниме киргизем, ата,
Сегиз бейиш жаннаттын
Нак төрүнө киргизем ата».
«Арак ичип куспаймын, ботом,
Мен динимди бузбаймын, ботом».
Сен дининди бузбасаң,
Аңгемеге баткын – деп,
Акмак сени аттым – деп,
Кармай берди жүрөккө,
Кубат берди билекке,
Атасы түштү талп этип,
Жетип келди эки бек,
Алтын көкүл жарк этип.
Атасын аткан кара бет,
Кимге опа кылат – деп,

Качып калды калмактар,
Акылынан ажырап,
Шашып калды калмактар.
Көтөрүлдү арбагы,
Берки үчөөнүн салмагы.
Калмак качты жапырып,
Үчөө кууду бакырып,
Эки четин эки бек,
Моюп кетип баратат,
Орто жерин Белкысың
Оюп кетип баратат,
Токтоно албай чогултуп,
Коюп кетип баратат,
Моло кылып өлүгүн
Үйүп кетип баратат,
Кара жаны калмактын
Күйүп кетип баратат,
Алтымыш атты бир жерге
Коюп кетип баратат,
Ар кимиси чыйылдап,
Союп кетип баратат,
Мылтык жеткен жер болсо,
Атып кетип баратат,
Алтын жаак, сыр жебе
Тартып кетип баратат,
Найза менен кабаттап,
Сайып кетип баратат,
Акылынан калмактар,
Шашып кетип баратат,
Жыпжылаңач, жылаңбаш,
Качып кетип баратат.
Атын таштап бүгүлүп,
Астын кармап түйүлүп,
Ар кай жакка жүгүрүп,
Тарсылдакка чаптырып,
Тоңкобаш атып жыгылып,
Сенделип жаткан мындан көп.

Союлдарын көтөрүп
Аны чаап ийе албай,
Энтелеп аткан мындан көп.
Жанындагы немесин
Колдон кармап жетелеп,
Жүгүрүп аткан мындан көп.
Кара жаны кайгырып,
Түңүлүп аткан мындан көп.
Кабакты көздөй тарбаңдап,
Башын каткан мындан көп.
Далыларын кайрытып,
Сенек болгон мындан көп.
Жүгүрүп барып күйүгүп,
Дедек болгон мындан көп.
Колу, бутун чаптырып,
Кокуй болгон мындан көп.
Бир жак көзүн чаптырып,
Сокур болгон мындан көп.
Чака-чука чабышып,
Жаактары карышып,
Ыйлап аткан мындан көп.
Сокурларды жетелеп,
Кыйнап аткан мындан көп.
Баары качты арбаңдап,
Тоону көздөй барбаңдап.
Жаныш, Байыш эгиз бек,
Телегейи тегиз бек,
Жанында Белкыс кубарып,
Чолпондой көзү жарк этип,
Түшө калып атынан,
Бата* бер деп бакырып,
Кудаанын ысымын жат кылып,
Атка минип алышып,
Кайнап жаткан калмакка
Үчөө кирди жарышып.
Жигиттин иши оңолуп,
Жинди болуп турсунбу,

Жетелекте калмактар
Ар кайда качып жоголуп,
Эл ичинен караса,
Элдин баары кылтылдап,
Кан агып жүрөт чылпылдап.
А кызыталак Желмаян,
Кызыл жорго миниптир,
Кыл куйругун түйүптүр,
Азамат Байыш барды эми,
Аркасынан жетти эми,
Камчы менен бир чаппай,
Кармай калды тизгинден.
Карап алып Байышты
Эси кетип бакырып,
Так жүрөгү айрылып,
Аттан түшүп калды эми,
Эки көзү алайып,
Акырет көздөй салды эми.
Асылың Байыш кеп айтат,
Эсиң чыкпа – деп айтат,
Адатыңча жүрө бер,
Атыңды кайтып мине бер,
Кек албаймын ичиме,
Кек албастан жүрө бер».
Атка минип алды эми,
Калмакты көздөй качырып,
Кырып кетип баратат,
Кызыталак калмак – деп,
Сөгүп кетип баратат,
Кандарынын баарысын
Төгүп кетип баратат,
Токсон окшош кара атты
Олжого тандап алышып,
Чогулушуп Байыштын
Жанына үчөө барышып.
Анда Белкыс кеп айтат:
«Ак тулпар менен келатат,

Кара-Тоо ташы жаманбы,
Кайран күйөөм аманбы?
Ак шумкар кушту саласың,
Асылым качан аласың,
Ак тулпар атты мингеним,
Артыңдан ээрчип келгеним,
Армандуу жүрдүм сабылып,
Аркандан келдим сагынып,
Ак дидарың көрөйүн,
Кайран күйөө Желмаян,
Ак бетиңден өбөйүн».
Карабай турат уялып,
Ажалы жетип өлө албай,
Же аныктап жүзүн көрө албай,
Анда Байыш кеп айтат,
Айланайын асылым,
Аңгеме кылба – деп айтат.
Аттан түшүп алышып,
Аңгемени салышып,
Душмандан келген бирөө жок,
Курсагында кири жок,
Чогулушуп күлүшүп,
Душмандын баарын түрүшүп,
Токсон окшош кара аты,
Токсону бирдей бар атты,
Калмактардын баарысын
Тоого кууп таратты.

ЖЕЛМАЯНДЫН ӨЛТҮРҮЛҮШҮ, ЖАНЫШ МЕНЕН БАЙЫШТЫН ЭЛИНЕ КАЙТКАНЫ

Жылас жолду баштады,
Жанындагы Желмаян
Уялбаңыз жигит – деп,
Жылкычы кылып таштады.
Жаныш, Байыш эки бек,

Душмандын баарын кыйратып,
Нечендерин ыйлатып,
Токсон окшош кара атты
Улуу жолго салышып,
Жаныш, Байыш эки бек,
Алты-Шаар көздөй жарышып,
Олжо алып калмактан
Жыргап кетип баратат,
Көңүлү ток кубанып,
Ырдап кетип баратат,
Жылкыны айдап Желмаян
Өксүп кетип баратат.
Улуу жолго салды эми,
Үч күнгө жүрүп калды эми,
Анда Белкыс кеп айтат,
Жаныш, Байыш эки бек,
Аялдай тургун – деп айтат,
Айдай тур – деп жылкыны
Желмаянга кеп айтат.
«Кандай курган баласың,
Душман болгон Желмаян
Жылкычы кылып аласың,
Жылас кандай баласың,
Кул базарга барбайбы,
Бармактай ууну албайбы,
Алып келип чыныга
Алган ууну салбайбы,
Баарыбызды кырбайбы,
Мына ушундай кылбайбы.
Аңгемеге баталы,
Акыл болсо бу сөзүм
Аны бута кылып аталы».
Абыдан макул кеп дешип,
Айтканың сенин эп дешип,
Убаданы токтотуп,
Макул болуп калышты,
Желмаяндын артынан
Үчөө бирдей жарышты,

Карагайдын устунун
Өңөрүшүп алышты,
Өксүп калды бир далай
Артынан чаап барышты.
Түшө калып жайлады,
Аркан менен бекитип,
Эки бутун байлады.
Өлөрүн аныk билди эми,
Жалынганга кирди эми,
Жалынганга болгон жок,
Куу теректин башына
Шыйрагынан илди эми,
Куп өлөрүн билди эми.
Эки колу салпактап,
Эки этеги далбактап,
Башы ылдый салаңдап,
Аңгемеге батышып,
Алты саат бул үчөө
Бута кылып атышып,
Канча ирет атты эми
Калбыр болуп Желмаян
Как ошентип жатты эми.
Ат оонарга түгү жок,
Түлкү шимир каны жок,
Аркан менен тутам жер,
Байланган жери калыптыр,
Тамчылаган жеринде
Майланган жери калыптыр.
Андан бөлөк дайны жок,
Асылдардын кылганынын айбы жок.

ЭЛИ-ЖУРТУНАН КАБАР АЛГАНЫ

Алты-Шаар көздөй салышып,
Аттарын айдап алышып,
Асылдын баары жарышып.
Белкыс барат балкылдап,

Берендердин көңүлдөрү жаркылдап.
Катар тартып жарданып,
Караган пенде таң калып,
Түнү-күнү жол жүрүп,
Түн арбытып мол жүрүп,
Кыйла доорон салды эми,
Кырк күнгөчө жол жүрүп,
Алты-Шаар калың эл,
Чекесине барды эми.
Асабасы калкылдап,
Алтын көкүл жаркылдап,
Ак сеңирдин башына
Аттанып чыгып карады.
Алты-Шаар Зымындын
Айланасын карады,
Тигип койгон багы жок,
Салып койгон тамы жок,
Баштагыдай чагы жок,
Астында алтын тагы жок,
Жаныш, Байыш эки бек,
Өзүнчө акыл курушту:
«Калкка кантип барабыз,
Канетип кабар алабыз?»
Белкыска Байыш кеп айтат,
Бул жерде тургун – деп айтат.
«Эки атты минип алалы,
Экөөбүз бирдей калыкка
Дубана* болуп баралы,
Жамандыгын билели,
Жакшы аралап жүрөлү,
Үч күнгөчө жүрөлү,
Үй башына кирели.
Аябай доорон сүрөлү,
Жакшылыгын билели,
Жакшылыкты санаса,
Жакшылашып жүрөлү.
Эркекче кийим кийип ал,

Чач төбөгө түйүп ал,
Бир тулпарды минип ал,
Бир коктуга кирип ал.
Аттардын баарын токтотуп,
Суук киши көрүнсө,
Зулпукор* менен ныктады.
Биз келгиче жылбагын».
Айткан сөзүң акыл – деп,
Мен турамын макул – деп,
Үч күндөн кийин келиңер,
Мага жооп бериңер.
Ак куу кийим башында,
Асаба таяк колунда,
Куржуну бар мойнунда,
Дубана болуп жөнөдү
Жаныш, Байыш эки бек.
Карарып жайылган мал турат,
Малды көрүп барды эми,
Уй кайтарган бадачы
Учурап чыгып калды эми.
Бадачыга кеп айтат:
«Уй кайтарган бадачы,
Аман-эсен жаттыңбы,
Аңгемеге баттыңбы?
Асый алып акыңдан
Жыргап-кунап жаттыңбы?
Календер кылды как башты,
Дубана кылды жаш башты,
Дубана болуп чарк уруп,
Асасын жерге тарс уруп,
Бадышаң ким, байың ким?
Сурап турган каның ким?
Белеске жыйын курган ким?
Бек башкарып турган ким?
Капталга жыйын курган ким?
Калк башкарып турган ким?
Чогулуп жаткан жаның ким?

Чогуусун билген каның ким?
Жыйылып жаткан элиң ким?
Жердеп жаткан жериң ким?
Сурап турган бегиң ким?
Калаалуу коргон чебиң ким?
Калдайып жаткан элиң ким?»
Бадачы угуп мындай дейт:
«Илгери өткөн заманда,
Дин мусулман аманда,
Алты-Шаар эл эле,
Кайнап жаткан жогорку
Асылкандын эли эле,
Жайылып жаткан мына бу
Асылкандын малы эле,
Асылкандан туулган
Жаныш, Байыш уулу эле.
Жаныш, Байыш эки бек,
Асылкандын баласы,
Он беш жыл болду кеткени,
Аларга ажал жеткени.
Ошондон бери жок болду,
Катындарын алам – деп,
Жыйылып жаткан топ болду,
Жалындап ичим чок болду,
Жанымда Байыш жок болду.
Уй кайтарган бечара
Жаныш, Байыш жолдошу.
Жанып турган жан элем,
Жаныш, Байыш барында
Казаначы бала элем.
Бектеримден дайын жок,
Ыйлаган менен пайда жок,
Мендей жанда ырыс жок.
Ак шумкар кушун эки кул,
Салганы жатат кантейин,
Айчолпон менен Күнчолпон
Алганы жатат кантейин.

Кара жанды кыйнадым,
Кайрандарды эстесем,
Канча күнү ыйладым,
Өлүүгө жанды кыйбадым.
Өлөйүн деп ыйладым.
Алтындарды курганы,
Байыштын жалгыз баласын
Өлтүрөм деп турганы.
Тегерете дүйнөнү
Неме койбой алганы,
Атасы менен энесин,
Тегирмендин көөлүнө
Алып келип салганы.
Ар кепти салып сүйлөтүп,
Абышка менен кемпирди
Арканга байлап сүйрөтүп,
Алып келип таштады,
Бир Алланын жазганы,
Ыйлаган үнүн баспады.
Акжол, Дарбас эки кул,
Кандыгын тартып алганы,
Тегирмендин көөлүнө
Экөөн бирдей салганы,
Арачалап ортого
Аксакалдан барбады,
Абышка менен кемпирде
Асти дарман калбады».
Дубана ага кеп айтып,
Ушинтип турду чыркырап.
«Бектерим кетип жок болду,
Ызылдап ичим чок болду,
Токтоосу жок жан элем,
Казананы кайтарган,
Токтобай деген бала элем.
Бектеримди көрбөдүм,
Же жүзүн көрүп өлбөдүм».
Анда Жаныш, Байыш кеп айтат,

Куруп калган Токтобай,
Ушул экен – деп айтат,
Тааныбай бизди калганы,
Ай, дүйнө жалганы.
Абышка менен кемпирге
Атка минип баралы,
Андан кабар алалы.
Атка минип шартылдап,
Ак куулары салпылдап,
Тегирмендин көөлүндө
Абышка, кемпир чал жатат,
Эшигинин астында
Элүү каптай дан жатат.
Абышка, кемпир ырбыйып,
Жыланач жатат тырбыйып
Күйбөгөн жери күл болуп,
Жүрөктүн башы дүм болуп,
Алла айтты дубана,
Кудай кылды убара.
«Ассалоом алейкум,
Аллаяр таксыр каныбыз,
Кедейликтин зарпынан,
Кетти биздин саныбыз,
Кесилди биздин башыбыз,
Көздөн аккан жашыбыз.
Тегирменчи бай аке,
Аман-эсен жаттыңбы,
Аңгемеге баттыңбы?
Төшөк-жууркан жок болуп,
Серепчилеп жаттыңбы?
Кычышкан жерин бул экөө
Тырмап жаткан турбайбы,
Кыз, күйөөдөй бир жатып,
Жыргап жаткан турбайбы,
Кыңкылдашып бул экөө
Ырдап жаткан турбайбы».
Анда атасы кеп айтат:

«Атаны арман дүнүйө,
Артымда калды дүрүйө.
Илгерки өткөн заманда,
Дин мусулман аманда,
Асылкандай кан элем,
Тактыда турган жан элем.
Менден тууган дүйнөдө
Жаныш, Байыш бала эле.
Балдарым кетип жок болду,
Байкасам ичим чок болду.
Өлөйүн десем жан таттуу,
Өлбөйүн десем иш катуу,
Акжол, Дарбас эки кул
Кандыгым тартып алганы,
Кайгыны башка салганы.
Алтындан кылган тактамды,
Эки кул тартып алганы,
Эсим кетип калганы,
Эзелде дүйнө жалганы.
Эсим ооп шул жерде
Тегирмендин көөлүндө
Абышка, кемпир калганым,
Атаны дүйнө жалганың.
Акжол, Дарбас эки кул
Арканга байлап салганың,
Эмдигиче жок болду,
Эки түгөй балдарым.
Эшикке келген дубана,
Мен ушунча болдум убара.
Ой, Жаныш, Байыш жок болду,
Мына, жаным күйүп чок болду.
Акыл айтар киши жок,
Армандуу күйүп ичим чок,
Мага карар киши жок болду,
Кайнап ичим чок болду.
Эми турайын десем, алым жок,
Айдайын десем, малым жок,

Эмдигиче өлбөгөн,
Абышка, кемпир арым жок».
Анда энеси кеп айтат,
Абышка тура турчу – деп айтат:
«Ар ким көрсө суктанат, ботом,
Илгерки өткөн Байышым,
Баламдын жыты жыттанат.
Ак бараң атсам милтесиз
Айнып келип тийгени,
Балдарым келип калганбы,
Ак эмчегим ийгени.
Алтындан кылган куту бар,
Илгерки өткөн Байышым,
Бейиштен келген жыты бар.
Он беш жыл болду кеткениң, ботом.
Аларга ажал жеткени, ботом,
Канткенимди билбейсиң, ботом,
Он беш жыл болду кеткениң, ботом,
Силерге ажал жеткени, ботом,
Кайта айланып келбейсиң, ботом,
Какшаганым билбейсиң, ботом».
«Айтамын сөздү жомоктоп,
Байыштан калган куу туяк,
Акжол, Дарбас эки кул,
Алып кетти токмоктоп.
Күйбөгөн жерим күл болду,
Жүрөктүн башы дүм болду,
Сексенге чыккан абышка
Сүйлөшөргө алым жок,
Сейил кылчу багым жок,
Алтындан минген тагым жок,
Асылкан менин багым жок».
Анда дубаналар кеп айтат,
Биз турбайлы – деп айтат,
Чолок ат менен мөлтүлдөп,
Асалары култулдап.

ЖАНЫШ, БАЙЫШ ТОЙ ҮСТҮНДӨ КАТЫНДАРЫ МЕНЕН ЖОЛУККАНЫ

Эки катын койкоюп,
Эри өлгөн немедей,
Эшикте турат бүрүшүп.
Эки катын саргарып,
Ортосунда бир бала
Кырынан жатат далдайып.
Дубаналар чарк уруп.
Асасын жерге тарс уруп:
«Мамыда турат чабылбай
Мына бу кимдин тулпары?
Томогосу алынбай,
Береги кимдин шумкары?
Саржандатып жыйдырган,
Мына бу кимдин отуну?
Экөө бирдей саргарган,
Силер кимдин катыны?
Алтындан кылган дарбаза,
Мына бу кимдин калаасы?
Ортоңордо кырданган,
Мына бу кимдин баласы?
Мунун өлгөнү турат чамасы».
«Өз атасы жок болуп,
Токтобой турат санаасы.
Азыр өлөм деп турат,
Бу баланын чамасы».
Ак шумкар куш салам – дейт,
Айланайын дубана,
Акжол, Дарбас эки кул,
Экөөбүздү алам – дейт.
Алтын дарды курганы,
Байыштан калган баламды
Өлтүрөм – деп турганы.
Эки кул мени алам – дейт,
Эмгекти башка салам – дейт,

«Кулдарга кантип тиейин,
Кандарымды унутуп,
Кантип өлбөй жүрөйүн.
Алма баш мылтык аттырам,
Арам шорпо кулдарды
Катыгүн, койнума кантип жаткырам».
Катындар ыйлап чыркырап,
Бала жатып калды тырпырап.
«Акжолго тийбе мен үчүн,
Апаке, акыретке кетем сен үчүн.
Дарбаска тийбе мен үчүн,
Тиги дүйнө кетем сен үчүн.
Өлгүчөктү багармын,
Айланайын апаке,
Атамды издеп табармын.
Табылып калса непада,
Ай туяктан он беш бээ
Алып келип чалармын».
Дубаналар кеп айтат:
«А катындар, катындар,
Калп эле айтып капырлар,
Бектер алам дегени,
Кудайдын саа бергени,
Кана саа келгени?
Ак буулумдан көйнөгүң
Буластай басып кийсеңчи,
Эки бек алам деген соң,
Тим эле барып тийсеңчи.
Илгеркинин санаты,
Байыркынын адаты,
Өлгөндөрү өлүүчү,
Калганы тирүү калуучу,
Өлгөндөн калган жеңени
Керээз кылып алуучу.
Асылдан калган көйнөгүң,
Ак сандыктан кийип ал,
Так өткөн киши жок болот,

Анан эки бекке тийип ал».
Дубаналар шарк уруп,
Көкүрөгүн тарс уруп,
Айчолпон анда кеп айтат:
«Кагылайын кудайым,
Менин кайрылбай кеткен жубайым.
Момингип эмгек тарткан шордууну
Эмдигиче билбединг.
Эки бирдей дубана,
Кудайкөй десем жарбагын,
Чаначың түшпөй мойнундан,
Таягын түшпөй колундан,
Чаначың түшпөй жонундан,
Чокоюң түшпөй бутундан,
Куржунуң түшпөй көтүндөн,
Ушинтип жүрүп куурап өт,
Көргөндөн талкан сурап өт,
Жакшылыкты көрбөгүн,
Жарып жүрүп өлбөгүн».
Байыштын уулу Баяман
Басып келди жанына,
Желбегей келет калтылдап,
Кылычтын учу этектен
Чыгып келет жылтылдап.
Алмадай башын алсам – деп,
Ак болот менен салсам – деп,
Дубананын сөзү өттү – деп,
Башын алып калсам – деп,
Дубана болгон эки бек,
Билип алып култулдап,
Чолок ат менен мөлтүлдөп,
Чокойдун чаңы буртулдап,
Ак куулары салпактап,
Куржундары шалпактап,
Качып берди талпактап.
Аркасынан жүгүрүп,
Атаңдын көрүн урайын,

Кутулду деп күйүнүп.
Ак куулары салпактап,
Куржундары шалпактап,
Жыйынга жете барганы.
Алты миң киши чогулуп,
Айланасын алыптыр,
Акжол, Дарбас эки кул
Тактага минип алыптыр.
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып,
Кул кутуруп шартылдап,
Курчанган куру жаркылдап.
Акжол, Дарбас эки бек,
Ургаачы, эркек эки бет.
Эркечтен улак тарттырып,
Эл чогулуп, эт тартып,
Эки бара бир тартып,
Калдайып турган кары бар,
Касиеттүү баары бар.
Буралып жүргөн кыздар бар,
Касабалуу келин бар,
Алты миңдей эли бар,
Айдың талаа жери бар.
Аңгемеге батышып
Эркек менен ургаачы
Эки бөлөк тартышып,
Аңгемеге батышып.
Ак мылтыгы колунда,
Алтын жамбы атышып,
Адеп улак тартышып.
Кыз-келин менен боз балдар
Аралаша жатышып,
Аттары жорго чанадай,
Абышкасы чапкылап,
Алты жашар баладай.
Сарттары жүрөт ормоюп,
Кемпирлер жүрөт борбоюп.

Кулундуу бээсин минишип,
Чалдары жүрөт бир четте
Устаканга кызыккан
Атасына учкашып,
Балдары жүрөт бир четте.
Домбурачы, ырчысы,
Топтоп жүрөт ырчысы.
Кең багалек, чоң жака,
Кундуз кармап жаргакка,
Байдын уулу баркылдап,
Балбандын баары чалкылдап.
Өлөңчүсү дуулдап,
Ону, беши шуулдап.
Өлөң айтып бакырып,
Өйүз-бүйүз чакырып,
Көк бөрү тартып кыйкырып,
Көрүнгөндү бакырып.
Астыма туура келбе – деп,
Атаң менен энеңе
Эгерде асти бербе – деп,
Көк бөрү тартып жарданып,
Көргөн киши таң калып.
Дубаналар шарк уруп,
Көкүрөгүн тарс уруп,
Акжол, Дарбас эки бек,
Айта турган далай кеп:
«Дубана кылды жаш башты,
Календер* кылды как башты
Жасаган Алла, жаа Алла,
Жаным курбан бир Алла,
Акжол, Дарбас эки бек,
Ургаачы, эркек эки бет,
Бу кылганың чеки – деп.
Тоюң тойго улансын,
Тойго келип дубана
Торко кийип кубансын,
Ашың ашка улансын,

Ашка келген дубана,
Ак чапан кийип кубансын».
Дубаналар култулдап,
Чолок аты бултулдап.
«Акжол, Дарбас эки бек,
Сизге айта турган далай кеп,
Эки бирдей дубана,
Бизди кудай кылды убара».
Эки чапан алды эми,
Бу да болсо насип – деп,
Такымга кысып салды эми.
«Ай, аксакалдар, карылар,
Баарың кулак салыңар,
О, бүгүн-бүгүн мунар бар,
Адашып кетчү туман бар,
Алгыр бүркүт тынар бар,
Алыстан келген чынар бар.
Кызыл куйрук нар келет,
Кызыл алтын зар келет,
Алп кара куш айланат,
Аңдаган бенде таң калат.
Жагоосу алтын дүйнөдө
Шумкар келет деп уктум,
Жабуусу алтын жаркылдап
Тулпар келет деп уктум,
Сууда сүзүп силкинген
Кундуз келет деп уктум,
Төрт төбөлүү асманда
Жылдыз келет деп уктум,
Курчалбай турган салмактуу
Лөгү келет деп уктум,
Былк эттирбей чеңгелдеп,
Беги келет деп уктум,
Бу эмине болуучу?
Акжол, Дарбас эки бек,
Бу кылганың чеки бек.
Кемеге казган боз балдар,

Бачайы кийген кыз балдар,
Балбанга түшкөн боз балдар,
Домбурачы, ырчылар,
Чогулуп келген ырчылар,
Сынап келген сынчылар,
Ушак айтчу тыңчылар,
Чогулуп турган карылар,
Журтуң менен баарыңар,
Амбарга куйган дан кана?
Асылкандай кан кана?
Токтобайдай эр кана,
Кара кулак шер кана?
Кайнап жаткан эл кана?
Алтын дарга курган ким?
Асылдан калган баланы
Алып кетип урган ким?
Күмүштөн дарды курган ким?
Көзөлдөн калган баланы
Кармап алып урган ким?
Айтып жаткан акын ким,
А кандарыңа жакын ким?
Масылат айтчу барың ким,
Баш кармаган карың ким?
Чогулуп турган жаның ким,
Чоң сүйлөгөн чоңуң ким?
Чогулуп турган жан кана,
Чогуу калган мал кана?
Алтын, күмүш зер* кана,
Эки Чолпон жар кана?
Аламын деген кан кана?
Айткан сөздү билдиңби,
Кулагыңа илдиңби,
Алтын такка миндиңби,
Акжол, Дарбас билдиңби?
Алла айтып дубана,
Астыңа туура келдимби?
Адданы айтчу мен белем,

Айчолпон алчу сен белең?
Дубана болчу мен белем,
Тулпар минчү сен белең?
Ак шумкар салчу сен белең,
Алыстан келчү мен белем,
Айчолпон алчу сен белең?
Акжол, Дарбас эки бек,
Бу кылганың чеки – деп.
Той таркатып салалы,
Бейшембинин күнү экен,
Жуманын кадыр түнү экен,
Түштөн калбай баралы,
Айчолпонду алалы».
Айткан сөзү акыл – деп,
Дубананыкы макул – деп,
Той таркатып салды эми,
Тобу менен аттанып,
Алтын такка минди эми.
Алтын кемер чалынып,
Боз аргымак жетелеп,
Желдеттер чукул желкелеп,
Чолок минип кутулдап,
Чогуу элдин ичинде
Дубана жүрөт култулдап.
Катар тартып жарданып,
Караган бенде таң калып,
Жердин баары чаң болуп,
Жеталбай киши маң болуп,
Тегеректеп калды эми,
Теги неме калбай барды эми.
Айчолпон уулу экөөнү,
Алты курчап алды эми,
Алты миң киши барды эми.
Айта турган далай кеп,
Ургаачы, эркек эки бет,
Алты катын, алты эркек,
Арачыга барды эми.

Аркасында дубана
А да кошо барды эми.
Элден мурда катындар
Сен айткын – деп түрткүлөп,
Бирин бири кыйнашып,
Бир сыйрадан ыйлашып.
Кудай кылды – деп айтып,
Кудуңдашып кеп айтып,
Кудай кылса кантебиз,
Бектер алам – деп айтып,
Безилдеп катын кеп айтып,
Кудай кылса кантебиз,
Бектер алам дегени,
Аксакалга эп келди,
Айчолпон сизге кеп келди.
Айчолпон анда кеп айтат:
Атаны, кокуй катындар,
Эмне келдиң? – деп айтат,
«Не бетим менен тиемин
Бектеримди эстесем,
Безилдеп учуп күйөмүн.
Кулдарга кантип тиемин,
Кантип кубаныч кылып жүрөмүн.
Арам шорпо эки кул,
Ушуга кантип тиемин.
Тий деп жаткан катындар
Алкымыңа сиемин.
Аныктап ичим күйөмүн,
Акжолду кантип сүйөмүн,
Ар жоругун эстесем,
Алтымыш жыл күйөмүн.
Айтып келген аксакал,
Алкымыңа сиемин.
Жакшы ишимди билгиздим,
Арага келген аксакал,
Силерди асылымдын барында
Ак сарай үйгө киргиздим,

Таттуу даам бергиздим.
Силерге таазим менен жүргөмүн,
Жумшак сүйлөп баарыңа,
Жүгүнүп келдим карыңа.
Эрге тий – деп энтелеп,
Эки кулду колунан
Силер келдиң жетелеп.
Эки бекти эстесең,
Издеп койсоң болбойбу,
Эки кул алам дегенде
Муштап койсоң болбойбу.
Телегейи тең эле,
Жаныш, Байыш эки бек,
Кай кыргыздан кем эле.
Алты-Шаар калкыңа
Калаалуу коргон чеп эле,
Качан жаман неме эле,
Кайыр айтсам ошондо
Анан аксакалдар жемеле.
Атаны Байыш чолпонум,
Ушу жерде болбодуң,
Атаны Байыш ойронум,
Жабыркап турган кезимде
Жанымда чукул болбодуң.
Бектерди эстеп күйөмүн,
Кулдарды кантип сүйөмүн,
Өлүп калып бул жерден
Маашарда барып көрөмүн».
Катындар менен урушуп,
Катындар угуп калыптыр,
Кабактары тырышып:
«Бу жалапка барайын,
Башын кесип салайын,
Чеп кармаган баласын
Тепкедей башын алайын,
Муну тептегиз кылып салайын,
Байкап туруп мен айтсам,

Мен багайын – деп айтсам,
А тийбей кантип коёсун,
Текебер кылсаң, сөз укпай,
Тээ баланы соёсун».
Анда дубаналар кеп айтат:
«А кудай урган катындар,
Тийип алгын капырлар,
Жакшылар куру калабы,
Эрге тийбей жаш катын,
Кудай уруп салабы?
Эрге тийип алыңар,
Эки бала силерде
Эркелетип багыңар.
Байыркынын санаты,
Эрге тийбейм – деп айткан.
Илгеркинин адаты.
Калаалуу коргон чеп болот,
Канга тийбей койгонуң
Карыганча кек болот».
Баласы туруп кеп айтат:
«Айланайын апаке,
Акжолго тийбе мен үчүн,
Акырет кетем сен үчүн,
Өлсөм өлүп калайын,
Акырет көздөй барайын,
Өлгүчөктү апаке,
Эки көзүң карайын».
Жалгыз бала буркурап,
Жалындап күйүп чыркырап,
Жатып калды тырпырап.
Баланы колдон жетелеп,
Желдеттер кармап энтелеп,
Бала барат бакырып,
Байыкем качан келет – деп,
Байкуш бала чакырып.
Энелери жүгүрүп,
Атчан сүйрөп кеткенде

Үстөмөндөп күйүгүп.
Кетип барат чыркырап,
Жатып калды катындар
Таранчыча бырпырап.

БАЛАСЫНА ӨЗҮН ТААНЫТКАНЫ

Баланы дарга алпарып,
Колунан кармап жетелеп,
Бала ыйлап буркурап,
Өлөмүн деп чыркырап,
Арканга башын саларда,
Имере тартып каларда,
Чолок ат менен энтелеп,
Жете келген артынан
Дубаналар кеп айтат,
Токтогула – деп айтат,
«Назир* берсин баланы
Мен дубана алайын,
Куржунума салайын,
Куурайымды тердиртип,
Кылдырып оокат алайын,
Кашык канын бергин – деп,
Ким экенин билгин – деп»,
Баланы алып кармады,
Кандардын ачуусу келип калганы.
Ак куу учту талп этип,
Чыга түштү ошондо
Алтын көкүл жарк этип.
Көкүлү турат жаркылдап,
Кулдардын баары калтырап.
Карап турган калың эл,
Төө басты кылып калды эми.
Колу менен көрүшүп,
Оозу менен өбүшүп,
Ыйлап жаткан мындан көп,

Этеги менен көрүшүп,
Элдин баары өбүшүп,
Кулдардын баары шалдайып,
Эки катын эси ооп,
Олтуруп калды далдайып.
Тиктеп турду капырлар,
Тилден калды катындар.
Байыш барып кеп айтат,
Кудай урган Айчолпон,
Тааныйсыңбы – деп айтат,
Кайта ошондо бакырып,
Күнчолпонду чакырып,
Кайта баштан көрүшүп,
Колдон кармап өбүшүп,
Кайра тартып барды эми.
Аксакалдар карысы,
Асылга келди баарысы.
Карысы кайта көрүшүп,
Катындар менен өбүшүп,
Акжол, Дарбас эки кул,
Карап турду үрпүйүп.
Акырындап барды эми,
Бери кел – деп чакырып,
Кылыч менен чаппады,
Камчы менен урбады,
Арбак ургур деп айтты:
«Өлтүрүп койсом барасың,
Шейит кечип каласың».
Кыя тартып алды эми,
Кылычын суруп калды эми,
Далысынын кечирин
Төрт элидей алды эми,
Жүрө бергин – деп айтып,
Уруксат берип салды эми.
Алтын такты астынан
Акырын тартып алды эми,
Ак тунжурдан шейшепти,

Бөлөгүнөн салды эми.
Ак жалгасын – деп айтып,
Ар кимиси кеп айтып,
Ушу турган калың эл,
Баарысы бирге келишип,
Аксарбашыл кой союп,
Ай туяктан бээ союп,
Эки катын жүгүрүп,
Эч жандар калбай сүйүнүп,
Калкына кабар салды эми,
Тогуз киши чапкылап
Абышка көздөй кетти эми,
Абышкага жетти эми.
– Ай, айланайын Асылкан,
Балдарың келди – деп айтат,
Абышка жатат бакырып,
Балдарым – деп чакырып,
Аткан октой зыркырап,
Кан агып тур шыркырап.
Жаныш, Байыш эки бек,
Жандай коюп чапкылап,
Мурун барган кишилер
Кийиндирип алды эми,
Жаныш, Байыш эки бек,
Ак боз бээнин сүтүнө
Кириндирип салды эми.
Арабага салышып,
Адамдын баары жарышып,
Айчолпон менен Күнчолпон
Үйүнө алып барышып,
Асыл кийим кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Алтын сарай үйүнө
Асылканды киргизип,
Биригишип калыңар,
Белкыстан кабар алыңар.
Анда Байыш кеп айтат,

Токсон уул, токсон кыз,
Кошо жүргүн – деп айтат.
Аны угуп калыптыр,
Акмактардан бир тогуз
Бөлүнүшүп алыптыр.
Кең багалак, чоң жака,
Кундуз кармап жаргакка,
Көйрөңдөрдөн бир мынча,
Балбандардан бир чакан,
Бардаңдардан бир нече.
Коң карга атып коркуткан,
Бооз катын чочуткан,
Мергендерден бир нече,
Чогулушуп калыптыр,
Чогуусу менен акмактан
Он чактысы барыптыр.
Ак сеңирдин учуна
Айлана чаап барыптыр,
Айдай болгон Белкысың,
Аны көрүп алыптыр.
Алдыдан келген душман – деп,
Замбирек менен коюптур,
Баргандарды союптур.
Алтын жаак сыр жебе,
Аркасына коюптур
Айланмалуу алты атар,
Алыс атып жиберди,
Акмактардын баарысын
Анги айгырдай имерди.
Он бешти Белкыс союптур,
Моло кылып өлүгүн
Шашпай үйүп коюптур.
Бирөө жетип кеп айтып,
Кырып салды – деп айтып,
Ак тулпар минип койкоюп,
Асыл Байыш болпоюп,
Токсон келин, токсон кыз,

Байыштын уулу Баяман
Кыз-келинди эрчитип,
Кыналуу жорго мингизип,
Баарына кызыл кийгизип,
Кызылала туу алып,
Кыздардын чачы чубалып,
Келиндин баары буралып,
Артынан чаңы чубалып,
Ак куржунга теңге алып,
Ак тулпар менен болпоюп,
Асылың Байыш койкоюп.
Алтын замбил алышып,
Атка минип жарышып,
Жаныш, Байыш эки бек,
Астына мурун барышып,
Белкыс – деп Байыш кыйкырат,
Мен келдим деп чакырат.
Акырын деп сыланып,
Анда Белкыс уялып.
Байыш барды сабылып,
Мойнуна бото салынып,
Жаныш барды жалынып,
Жалпы бото салынып.
Токсон келин, токсон кыз,
Баары бото салынып,
Ызат* кылып урматтап,
Байгамбардын сүннөт* – деп,
Кыналуу жорго мингизип,
Токсон келин, токсон кыз,
Ортосуна киргизип,
Элдин баары сүйүнүп,
Астынан чыгып катындар
Теңге чачып жүгүрүп,
Апасы чыкты кубанып.
Айчолпон менен Күнчолпон
Алтын чачып буралып,
Күмүш теңге чачышып,

Күйүттүү киши жашышып.
Айчолпон турат буралып,
Адамдын баары кубанып,
Асылдыгын билгизип,
Алтын үйгө киргизип,
Ак тунжурдан барда жаап,
Калкына кабар салды эми.
Канча күн той кылып,
Асылың Байыш алды эми,
Токсон күнү той кылып,
Элүү молдо жыйды эми,
Эзилтип нике кыйды эми.
Айчолпон турат сүйүнүп,
Синди кылып алдым – деп,
Кудай берип салды – деп,
Биригишип жыргашып,
Кошулушуп саламат,
Кош аман бол жигиттер,
Казал бүттү тамамат.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Асаба/ак асаба (араб сөзү) – туу, желек, байрак.

Акырет/ахрет) (араб сөзү) – тиги дүйнө, о дүйнө.

*Алда/аллах (*араб сөзү) – Жараткан, Теңир.

Аскер (араб сөзү) – черүү, кошун.

Арбак (араб сөзү) – рух деген сөздүн көптүк түрү, жан, тын маанисинде.

Ак олпок – кебезден калың салышып шырылган жоо кийими, ок өтпөс.

Аяр (араб сөзү) – айлакер, алдын-ала көрөгөч, айла-амалдуу.

Аспап (араб сөзү) – эпосто курал.

Баабедин – бир чоң кырсыктан кутулганда Баабединге (пирге) сыйынып, курмандык чалуу.

*Бараң/ак бараң (*фарсы сөзү) – мылтыктын түрү.

Бартал ат (фарсы сөзү) – жүк жүктөлүүчү күчтүү ат.

Бата (араб сөзү) – тилек, каалоо.

Бото (араб сөзү) – эпосто мойнуна бото салынып, урмат, сыйын билгизүү маанисинде.

Депкир – эпосто амалын табуу, айласын издөө деген мааниде.

Дубана (фарсы сөзү) – тилемчи кебетеленип диндик ырларды аткарып, эл кыдырып жүргөн оопай адам.

Жаа – кыргыз-моңгол сөзү, аткыч курал, саадак.

Жез най (фарсы сөзү) – чоор өндүү музыкалык инструмент.

Жебе/сыр жебе – жаанын огу, жаа огунун учундагы темир, учтуу жебе.

Зымын/зимин – эпосто жердин аты катарында берилгени менен «земин» деген фарсы сөзүнөн болуп «жер» деген түшүнүктү берет.

Замбирек (фарсы сөзү) – кыргыздарда айрым түрк элдеринде топ маанисинде айтылат.

Зер (фарсы сөзү) – алтын, күмүш.

Зулпукор (араб сөзү) – миздүү, курч кылыч.

Календер (фарсы сөзү) – тилемчи, үйлөнбөй тентип жүргөн адам.

Катма куран – катма куран түшүрүү, куранды толугу менен окуу.

Кайып/гайып (араб сөзү) – көзгө көрүнбөй житип кетүү.

Кайып эрен – мифологиялык ак санатай дух, эпосто баатырларды колдоп жүрөт.

Кыдыр (Кызыр) (араб сөзү) – адамга жакшылык кылуучу олуянын ысмы. Эпосто баатырлардын колдоочусу,пири катары мүнөздөлет. Айрым учурда Кыдыр, Илияс (Илияс куранда да бар) катар жүрөт.

Кыңырт – ичи жаман, ак эмес.

Куран (араб сөзү) – окула турган деген мааниде. Араб тилинде жазылган мусулмандар үчүн касиеттүү саналган китеп.

Кыбыла (араб сөзү) – Мекедеги Каабанын ичиндеги ыйык саналган кара таш коюлган имарат. Мусулмандар кыбыланы карап намаз окуп, ж.б. жөрөлгөлөрдү аткарышат.

Кээжим – эпосто атка жабуучу үртүк. Алтын жиптен токулган кымбат баалуу материал.

Капыр (араб сөзү) – дини башка.

*Кудай (*фарсы сөзү) – теңир.

Мустапа (араб сөзү) – тандалган, ичиндеги мыктысы деген мааниде. Бул сөз жалгыз гана Мухаммед пайгамбарга карата айтылган.

Мекке – бүткүл мусулмандардын зыярат кыла турган ыйык шаары.

Маашар/арабча махшаар – эпосто тиги дүйнөдө көрүшөбүз деген мааниде айтылат.

Масилет (араб сөзү) – кеп-кеңеш, акылдашуу.

Назир (араб сөзү) – кудай жолуна садага чабуу.

Пери (фарсы сөзү) – көбүнесе сулуу кыз тибинде жер кыдырып жүрүүчү мифологиялык кейипкер.

Сыйкыр (араб сөзү) – дуба, арбоо.

Сүннет – Мухаммеддин иштеген иши, калтырган осуяты.

Танап – жер өлчөгүч жип.

Ызат (араб сөзү) – урмат, сый.

Эрөөл – жекеме жекеге чыгып урушуу.

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

(Жусупаалы Жанаевдин айтуусу боюнча)

СӨЗ БАШЫ[1]

Алты-Шаар зиминде[2] абалкы заманда бир падыша көп жашка барган экен. Бала тилеп, зар ыйлап жүрүп, ошол адам карыган экен. Акыры дубасы кабыл болуп, Жаныш, Байыш аттуу эки бала көргөн. Балдар эр жетип, он беш жашка барган экен. Талаада качып жүргөн перинин кызын алган экен. Алардын кабары калмактын падышасы Шумурутка дайын болуп, экөөн түбөлүк бантка* салмак болду. «Мен колго түшүрөм» – деп Желмаян сөз берип, падышанын кызын алмак болду. Аларга бармак болду. Барамын деп бир жылы жолго салды. Падыша тогуз жыл карал* күнүн күтүп калды.

Алты-Шаар зиминге барып, айыл четинде көпкө жүрүп, чоо-жайын тартып билип, падыша алдында кызмат этти. Кызматы падышага анык жетти. Тогуз жыл доорон сүрдү. Бир күнү жигит жалаң ээрчитип, ууга жүрдү. Жан көрбөгөн чөлгө кирди. Талаада тамак ичип, эс алып отурган чакта Жаныш, Байышка кеп салды. «Ой, падыша, биз мында жүрдүк. Көп доорон сүрдүк. Ала-Көл аталган алыс жер

[1] Кара сөз аралашкан жерлерин жазып алууда ал кезде айтып берүү, кагазга түшүрүү тажрыйбасынын жоктугунан жана техникалык каражаттар менен жабдылбагандыктан, сөз тизмеги өз ордунда болбой калган мүчүлүштөр кеңири байкалат. Мындай учурда мазмунун өзгөртпөстөн, чектелүү түрдө стилдик тактоолор жүргүзүлдү.

[2] «Земин, зымын, зимин» делип үч түрдүү берилген, кол жазмада көп кайталанган «зимин» деген сөз алынды.

бар. Ошого барып, аңгемеге каналы, Ала-Көл он эки күндүк жол. Жан көрбөгөн нечен макулуктар Ала-Көлгө толот. Бир ажайып жер. Аңгеме кылып, көлгө барсак – деди. Кырк жигит, сексен мерген алсак – деди. Аттанып баарыбыз барсак» – деди. Желмаяндын сөзүн макул көрдү, аттанып баары да бармак болду. Адырдан аттын баарын айдатып, күлүктөрдүн көкүлүн байлатып Ала-Көлгө бармакка, аңгемеге канмакка кумар болду. Желмаян жүрдү булардын балаага башын салмакка, кириптер кылмак болду, алып барып тил билбеген калмакка. Жума күнү эне-атадан бата алып жөнөмөк болду. Бул экөө жума күнү аттанып, Алты-Шаар зимин-ден жолго салды. Кереметтүү Айчолпон бектердин азапка түшөрүн түшүндө билип, алардын алдынан тосуп, сөзгө алды:

«Айланайын падышам,
Азыраак сабыр кыла тур,
Катын да болсо мендейге
Атыңдын башын бура тур,
Айтамын кебим уга тур.
Алтын боолуу ак шумкар
Үйдөн чыгып жатыптыр.
Жүк алдында панарым
Суу тийип сынып атыптыр,
Алты-Шаар Арзымдан
Барарыңды билбеймин,
Ала-Көлгө кушуңду
Саларыңды билбеймин.
Алты күндө келерсиң,
Алты күндө келбесең,
Алты жылда келерсиң,
Айчолпон менен Күнчолпон,
Атакең менен энекең

Акырет жайда көрөрсүң.
Жети күндө келерсиң,
Жети күндө келбесең,
Жети жылда келерсиң,
Жети жылда келбесең,
Жетимиште атакең,
Ак сүтүн берген энекең,
Айчолпон менен Күнчолпон
Акырет жайда көрөрсүң.
Аттанып жолго саларсың,
Айтканда тилим албасаң,
Бармагыңды бир жерде
Кесе тиштеп каларсың.
Ала-Көлгө барарсың,
Айтканда тилим албасаң,
Арманда болуп каларсың».
Катыны айтып коргоду,
Канча айтса да болбоду.
Алдында турган катынга
Катыра камчы салды эле,
Көзүнүн жашын көлдөтүп,
Муңканып ыйлап калды эле.
Катындын тилин албастан,
Аттанып жолго салды эле.
Шаардан чыгып бөлүнүп,
Аттардын баарын айдатып,
Күлүктүн баарын шайлатып,
Кош-колоңун жайлатып,
Аттанып жолго салды эле.
Жаныш менен Байыштын
Таятасы бар эле,
Алтымыш жашка барды эле,
Кайда барат балдар – деп,
Собол айтып калды эле,
Ээрчитип үйгө барды эле,

Бара турган жолунун
Баянын сурап калды эле.

Таятасы: «Ой, балдар, кайда барасыңар?» – деп собол сурады эле: «Ала-Көл деген жерге барып, ит агытып, куш салып, сейил куруп келели деп, Ала-Көлгө жүрүп калдык» – деди. Таятасы: «Ой балдар, Ала-Көлдүн атын тапкан ким экен ошол? Өңү кара, ичи сары бир балакеттүү бантчы болсо керек. Силерди Ала-Көлгө алпарып, балаага башыңды салат. Ала-Көлдү мен билемин. Элүү күндүк жол, калмак, кыргыздын чек арасы, адам барбас, барган адам үйүн көрбөс. Кырк күндүк жолго кеткенден кийин ажалыңдын жеткени, үйүңдү көрбөйсүң, бар үйүңө кайт» – деп, экөөнө эки жорго мингизип, жолго салды. Келе жатып Желмаян: «Ой, бектер, коркуп барбай жолдон кайтып келдик деп калкка кантип айтабыз, сагызгандардан атып алалык» – деди. Ошондо бектер ойлонуп: «Айтса, айтпаса төгүнбү, Ала-Көлгө барбасак болбос» – деп жолго салды.

Алтымышка жашаган,
Карынын тилин албады.
Кумар болгон эки бек
Ала-Көлгө барганы,
Желмаян жүрдү булардын
Балаага башын салганы.
Ала-Көл көздөй бөлүнүп,
Аттарын жолго салды эле,
Ашуусу бийик тоолорду,
Агыны катуу сууларды
Аралап жүрүп калды эле,
Он эки күн болгондо
Аркырап агып бияктан
Дарыяга барды эле.

Он эки күн каралы[1]
Ушунда бүтүп калды эле.
Ошондо туруп кеп айтты,
Он эки күн каралы
Бүткөн соң туруп эми айтты:
«Алты-Шаар Арзымда
Жаткан бектер сен элең,
Ала-Көлгө барам – деп,
Баштаган башчың мен элем,
Жети-Шаар зымында
Жаткан бектер сен элең,
Жекендүү көлгө барам – деп,
Баштаган башчың мен элем.
Жашымда көргөн жер курусун
Адашып жолдон калыпмын,
Башка жолго салыпмын».
Жүргүлө – деп ээрчитип,
Аттанып жолго салды эле,
Ашуусу бийик тоолорду
Агыны катуу сууларды
Аралап жүрүп калды эле.
Аттардын баарын айдатып,
Аяк, башын шайлатып,
Тулпардын баарын уюлтуп,
Кырк тогуз күн жол жүрүп,
Ала-Көлгө барды эле.
Мен айтайын силерге
Ала-Көлдүн болжолун,
Алда Таала кудурет
Эки бекти колдогун.
Жайдын күнү болуптур,
Жан көрбөгөн макулук
Баары-жогу толуптур.

---

[1] Текстте «караның», бирок мазмунда «каралы» (*ар.* убадалашкан мөөнөттүн өтөп кетиши) деген сөз туура келгендиктен, туурасы берилди. Жазып алууда кеткен мүчүлүштүк болуу керек.

Каздары учуп каркылдап[1],
Канаттары жаркылдап,
Көл үстүнө толуптур,
Аюусу жүрөт алышып,
Карышкыр жүрөт кабышып,
Түлкүсү жерде жойлошуп,
Дүйнөдөгү макулук
Көл жээгинде ойношуп.
Көргөн соң айран-таң калды,
Чатырды тигип жайланып,
Жайында уктап калды эле,
Баары-жогун уктатып,
Желмаян жолго салды эле.
Конуп жаткан калмактын
Аскерине барды эле.
Калмактарга көрүшүп,
Кол кармашып өбүшүп,
Калмактын каны Шумурут
Кашында туруп кеп айтат:
«Алып келген бектериң
Кайда калды – деп айтат,
Жүр баралык – деп айтат.
Аттанып шого баралы,
Жайында жаткан чагында
Тегеректеп калалы».
Желмаян туруп кеп айтат:
«Жок, падыша, тура тур,
Азыраак сабыр кыла тур.
Алардын жайын мен билем,
Алты жылы астында
Кызмат кылып мен жүрдүм.
Кереметтүү жан экен,
Кийген кийими пар экен,

[1] Кол жазмада – «каңкылдап». «Каркылдап» деп туура айтылышы берилди. Айтууда же жазып алууда кеткен мүчүлүш болуу керек.

Чапканда кылыч кеспеген,
Атканда мылтык өтпөгөн,
Бир зоот тону бар экен,
Ол тонунун барында
Адамдын алы жете албайт,
Бир айласын кылайын,
Кармалуучу жеринин
Аргасын байкап табайын».
Макул болот эми – деп,
Аттанып жолго салды эле,
Таңга жакын бектердин
Кашына кайта барды эле.
Уктамыш болуп Желмаян
Жайында жатып калды эле.
Иниси Байыш түш көрүп,
Түшүнөн чочуп ойгонуп,
Шондо туруп кеп айтат:
«Айланайын жан ага,
Кулагың мага сал, ага,
Не үчүн келдиң талаага.
Алты-Шаар зиминден
Айрылып бара жатыпмын,
Эл-журтум көрбөй калдым – деп,
Зарланып бара жатыпмын.
Аманат жанды жалганда
Кыйнап бара жатыпмын.
Жүргүн, ага, жаналы,
Элибизге баралы».
Макул болот эми – деп,
Жүр кетели деги – деп,
Баарысы туруп алды эми,
Уктаган болуп Желмаян
Ордунан туруп барды эми.
«Падыша билем ишинди,
Мен жоруюн түшүндү,
Кудай колго бериптир,
Кас санаган кишинди.

Бүгүнчө туруп багалы,
Ат өргүтүп алалы,
Эртеңки күн болгондо
Элибизге жаналы».
Макул болот эми – деп,
Желмаяндын кеби – деп,
Жайланып жатып калды эми,
Адырга чыгып барды эми,
Эригип жаткан чиркиндер
Колуна мылтык алды эми.
Аңгемеге канышып,
Кыйкырыкты салышып,
Тамашага канды эми.
Амалы күчтүү Желмаян
Чатырда жаткан бектерди
Азгырып баштап алды эми,
Караңгы токой барсак – деп,
Аралап аны чалсак – деп,
Аралап жүрүп калды эми,
Аңгемеге кансак – деп,
Алдына баштап алды эми.
Шумкарларды салышып,
Тамашага канышып,
Караңгы токой черлерди,
Как ушундай жерлерди,
Түш убакта күн ысып,
Кыйын тийип алды эми.
Көгөн учуп кыңылдап,
Чиркей учуп ызылдап,
Беймазага салды эми,
Амалы күчтүү Желмаян
Эки эрди ээрчитип,
Кайнап жаткан кара суу
Кудукка алып барды эми.
Кашына барып кеп айтат,
Боюн сууга салган жан

Котур жара дүйнөдө
Асты болбойт – деп айтат.
Боюн сууга салмакка
Бул жалганда жарадан
Аман-эсен калмакка
Олпокторун чечти эми,
Желбегей чапан жамынып,
Аралап сууга кетти эми.
Андып турган Желмаян
Олпокту берен алды эми.
Жаткын бегим эми – деп,
Кайрылбай жолго салды эми.
Бир убакта эр Байыш
Суудан чыгып барыптыр,
Желмаян жок караса,
Кашынан кетип калыптыр.
«Айланайын жан ага,
Не үчүн келдик талаага,
Кашымда жолдош кан ага,
Элден чыккан оңорбу,
Эмгектүү биздей болорбу.
Кашымдагы Желмаян
Качып кетип калыптыр,
Калкка кантип жанабыз,
Кандай арга табабыз.
Алты-Шаар кең зимин
Элге кантип барабыз».
Жүргүн ага эми – деп,
Атына минип алды эми,
Чапкан бойдон жарышып,
Чатырына барды эми,
Адырда жүргөн жигитке
Кыйкырыкты салды эми.
Эмне балаа болду – деп,
Чогулушуп барды эми.
«Айланайын мергендер,

Аттарыңды алыңар,
Үстүнө ээр салыңар,
Алты-Шаар арип[1] зимин
Элди көздөй жаныңар,
Акыретке жол тартып,
Жана турган күн болду,
Аттарга минип чогулуп,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Сала турган күн болду,
Кастарын тиккен душманды
Ала турган күн болду.
Өлгөнүңдөн калганың
Калган элдин баарына
Керээз кылып кеп айтып,
Бара турган күн болду.
Жүр, жигиттер, кетсек – деп,
Элге эсен жетсек – деп,
Чогулушуп бөлүнүп,
Аттанып жолго салды эми.
Айланайын ага – деп,
Агасын бөлүп алды эми.
«Айланайын жан ага,
Не үчүн келдик талаага.
Алдымда агам сен элең,
Аркаңда иниң мен элем,
Бир карында жатыштык,
Биригип даам татыштык.
Атаны дүйнө жалганың
Айрылмак болдум жан ага,
Тиштелүү кетти бармагым.
Адырда калган көп жылкы,
Алалуу көл сууларга,

[1] Кол жазмада арик, мазмунуна арип-арып* (ар.) сыйкырдуу, кереметтүү деген маанидеги сөз туура келет. Жазып алууда тамгасы алмашып калса керек.

Акжол, Дөбөк эки кул,
Өзүнчө калып конорго,
Алтымышка жашаган
Атакем менен энекем,
Экөөң да калдың кууралда.
Жерделүү көк көп жылкы,
Жекендүү көлдө сууларга,
Жетимишке жеткенче
Кереметтүү Айчолпон
Азап менен кууларга.
Кантемин дүйнө жалганын,
Алты-Шаар кең зимин
Аман-эсен барбадым.
Алтын боолуу ак шумкар,
Алты жылча салбадым,
Алдымдагы тулпар ат,
Алты жылы минбедим,
Алтын жака олпогум,
Алты жылы кийбедим.
Жыйырма жашка барбадым,
Жигит өлүм деген шол
Тиштелүү кетти бармагым.
Толуп жаткан калмакка
Толгонуп кыргын салбадым,
Дүйнөнүн билдим жалганын,
Көз ачык кеттим дүйнөдөн
Жыйырма жашка барбадым,
Дүйнөдөн көчүп жанганым».
Кетелик элге эми – деп,
Атына камчы салды эми,
Айры белес кесеңдин
Алдына чыгып барды эми.
Келе жаткан Желмаян
Алдынан тосуп калды эми,
Астыртан көзүн салды эми,
Ошондо Байыш кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

«Атыңдын башын бура тур,
Айтамын кебим уга тур,
Буурулумду мингиздим,
Булумумду* кийгиздим,
Эл ичинде жүргүздүм,
Кай жерде камчы тийгиздим,
Канетейин шум жалган,
Калмактыгың билгиздиң.
Карадан жорго мингиздим,
Катарлап торко кийгиздим,
Кайсы жерде бирөөдөн
Катыра камчы тийгиздим.
Канетейин шум жалган,
Кайрыдиниң* билгиздиң.
Азелде көңүлүм ак эле,
Ак тузума тапшырдым,
Не жазганым бар эле?»
Кулагын салбай Желмаян
Алдына баштап алды эми,
Толуп жаткан көп аскер
Тегеректеп калды эми,
Толгон-токой көп калмак
Толгонуп кыргын салды эми,
Күн төбөдөн өткөндө,
Күн бешимге жеткенде,
Сак-саламат эки бек
Четке чыгып барды эми,
Аркасын карап эр Байыш
Айланып көзүн салды эми,
Келе жаткан агасын
Артылып карап калды эми.
«Айланайын жан ага,
Аркамда жолдош кан ага,
Элге кантип жанабыз,
Эркек киши өндөнүп,
Элге кантип барабыз.
Катын, бала чуркурап,

Ыйлап келип олтурса,
Кандай деп арга табабыз.
Тартууга берип калмакка
Эми кантип барабыз,
Качып келди деп айтар,
Кайрылып калмак баралы,
Кайтара кыргын салалы.
Тирүү болсо табалы,
Өлгөн болсо сөөгүн
Калмактан таап алалы».
Аганын тилин ини алган,
Биринин тилин бири алган,
Макул болот эми – деп,
Падышанын кеби – деп,
Акыл көрүп алды эми.
Толуп жаткан калмакка
Кайтара кыргын салды эми.
Каралап кыргын көп салып,
Аралап калмак көп барып,
Эңкейип кылыч чабарда
Мойнуна аркан салды эми,
Иниси болгон Байышты
Түшүрүп аттан алды эми,
Калмактан балбан чогулуп,
Аркан менен таңды эми.
Мусапыр кылып алды эми.
Иниси Байыш таңылып[1],
Кудайына жалынып,
Байыш турсун бул жерде,
Агасы болгон Жаныштан
Айтайын кабар силерге.
Жетимиш жерден ок тийип,
Жарадар болуп калды эми,
Айры белес кесендин

[1] Түп нускада «таң калып», маанисн боюнча «таңылып» деген сөз туура келет.

Алдына качып барды эми,
Тил билбеген калмактар
Артынан кууп калды эми.
Карарган үңкүр бир таштын
Оозуна качып барды эми.
Ыргайга атын чалыптыр,
Жарадар болгон бечара
Жалгыз жатып калыптыр.
Таң саргайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Намаз окуп алсам – деп,
Басайын десе, буту жок,
Кармайын десе, колу жок,
Жерден алып топурак
Таямы кылып алды эми.
Кулжуюп карап турганда
Эки чычкан куушуп,
Үңкүрдөн чыгып барды эми,
Жоолугун тиштеп чычкандар
Ийнине качып калды эми.
«Ойногун, чычкан, ойногун,
Мен да сендей болгомун.
Байыш, Жаныш экөө болуп,
Элимде жүрүп ойнодум,
Эгем Таала кудайга
Текебер сүйлөп койгомун,
Кайгырган муңдуу мен болуп,
Кара жерде жатканда
Шылдың кыла жойлодуң».
Мууну кетип калчылдап,
Жүүнү кетип шалкылдап,
Кандай кылам деп ыйлап,
Азарланып жатып калды эми.
Эки чычкан куушуп,
Этегине барды эми.
Кара жаны кашайган
Чычканды кармап алды эми,

Мендей болуп өлгүн – деп,
Азапты мендей көргүн – деп,
Менин жаныма жаткын – деп,
Азапты мендей тарткын – деп,
Жарадар кылып чычканды
Жанына таштап салды эми.
Баягы чычкан эмгектеп,
Бир ыргайга барды эми,
Ажалдын чөбү бар экен,
Чычкан таап алды эми,
Жарасынан айыгып,
Жанынан чычкан жанды эми.
Жаралуу болгон бечара
Баягы жерге барды эми,
Бычагы менен казып жеп,
Таңдайына салды эми.
Өлбөстүн чөбүн таткан соң,
Мас болуп жатып калды эми.
Эси ооп эр Жаныш
Жатып калсын бул жерде,
Айтайын кабар силерге.
Мусапыр болгон эр Байыш,
Калмакка кеткен байланып,
Жерине калмак барды эми,
Эки көзүн жайнатып[1],
Азапты артык салды эми.
Үч ай бою калмактын
Колунда жатты сабылып.
Кайран баатыр эр Байыш
Жата берсин бул жерде,
Падыша калмак кызынан
Айтайын кабар силерге.
Он бешке жашы барыптыр,

[1] Кол жазмада көзүн жайнатып – 5 муундан туруп, муун өлчөмү бузулуп, көркөмдүк жагынан аксагандыктан, эки деген сөз кошулду. Жазууда түшүп калган өндүү.

Кырк кызы бар кашында
Ээрчитип нөкөр алыптыр.
Азапта жаткан Байыштын
Кашына Белкыс барыптыр,
Көргөн соң айран калыптыр.
Ушуга тийип алсам – деп,
Элине кетип калсам – деп,
Ашыктык оту толду эми,
Сарайына барды эми,
Ак мусулман болуп алды эми[1].
Мусулман болуп кан кызы
Туруп турсун бул жерде,
Азапта жаткан Байыштан
Айтайын кабар силерге.
Туткунда жаткан Байышты
Калмактардын карысы
Карыя көрүп алыптыр,
Жанына жакын барыптыр,
Бой турпатын көргөндө
Байышка айран калыптыр.
Падышага кеп айтты,
Калыс сөздү эми айтты:
«Айткан менен сөз бүтпөйт,
Өлгөн менен өч бүтпөйт.
Алтымыш төөгө зер берип,
Аман-эсен кетиргин,
Кек калтырбай бүтүргүн».
Карыя туруп кеп айтты,
Аман-эсен калкына
Кетиргин эми деп айтты.
Макул болот карым – деп,
Баргын үйгө жаным – деп,
Кетирип ийип карыны
Казанчы болгон кара кул

[1] Бир сапка батырылган эки сап ыр муун өлчөмү боюнча бөлүнүп, ырдык формага түшүрүлдү.

Ээрчитип алып жанына,
Караңгы токой ичине
Жетимиш кулач зынданды
Аныктатып каздырды,
Алып барып Байышты
Шол зынданга жаптырды.
Караңгы зындан алдында,
Байыш баатыр бул жерде,
Мусулман болгон Белкыстан
Айтам кабар силерге.
Туткундалган Байышка
Ашык болуп калыптыр.
Табамын деп Байышты
Бир күнү издеп барыптыр.
Байыш түгүл балаа жок,
Каңгырап сарай калыптыр.
Көрдүңбү деп калмактын
Баарына суроо салыптыр.
Табамын деп Байышты
Айланып издеп калды эми,
Эч дарегин биле албай,
Баарынан жооп алган соң,
Сары оору болуп калды эми.
Эки жыл издеп таппастан,
Канатынан кайрылып,
Ордунан өйдө турбастан,
Ичкен ашын жутпастан,
Үйгө жатып бүк түшүп,
Белкыс жатты зар кылып.
Ашыгын издеп таба албай,
Айыкпас дартка калыптыр,
Кандын кызы оору – деп,
Жүзгө чыгып жашаган,
Бир кемпирге барыптыр.
Оорусун мунун билем – деп,
Алдап айтып калыптыр.
Кагылайын балам – деп,

Кайгынды ичтен табам – деп,
Бир миң дилде сүйүнчү,
Сенден мен да алам – деп,
Ашык болгон Байышың
Бир зынданга салгандыр,
Сары оору болуп Белкысы[1]
Сандалып дат калгандыр.
Ушу кепти уккан соң,
Белкыс турду ойлонуп,
Санадар болуп толгонуп,
Оозун ачып сандыктын
Бир миң дилде бул алып,
Кемпир турду кубанып.
Бир шумдукту табар – деп,
Ырайымсыз калмакка
Дайнымды айтып салар – деп.
«Кагылайын энеке,
Эне кылып алайын,
Карыганча багайын,
Этегиңди тозгунуң
Бир миң дилде салайын,
Баштап айткан тилинди
Бери сунчу энеке,
Тилиңден сүйүп алайын».
Тилимден сүйөт экен – деп,
Тилин сунуп калды эле,
Оозунан тили чыкканда
Амалы күчтүү кан кызы
Жара чайнап салды эле.
Көзүнөн жашы чууруп,
Сүйлөй албай булдуруп,
Кан алдына барганы,
Ачуусу келген падыша
Башын чаап салганы,

[1] Текстте «Билкыс», «Белкыс» болуп эки түрдүү аталат. Белкыс деген көп колдонулганы алынды.

Ажалы жеткен куу кемпир
Бейажал өлүп калганы.
Ашыгымды табам – деп,
Жаман кийим кийинип,
Калааны көздөй барды эле,
Калаадагы калмактын
Баарына суроо салды эле.
Жетимиш капка шаарга
Кирбеген эшик калбады,
Табамын деп бечара
Байыш үчүн зарлады.
Ашыгынан айрылып,
Арманда болуп кайгырып.
Албарс кылыч алды эле,
Жылдыздын баары толгондо
Талааны көздөй барганы.
Ашык жарын таппаса,
Ичине бычак салганы.
Талааны көздөй барганда
Бир колунда наны бар,
Бир колунда чайы бар,
Кан үйүндө кара кул
Бара жаткан чагы бар.
Аркадан келип кеп айтты,
Аке, токто – деп айтты,
Аркасын карап кеп айтат,
Кара кул туруп эми айтат,
Барасың кайда? – деп айтат.
«Мен айтайын чынымды,
Ичимдеги муңумду,
Алты айда Желмаян
Келе турган болуптур,
Армандуу кылып атакем,
Бере турган болуптур,
Ага кантип барамын,
Менин тилимди алсаң дейм,
Колуңа дилде бул берсем,

Ала качып бир жакка
Бул жерден кетип калсам дейм».
Кара кул муну укканда
Күлө түштү барбайып,
Көтөрүлүп дардайып,
Кандын кызын алсам – деп,
Көңүлүндө ойлоду,
Бир жакка кетип калсам – деп.
Көөдөк кул туруп кеп айтат:
«Ырас айттың чыныңды,
Атакең мени жактырган,
Жактырганын мындан бил,
Жетимиш кулач зынданды
Жалгыз мага каздырган,
Туткундалган жигитти
Ор түбүнө жаткырган,
Бир өзүмө бактырган.
Ошону багып жүрөмүн,
Он күндө тамак беремин,
Бир колумда наным бар,
Бир колумда чайым бар,
Чын айтып бердим жайымды,
Убаданды алайын,
Кол кармашып калайын».
Ушинтип колун берди эми,
Колунан кармап турганда
Бетиңден сүйүп багам – деп,
Мойнун сунуп барды эми,
Бел байлаган баарына
Бейжай сулуу Белкысы,
Колундагы канжарын
Как жүрөккө малды эми,
Ажалы жеткен кара кул
Ал жерде өлүп калды эми,
Колунан ачкыч алды эми,
Караңгы зындан кашына
Ошондо Белкыс барды эми,

Зындандагы Байышка
Көрүп көңүл салды эми.
Амандык сурап кеп айтат:
«Онунчу күйгөн ылампам,
Аман турдуңбу? – деп айтат,
Мусулмандан дос туткан,
Ынагым Байыш аманбы,
Көрдүм бүгүн караңды.
Караңгы жерде сен жаттың,
Канча жыл мээнет мен тарттым».
Аңтарылып эр Байыш,
Кара кашы бир карыш,
Опурулуп сүйлөдү,
Жакшы сөзгө келбеди.
«Капырдын кызы кет нары
Жолобогун кашыма,
Келбегин менин башыма.
Чыгарар болсоң сен чыны
Алтын жака олпогум
Атаң алып баргандыр,
Сандыгына салгандыр.
Кайта үйүңө барганың,
Ушуну таап алганың,
Анан келгин кашыма».
Макул болот эми – деп,
Кандын кызы жанды эми,
Энесинин алдына
Эркелеп Белкыс барды эми.
Алтын жака олпокту
Белкыс таап алды эми.
Зындандагы Байыштын
Кыз-келинин ээрчитип,
Башына алып барды эми,
Жетимиш кулач зынданга
Ошондо аркан салды эми.
Беш жыл жатып зынданда

Кара жымырай[1] болуп калыптыр,
Бир далай жерге барганда
Кептелип туруп калды эми,
Кайгыны башка салды эми,
Ошондо Байыш ойлонуп,
Айласы кетип толгонуп,
Кашында кызга кеп айтты.
Эки бирдей тулпардын
Мойнуна аркан сал – деди,
Караңгы зындан түбүнөн
Чыгарып мени ал – деди.
Бул айтканың акыл – деп,
Падыша кебиң макул – деп,
Тулпарларды апкелип,
Мойнуна аркан салганы,
Жетимиш кулач зындандан
Байышты тартып алганы.
Алты-Шаар кең зимин
Жерим кайда болду – деп,
Ала-Көл көздөй аттанып,
Ошондо Байыш жанды эми,
Алты күнү бул жүрүп,
Ала-Көл көздөй барыптыр,
Карап* болгон агам – деп,
Агамды кайдан табам – деп,
Алты-Шаар кең зимин
Элиме кантип барам – деп,
Жанышың кайда калды? – деп,
Эне-атам келип ыйласа,
Не деп жооп табам – деп,
Ала-Көл көздөй барыптыр,
Азап менен жок издеп,
Айланып жүрүп калыптыр.

---

[1] Кол жазмада кара жымыркап болуп сөз маанииси бузулган, туурасы – кара жымырай*. Байыштын беш жыл зынданда жатып алсызданып калгандыгы жөнүндө болуп жатат.

Жаралуу болгон агасы
Дарыны таап алыптыр.
Эл-журтуна кетпестен,
Бир жыл жүрүп калыптыр.
Кара-Үңкүрдү пааналап,
Кетпей жүргөн агасы,
Агасынын үстүнө
Иниси барды карачы.
Аман-эсен көрүштү,
Падышанын баласы.
Кагылайын агам – деп,
Бир чымындай жанымды
Курбан кылып чалам – деп,
Аман-эсен көрүшүп,
Алты-Шаар кең зимин
Элге кантип жанам – деп.
Ага-иниси көрүшүп,
Ала-Көлдүн боюнда
Айланып туруп калыптыр.
Аскерлерин жыйышып,
Желмаян артынан кууп барыптыр.
Олпокту кийген берендер
Толуп жаткан калмакка
Толгонуп кыргын салды эми,
Кастык кылган Желмаян
Тирүүлөй кармап алды эми.
Кырк калмакты байлатып,
Алты-Шаар кең зимин
Жерим эмне болду – деп,
Азап менен айрылган,
Элим[1] кандай болду – деп,
Алтымыш күнү жол жүрүп,
Эл четине барды эми.
Акжол, Дөбөк кулдары

[1] Жерим деген сөз эки жолу кайталанат. 2-саптагы жерим деген сөздү элим менен алмаштыруу логикалык жактан тура.

Катындарын алам – деп,
Капкалуу шаар калкына
Ээ болуп калыптыр,
Жети жашар баласын
Өлтүрмөк болуп эки кул
Айры белес кесенге
Алып чыгып барыптыр,
Чыркыратып баланы
Мойнуна аркан салыптыр.
Чыркырап бала үн салып,
Ыйлап туруп алганда
Мойнунан аркан үзүлдү,
Алда Таала бир өзү
Сактап жерге түшүрдү.
Жаныш, Байыш эки эр,
Аса* таяк алыптыр,
Алдына куржун салыптыр,
Думана киймин кийиптир.
Кулдарынын тоюна
Думана болуп, ак уруп,
Аралашып барыптыр.
Тырпырап жаткан баланын
Бетине суу сепкенде
Тилге кирип калды эми,
Өнөрүп алып алдына
Той берип жаткан кулдарга
Той үстүнө барды эми,
Думана болуп, ак уруп,
Куттук айтып турду эми.
Өз малынан бир тогуз
Думана келип алгын – деп,
Айдатып жолго салганы,
Келе жаткан чагында
Бир мусапыр календер
Алдынан чыга калганы.
Токтой калып эки бек
Собол салып калганы:

«Кайсы жакка барасың?
Кайсы жакка жанасың?
Кимдин малын багасың?
Кимдин отун жагасың?»
«Байыш менен Жаныштан
Эсен калган пул бу – деп,
Ээсиз калган жай бу – деп,
Кулдар ээлеп алганы,
Эне-атасы мусапыр
Тегирменчи иттин колунда
Кор болуп булар калганы».
Эне-атасы дегенде
Кайсы жактан табам? – деп,
Кайтара кулга барды эми,
Той берип жаткан кулдардын
Кашына анан барды эми.
Аса таяк колумда,
Актын жүрмүн жолунда,
Бирөө алтын, бирөө мис[1],
Кудурети күчтүү кудайым,
Келтиреди мындай кез.
Бирөө каухар, бирөө таш,
Сары* болгон карып баш.
Кадыр алда бир кудай,
Ырайымың бар кудай,
Көрсөттү күндү ушундай.
Ак уруп ал турганда
Өз кулу турду тааныбай,
Бир тогуз малды алгын – деп,
Думанам малга кангын – деп.
Өзүнүн малын өзү айдап,
Энем менен атамды

[1] Түп нускада «Бирөө алтын берербиз». Кийинки ыр саптарындагы аяккы уйкаштыкты түзгөн «кез», «баш», «таш» деген сөздөргө караганда «Бирөө алтын, бирөө мис» – деп айтуу ойдун толук маанисин берет.

Эми кайдан табам – деп,
Суу боюна барыптыр,
Жар башына кондурган
Жарты алачык ичинде
Эне, атасы калыптыр.
Эмине добуш чыгат – деп,
Аңдып жаткан чагында
Энеси туруп кеп айтат:
«Ай, абышка турсаңчы,
Туруп мойнуң бурсаңчы,
Караңгы жерде күйдүргөн,
Шамды көрүп жатыпмын,
Казынага жыйылган,
Малды көрүп жатыпмын.
Ай ичинен Жаныш, Байыштын
Жүзүн көрүп жатыпмын.
«Куураган кемпир курсаңчы,
Кейитпей мени турсаңчы,
Байыш, Жаныш экөө – деп,
Кара жаным жок кылбай.
Арманым кайдан арылсын,
Капырга кетип жок болгон,
Карагым кайдан табылсын».
«Ай, абышка курсаңчы,
Андай кеп айтпай турсаңчы,
Сыздатып сөөгүм эритпе,
Андай жаман кеп айтып,
Кара башым кейитпе.
Өрт болуп сөөгүм күйөт го,
Эки эмчегим иет го.
Ушу сөздү укканда
Жаныш, Байыш эки бек
Энекелеп бакырып,
Чөп алачык ичинде
Зыркырашып бек ыйлап,
Эне-атасы кучактап,
Кошулуп баары тең ыйлап,

Кайгырган муңдуу бек ыйлап.
Карып болгон энеси,
Кайгылуу болгон атасы,
Кагылайын карагым,
Акжол, Дөбөк кулдардан
Кордукту көрдүк – деп ыйлап.
Зыркырашып ыйлашып,
Аманат жанды кыйнашып.
Ата-бала табышып,
Эзилип ыйлап жатканда
Ит көтөрүп итендеп,
Караңгыда темтеңдеп,
Эки кул басып барыптыр.
«Абышка менен кемпирди
Ыйлатып жаткан сен кимсиң,
Байыш, Жаныш энесин
Сыйлап жаткан сен кимсиң?»
Ачуусу келген эр Байыш,
Агасы болгон эр Жаныш,
Ордунан тура калды эми,
Тегирменчи ал итти
Жакадан кармап алды эми,
Тегирмендин көөлүнө
Алып барып салды эми.
Эне-атасын ээрчитип,
Таятасы үйүнө
Тагын алып барды эми,
Баары-жогун чогултуп,
Үйүнө жыйып салды эми,
Той берип жаткан эки кул
Кан үстүнө барды эми.
Катын менен эркекти
Экиге бөлүп салыптыр,
Эркечтен салып көк бөрү
Кулдары тартып калыптыр.
Кабылан тууган эр Жаныш,
Качырып калды эр Байыш.

Көкбөрү тарткан кулдарды
Аркадан кууп барганы,
Алдындагы аттардын
Жамынан басып калды эми.
Эңип алып кулдарды
Ай, Күнчолпон алдына
Көк бөрү тартып барды эми.
Кысасын* кудай жеткирип,
Бергиси келсе ошондой,
Туз арамы эки кул
Байыш менен Жаныштын
Колуна түштү кутулбай.
Азапты көргөн эки бек,
Кысасын кулдан алганы,
Кыянат кылган Желмаян
Түштү кайра колуна,
Бектердин түштү торуна,
Эки кул менен Желмаян
Жетимиш кулач зынданга
Жеткилең Байыш салды эми,
Өлтүрбөстөн буларды
Ушинтип өчүн алды эми.
Мусапыр болгон эки бек,
Эл-журтуна барды эми,
Эне-атасы мусапыр,
Карганына көрүшүп,
Айчолпон менен Күнчолпон,
Жарларына көрүшүп,
Аман-эсен барганы,
Баштан-аяк бул кебим
Тамам болуп калганы.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Арип/арып (араб сөзү) – кереметтүү, сыйкырдуу.

Аса (араб сөзү) – таяк, дербиштердин шалдыркандуу таягы.

Банди/бант (фарсы сөзү) – туткундоо, колго түшүрүү.

Буулум – кымбат баалуу материалдын аталышы.

Зындан (фарсы сөзү) – терең казылган ор, түрмө.

Карал (араб сөзү) – убада кылган мөөнөттүн өтүшү.

Кысас (араб сөзү) – өч, өч алуу.

Карап (араб сөзү) – талкаланган, таланган, туткун болгон деген мааниде.

Кайрыдин/гайридин (араб сөзү) – башка дин, бөлөк ишеним, мусулман эмес.

Кара жымырай – шалдырап боюн көтөрө албай калган деген мааниде.

Мусаапыр (араб сөзү) – үй-жайы, турагы жок тентип жүргөн адам.

Собол (араб сөзү) – суроо.

Сары – эпосто көптү башынан өткөргөн, көптү көргөн деген мааниде.

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

(Исаковдун текстинен үзүнду, нота үчүн алынды)

Ассалоом алейкум!
Салам бердим көргөндө,
Сак болорбуз өлгөндө,
Баш көтөрөр бекенсиң,
Санааларың келгенде.
Карып болуп калыпсың,
Калың кыргыз элиңде.
Тирүү болсо балдарың
Бар бекен келер ээй жерине.

Амандаштык көргөндө,
Адашабыз өлгөндө,
Алыңды айтар бекенсиң,
Асылдашың келгенде.
Асылгыс болгон экенсиң,
Алтын так кимге келгенде.
Аман-эсен балдарың
Бар бекен сенин оой эсиңде
Олло үү, олло үү.

Жашың жетип карыпсың,
Жаман болуп калыпсың,
Ажырап эки бетиңден,
Акылыңдан таныпсың.

Эч бир адам кайрылбай,
Өлөөр күнгө оой барыпсың.
Көргөн-билген сырыңды,
Бир башынан сурайын,
Көңүлдөгү дартыңды
Баарын айтчы угайын.
Жаныш, Байыш баатырдан
Билдиң бекен бир дайын?
Олло үү, олло үү.

Ооматың кетип башыңдан,
Ордоң кимден бузулган?
Оокатың өтпөй бул күндө
Карып жаның кысылган.
Ажырапсың талаалап,
Ак калпак кыргыз журтундан.
Мусапырлык күн берип,
Бул кордукту ээй ким кылган?

Хандыгыңды талашып,
Кандай душман асылды.
Кайдан келген касчылык
Карып кылган башыңды.
Бечаралык карыптык
Бешенеңе жазылды,
Кандай душман кас болуп,
Карып кылды ээй башыңды?
Ким бузду сенин ордоңду,
Кимдер сендей кор болду?
Ким алды алтын туурунду,
Ким кетирди муунуңду?
Ким алды күмүш туурунду,
Ким кетирди муунунду?

Күйүт тартып ыйлаган,
Күнөөсү барбы кыйнаган,
Күңгүрөнүп муң менен
Күкүктөй бийлеп туйлаган.
Күйөөрүң кимдин баласы,
Жакын калган көрүнөт,
Жеткен ажал оой чамасы.

Кырк күнгө болжоп той кылып,
Астырууга ой кылып.
Даярдатып желдетке
Дар курдуруп койдуруп,
Белеске жыйын курган ким,
Бек болгонсуп турган ким?

Бегиңдин жалгыз баласын,
Безелентип урган ким?
Маңдайда алтын көкүлүң,
Бармака ороп жулган ким?
Балапан кезде жалдырап,
Байлоодо ыйлап оой турган ким?

Кырк күндүк тоюн аткарып,
Кырк күндүк оюн башкарып,
Калың жыйын курган ким?
Хан болгонсуп турган ким,
Ханыңдын жалгыз баласын
Камчылап өрөп урган ким?
Желдеттердин колунда
Карып болуп турган ким?
Маңдайда алтын көкүлүн
Ай каңтара тартып жулган ким?

Ким тийди калың элиңди,
Ким тапты сенин эбиңди.

Кандай душман болсо да,
Карып болсун дединби.
Кара чачы жайылган
Кайгылуу кимдин келини?
Жаныш, Байыш баатырдын
Салганы алгыр куш эле
Санаасы бузук душмандын
Самаганы ушу эле.
Саамай чачын жулдурган,
Сабатып желдеттерге урдурган,
Тиги саналуу кимдин оой кызы эле?
Олло үү, олло үү.

– «Айланайын апаке,
Сүйлөтпөгүн тилиңди,
Акжолго тийип алам – деп,
Улуксат бергин балам – деп,
Келтирбе менин жинимди.
Кулга тием дегиче
Ойлогун түпкү зилиңди,
Акжол, Дарбаз кулдарың
Аман койсун киминди
Курсакта калып төрөлүп,
Куурадымбы чырпыктай,
Кулдардан өлөт экемин,
Кулаалы алган чымчыктай,
Куу топурак алдында,
Апаке, кулунуң калар тумчукпай.
Жатында калып төрөлүп,
Жаш куурадым чырпыктай,
Жазыксыз өлүп баратам,
Жагалмай алган чымчыктай,
Жабыктай жердин алдында,
Апаке, жаш ботоң калар тумчукпай.

Кара дарга асылып,
Казанчы кулдан мен өлүп,
Кайгыма чыдап тура албай,
Канаты сынган улардай.
Апакем менен эжекем,
Катарың менен тең өлүп,
Акыры башта бир өлүм,
Бел байлашып көрөлүк.
Айланайын апаке,
Акырет кетем сен үчүн,
Акжол кулга тийгенче,
Азабың тартып күйгөнчө,
Ардагыңдан ажырап,
Арман менен жүргөнчө,
Кагылайын эжеке,
Ажалсыз өлгүн мен үчүн.
Кыямат кетем сен үчүн,
Кызматкер кулга тийгенче,
Кыялым санап күйгөнчө,
Күйөрүмдөн ажырап,
Күндө үч убак кайгырып,
Кыйналып жүрбөй эжеке,
Кылчайбай өлгүн мен үчүн.
Эжекем менен апакем,
Өлүп кеттим сен үчүн,
Өрттөнгөн кулга тийгенче,
Өзөгүң оттой күйгөнчө,
Өлүп кетти жалгыз – деп,
Өзүмдү санап күйгүчө,
Өлө көргүн мен үчүн,
Мен өлгөн соң экөөңөр,
Өлбөйсүңөр неге үчүн,

Айланайын апаке,
Ак кендир жипке муунуп өл,

Ардактуу эжем Айсалкын,
Арбагымды унутпай,
Ак болот канжар уруп өл.
Армандуу эки шордуулар,
Менин арманымды угуп ал.
Бир тууганым Айсалкын,
Буурчактык жипке муунуп өл,
Күйүттүү апам Күмүшай,
Көк болот канжар уруп өл.
Курулуу дарга кул асып,
Муунуп өлөт жалгызың,
Мундуу сөзүн угуп ал.
Кагылайын апаке ай,
Кайгыңа өлдүм силердин,
Калмактарым астырып,
Кара дарда чирендим,
Качан апам өлөт – деп,
Кайрылып карай жүрөрмүн.
Хансынган эки калмакты
Акырет жайы чын болсо,
Калыстык кылып сын койсо,
Кара эшек кылып минермин.
Айланайын эжеке ай,
Ажалыңа өлдүм силердин,
Акжол, Дарбаз эки кул,
Астырат дарга чирендим.
Эжекем качан келет – деп,
Эстесе экөө өлөт – деп,
Жолунду карай жүрөрмүн.
Жоонсунган кулдардын
Акырет жайы чын болсо,
Жоор эшек кылып минермин.
Жетилбей өлгөн жетимдин
Арманын угуп калгыла,

Мындан кийин экөөңдүн
Келе албаймын алдыңа,
Сыйласаң эже өзүмдү,
Садага кылар жан мына...»
Жатындашы Айсалкын.
Көзүнөн жашы чууруп
Эт жүрөгү жалындап,
Күйүттөн ичи буулуп.
Жанаша өскөн жайкалып,
Жатындан бирге туулуп,
Жалгызым деп зыркырап,
Жамгырдай жашы дыркырап.
Жанына келди бурулуп.

(Комуздун коштоосунда кейиштүү речитатив менен ырдалат)




Сак бо - лор - буз өл - гөн - дө
Баш кө - тө - рөр бе - кен - син
Са - наа - ла - рың кел - ген - де
Ка - рып бо - луп ка - лып - сың
Ка - лың кыр - гыз э - лин - де



Эскертүү: скрипкалык ачкычтын астындагы 8 цифрасы нота-лар жазылганга караганда бир октава төмөн ойнолот жана ырдалат дегенди билдирет.

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

(Сарыкунан Дыйканбаевдин айтуусу боюнча)

Илгери өткөн заманда,
Кыргыз, кыпчак элинде,
Алты-Шаар жеринде
Азирет Аалы хан болгон,
Ааламга даңкы даң болгон,
Балбандыгы ашынган,
Аяр болчу жашынан,
Келечекти болжогон,
Келеркини ойлогон,
Касиеттүү жан эле,
Кадыры журтка бар эле.
Душманына зор эле,
Каршы турган кор эле.
Кыргызга даап келе албай,
Не кыларын биле албай,
Кытай коркуп калчылдап,
Кайпып өтчү чегинен,
Айтайын кары кебинен.
Азирет Аалы алп эле,
Баатырлыгы жалпы эле.
Кыргыздын кегин ойлонуп,
Миң кайталап толгонуп,
Ак-Күргүндүн суусуна
Атайлап салган көпүрө,
Кытай жакка өтүүгө.
Кытайга барып кол салган,
Туткундарын байлатып,
Күдүрөтө жылкы айдатып,

Кырк төөгө артып олжо алган,
Кылымга кетчү сөз калган.
Күн айланып, ай өттү,
Ай айланып, жыл өттү.
Азирет Аалы карыды,
Ал-күчү кетип арыды,
Нуркан аттуу баласы
Өзүнүн ордун баспады,
Алты-Шаар чегинде
Жата берди жайма-жай,
Баатырлык менен иши жок,
Аны баамдаган киши жок,
Колуна кылыч албады,
Коркутуп кытай барбады,
Кытайдан көргөн кордукту,
Кыз-келин тарткан зордукту.
Көңүлүнө салбады.
Кыргыздын кегин албады,
Алты-Шаар элди башкарат,
Анда ненин арманы.
Азирет шондо ойлонот,
Миң кайтара толгонот,
Менин көзүм өткөн соң,
Кытайга кабар жеткен соң,
Алар да калар камынып,
Кумурскадай жабылып,
Элимди чаап албайбы,
Капилет жаткан калың журт
Балакетке калбайбы.
Ошондой ойду ойлонуп,
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Туткунга келген кулдарды
Жыйып алып барды эми.
Кытай, кыргыз чегине.
Көпүрөнүн ар жагын
Кара зоо кылып уратты,

Кара таш менен тостуруп,
Кара кум менен шыбатты.
Бекилип жол калды – деп,
Кайып ээлеп алды – деп,
Калкынын көөнүн жубатты.
Берки жакы бүйүзүн
Кызыл зоо кылып уратты,
Кызыл таш менен тостуруп,
Кызыл кум менен шыбатты,
Кызыр ээлеп алды – деп,
Жол бекилип калды – деп,
Журттун көөнүн жубатты.
Азирет Аалы балбандын
Кечирер Алла күнөөсүн,
Күбө болдум мен өзүм,
Элимде жүрсө айтар – деп,
Калкына кетсе шайтан – деп,
Менин көзүм өткөн соң,
Кытайды көздөй качар – деп,
Көпүрө сырын ачар – деп,
Журтума кылар зыян – деп,
Жабылып келсе көп кытай,
Элим эмне кылар – деп,
Баарын сууга салганы,
Бул дүнүйө жалганы.
Муну мындай таштайлы,
Нуркандан сөз баштайлы.
Кара кан кызы Күлүкан,
Перинин кызы мындай кал,
Ай жамалдуу* жан эле,
Айтканымча бар эле,
Бели ичке ийилген,
Сурмалуу көзгө жарашып,
Кашы ичке чийилген,
Бакыбат* жерге туш болду,
Нуркандын көөнү куш болду,
Азирет Аалы атасы,

Алты-Шаар бүт жыйып,
Ала-Тоодой эт кылды,
Ала-Көлдөй чык кылды,
Элдин тийсин батасы.
Тогуз ай, тогуз күн болгондо,
Ай жаңырып толгондо,
Күлүкан эркек төрөдү,
Журт атасы Азирет
Кубанычка бөлөндү,
Атын койду Жаныш – деп,
Карып менен мискинге*
Казына чачты чөмүштөп.
Күн айланып, ай өттү,
Арадан эки жыл өттү,
Күлүкан бала көтөрдү,
Демигип басып жүрө албай,
Жатып калды туралбай,
Бүбү, бакшы чогулду,
Башына чырак коюлду,
Чарк айланып дем салды
Жайын билбес тим калды.
Ага дагы болбоду,
Алы кетип алсырап,
Каны качып кансырап,
Өлө турган болгону.
Аңгыча келип бир мастан
Бүбү, бакшы кубалап,
Түндүгүн бекем тарттырып,
Эшигин катуу жаптырып,
Тамырын кармап олтуруп,
Сынына көзүн толтуруп,
Адам билбес сырды айтат,
Бир айтпастан миң айтат:
«Таксыр Нуркан каныбыз,
Туура сөздү айтпасак,
Чыгып кетер жаныбыз,
Канышанын боюнда

Жөн бала эмес эр жатат,
Кара кулак шер жатат,
Алтымыш алптын күчү бар,
Пайгамбардын сүрү бар,
Кабыландын түрү бар,
Каракан кызы Күлүкан
Как жолборстун этине
Талгак болгон турбайбы,
Үч күндөн калбай таппасаң,
Өлүп кетер алсырап,
Каны качып кансырап».
Кандан буйрук болгон соң,
Калкы карап турабы,
Кыраанмын деген мергени,
Кырдан теке тергени,
Алгырмын деген мергени,
Аскадан теке тергени,
Чогулуп баары жөнөдү.
Абийир берсе жараткан,
Жолборсту атып келгени,
Күлүканга бергени.
Күнү-түнү тынчыбай,
Кырды-кырдай жүгүрдү,
Кыраанмын деген мергендер
Жолборстун таппай дайынын
Бир жанынан түңүлдү,
Ойду-ойдой жүгүрдү.
Ойронмун деген мергендер
Жолборсту издеп табалбай,
Онтоп келип жыгылды.
Үч күнү карал болгондо,
Ай жаңырып толгондо,
Болжогон жерге келишти,
Боркулдашып ар бири
Болгонун айтып беришти,
Сексенге чыккан мергени,
Сылтый басып келгени,

Кептерин угуп алардын
Кейип кеңеш бергени,
Оо, кыйынсынган мергендер,
Кырдан теке тергендер,
Теке аткан кеп эмес,
Жолборс экөө тең эмес,
Чер токойго барыңар,
Коштоп мылтык алыңар,
Чытырман токой ичинде
Чирене басып жүргөндүр,
Чыр-чыр эткен силерди
Чакырым жерден көргөндүр.
Басканыңды билгизбей,
Барганыңды туйгузбай.
Туш-туш жактан тоскула,
Коркогуң жакын барбагын,
Коркуп кетип бакырып,
Энекеңди чакырып,
Жолборстон кол жууп калбагын.
Баатырың баргын алдыга,
Айткан сөзүм жалпыга.
Кабыланды кармап кел,
Чынжыр салып байлап кел.
Кош-кош айтып коштошуп,
Жөнөп калды топтошуп,
Күн чоң шашке болгондо
Таш кулады солкулдап,
Карагай сынды карчылдап,
Уккан жүрөк болкулдап,
Аңгыча кош караан көрүндү,
Карт мерген көөнү бөлүндү,
Кудай Таала кудурет,
Кылганына биз үмөт*,
Он алты жашар бир бала
Ооздугу жок тай минип,
Жолборсту келет жетелеп,
Далайды көргөн кексе чал,

Бойдо жаткан баланын
Жигиттин пири Шаймерден*
Колдоочусу ушу – деп,
Түшүнө калып көз жумду,
Калтырак баскан денесин
Токтото калып түз турду.
Көзүн ачса бала жок,
Жолборс турат жаланып,
Эки жагын каранып.
Жетелеп келди ордого
Калайык-калк таң калды,
Мындайды көргөн жан барбы.
Жатып калган Күлүкан
Көргөндө жолборс сүйүнүп,
Үч бүгүлүп ийилип,
Мергенге таазим кылганы,
Жолборстун жеди жүрөгүн,
Ашкана кылды түнөгүн.
Үч күнү жатып этин жеп,
Түк калтырбай бүтүн жеп,
Жаланып туруп кеткени,
Эт бышырган кара күң
Эс-учун билбей жыгылып,
Эртеси бутун шилтеди.
Тогуз ай, токсон күн өтүп,
Толгоо кирип Күлүкан
Ой-бойду салды түрлөнтүп,
Тогуз күнү толготту,
Толгон жанды ойлонтту.
«Жаным аман калабы,
Жаланкыч шумдук балабы?»
Өксүп ыйлап Күлүкан
Өлөрүн өкчөп самады.
Ичинен бала түшкөндө
«Бар-бар» этип ыйлады,
Энесин кыйын кыйнады,
Тоо силкинип, таш урап,

Түнөрүп асман сел жүрдү,
Мындайды мурун ким көрдү.
Бир чеңгелде кан уюп,
Бир чеңгелде жин уюп,
Көргөндүн баары таң калды.
Ай туякка бээ сойду,
Азан айтып чакырып,
Байыш атап ат койду.
Баркырап бала түшкөндө,
Жер силкинип кеткенде,
Кытайдын аяр балчысы,
Ушул бала колунан
Сыядат хандын өлөрүн,
Алдын-ала билиптир.
«Алдаяр биздин ханыбыз,
Аман жүрсүн жаныңыз,
Көңүлүм калды тынчыбай,
Ушундай заман болчудай.
Азирет Аалы урпагы
Кыргыздан бала туулду,
Кытайдын жолу буулду.
Баралына келгенде
Кара кулак шер болот,
Кабыландын түрү бар,
Пайгамбардын сүрү бар,
Бир өзүнүн башында
60 эрдин күчү бар,
Он алтыга келгенде
Кытайды көздөй аттанып,
Кыргынды бизге салбасын,
Башыңды сенин албасын.
Алдын-ала камын көр,
Балтыр этин толтурбай,
Балапан жүнүн түшүрбөй,
Эртерээк көзүн тазала,
Жеткирбей кытай жазала».
Анын айткан сөзүнө

Сыядат хан тырчыды,
«Олуя чалыш деп койсом,
Опсуз кепти козгодуң,
Өлтүрөт сени ханым – деп,
Ойдо жокту копшодуң.
Балчым мени ким дейсиң,
Баркымды билсең пир дейсиң,
Жаңы төрөлгөн баладан
Жалбарып ыйлап коркқондой,
Мени жармач адам дейсиңби.
Баамдабай сүйлөйсүң,
Менин баатырлыгым билбейсиң.
Балчым токтот сөзүндү,
Шакаба кылба өзүмдү».

Байыш төрөлгөндөн эки жылдан кийин, Азирет Аалы көз жумат. Нуркан атасын кадырлап, барктап узатып, элин башкарып жата берет. Жаныш эл көзүнө анчалык түшпөй, токтоо, уруш-чатаксыз чоңоёт. Байыш оттой жанып, теңтуштары гана эмес, өзүнөн улуулар менен таймаша кетип, көтөрүп уруп, эл көзүнө илинет. Жети жашында балдар менен ойноп жүрсө, төө ичиндеги бир киши жегич Кара буура оозунан ак көбүгүн чачып, балдарды кубалап экөөнө жетип, чайнап бүркүп жиберет. Балдар чуркурап Байышты тегеректеп калышат. Ошондо ал буураны тосуп туруп, бутунан алып ыргытканда бир буту үзүлүп, колунда калат. Бул окуя бат эле айылга тарайт. Нуркан менен Күлүкан да угуп, Байышка: «Бирөөнүн сөзү тиет, бирөөнүн көзү тиет, мындай иш кылбай жүр» – деп, акылнасаатын айтып, сак-сактап чоңойтушат. Ушул арада экөө бой тартып, бирөө он сегизге, бирөө он алтыга келет. Нуркандын Баш-Көл, Орто-Көл деген көлдөрү бар экен. Жаныш, Байыш жанына сексен жигит алып, семиз жылкылардан тобу менен айдап, төө өркөчүн толтура сары май, курут, эжигей-

ди эзилте артып, ит агытып, куш салып, сейил куруп келмекке женөп калат. Ак өргөөлөр катары менен тигилип, казы, карта кемирип, суусаса кымыз ичип элирип, бир канча күнү сайрандашат. Кетер күнгө жакындаганда Байыштын оюна бир нерсе түшүп, Жанышка кайрылып турган жери:

«Айланайын абакем,
Айтсам сөзүм бар экен,
Чоң атам кандай жан экен?
Улуулар айтып уласа,
Улуулугу бар экен,
Улуулукту билбеген,
Оюна такыр кирбеген
Атабыз момун жан экен,
Айтканымча бар экен
Уламадан уладым,
Улуулардан сурадым,
Азирет Аалы атабыз,
Саябанында жатабыз,
Баатыр да экен, алп экен,
Бүткүл журтка жалпы экен,
Аярлыгы бар экен,
Алдыда болчу нерсени
Күн мурун билчү жан экен,
Кытайга кыргын салыптыр,
Кыргыздын кегин алыптыр,
Уй түгүндөй кытайды
Үч кайтара чааптыр.
Ак-Күргүн суусун бойлоптур,
Алдын-ала ойлоптур,
Жалгыз аяк көпүрө
Жалпы кошун өтчү экен,
Кытайга кире жетчү экен.
Ошол күндөн ушул күн,
Көпүрө жайын билбейбиз,
Көкүрөк уруп сүйлөйбүз.

Бойго жеткен чагыбыз,
Баатырлык кылсак баарыбыз,
Атанын жолун жолдойлу,
Арбагын анын ойлойлу.
Азирет Аалы тукуму
Ак өргөөдөн аттанбас,
Акмак чыкты дебесин,
Узакка жатсак биз тынчып,
Кытайлар чаап келбесин,
Жазабызды бербесин.
Жата берип жамбаштап,
Коркок атка конбойлу,
Жумурай журтту ойлойлу.
Ак-Күргүн көздөй баралы,
Кытайдын жолун чалалы,
Ата жолун жолдойлу,
Азирет Аалы арбагын
Көтөрө чалсак болбойбу».

Байыштын сөзүнө жигиттер да кулак түрүп, «Жаныш эмне деп жооп кайтарар экен» – деп, жарданып карап турушту. Ошондо агасы: «Муну эсиртккен душман бар көрүнөт. Сөз учугун түгөтө катуу айтайын. Анан атам Нуркан менен акылдашып, теске саларбыз» – деп Байышка айтып турган жери:

«Айланайын жатындаш,
Айтканыңдын баары маш
Азирет Аалы атабыз
Баатыр да экен, алп экен,
Акылы журтка жалпы экен,
Кытайга кыргын салганы,
Кылымга калчу сөз экен,
Кыргызга кытай өч экен.
Алты-Шаар жердеген,
Жети атадан беркиси
Душманга намыс бербеген,

Тукуму менен хан болгон,
Мисирге жетип даң болгон.
Ак-Күргүн суунун үстүнө
Бекемдеп салган көпүрө
Алды жагы кызыл зоо,
Кытай чеги кара зоо,
Батынбайт адам өтүүгө,
Атабыз Нуркан да ойлогон,
Ак-Күргүн суусун бойлогон,
Атырылып акканда
Адам эмес ажыдаар
Алыс качып жойлогон,
Алтымыш миң кошун ээрчитип,
Атабыз Нуркан барыптыр,
Арбагына арнап атанын
Ак боз бээни союптур,
Алтымыш күнү тынбастан,
Зыярат кылып зыркырап,
Көзүнөн жашы дыркырап,
Көпүрөнү ача албай,
Көкүрөк дартын баса албай,
Кайтыптыр Нуркан атабыз,
60 шаар баш иет,
Салам десең куш мына,
Минемин десең ат мына,
Билемин десең журт мына,
Эминеден капабыз,
Балааны башка чакырып,
Азапты салган жатабыз.
Көпүрөнү Кызыр ээлеген,
Адамзатка бербеген,
Ажалды издеп барбаса,
Ал жерге киши келбеген.
Кайып эрен ээлеген,
Көздөгөнгө бербеген,
Өлүм издеп барбаса,
Ал жерге киши келбеген.

Жатындашым шок болдуң,
Эминеге бук болдуң,
Шайтан айдап азгырса,
Ак-Күргүн көздөй бастырса,
Айланып келбей жок болдуң,
Ичи жаман бузганбы,
Айланайын жатындаш,
Шайтан сени кысканбы,
Эссиз кепти сен айтып,
Элиресиң эмнеге.
Эсирген бойдон сен кетсең,
Ак-Күргүнгө сен жетсең,
Ак тулпар келбейт кермеге.
Айланайын жалгызым,
Жыйырмага жашың толо элек,
Жылас болгон кытайга
Аттанар кезиң боло элек,
Аттанып барсаң оолугуп,
Азаптуу күнгө жолугуп,
Толуп жаткан көп кытай
Толорсуктан албайбы,
Томуктай болгон өзүндү
Томолотуп салбайбы,
Тозокто башың калбайбы.
Кирип барсаң оолугуп,
Кайгылуу күнгө жолугуп,
Калкып жаткан көп кытай
Кабыргаңдан албайбы,
Камгактай болгон өзүндү
Кайтара тээп салбайбы,
Капаста башың калбайбы.
Ээликтирген сени ким,
Эсебин анын берейин,
Эчки жеген эрмендей,
Бүрүн койбой терейин,
Элиме душман жан болсо,
Эрегиши бар болсо,

Алты-Шаар элди чогултуп,
Толорсуктан илейин,
Токтолбой жакын кирейин.
Эриккенден сүйлөйсүң,
Эстүү сөздү билбейсиң,
Кырк жигит сенин жанында,
Кызмат кылар алдында,
Эминеңден кемиң бар,
Сенин элирип кетчү жиниң бар.
Алты-Шаар элимде,
Аныгын айтчы өзүмө
Сени азгыра турган кимиң бар?
Албарсты* болсо айдайын,
Азыткы* болсо жайлайын.
Атабыз Нуркан падыша,
Энебиз Күлүкан каныша,
Элим эргип жатпайбы,
Кулун, тайы жарыша,
Айдың-Көлгө баргын – деп,
Азапты журтка салгын – деп,
Ачыгын айтчы жашырбай,
Ким болду сага каргаша?
Айланайын жалгызым,
Алты-Шаардан кетүүгө,
Ак-Күргүндү кечүүгө,
Азыткы* кытай жетүүгө
Балапан жүнүң түшө элек,
Балтыр этиң толо элек,
Азгырылбай коё кал,
Барар чагың боло элек,
Күйүттү салба башыма,
Күйдүргү болбо жашыңа,
Оолугуп журттан аттансаң,
Аганын сөзүн жат кылсаң,
Азап менен бүтөсүң
А дүйнө көздөй кетесиң».

Жаныш ачууланып, каарын төгүп, Байышка баса көктөп сүйлөп: «Үйдү чечип, калган оокатты жыйнаштырып артымдан келгиле» – деп жигиттерге тапшырып, өзү эрте жетип, атасы Нурканга инисинин сөзүнүн ал-жайын түшүндүрүп коймокко шашып жөнөп калат. Өргөөнүн жанына келип түшүп, атын жигиттерге бере сала үйгө кирип, эки колун бооруна алып, атасына айтып турган жери:

«Ассалоом алейкум атабыз,
Орто-Көл, Баш-Көл көлүнө
Сейилдеп келе жатабыз,
Каса* жылкы жетелеп,
Кырк жигит ээрчип эртелеп,
Кош көлүнө барганбыз,
Коштоп шумкар алганбыз,
Каз, өрдөктү кыйкыртып,
Касабаны* салганбыз.
Каткырышып күлүшүп,
Катуу оюн курганбыз.
Кулпунуп Баш-Көл туруптур,
Ак куулар учуп конуптур
Каз, өрдөгү толуптур,
Көз жоосун кандырып,
Өзгөчө көркөм болуптур.
Жаааны тарттык шыпылдап,
Учуп турду зыпылдап,
Жигиттер жүрдү кытылдап,
Эки күн сайран курганда,
Эргип жыргап турганда,
Шумдукту Байыш баштады,
Уламадан угуптур,
Улуулардан туюптур,
Азирет Аалы бабамдын
Кытайды чаап алганын,
Ак-Күргүндүн суусуна
Кыл көпүрө салганын,

Азирет жолун жолдойм – дейт,
Ата даңкын коргойм – дейт,
Асаба кылыч асынып,
Аска-зоого жашынып,
Ак-Күргүндөн өтөм – дейт,
Сыядат канга жетем – дейт,
Эгер муну кылбасам,
Алкынтып аскер жыйбасам,
Жубарымбек кетем – дейт.
Акылы артык атакем,
Айткан сөзүн байкасам,
Байышың али жаш экен,
Акылга толбой пас экен,
Азгырып жүргөн көрүнөт,
Арада бирөө кас экен.
Катуураак айтып теске сал,
Кызуулук менен кетпесин,
Түбүнө кытай жетпесин».
Жаныш сүйлөп жатканда
Жете келген эр Байыш
Тыңшап кулак салганы,
Чыдай албай жулкунуп,
Үстүнө кирип барганы,
Агасынан озунуп,
Нурканга айтып турганы:
«Падыша Нуркан кулак сал,
Баландын айткан сөзүнө,
Кебиме кулак салбасаң,
Мойнума салып курумду
Көрүнбөй кетем көзүңө.
Мени жаш дебегин,
Менин камым жебегин,
Балалык кеткен башымдан,
Аттанып үйдөн чыкпастан,
Көпүрө жолун бузбастан,
Жатып алсам оңомбу,
Азирет шердей боломбу.

Азирет Аалы атабыз,
Кытайдын чегин бузуптур,
Баатырлыгы озуптур,
Атанын жолун жолдоймун,
А бу десең болбоймун,
Арбагына сыйынам,
Айдың-Көлдү ээлебей,
Аюу, карышкыр мээлебей,
Азирет даңкын тейлебей,
Канткенде ата тыйылам,
Баары бир башка бир өлүм,
Өргөөдөн чыкпай жатсам да,
Акыры бир күн кыйылам,
Айланайын атакем,
Ак сүтүн берген апакем,
Бирге эмчек эмишкен,
Тар курсакта тебишкен,
Аркама калка тоо болгон,
Жашынарга коо болгон,
Жатындашым Жанышым,
Менин айткан сөзүмө
Мынча неге кайыштың.
Корксоң кытай барбагын,
Коргоймун ата арбагын,
Опосуз сөздү көп сүйлөп,
Атабыз Нуркан падышаны
Кур кайгыга салбагын.
Чочусаң кытай барбагын,
Көтөрөм ата арбагын.
Чоочун сөздү кеп сүйлөп,
Энебиз Күлүкан канышаны
Сарсанаага салбагын.
Азабын тарткан энем сен,
Ак сүтүң бердиң дембе-дем,
Айылдан чыкпай жаткандай,
Байышындын неси кем,
Ак сүтүн кечкин энекем,

Аттанып кетем эрте мен.
Айланып кайта келбейт – деп,
Арманын айтпа берекем.
Батаңды бергин атакем,
Башынан кытай кас экен,
Журтунун камын ойлобос,
Кулунуң көөнү пас экен.
Ак мунар тоонун бер жагы,
Ак-Күргүн суунун ар жагы,
Айдың-Көлгө барамын,
Эркин сейил курууга
Чоң атам курган көпүрө
Эзелки душман кытайдан
Ажыратып аламын,
Алдыман чыкса Сыядат
Алааматты саламын,
Аянып кантип каламын.
Азирет Аалы атабыз,
Акылы артык жан белем,
Аярлыгы бар белем,
Жашырбай ата айтып бер,
Кара кыш менен кынатып,
Кара кум менен шыбатып,
Кызыл кыш менен кынатып,
Кызыл кум менен шыбатып,
Көпүрө жолун бекитип,
Көрүнгөндү өкүнтүп,
Кызыр ээлеп алды – деп,
Кыйытып айтып салганбы,
Айткан кеби жалганбы?
Көзүм өтсө кантет – деп,
Кытайдын каары өтөт – деп,
Кыргызды чаап кетет – деп,
Ушундай ишке барганбы,
Кайып ээлеп калды – деп,
Калайыкты коркуткан,
Калпыс сөзбү жайганбы.

Аныk-чынын билемин,
Кайпактабай айтып бер,
Кошунумду камдап бер,
Курал, жарак байлап бер,
Жүгөн салбас азоодон
Азыгыма айдап бер.
Айдың-Көлгө барамын,
Азабым болсо көрөмүн,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Атанын жолун жолдобой,
Арбагын анын колдобой,
Айлында кантип жүрөмүн».
Байыш сүйлөп токтоду,
Айткандары от болду.
Угуп турган Нуркандын
Ичи күйүп чок болду,
Атасы Нуркан кеп айтат,
Угуп тур балам – деп айтат:
«Балтыр этиң толо элек,
Балапан жүнүң түшө элек,
Ашыгып кайда барасың,
Ак чач болгон атаңдын
Азапка башын саласың,
Күйүгүп кайда барасың,
Көк ала чач энеңдин
Күйүткө башын саласың.
Барсаң кайра келбейсиң,
Атаңдын жүзүн көрбөйсүң,
Кетсең кайра келбейсиң,
Энеңдин жүзүн көрбөйсүң,
Айланайын каралдым,
Атаңдын айткан сөзүн ук,
Аттанып алыс барбагын,
Азапка мени салбагын.
Ай тутулуп тоголсо,
Карып калган кезимде
Жаныш, Байыш жоголсо,

Кандай болот дарманым,
Кагылайын каралдым,
Күймөнүп алыс барбагын,
Күйүткө мени салбагын,
Күн тутулуп тоголсо,
Күйөрүм экөө жоголсо,
Кандай болот дарманым,
Арылбас такыр арманым.
Алтымыш шаар жер мына,
Бийлеймин десең эл мына,
Алтын, күмүш зер мына,
Минериңе ат мына,
Киериңе тон мына,
Эч жериңде кемиң жок,
Кайыл болуп баарына
Тентиреп кетер эбиң жок.
Айланайын чырагым,
Күн болбосо, турмуш жок,
Түн болбосо, жылдыз жок,
Баласы жок атанын
Кан болсо да ырысы жок,
Кайгыртпагын өзүмдү,
Кайтарбагын мизимди,
Айдың-Көл алыс жол болот,
Барган адам кор болот,
Адыр-адыр тоосу бар,
Аркырап аккан суусу бар,
Айбан жүрбөс зоосу бар,
Какыраган чөлү бар,
Айланып өтпөс көлү бар.
Аюу, жолборс мол болот,
Атанын тилин албаса,
Акыр түбү шор болот.
Ак-Күргүн суусу аркырап,
Жанына адам бара албайт,
Ак-Күргүндү кечүүгө
Ажыдаар да даай албайт.

Жалгыз аяк көпүрө
Кайып эрен түнөгү,
Ажал турса алкымдап,
Баруунун не кереги.
Айланайын балам тилимди ал,
Аттанып чыкпай коё кал.
Айдың-Көлгө барам – деп,
Азапка башың саларсың,
Амалы күчтүү кытайдын
Азабында каларсың.
Кытай деген көп болот,
Айла-амалы топ болот,
Алышып алың жете албайт,
Кармашсаң карууң түтө албайт,
Балбандардын зору бар,
Кырк кулач келген ору бар.
Балчысы бар, баары бар,
Сыядат кандын каары бар,
Сыйкырчысы дагы бар.
Дубалап койсо жүрөрсүң,
Аралап токой жаныбар.
Азыткы тосор алдыңдан,
Ажыратаар карууңдан,
Ажырап кантип калабыз,
Арка болор баарыңдан.
Алы кетер атаңдын,
Акылы кетер апаңдын,
Азгырылып турасың,
Айласын таппай капамын.
Экөөң бирдей кеткен соң,
Ак-Күргүн суусун өткөн соң,
Айдап малың алам – деп,
Алтын, күмүш алам – деп,
Алаамат башка салам – деп,
Айланамда душман көп,
Ичинен тынган бушман көп,
Талап кирсе кантемин?

Какшатпай балам сөзүмдү ук,
Кайгы толду ичим бук».
Нуркан сүйлөп токтолду,
Жалындап ичи чок болду.
Мойнун Байыш бурганы,
Дагы да сүйлөп турганы:
«Айланайын атакем,
Айткандарың ката экен,
Жаш балача алдайсың,
Ашырып калпты айткандан
Уялып да калбайсың.
Аюу, жолборс көп дейсиң,
Ушуну да сөз дейсиң,
Адам жүрбөс жол барбы,
Айбан жүрбөс жер барбы,
Жолумдан чыкса жолборсу
Жонунан кайыш тилемин,
Жол-жобосун билемин,
Аюу чыкса алдымдан
Айкырык салып кармашам,
Акырек тиреп таймашам,
Байыш болбой калайын,
Торсойгон ичин жарбасам,
Ажыдаар чыкса арбашам,
Алп баатырча кармашам,
Байыш болбой калайын,
Ичине канжар салбасам.
Азыткы чыкса алдымдан
Айкырып коого киргизем,
Мен айкөлдүгүм билгизем.
Балбаны болсо кытайдын
Кармашып торой чаламын,
Бир өзүмдүн башымда
60 эрдин күчү бар
Алп туулган баламын.
Далайдын башын чатыдын,
Коркуп кетет дебегин,

Айдың-Көлгө барамын,
Түмөн кол тосуп жатса да,
Кытайдын жолун чаламын,
Айдың-Көлдөй жеримди
Ажыратып аламын» –

деп Байыш сүйлөп бүтүп, булкунуп эшикке чыгып кетет. Нуркан менен Жаныш Байыштын айтканынан кайтпай тургандыгын түшүнүп, айласы куруп туңжурап отурганда Күлүкан акыл салат: «Айтканына караганда барбай койчу түрү жок. Калың кошун, каруу жарак камдап берсең, кызып кетип Кытайга кире жөнөп, бөөдө мерт болушпасын. Кырк жигитин жанына берип, жол азыгын камдап, жөнөтүп жибер. Үйдөн чыгып, алыс жол басып көрбөгөн эме эрдемсип тургандыр. Алты айчылык жол басып арып-ачып, азып-тозуп Ак-Күргүнгө жеткенче акылына келер». Нуркан Күлүкандын сөзүн туура таап, бир аптада жөнөтмөк болуп, макулдугун берет. Муну Жаныш да эп көрүп, атасынын көңүлүн жубатат:

«Айланайын атаке,
Агарып бергин батаңды,
Жалгызымды жөнөтүп,
Жабыркап мен жатамбы.
Артуу-артуу бел келсе,
Алдына чыгып өтөйүн,
Арка кылар жалгыздын
Айтканына көнөйүн,
Ажалым болсо өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн,
Байышты жалгыз жиберип,
Айылда кантип жүрөйүн,
Агыны катуу суу келсе,
Алдына түшүп кечейин,
Айылда аман жүргөнчө,
Ажал жетип күн бүтсө,

Мен да акырет кетейин,
Жалтанбас жандан эр эле,
Муну колдогону шер эле,
Кыркылышкан кытайга
Аттанары жөн эле,
Айткан сөзү эп эле.
Ары-бери калчадык,
Эми сөздүн чынын айталык,
Жер соорусун табалык,
Дүңгүрөтүп кол албай,
Курал-жарак мол албай,
Жай бастырып баралык,
Кай жагынан жоо келет,
Кай тараптан доо келет,
Айдың-Көл жолун чалалык,
Алтымыш шаар элиң бар,
Алтын казына кениң бар,
Башкарып элиң жата бер,
Аттанып сапар баралы,
Душмандын жолун чалалы,
Касиеттүү кан атам,
Балдарыңа бата бер
Ала көөдөн Байышты
Алдыга салып жөнөтсөк,
Алды-артына карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Азапка түшүп калбасын,
Ажал таап кытайдан,
Арманга бизди салбасын,
Жанына бирге барайын,
Жан кечерлик иш кылса,
Жөн-жайлап жолго салайын,
Жалгыз аны жиберип,
Артында кантип калайын,
Акыры башка бир өлүм,
Өлсөк бирге өлөлү,
Өлбөсөк кайра келели,

Ажал жетип, күн бүтсө,
Ардагым ата ыйлаба,
Асыл жаның кыйнаба,
Азамат эрдин белгиси
Үйдө туулуп, жоодо өлөт,
Ары жок жигит күндө өлөт,
Кудуреттин иши – деп,
Каса бээден соёрсуң,
Шейит өлүм болду – деп,
Куран окуп коёрсуң.
Ак боз бээ союп, эл жыйып,
Аксарбашыл кой союп,
Батасын алып калкыңдын
Эртерээк бизди жөнөткүн».

Жаныш сүйлөп жатканда Күлүкан көз жашын көлдөтүп ыйлап турду. Нуркан эс-акылын жыйып кайраттанып, аксакалдардын батасын алып, балдарын жөнөтмөк болуп, камынып калды.

«Кан чогултkан жыйынга
Кары да келди, жаш келди,
Аксакалын жайкалтып,
Акылманы бүт келди.
Кандай буйрук болгон соң,
Каса бээлер союлду,
Казан асып коюлду,
Тоодой үйүп эт кылды,
Көлбүтүп көлдөй чык кылды,
Катарлап табак коюлду,
Жетим, жесир тоюнду
Алты катар казына
Астейил айтып ачтырды,
Аяктап күмүш чачтырды.
Садага, кайыр мол берди,
Санатын кандын эл көрдү.
Уй түгүндөй көпчүлүк
Алакан жайып келгени,

Кары дебей, жаш дебей,
Баарысы бата бергени.
«Айланайын чырактар,
Шаймерден болсун жолдошуң,
Азирет Аалы арбагы,
Арка болуп колдосун,
Аттанган жолуң түз болсун,
Кайратың ашып, күч толсун,
Кыдыр Ата колдосун,
Кыйла болсун жолдошуң,
Кармашкан жооң пас болсун,
Кыдыр даарып, бак консун,
Ак жолуңар ачылсын,
Алдыңдан бермет чачылсын,
Касташкан жооң басылсын.
Жаныш, Байыш эки эр,
Аман барып, аман кел,
60 шаар кыргыздан
Башат алган Нуркандан,
Кайдан чыксын сендей эр».
Бир адамдай буркурап,
Алакан жайды чуркурап.
Нуркандын эки баласы
Тизе бүгүп турушту,
Карынын сөзүн угушту.
Сексен жигит сеңселип,
Бир куракта теңселип,
Ат жабдыгы шарактап,
Асабасы жаркылдап,
Арада Байыш баркылдап,
Кош-кош айтып коштошуп,
Баары бирдей окшошуп,
Жөнөп калды шартылдап.
Узак-узак жол жүрдү,
Узун түн басып, мол жүрдү.
Токтоп чатыр тигишип,
Толгон сөздөн сүрүшүп,

Тоо жаңыртып күлүшүп,
Алты айчылык алыс жол,
Аптада* басты чейрегин,
Айтпагын кошун эрмегин.
Дагы эки апта жол тартты,
Жол азабын мол тартты.
Адыр-адыр тоо басты,
Алдыда жолдон адашты,
Белес-белес бел ашты,
Белчемдүү жерден адашты.
Каркыраган чөл басты,
Кайып жүрбөс зоо ашты.
Туура бир ай болгондо,
Ай жаңырып толгондо,
Ак-Күргүн чети көрүндү,
Алда кандай болот – деп,
Жигиттер көөнү бөлүндү.
Суунун бети көрүнбөйт,
Сумсайып агып дирилдейт,
Омкорулуп тал агат,
Олчоюп төөдөй таш агат,
Тиктеп аны карасаң,
Өзүнчө эле алаамат.
Нуркан уулу эр Байыш,
Такасы анын бир карыш,
Суу жээгине келгени,
Көпүрөнү көргөнү,
Абайлап көңүл бөлгөнү.
Ары-бери басканы,
Ак куулар учуп качканы.
Кыйкырыгы таш жарды,
Таш урады тарсылдап,
Тундуруп кулак карсылдап,
Керилип туруп тепкенде
Кызыл таш кетти бытырап,
Туш-туш жакка чатырап,
Кыйкырды шондо эр Байыш,

Кандай заман болот – деп,
Жанында турду эр Жаныш.
«Кайып-эрен кайдасың,
Жашынып кайсы жайдасың?
Кармашар болсоң бери чык,
Таймашар болсоң зоого чык,
Толорсуктан илейин,
Сенин ыйыктыгың көрөйүн».
Сөзүнө жооп болбоду,
Байыш мойнун толгоду.
«Жигиттер менин сөзүмдү ук,
Атамдын айткан сөзүнө
Күйүп турам ичим бук.
Жаш балача алдаптыр,
Жөн эле жаным кыйнаптыр.
Бир айчылык жол жүрдүм,
Жол арытып мол жүрдүм,
Алдымдан тосуп аркырап,
Аюу, жолборс чыккан жок,
Аюу менен алышсам,
Жолборс менен чалышсам,
Көңүлүм толуп ачылмак,
Көөдөндө бугум басылмак,
Атам айткан ажыдаар
Алдымдан тосуп чыкпады,
Көпүрө ээси Кайып эрен,
Кармашпай качып ыктады.
Жалган экен айтканы,
Байыштын жок качмагы».
Көпүрө башы ачылып,
Көңүлү толкуп чачыльш,
Алп туулган эр Байыш
Аркы өйүзгө өткөнү,
Качыратып кара зоо
Аркы-терки тепкени,
Көпүрө жолу ачылып,
Жаныш, Байыш артынан

Жакаларын кармашып,
Сексен жигит өткөнү,
Айдың-Көлгө жеткени,
Жер соорусу Айдың-Көл
Көз жосунун алганы.
Каз, өрдөгү тоодактай,
Каркылдап учат карматпай,
Ак куулары иңгендей,
Балдар токуп мингендей,
Кундузу сууда чулкулдайт,
Күн жаркырап тийгендей,
Кайберени жайылат,
Карынбайдын малындай,
Бетеге белден жайкалып,
Аралаган адамга
Бейиштин* төрү өндөнөт.
Балыктары көлдө ойнойт,
Улары шаңшып төрдө ойнойт,
Суурлары аңкыштайт,
Булагы агып оргуштайт.
Айдың-Көл бетин карасаң,
Жашыл килем түрдөнөт,
Көргөн адам өндөнөт.
Нечен түрлүү куш сайрайт,
Аңкып жыты гүл жайнайт,
Жигиттери шайма-шай,
Көңүлдөрү жайма-жай,
Чатырларын тигишип,
Жибектен соккон такталар
Үй ичинде келишип,
Каса бээден союшуп,
Можуну асып коюшуп,
Байтал бээнин кымызын
Бал татырып ичишип,
Сармерденден айтышып,
Бири-бирин чарпышып,
Улама сөздөн улашып,

Улууларын сыйлашып,
Жатып калды дуулдашып.
Ошондо Байыш кеп айтат.
Угуп тур Жаныш – деп айтат:
«Айдың-Көлгө барам – деп,
Оолукканым эп экен,
Ушундай жерди жашырган
Кытайларга басынган,
Атабыз Нуркан жөн экен.
Бир ай мында жаталы,
Ит агытып, куш салып,
Каз, өрдөктү күндө алып,
Ыракатка баталы.
Туш-туштан жолун чалалы,
Кубанычка каналы,
Анан кайта баралы,
Калың кошун кол алып,
Каруу, жарак мол алып,
Айдың-Көлдү кытайдан
Ажыратып алалы,
Жакшылык менен бербесе,
Жакшы сөзгө келбесе,
Акыры башка бир өлүм,
Чатакты катуу салалы».
Эки апта мында жатышты,
Тоо теке менен эликти
Семизин тандап атышты,
Тамашага батышты.
Энеме ичик болсун – деп,
Эл көзүнө толсун – деп,
Кундузду суздуу челектеп,
Жата берсин эки бек,
Жараткан берсин жанын бек.
Муну мындай таштайлы,
Кытайдын каны Сыядат
Андан кабар баштайлы.
Сыядаткандын кароолчу

Көзөмөлдөп келатып,
Айдың-Көлгө көз салса,
Чекти бирөө бузгансыйт,
Кара таш зоосу ураптыр,
Ак-Күргүн көздөй кулаптыр,
Көпүрө жолу ачылып,
Көп кол өткөн көрүнөт,
Көңүлү көпкө бөлүнөт,
Ошондо ал ойлонду,
Өйдө-төмөн толгонду:
«Кыргыздан кошун келген бейм,
Кой-ай деген киши жок,
Эчки, теке терген бейм,
Айдың-Көлдү алган бейм,
Азапка бизди салган бейм,
Эртерээк канга барайын,
Кабар кыла салайын».
Кудай урган куу кытай,
Токтобой жете келгени,
Канына кабар бергени,
Сыядат кошун жыйганы,
Жар чакырып турганы:
«Кыргыздан калың жоо келди,
Кылым арта доо келди,
Көпүрөдөн өтүптүр,
Кара зоону бузуптур,
Айдың-Көлгө жетиптир.
Эзелтен ээлеп келгенсип,
Энеси энчи бергенсип,
Сайран куруп жатыптыр,
Сансыз эчки атыптыр,
Абалтан ээлеп келгенсип,
Атасы энчи бөлгөнсүп,
Чатырларын тигиптир,
Шатыратып жылкы айдап,
Сансыз аңды көп кармап,
Кыргыздар дуулап жатыптыр,

Сексен алп жүргүн алдыда,
Алты миң кошун ортодо,
Сексен мерген артында,
Сеңселип бирге баралы,
Сереңдеген кыргыздын
Баатырдыгын билели,
Азабын колго берели,
Эрлерин бирден терели,
Кайрылгыс кылып келели.
Баарың чогуу аттангын,
Моюн сунбас жан болсо,
Жаныңан үмүт үзгүнүң,
Атып салам ордуңда,
Чылбыр салам мойнуңа».
Кан каарына алган соң,
Калың кошун баш ийип,
Айдың-Көл көздөй жөнөдү,
Топурак учуп чаң болду,
Ат дүбүртү дүң болду.
Нуркандын уулу эр Байыш
Уктап жатып, түш көрдү,
Бир ажайып иш көрдү.
Эшилип аккан кан көрдү,
Эзилип жаткан жан көрдү.
Аттап өтпөс аң көрдү,
Алтымыш кулач ор көрдү,
Ажыдаар баштуу жан көрдү,
Уюлгуган чаң көрдү.
Тырпырап жаткан куш көрдү,
Кара кочкул кара кан,
Канжыгадан куюлду,
Карагаттай эки көз
Канжар тийип оюлду.
Кара чынжыр тор көрдү,
Калың кытай эл көрдү,
Каргадай чоң жөргөмүш
Карадан желе тартканы,

Капаста баатыр жатканы.
Кузгун учуп айланды,
Ак тулпардын мойнуна
Кыл чылбыр түшүп байланды.
Түшүнөн чочуп ойгонуп,
Көзүнүн жашы он талаа,
Келерин сезип бир балаа,
Жанышка айтып турганы:
«Жатындашым сөзүмдү ук,
Жалындап турам ичим бук
Түндө жатып түш көрдүм
Бир ажайып иш көрдүм,
Эшилип аккан кан көрдүм
Эзилип жаткан жан көрдүм,
Аттап өтпөс аң көрдүм,
Алтымыш кулач ор көрдүм,
Ажыдаар баштуу жан көрдүм
Уюлгуп учкан чаң көрдүм,
Тырпырап жаткан куш көрдүм,
Кара чынжыр тор көрдүм,
Кара кытай эл көрдүм,
Кара кочкул кара кан
Канжыгамдан куюлду,
Кара көзүм оюлду.
Каргадай болгон жөргөмүш
Кара желе тартканы,
Кузгундар учуп айланды,
Капаста Байыш жайланды,
Кыл чылбыр түшүп мойнуна
Ак тулпарым байланды.
Түшүм оңой түш эмес,
Оңдуруучу иш эмес.
Ачык айтып жоручу,
Көргөн түшүм чын болсо,
Ажал келди тооруучу.
Азгырып келдим өзүндү,
Ажал тапсак бул жерден

Күнөөлөбө өзүмдү.
Чогулуп кытай келгенче,
Согуш камын көргөнчө,
Эртерээк элге жетели,
Жалгыз аяк көпүрө
Жапырт барып өтөлү.
Аман элге баралы,
Калың кошун кол алып,
Курал, жарак мол алып,
Андан кийин келели,
Эрдемсинген кытайдын
Жазасын колго берели».
Байыштын сөзүн укканда
Ордунан тура жөнөдү,
Жигиттерди жыйнады,
Инисинин айтканы
Кетирип тынчын кыйнады,
Жаныштан буйрук болгон соң,
Жигиттер карап турбады,
Атка минип шака-шук
Караңгыда жөнөштү,
Кан сөзүнө көнүштү,
Көпүрө жакын калганда,
Айдың-Көлдүн белине
Жигиттер жете барганда,
Аттын оозун жыйганы,
Көпүрө жайы кандай? – деп,
Дүрбү салып турганы».

Жаныш дүрбүнү тегеретип абайлап караса, кара таандай көп кытай көпүрөнүн башын ээлеп алыптыр. Алардын көзүн жазгырып өтүп кетүүгө башка жол жок. Ак-Күргүн суусун атчан адам эмес, ажыдаардын кечип өтүшү да күмөн. Жаныштын жүрөгү опкоолжуп, ал жайдын кыйындап калгандыгына чындап көзү жетип, ниси Байышка айтып турган жери:

«Айланайын каралдым,
Азапка неге жаралдың,
Түндө түшүң түш экен,
Азапка салчу иш экен.
Кара таандай көп кытай
Жолду бөгөп алыптыр,
Айдың-Көлгө келгенди
Капырлар эчак билиптир,
Кетирбей бизди жайлоонун
Чогулуп камын көрүптүр.
Сексен балбан башында,
Сексен мерген артында,
Сыядат каны кашында
Бизди тосуп туруптур,
Чындап кудай уруптур.
Арка болор кошун жок,
Каруу, жарак колдо жок,
Ыйман айтар молдо жок,
Алты миң кошун кытайга,
Сексен кыраан мергенге,
Куурай сымал тергенге,
Сексен алптын өзүнө,
Тоо омкоргон күчүнө
Кантип тогоо болобуз,
Баарыбыз бирдей өлөбүз,
Өлбөсөк да кылыч жеп,
Өлбөстүн күнүн көрөбүз.
Көмүлбөй калса сөөгүбүз,
Карга, кузгун жем кылаар,
Экөөбүз бирдей жоголсок,
Карып калган атабыз.
Алда кимди дем кылар.
Түшүң жаман түш экен,
Өңүңдө көрөр иш экен,
Кытай менен кармашсак,
Талаада калар сөөгүбүз,
Колдо курал, жарак жок,

Колдой турган адам жок,
Карсылдашып чабышпай,
Карекке тие атышпай,
Өксүп кетер көөнүбүз.
Айтканыма кулак сал,
Азгырылбай коё кал,
Айдың-Көл кайра кетелик,
Жер чуңкуру көп болот,
Жашынып калсак эп болот.
Күтө-күтө кытайлар,
Жерине кайра кетишер.
Кайыптын кылган иши – деп,
Калкына кабар этишер.
Жер жайнаган калың кол,
Бир апта ашып жата албайт,
Баары бирдей бата албайт,
Күтө-күтө жадашат,
Тобокелге салалы,
Кароолду катуу чалалы,
Кытайлар бир күн тарашат.
Көпүрөнү кайтартып,
Эки жүзүн калтырар,
Уй түгүндөй кошунду
Кайсы жерге батырар,
Калың кытай кеткен соң,
Оңой эле чабабыз,
Көпүрөнү алабыз,
Көлүк аман, биз эсен,
Айлыбызга барабыз.
Айланайын чырагым,
Азоо тайдай алкынып,
Акылга кирбес убагың,
Бөөдө ажал болбогун,
Жатындашым улагым,
Жашай турган курагың.
Азабына чыдабай,
Атабыз Нуркан падыша,

Энебиз Күлүкан каныша,
Акырет көздөй кетмекчи,
Сайышарга кылыч жок,
Атышарга мылтык жок,
Айбат кылар аскер жок,
Баш калкалар паана жок,
Которуп киер кийим жок,
Корголой турган ийин жок,
Кара таандай кытайга
Урушкан менен пайда жок.
Айтканыма болбосоң,
Канжыгадан кан агар,
Алты жүз миң кытайдан
Канткенде биздин жан калар.
Түшүндөн сенин коркомун,
Мойнуңа чынжыр салынып,
Колу-бутуң таңылып,
Жарат алып кырк жерден
Кара кочкул кан агып,
Кытайдын түшүп торуна,
Кырк кез келген оруна,
Жатып калсаң кантесиң?
Жалгызым уккун сөзүмдү,
Жалдыратпа өзүмдү,
Кайра артка баралы,
Айткан сөздөн жаналы».
Жаныш айтып токтолду,
Байыш күйүп чок болду:
«Жанышым баатыр деп жүрсөм,
Жаныма тирек деп келсем,
Жалгыз жарым экенмин,
Жалоорубай коё кал,
Жалгыз да болсом кетемин,
Кара таандай кытайга
Каршылашып жетемин,
Жатындашым баш тартса,
Жанында туруп нетемин.

Жолумду тороп жоо турса,
Корголоп кантип каламын,
Колумдан келчи баламын,
Күрөшөм десе, күрөшөм,
Таймашам десе, таймашам,
Сексен балбан, мен жалгыз,
Сексени менен кармашам,
Байыш болбой калайын,
Тоскон жоого барбасам,
Тоодой болгон калмакты
Толорсуктан сайбасам.
Колтуктан алып койгулап,
Каруум барда тирешем,
Кара башым соосунда
Жоом турса алдымда
Жолобой кантип жөн өтөм.
Жаныш койгун сөзүңдү,
Жаратпаймын өзүңдү.
Мазасыз сөздү көп сүйлөп,
Жигиттин үшүн албагын,
Жоо алдында турганда
Эрдин кылар иши эмес,
Коркоктукка барбагын.
Атаны кокуй дүнүйө,
Башка мүшкүл түшкөндө
Кылар ишиң бул беле.
Жанышым баатыр деп жүрсөм
Беттешпей жатып безилдеп,
Бейопа сөздү какшайсың,
Беймаза коркок жан белең.
Дүрбөлөңгө түшүрбө,
Жүрөк отун өчүрбө,
Ажал жетсе өлөбүз,
Алда салса көрөбүз,
Туюкка кирип жатсак да,
Баары бир күн өлөбүз.
Издегеним табылса,

Ай-талаадан кабылса,
Кармашпай кантип кетемин,
Кайкалап кантип өтөмүн,
Калкыма не деп барамын,
Өмүр өтүп кеткенче
Коркок атка каламын.
Канча айтсаң да токтобой,
Жоого жалгыз барамын,
Кашык каным калганча,
Каруум кетип тайганча,
Кармашып жатып өлөмүн,
Тагдыр салса көнөмүн,
Жаза тайып көз жумсам,
Азис атам Нурканга,
Ак байбиче Күлүканга,
Шейит өлүм болду де,
Ал экөөнүн камын же,
Көзүнө жаш албасын,
Баарыбыз барар дүйнөгө
Жайланып жай жатайын,
Кыйноого мени салбасын.
Коңулда жатып өлгөнчө,
Корголоп кордук көргөнчө,
Кан жутуп жатып өлөйүн,
Кудай салса көнөйүн.
Алдынан тосуп чыкпасам,
Айдың-Көл көздөй ыктасам,
Асили капыр Сыядат
Азиретаалы балдары
Коркуп качты дебесин,
Көпүрөдөн өтпөсүн,
Бейкапар жаткан кыргызга
Белсенип басып жетпесин,
Элимди чаап албасын,
Балаага журтум калбасын
Алдынан тосуп кытайдын
Айбат кылып бакырсам,

Жекеме-жеке чыксын – деп,
Аргын менен Аязды
Кармашууга чакырсам,
Жигиттин пири Шаймерден
Кошо жүрүп колдосо,
Эки бирдей баатырын
Эр Байышың сомдосо,
Кошуну калар шалкайып,
Качып берер чар жайыт.
Сексен жигит жанга алып,
Серүүгө чыгып көз салгын,
Кудай ишим оңдосо,
Аяз, Аргын жайласам,
Уй түгүндөй кытайды
Алдыма салып айдасам,
Кыргыз – деп ураан чакыргын,
Кырк миң колдой айкыргын,
Жабыла чаап киргиле,
Жаны чыксын кытайдын
Карышкыр койго тийгендей,
Туш-туш жакка бөлгүлө».
Байыш сөзүн бек айтып,
Жигиттер уксун деп айтып,
Ак олпогун кийгени,
Албарс кылыч илгени,
Айбат кылып бакырып,
Азиретаалы арбагын
Ураан кылып чакырып,
Кытайды көздөй жүргөнү,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кошундун үшүн алганы.
Ач кыйкырык чыкканда,
Ат дүбүртүн укканда,
Аскерлер калды дүбүрөп,
Алда неме болду – деп.
Бир бирине күбүрөп.
Азиретаалы арбагы

Аркамдан жөлөп колдо – деп.
Нуркандын уулу эр Байыш
Ач кыйкырык салганда
Тоодон таштар кулады,
Айбанаттар чуулады,
Куштар учту дуулдап,
Канатын кагып шуулдап,
Эликтер калды оттобой,
Улактарын жоктобой,
Карышкыр калды улубай,
Карганын үнү угулбай,
Аскадан чыкты жаңырык
Айбатына баш урап,
Токтой калып, суу акты,
Бүркөлө калып, күн чыкты,
Эр Байыштын бетине
Беш байпактык жүн чыкты
Ак тулпар жүрүп кеткенде
Шамал ызгып, жел сокту,
Баскан жери оюлду,
Жарыктыгым тулпардын
Көөрүктөй оозу чоюлду,
Даңканынан таш ыргып,
Аркасынан чаң ызгып,
Асманды туман каптады,
Капкараңгы түн болуп,
Капаска салчы күн болуп,
Сыядат кандын кошуну
Кайып алып каарына
Жер силкинип кетти – деп,
Канкор кан түпкө жетти – деп,
Кулактарын жапырып,
Кара чачын сеңселтип,
Бармактай башын чайкады ай,
Ат дүбүртүн байкабай.
Аңгыча туман басылды,
Күндүн бети ачылды,

Теребел тегиз тынчыды,
Жакаларын кармашып,
Бири-бирин ымдашып,
Аста-секин байкаса,
Жер силкинтер кошун жок,
Жалгыз атчан көрүндү,
Жапырылып сүйлөдү,
Жер жайнаган кошунду
Бир адамча көрбөдү.
«О, Сыядат кан, жөнүмдү ук,
Бастырып келдим сөзүмдү ук,
Баатырмын десең чыга кал,
Баланын сөзүн уга кал,
Жекеме-жеке чыгалы,
Байыркы салтты кылалы,
Белден алып күрөшүп,
Берендерче тирешип,
Күч сынашып көрөлү.
Мени бала көрбөгүн,
Каарыңды келтирип,
Каршы келди дебегин.
Кармашам десең – кармашам,
Таймашам десең – таймашам,
Сайышам десең – сайышам,
Чалышам десең – чалышам,
Батыраак бери чыга кал,
Байыштын сөзүн уга кал.
Коркок болсоң, коё кал,
Жолумду тоспой тура кал».
Көптү көргөн Сыядат
Мурутунан жылмайды,
Сыр бербестен муңайды.
Атаны көрү куу дүйнө,
Жалгыз келген баланын
Айтып турган сөзүн көр,
Карышкыр сымал жалтанбай,
Кара очоктой көзүн көр,

Бууданын көр, өзүн көр,
Буура сандуу бутун көр,
Булкунуп турган күчүн көр,
Көнөктөй болгон мурдун көр,
Буудай дандуу жүзүн көр,
Опурулган сөзүн көр,
Очоктой болгон оозун көр,
Кундуздай болгон чачын көр,
Куюлушкан сөзүн көр,
Азиретаалы өлбөптүр,
Артында изи калыптыр,
Кыргыздын түмөн эри бар,
Ушундай уул туулган
Эзелки душман багы бар.
Жекеме-жеке мен чыгып,
Жерге кулап жыгылсам,
Жолборстой болгон баланын
Бут алдына тыгылсам,
Ажалы жок өлөрмүн,
Армандуу күндү көрөрмүн,
Аяз баатыр беттешсин,
Аргын экөө эптешсин».
Чыкмак болуп жекеге
Аяз баатыр камынды,
Каргадай болгон баланы
Каруудан кармап кысам – деп,
Кан кустуруп жутам – деп.
Жарданып кошун карады,
Бөөдө өлүм болот – деп,
Жаш баланы аяды.
Эки баатыр кармашты,
Энкейишип таймашты,
Белден алып бекишти,
Беттеше келип чекишти,
Бутка чалма салышты,
Булкунуп тура калышты,
Колдо, арбак, колдо – деп,

Жатындашым Байышым,
Бөөдө ажал болбо – деп,
Сербеңдеп чыгып секиге
Эки көздөн жаш кетип,
Эзилип ыйлап күч кетип,
Жаныш турду эзилип,
Дүрбү салып отурду,
Эки көзү тешилип.
Эки баатыр арбашты,
Кабыргадан кармашты,
Кармаган жерден кан чыкты,
Булкунган жерден жин чыкты,
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Тоодой болгон Аязды.
Нуркандын уулу эр Байыш
Томолото салганы,
Колдоду баба арбагы.
Керилип Байыш тепкенде,
Көмкөрө салып өткөндө,
Коркураган үн чыкты,
Аяз алптан жан чыкты.
Секиден муну көргөндө
Ыйлады Жаныш буркурап,
Жигиттин баары чуркурап:
«Айланайын жигиттер,
Аллага ишим ак экен,
Арбак деген бар экен,
Абийир кудай бергени,
Тоодой болгон Аязды
Томкоруп Байыш жеңгени,
Бакыттын башка келгени.
Дагы да байкап туралы,
Байыш белги кылганда
Айкырык салып кирели,
Айыгышкан жоону сүрөлү».
Сыядат алды каарына

Айкырып кошун баарына:
«Томуктай болгон баладан
Тоодой Аяз жыгылды,
Бут алдына тыгылды.
Ажылдап баарың сүйлөйсүң,
Алптыктын жайын билбейсиң,
Кыжылдап баарың сүйлөйсүң,
Кыргыздын жайын билбейсиң.
Томуктай бала томпойтуп,
Толорсуктан илгени,
Тогуз өгүз жечү эле,
Толгон алпмын дечү эле,
Канакей Аяз жеңгени,
Намысты алып бергени».
Байыш турду бакырып,
Жекеме-жеке чыккын – деп,
Менин сөзүм уккун – деп,
Сыядат канды чакырып,
Ошондо Аргын балбаны,
Калдастап шашып калганы:
«Ачууңду бас таксырым,
Алтымыш балбан жыккамын,
Карууга салып кыскамын,
Күрөшкөнгө күчтүүмүн,
Алышканга алдуумун,
Чалышканга ыктуумун,
Каргадай болгон баланын
Кабыргасын кыйратып,
Кан чыгара жыкчуумун».
Ашыра айтты дебегин,
Аргындын жайы момундай,
Чүйлүсү бука санындай,
Кашы жылкы жалындай,
Сүйлөгөнү коркулдап,
Токойдо жүргөн камандай,
Эрдин байкап карасаң,
Чокой кийген тамандай,

Токсон торпок бир жеген,
Топуктукка келбеген,
Айбандан да жаман ай,
Байышка муну туш кылган,
Кудуреттин кылганы ай.
Басып келди чалкайып,
Аюу сымал балпайып,
Азиретаалы колдо – деп,
Ичинен Байыш дем кылды,
Кайыштыра кол бербей,
Атабыз Нуркан кем кылды.
Эки балбан кармашты,
Эси кете таймашты,
Бири-бирин булкушту,
Чапчый кармап жулкушту.
Топон жеген торпоктой,
Аргындын ичи чоң экен,
Карагай сымал кайкайып,
Бою бийик зор экен.
Колтукка колун сала албай,
Сабадай болгон ичине.
Көкүрөк тиреп тура албай,
Байыштын келди ачуусу.
«Кудай урган куу кытай,
Адам десем, мал экен,
Айбан десем, жан экен,
Тобо, топук кылбастан,
Топон жеген уй экен,
Толгоп буттан албасам,
Торой чалып салбасам,
Мунун токтотор күчү жок экен,
Ичи толгон бок экен.
Бууракандап эр Байыш
Булкунуп күчүн жыйганы,
Бурдап буттан алганы,
Чалкасынан салганы,
Эки аягы тыбырап,

Эрдемсинген Аргыны
Тура албай жатып калганы.
Жини келген эр Байыш
Топон жеген доңуз – деп,
«Бул жер сага конуш» – деп,
Керилип ичке тепкени,
Ичинен чыккан жин, канга
Талаа толуп кеткени,
Арам тамак Аргындын
Ажалы минтип жеткени.
Карап турган көп кошун
Эсинен танып калганы,
Бизди дагы жайлайт – деп,
Качып жолго салганы.
Кошун жөнөп бергенде,
Сыядат кан жинденип,
Айкырыкты салганы:
«Арсыз туулган акмактар,
Артыңан түшкөн кошун жок,
Атышаарга мерген жок,
Атайлап кыргыз келген жок,
Жалгыз жарым баладан
Кайда качып барасың?
Кылчайбай азыр жөнөсөң,
Кырып салам баарыңды,
Кыркып салам жаныңды,
Тартып алам малыңды.
Корко турган эмне бар,
Бала жалгыз, биз сансыз,
Аяз, Аргын баатырлар
Бала деп маани бербестен,
Ажал тапты бир калпыс».
Кытайлардын качканын,
Сыядат кандын шашканын,
Секиден Жаныш көрдү эми:
«Сербендеген жалгызым,
Аргын, Аяз жайлады,

Айбатынан тайбады,
Жүрөгү түшкөн кытайдын
Жулкунуп бирөө барбады.
Жигиттер биз да жетели,
Кыргыз – деп ураан чакырып,
Дүбүрт салып айкырып,
Байышты сүрөп кетели,
Алла бизге берген соң,
Жалгыз барып Байышың
Төөдөй болгон Аязды,
Дөбөдөй болгон Аргынды,
Так көтөрүп урган соң,
Табарсыгын жарган соң,
Карап неге жаталы,
Артынан түшүп кошундун
Тамашага баталы».
Жаныштын сөзүн макул – деп,
Жигиттер аны акыл – деп,
Жакаларын кармашып,
Жараткан бизди колдо – деп,
Жапырт атка мингени,
Сексен аттын дүбүртү
Жер силкинип кеткендей,
Дүңгүрөттү өзөндү.
Сексен жигит чуусунан,
Желбиреген туусунан,
Кошун коркуп шашканы,
Кокуйлап баары качканы.
Сол жагында эр Жаныш,
Оң жагында эр Байыш,
Албарс кылыч колго алып,
Алдыга түшкөн аскерди
Айдап кетип баратат,
Алды-артына карабай,
Жайлап кетип баратат.
Өлбө жаным, өлбө – деп,
Өкүргөнү мындан көп,

Кара кочкул кан агып,
Жөткүргөнү мындан көп,
Бир жаныма соога – деп,
Чуркап жүргөн мындан көп,
Көзүнүн жашы он талаа
Ыйлап жүргөн мындан көп,
Өлгөн болуп талаада
Жатып калган мындан көп,
Буту колдон ажырап,
Майып болгон мындан көп.
«Оңбо, как баш, оңбо» – деп,
Сыядат канды жекирип,
Тилдеп турган мындан көп,
Жаныш, Байыш эки эр
Качкан жоону кубалап,
Кызуусуна түшүптүр,
Кылчайып Жаныш караса,
Ак-Күргүндүн чегинен
Алыс узап кетиптир.
Кытайдын шаарын аралап,
Кирип барсак болбойт – деп,
Тизгинин тартып алганы,
Айкалышкан эки эр
Артын көздөй барганы.
Мерчемдүү жерге токтошуп,
Кучак жайып көрүшүп,
Көздөн жашын төгүшүп,
Алды-артын караса,
Кырк жигиттен дайын жок,
Кайда кетип жоголгон,
Калка кылар кайың жок.
Ошондо туруп эр Байыш
Агасына сөз катты:
«Айланайын бир боорум,
Аталаштай жүрчү элек,
Асылды бирге көрчү элек,
Тууган сымал жүрчү элек,

Ачуу менен таттууну
Бирге бөлүп көрчү элек,
Ай төбөдөн тоголсо,
Сексен жигит жоголсо,
Алардын дайнын билбестен,
Өлүп калса көмбөстөн,
Элге кантип кетебиз.
Экөөбүз барсак бастырып,
Сексен жесир ыйласа,
Жетим балдар сыздаса,
Ата-энеси боздосо,
Кайда таштап келдиң – деп,
Калбалуу* сөздөн козгосо,
Кандай айла кылабыз,
Эмне деп жооп табабыз.
Кайрылып кайта баралы,
Жигиттерди табалы,
Тирүү болсо көрөлү,
Өлүп калса көмөлү».
Бул айтканын акыл – деп,
Байыштын кебин макул – деп,
Жаныш кошо жөнөдү,
Жараткан болсун көмөгү.
Адамдан кылдат Сыядат
Кайышып келген колу жок,
Сайышып келген алпы жок,
Курал, жарак колдо жок,
Куран окур молдо жок,
Эки бала ээрчишип,
Эригип мында келгенин
Ири алдыда билди эми,
Ээрге канжар илди эми,
Токто, кытай, токто – деп,
Айкырык салып кирди эми.
Алдына чыгып имерди,
Астынан чыккан бешөөнүн
Башын кыйып жиберди.

Кандын коркуп каарынан,
Бетине чыккан заарынан,
Бөйпөндөп кошун жөнөдү,
Ажал келсе өлгөнү,
Азабы болсо көргөнү,
Сексен алпы баштады,
Секиден түшкөн эки бек
Кармашуудан качпады.
Айбат менен алышты,
Алды, артына чабышты,
Айбатына чыдабай,
Аларга каршы тура албай,
Алтымыш кытай кырылды,
Арстан сындуу эр Байыш
Артын көздөй бурулду.
Алтымыш алп биригип,
Мойнуна аркан салганы,
Көпкө топурак чачабы,
Канчалык баатыр болсо да,
Колго түшүп калганы,
Бул дүнүйө жалганы.
Жыйылып кытай барганы,
Буту, колун чынжырлап,
Алтымышы биригип,
Көтөрүп нарга салганы.
Салаалап агып кызыл кан
Кыйноодо Байыш калганы.
Байыштын жайын көргөндө,
Артынан түшүп көп аскер
Жетелеп нарды жүргөндө,
Жатындашы кыйналды,
Жаш балача ыйлады.
Көзүнүн жашы он талаа,
Колдобой койду бир Алла.
Жалгыз да болсо эр Жаныш
Бошотмок болуп бир боорун
Артынан чаап жөнөдү,

Тагдыр ушу болгон соң,
Эркине анын көнөбү.
Жолун тосту көп кытай,
Колдободу бир кудай,
Жарат алды баарынан,
Суудай болуп куюлуп,
Ажырады канынан.
Жыгыла турган болгондо,
Кончуна кан толгондо,
Тулпарга камчы салганы,
Жарыктыгым жаныбар
Куш менен тең учканы,
Тоо аралап кеткени,
Үңкүргө качып жеткени.
Артынан келген көп кытай
Кай кеткенин билбеди,
Жазгырып сен койдуң – деп,
Бири-бирин тилдеди.
Адамдан эстүү жаныбар,
Бул жараткан дүйнөдө
Шумдуктуунун баары бар.
Үңкүрдүн келип оозуна,
Жата калды созула.
Акырын Жаныш кулады,
Ээсин коюп тапшырып,
Душмандан изин жашырып,
Жаныбар тулпар чурады.
Жаныш жатты кансырап,
Алы кетип алсырап,
Жатындашы Байышы
Көз алдынан кетпеди,
Эс-учун билбей жатса да,
Эчкирип ыйлап эстеди.
«Жараткан кандай кылайын,
Башыма салдың убайым.
Жатындаштан айрылып,
Армандуу кылды кудайым.

Кансырап боорум жатканда
Ажыратып албадым,
Ичимде калды арманым.
Тузум урган кырк жигит
Туура кызмат кылбадың,
Согушуп биз жатканда
Жаныбызда турбадың,
Ажырап бектен калдым – деп,
Арбашып алар жатканда,
Кызыл канга батканда,
Жашынып коодо жаттым – деп,
Элге кантип барасың.
Жаныбыздай көрчү элек,
Жаман, жакшы бөлчү элек,
Жамандык башка түшкөндө
Жалгыздыкты билгиздиң,
Эки бала сереңдеп,
Алды-артын билбей элеңдеп,
Эссизден келди дегиздиң,
Айланайын жалгызым,
Алтындай жүзүң көрөмбү,
Же алсырап жатып өлөмбү?
Күндөй жүзүң көрөмбү,
Же күйүп жүрүп өлөмбү?
Ардагым Байыш сен өлсөң,
Азабыңда мен өлсөм,
Атабыз Нуркан кантмекчи.
Жараттан аман айыксам,
Жатындаш сени табармын,
Жанар оттой жанармын,
Кубанчыңа канармын.
Жер түбүнө түшсөң да,
Жеткире издеп табармын,
Бал тилиңе канармын.
Жараткан кудай жар болсо,
Акыры бир күн барармын,
Барбардигер бар болсо,

Ажыратып алармын.
Айланайын жарыгым,
Жаныңды бек кармай көр,
Жараткан өзү жалгай көр.
Арбак урган кырк жигит,
Калың колду көргөндө
Коркуп коого жашынып,
Коңулдан карап турганы,
Аларды кудай урганы.
Теребел тынчып калганда,
Калың кол жолго салганда,
Камыштан чыгып бастырып,
Капчыгай кууш кирди – деп,
Канжыгадан кан агып,
Өлөр алга келди – деп,
Жанышты издеп табалы,
Тирүү болсо көрөлү,
Өлүп калса көмөлү.
Эки бектен ажырап,
Ээрчишип аман барганда,
Баары бир Нуркан өлтүрөт,
Тирүүлөй бизди көмдүрөт».
Акылдашып өз ара
Күндөп, айлап издеди,
Эч бир дайны билинбейт,
Тулпардын изи көрүнбөйт.
Эми кандай кылдык – деп,
Айласы кетип турганда,
Аттардын туюп дабышын,
Адамдан эстүү Кер тулпар
Окуранып үн салды.
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Аскадан түшө келгени.
Жарыктыгым жаныбар
Көзүнөн жашын ирмеди,
Жаш куюлду жамгырдай,

Мусапыр кылды бир кудай.
Булкунуп турган бууданың,
Булчуң, эттен кетиптир,
Алы кетип алсырап,
Каны кетип кансырап,
Күндүр-түндүр күзөтүп,
Ак ыргайдай арыктап,
Өлөр алга жетиптир.
Окуранып үн салды,
Жалдырап турган жигиттер
Жыя албай эсин таң калды.
Тулпарды ээрчип жөнөштү,
Караңгы үңкүр ичинде
Капталда жаткан кансырап,
Эр Жанышты көрүшүп,
Эзилишип ыйлашты.
«Айланайын таксырым,
Алдыңа келдик көзүндү ач,
Алтындай болгон сөзүң чач.
Байыштан калдык ажырап,
Жатыпсың өзүң кансырап,
Күндүр-түндүр издедик,
Элге кайтып кетпедик.
Азиретаалы арбагы
Арка болуп колдосо,
Айыгасың жараттан,
Аралжы болсо жараткан.
Азабында жүрөбүз,
Бир өзүндү таба албай,
Арып-ачып жүдөдүк.
Колоттон-колот койбодук,
Куу түлкүдөй жойлодук,
Адырдан-адыр койбодук,
Карышкырча жойлодук,
Акыры айла кеткенде
Капчыгайды өрдөдүк,
Кер тулпарды көргөндө

Бакырып тегиз ыйладык,
Барбардигер кудурет,
Бекке паана бергин – деп,
Жаныбызды кыйнадык.
Бизде арман болбостур,
Аман көрдүк өзүндү,
Алтындай болгон жүзүндү».
Жигиттердин улуусу
Какшап сүйлөп турса да,
Төгүлтүп жашын күйсө да,
Жаныштын туяр алы жок,
Тирүү жатат дебесе,
Тирүүлүктөн дайын жок.
Шишиктен бети көрүнбөйт,
Араң согуп тамыры
Болор-болбос бүлкүлдөйт.
Ошондо эстей коюшту,
Кандай заман болот? – деп,
Күлүкан берген дарыны,
Тегеректеп калышты,
Бакдөөлөт аттуу карыны.
Тердикти сөгүп ийишти,
Кол башындай сур баштык.
Сууруп алып көрүштү,
Бири-бирин кучактап,
Сүйүнүшүп өбүштү.
Чымчып дары ичирип,
Кырк жигит ыйлап эчкирип,
Эртели-кеч элүү күн.
Жанынан кетпей багышты.
Туура эки ай болгондо,
Ай жаңырып толгондо,
Эсине келди эр Жаныш,
Өсүптүр сакал бир карыш.
Чачы куудай болуптур,
Өзү куурай болуптур,
Көзүн ачып кеп айтат,

Аталаштай кырк жигит,
Кайдан келдиң? – деп айтат.
Бир боорум Байыш кайда? – дейт,
Жатындаштын камын жейт.
Атаны арман дүнүйө,
Жалгызымдан айрылып,
Канатым калды кайрылып,
Кытайлар туткун кылды – деп,
Кудай мени урду – деп,
Кантип барам элиме,
Алты-Шаар жериме,
Атам Нуркан бегиме.
Айланайын кырк жигит,
Айланышпай кете бер,
Сагынгандыр ата-энең,
Эртерээк элге жете көр.
Мен ушул жерде калайын,
Байыштан кабар алайын,
Өлсөм бирге өлөрмүн,
Өлбөсөм элди көрөрмүн.
«Койгун бегим кетели,
Элге эрте жетели,
Канга дайнын айталы,
Курал, жарак мол камдап,
Кайыштырып кол камдап,
Андан кийин келели,
Кармашып кытай көрөлү».
Кырк жигит турду чурулдап,
Айрымдары уңулдап,
Ага Жаныш болбоду,
Болбой мойнун толгоду.
Болбосун билип Жаныштын
Коштошуп жөнөп калышты,
Кылчактап баары майышты.
Кара-Үңкүрдү мекендеп,
Байышты көрөр бекем – деп,
Жата турсун эр Жаныш,

Кандай алда болду экен,
Жатындашы эр Байыш.
Туткундалган баатырдан
Канжыга бою кан акты,
Токтоо бербей шар акты,
Алтымыш жери тешилип,
Уйкусу келин көшүлүп,
Колу, буту чынжырда,
Колоңдой темир мойнунда.
Ушундай алда турса да,
Кайратынан жанбады,
Эки көзү жалжылдап,
Шакардай болуп кайнады.
Баланын коркуп сүрүнөн,
Кара таандай кытайдын.
Бири да басып барбады.
Ошондо Сыядат кеп айтат,
«Уккун баарың – деп айтат,
Кылычтын мизи өтпөгөн,
Сууга салса чөкпөгөн,
Отко салса күйбөгөн,
Тири шумдук бала экен,
Аяз менен Аргынды
Карыштыра кармады,
Арстандай жайлады.
Кабыландай качырды,
Калың кошун жапырды,
Кара таандай көп кытай,
Каарына чыдабай,
Кайрат кылып тура албай,
Качып берсе болобу,
Кайраты жок оңобу.
Сексен балбан күрөшүп,
Туш-тушунан тирешип,
Токсон балбан күрөшүп,
Тобу менен тирешип,
Араң колго түшүрдүк.

Алтымыш жарат алса да,
Алы кетип турса да,
Алкынып турган күчүн көр,
Айбат кылган жүзүн көр,
Аркырап аккан канын көр,
Арстандай сүрүн көр.
Өлтүрүп муну тыналы,
Аман кетсе элине.
Ай айланбай келмекчи,
Азапты колго бермекчи,
Күн айланбай келмекчи,
Күйүттү бизге бермекчи.
Алтымыш кулач зынданга
Алып барып салалы,
Алы кетсин алсырап,
Каны кетсин кансырап,
Күн көрбөй көзү тунарсын,
Шалдырап буту суналсын.
Курт-кумурска тойлосун,
Кытай деген ким экен,
Зынданда жатып ойлонсун.
Эрдемсип келген эме экен,
Туткунда жатып кор болсун».
Макул, таксыр, макул – деп,
Айткан сөзүң акыл – деп,
Кытайлар макул болушту,
Арстан Байыш баатырды
Зынданга салмак болушту.
Хандын кызы Желкайып
Пери сымал суналып,
Буладай чачы чубалып,
Бурала басып келгени,
Бууракандап жулкунган,
Буура сымал умтулган,
Байышты карап көргөнү,
Капырай, кабылан сымал экен – деп,
Астыртан көнүл бөлгөнү.

«Атамдын айтканындай бар экен,
Арстан сымал жан экен,
Жоолашып келди дебесе,
Тийип алчу бала экен,
Тиктегени башкача
Тимеле күйгүзүп ийчү жан экен.
Жүрөгүндө жалы бар,
Алтымыш эрдин алы бар,
Кара көздө калы бар,
Касиеттүү жан экен,
Кыркышып келди дебесе,
Күйөө болчу жан экен».
Аялдан аяр Желкайып
Ары-бери ойлонуп,
Миң кайтара толгонуп,
Ойго чөмүп турганы,
Байышка көңүл бурганы,
Сүйүү оту жалындап,
Кызды кудай урганы.
Топурап калың эл тарап,
Баланын айтып эрдигин
Жактыргандар бир тарап,
Калың жоону жеңгенсип,
Кыргызды чаап келгенсип,
Канга кылып кошомат
Ичилип жатты көп шарап.
Жата берсин Байышын,
Жаратын көрүп кайыштым.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат арытып мол жүрүп,
Кырк жигит элге келиптир,
Эңсеп келген жеринен
Алааматты көрүптүр.
Акжол, Дарбаз эки кул,
Бири жылкы кайтарган,
Бири тоо башында кой жайган,
Эзелки кегин алыптыр,

Чабуулдан келген эки кул
Кайырдин* болгон кески кул,
Тагынан Нуркан түшүрүп,
Эки бек атын өчүрүп,
Бийликти тартып алыптыр,
Мал-жанынан ажырап,
Башкарганга эли жок,
Кайтарганга малы жок,
Казына толгон алтын жок,
Күмүш менен зери жок,
Күйүтүн тартар эри жок,
Жаныш, Байыш шери жок,
Мусапыр болуп калыптыр,
Алда Таала кудурет
Башына кайгы салыптыр.
Муну билип кырк жигит
Өзүнүн жайын билгизбей,
Баскан жолун туйгузбай,
Жашырып изин барыптыр.
Туш-тушка тарап кетиптир,
Кырк жигит аты өчүптүр.
Зынданда Байыш жатканы,
Билинбейт күндүн батканы,
Каркылдап каздар учпаса,
Жолобой киши качканы.
Ордо жатат бир бала,
Оюна түштү миң санаа.
«Элимдин элем эркеси,
Кой баштаган серкеси.
Атабыз эле падыша,
Энебиз Күлүкан каныша,
Жаныш менен жүрчү элем,
Ит агытып, куш салып,
Орто көл, Баш көл аралап,
Сайрандап сейил курчу элем,
Эми мусапыр болуп жатамын,
Алтымыш жерден кан агып,

Токтобостон дара* агып,
Ичимден күйүп капамын,
Атанын тилин албадым,
Барба деп айткан сөзүнө
Баар салып калбадым.
Эненин тилин албадым,
Эрмегим кой – деп ыйлады,
Асыл жанын кыйнады,
Ага да назар салбадым,
Аттанып чыкпай калбадым,
Ичимде жатат арманым,
Көңүлүм сурар киши жок,
Бул дүйнөнүн жалганын.
Жаныштын тилин албадым,
Жалынса да калбадым,
Жалындап турат арманым.
Ордо жатып мен өлсөм,
Жаралуу Жаныш сен өлсөң,
Калктын жайы не болот,
Камоодо калар тулпарым,
Кароосуз калар шумкарым,
Азапка калар элибиз,
Ээсиз калар жерибиз.
Басып кирсе кытайлар,
Баш көтөрөр адам жок,
Айдап-айдап мал алар,
Алтын, күмүш зер алар,
Жигиттер кетер туткунга,
Коркоктор качар быткылга.
Кыз, келин кетер күң болуп,
Ай караңгы түн болуп.
Жараткан мага жар болсо,
Туткундан бошоп чыгармын,
Шашпай тургун Сыядат,
Тамаша сага курармын,
Агызармын канынды,
Кыярмын сенин жанынды.

Азирет Аалы арбагы
Перзентинди колдой көр,
Жакшылыкка жолдой көр».
Жата турсун эр Байыш,
Кандай болду эр Жаныш?
Жаныш жатып ойлонду,
Миң кайтара толгонду.
«Жалгызым жатса туткунда,
Жатканым болбос быткылда.
Кара чачым өрөйүн,
Кытайдын кийимин киейин.
Шаардан-шаарга кыдырып,
Дудук болуп тунжурап,
Кудайчы болуп нан сурап,
Байкоо салып жүрөйүн,
Ажалым болсо өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн,
Айланайын жалгызым,
Өлсөң сөөгүн көмөйүн,
Өмүрүм өтүп кеткенче,
Өксүп ыйлап жүрөйүн.
Тирүү болсоң жалгызым,
Айланаңан кетпестен,
Түнөк кылып жатайын,
Түн менен бирге батайын.
Кагылайын жалгызым,
Бир көзүмдөн жаш алдың,
Бир көзүмдөн кан алдың,
Кыйноого мени не салдың?
Жолго эрте чыгайын,
Сенден кабар алайын,
Туткунда жатсаң кыйналып,
Кабарыңды билбестен,
Катарлай басып жүрбөстөн,
Эрдик кылган эмече,
Эрдемсип кантип жатайын,
Элге кантип барайын».

Жөнөп калды Жанышын,
Издемекке Байышын.
Шаардан-шаар кыдырды,
Топтолушкан топ болсо,
Калк чогулган той болсо,
Кандай кабар угам – деп,
Тоорулуп барып отурду,
Мусапыр экен байкуш – деп,
Тойго келген адамдар
Этегин ашка толтурду.
Туура беш жыл толгондо
Өзү болду ыргайдай,
Бити болду торгойдой,
Каны калды бир кашык,
Эти болду көк жашык.
Жалгызды таппай калдым – деп,
Өксүп-өксүп ыйлады,
Өлөргө жанын кыйнады.
Бир күндөрү болгондо
Сыядаттын ордосун
Сурамжылап келгени,
Калың бактын ичинде
Карайлап жата бергени.
Түн жарымы болгондо,
Ай жаркырап толгондо,
Ордодон чыгып бир караан
Алды, артын карады.
Акырын баса жөнөсө,
Аргамжыдай кара чач
Алтын сымал төгүлдү,
Ай перидей сулуу кыз
Көз алдына көрүндү.
Бир колунда түйүнчөк,
Бир колунда кумганы,
Жыла басып жөнөдү,
Мында бир мандем бар го – деп,
Артынан Жаныш келеди.

Калың токой аралап,
Ай жарыгын пааналап,
Кыз келатат жүгүрүп,
Түзөлө калып бүгүлүп,
Жаныш да алды такымдап,
Артынан калбай закымдап.
Аңгыча кыз токтоду,
Бир ордун башына,
Сызылып сүйлөп, үн салды,
Жакын келип шашыла:
«Ардагым, Байыш, баш көтөр,
Аш болбосо, ал кетер,
Алың кетсе, жан кетер.
Казы менен картаны
Алып келдим алдыңа,
Ал-күчкө толуп эртерээк.
Жеткин кыргыз калкыңа,
Өзүндү күткөн жалпыга.
Асылым Байыш сен деймин,
Жолуксам – деп дегдеймин,
Кытайдын кызы болсом да,
Кыргыздын жерин жердеймин,
Өзүң менен баш кошсом,
Кайрылып кайта келбеймин.
Мусулман болдум жашымдан,
Кыргызга келин болсом – деп,
Ойлодум эле башынан.
Нуркандын уулу Байышты
Туткундап алып келдик – деп,
Ордого кабар келгенде,
Опколо түштү жүрөгүм.
Жүгүрүп келип карасам,
Алтымыш жериң жаралуу,
Туткунда адам каралуу,
Арстандай булкунуп,
Айбат кылып турупсуң,
Дара-дара кан агып,

Алың кетип курупсуң.
Көзүңдөн от жалындап,
Туш-тушту көздөй бөлүндү,
Бир өзүңдү көргөндө
Көңүлүм дал-дал сөгүлдү,
Куткарып алар алым жок,
Каршылык кылар чамам жок,
Көл болуп жашым төгүлдү.
Буту, колуң зоолуда,
Коломо темир мойнуңда,
Колукту болуу оюмда.
Өлүмгө өзүм кыйбадым,
Боортоктоп жыгылып,
Бүбү Батма колдо – деп,
Үстөкө-босток ыйладым,
Үч күнү жашым тыйбадым.
Үч күндө башым көтөрүп,
Атам Сыядат алдына
Аста басып баргамын,
Акыл салып калгамын.
«Айланайын атаке,
Алышып жүрүп жоо алдың,
Атышып жүрүп доо алдың,
Ажалы жок соо калдың.
Кыргызды кыра чапкансың,
Кылымга жете арткансың.
Эми алтымышка келгениң,
Артында эркек бала жок,
Алың кетсе, кара жок,
Алды-артыңды жыйгының,
Куру бекер кан төкпөй,
Напсиңди бир аз тыйгының.
Бейажал адам өлтүрүп,
Зобун* болбо каныңа,
Зыяны тиет жаныңа,
А да бир кандын баласы,
Алтымыш жерден найза жеп,

Дайрадай болуп кан агып,
Бир апта турат байланып,
Көргөн кытай эмне – дейт,
Ар ким өз башынын камын жейт,
Каныбыз канкор дебесиң,
Башыңа ажал келбесин.
Салып койгун оруңа,
Келгендир бала шоруна,
Ажал жетсе анда өлсүн,
Курт, кумурска торунда».
Айтканың кызым акыл – деп,
Атаң болсун макул – деп,
Орго сени салганы,
Алла Таала кудурет
Жардамчы болуп калганы.
Беш жыл болду багамын,
Эми айланды кандай табамын.
Атам оңой жоо эмес,
Билинип калса кылганым
Чачымды жулар искектеп,
Өлтүрөр мени бишкектеп.
Өлсөм мейли кайылмын,
Сенин айлаң не болот,
Түндө жатып ойлоном,
Түшүмдөн чочуп толгоном,
Арстаным айтчы акылды,
Желкайып ою чачыңды».
Кыз сүйлөп, сөзүн бүткөн соң,
Күңгүрөнө үн чыкты,
Экөөнө күбө ай чыкты.
«Айланайын Желкайып,
Батамды берем кол жайып,
Беш жыл тарттың мээнетти,
Түйшүк менен күн өттү.
Ордон чыксам аман-соо
Эмгегинди билермин,
Элимдин кылып эркеси,

Эркелетип жүрөрмүн.
Алтындан сырга тагармын,
Ардактап сени багармын.
Аргымак атты минерсиң,
Абысын-ажын ичинде
Акылман болуп жүрөрсүң.
Күлүк атты минерсиң,
Күлгүн кыргыз ичинде
Гүл сыяктуу жүрөрсүң.
Күкүгүм менин Желкайып,
Эне-ата тилин албастан,
Жанышка назар салбастан,
Өзүмдөн кетти бир айып,
Коломолуу кол болсо,
Курал, жарак мол болсо,
Алдырбайт элем душманга,
Калбайт элем бушманга.
Айланайын жан шерик,
Көп эле капа болбогун,
Андан көрө Байышты
Ушул ордон чыгарып,
Кетүүнүн камын ойлогун.
Курал, жарак мол болсун,
Экөөбүзгө жол болсун,
Эки тулпар камдап кой,
Алтымыш кулач аркаңды
Канжыгага байлап кой.
Эч кимге шек алдырба,
Кайратыңды жандырба.
Бир апта жүргүн камынып
Шек бир санап калбасын,
Сыядат кан атаңдын
Ишенимине алынып.
Азиретаалы атамдын
Арбагы бизди колдосо,
Жарык чачып жолдосо,
Ордон чыгып кетебиз,

Айланайын ашык жар,
Ойлогон ойго жетебиз.
Баарынан кечтиң мен үчүн,
Кайгырамын сен үчүн,
Калкыма жетер бекемин,
Башымды сайдым эл үчүн.
Тараза жылдыз толуптур,
Таң атар мезгил болуптур,
Бирөөлөр туюп калбасын,
Башыңа балаа салбасын,
Ашык жарым бара көр,
Билинбей жатып кала көр».
Кош айтып кыз жөнөдү,
Айласы кеткен Жанышты
Кубанычка бөлөдү.
Ор башына келгени,
Оо борум, Байыш – деп,
Өкүрүп ыйлап киргени.
«Айланайын жан боорум,
Аман-эсен барсыңбы,
Арстандай болгон өзүңдү,
Ак буладай жүзүңдү,
Көрөр күнүм болобу,
Боорума кучактап,
Боздоп ыйлап жүзүңдөн
Сүйөр күнүм болобу?
Думана киймин кийгенмин,
Дудук болуп мелтиреп,
Бечара күнүн көргөмүн,
Беш жыл издеп жүргөмүн.
Кудайга ишим оң экен,
Колдогонум зор экен,
Өзүңдү таптым бул жерден
Айланайын жалгызым,
Бир туугандан айрылган,
Канаты сынып кайрылган,
Шумкар менен тең экен,

Ыйлаганым эп экен.
Беш жыл бою ыйладым,
Асыл жанды кыйнадым.
Өлөйүн деп өлбөдүм,
Өлбөстүн күнүн көргөмүн.
Кырк жигит кеткен элиңе,
Алты-Шаар жериңе,
Арбак урган кырк жигит,
Кайрылып кабар албады,
Курал, жарак мол алып,
Коломолуу кол алып,
Артыбыздан барбады,
Көтөрбөскө айла жок,
Бу да Алланын салганы,
Бул дүнүйө жалганы.
Жакшы кабар көп угуп,
Кыздын сөзүн даана угуп,
Балкып боюм тердеди,
Күрмөөгө тилим келбеди.
Бошонору жакын – деп,
Байыштын сөзү акыл – деп,
Ыйлап ийдим солкулдап,
Жүрөгүм турат болкулдап.
Айланайын жатындаш,
Бир адамдай акылдаш,
Үнүңдү бир аз чыгарчы,
Корккон жүрөк басылсын,
Жаныштын көөнү ачылсын».

Байыш сүйлөп жаткан чын эле Жанышпы, же аңдып колго түшүрө албай, сырымды тартып жүргөн душманбы деп бушайман болуп, унчукпай жатып калды эле, Жаныш чындап ишенсин – деп дагы да үн салды:

«Айланайын чырагым,
Аргымак сындуу бууданым,
Айламды таппай турамын,

Мусапыр болгон агаңды
Эминеге сынадың?
Үнүңдү уксам кубанам,
Ордо жаткан өзүңдү,
Көрө албай кантип тура алам.
Кайрылып жооп бербесең,
Буту, колум сынса да,
Үзүлүп жаным тынса да,
Ыргып түшөм оруңа,
Бу да менин шорум да».
Ор башыңда какшаган,
Агасы Жаныш экенин
Ошондо Байыш билгени,
Айланайын агам – деп,
Өзүңө кантип барам – деп,
Кыйкырык салып киргени.
«Жатындашым Жанышым,
Мынча неге кайыштың?
Ордо жатат дебесең,
Оюлуп кеткен оорум жок,
Зынданда жатат дебесең,
Сыздатып иер оорум жок.
Колго түшүп келгени,
Өзүңдү катуу эстедим,
Оюмдан такыр кетпединң.
Насипсиз пенде болбойт го,
Жараткан өзү колдойт го,
Жарат алып келгени,
Желкайып көңүл бөлгөнү,
Кытайдын берди дарысын,
Кызылы менен сарысын.
Күндө келет орума,
Туш кылып мени койгонбу,
Байкуш кыздын шоруна.
Кайраты анын таш жарат,
Сөзү берет кош канат,
Сулуулугу башкача,

Сүйлөгөнү таптаза,
Кадырына жетермин,
Калкыма алып кетермин,
Кыянат мени кыспаса.
Ашык болду өзүмө,
Кумар болдум сөзүнө,
Каухар сындуу жүзүнө,
Жер чийген узун чачына,
Алмадай болгон башына,
Сурмалуу кара көзүнө,
Суктанып жүрүп өтүүгө.
Аялдан аяр жан экен,
Акылы артык бар экен,
Кылыч алса колуна,
Кыйратып коёр жайы бар,
Кырк адамдын каары бар,
Кытайдын кызы дебесең,
Желкайыпта баары бар.
Жети кыздын кенжеси,
Сыядаттын эркеси,
Кандыкты берем дечи экен,
Кызынын камын жечи экен.
Айланайын жатындаш,
Азыраак күн калгансыйт,
Арылармын шорумдан,
Сыядат салган орумдан.
Мында калып нетесиң,
Не максатка жетесиң,
Чалынып душман көзүнө,
Бейажал өлүп кетерсиң.
Жан бүткөнгө билгизбей,
Сакчыларга туйгузбай,
Каралап бир күн тургунуң,
Бал сөзүндү угайын,
Паана тутуп турайын.
Үңкүрдү көздөй бара бер.
Кер тулпарың жүргөндүр,

Келеби деп каралап,
Жаткан жериң пааналап.
Эс алып, жыйгын күчүңдү,
Кетүүгө Байыш күтүндү».
Байыштын сөзүн макул – деп,
Айткан сөзүн акыл – деп,
Бир күн туруп жөнөдү,
Аны-муну дегенге.
Байыш баатыр көнөбү,
Шамдагай басып жол тартты,
Шаттанып көңүл оң тартты,
Кызый-кызый жол жүрдү,
Күлүк аттай мол жүрдү,
Аргый-аргый жол жүрдү,
Аргымак аттай мол жүрдү.
Үңкүргө жете келгени,
Кесимдикке эти жок,
Камын көрөр ээси жок,
Аза күтүп аңгырап,
Тартылып ичи каңгырап,
Тура албай жаткан тулпардын.
Көзүнөн жашы чууруду,
Көңүл жай келген Жаныштын
Заманасы куурулду.
Жетелеп атын оттотуп,
Көңүлүн жайлап токтотуп,
Жата берсин эр Жаныш,
Сөз кезеги эр Байыш.
Адамдан аяр Желкайып
Ат сарайга барганы,
Кара ала менен Көк ала,
Тулпарга көңүл салганы,
Жолдо азык болор – деп,
Күлазыктан камдады.
Алтымыш кулач арканды
Мерчемдүү жерге койгону.
Кандай заман болот – деп,

Курал, жарак алганы,
Түн жарымы болгондо
Ат сарайга барганы.
Кара алага мингени,
Көк аланы жетелеп,
Көзүнө түшпөй сакчынын.
Орду көздөй желгени.
Орго аркан салганы,
Обдулуп турган эр Байыш
Белине аркан чалганы.
Орто жерге келгенде
Кептелип туруп калганы.
Көк ала менен Кара ала
Көл шал болуп тердеди,
Тартууга күчү келбеди.
Айласы кетип Байыштын
Булкунуп түшүп кеткени,
Ор түбүнө жеткени.
Жини келген Желкайып.
Орду карап бакырды,
Угуп тур – деп чакырды.
«Беш жыл болду багамын,
Бечара болуп барамын,
Түндө уйку көрбөймүн,
Бирөө байкап калат – деп,
Коркконумдан калтырап,
Көл шал болуп тердеймин.
Ойго келбей жатасың,
Сырыңды менден катасың.
Көңүлүң менде жок болсо,
Көрүнбөйүн көзүнө,
Көңүл бөлбө өзүмө.
Кош айтышып кайтайын,
Бир кишиге билгизбей,
Жан адамга туйгузбай,
Сырымды ичке катайын,
Сыздап ыйлап жатайын».

Кыздын айткан сөздөрү
Байышка тийген ок болду,
Күйдүрүп иер чок болду.
Байкоосуз кылган ишине
Өзү да калды уялып,
Кайрылбай кетип калар – деп.
«Айланайын Желкайып,
Айтканыңдын жөнү бар,
Байыштын айтар кеби бар,
Беш жыл жүрдүң жүгүрүп,
Белиңди ийип бүгүлүп,
Унутулгус иш кылдың,
Көңүлүмдү куш кылдың.
Өзүңдөн жардам болбосо,
Жаман күндү көрмөкмүн.
Куштар болдум өзүңө,
Капа болбо өзүмө,
Беш жыл ордо жатыпмын,
Белчемден орго батыпмын,
Көтөрө албай боюмду
Көөдөнүм кара зил болуп,
Как жыгачтай катыпмын.
Эсиңе сенин салайын,
Эбин өзүң таап кел,
Минген атым Ак тулпар
Алып кетип кытайлар,
Башына чынжыр чалгандыр,
Бутуна кишен салгандыр,
Ак олпогум берейин,
Кийип алып барып кел,
Жытымды сезсе жарыктык,
Тоо болсо да уратат,
Аска ташты кулатат,
Тулпарды таап алып кел.
Өзүмдүн атым болбосо,
Башканын күчү жете албайт.
Тартып ордон кете албайт».

Айткан сөзүң акыл – деп,
Аткарайын макул – деп,
Желкайып кайра тартканы,
Жараткандын жазганы.
Адамдан аяр Сыядат
Ак тулпар минсе кетет – деп,
Түбүмө менин жетет – деп,
Чынжырдан жүгөн катыптыр,
Бутуна кишен салынуу,
Жылкынын башы Ак тулпар,
Жер астында камалуу
Туткундалып жатыптыр.
Жарыктыгым жаныбар
Байыштын жытын сезгенде,
Кишен ыргып сүзүлдү,
Быт-чыт чынжыр үзүлдү,
Жети катар каалганы
Жемире тиштеп салганы,
Сөзүмдүн жок жалганы,
Жыттагылап олпокту
Кызга жакын келгени,
Ага кудай бергени,
Башына жүгөн салганы,
Колдо Теңир, колдо – деп,
Ашыгым ара жолдо – деп,
Жетелеп орго барганы,
Алтымыш кулач арканды
Байышты көздөй салганы,
Сүйүнүп кетип эр Байыш
Белине аркан чалганы,
Белен болуп калганы.
Жаныбарым Ак тулпар
Ары-бери ыкшады,
Ордого жакын ыктады,
Беш жыл бою байланып,
Ментинен тайып калган бейм,
Дайра болуп тер кетип,

Омурткасы кычырап,
Кабыргасы кайышып,
Төрт аягы майышып,
Бардык күчүн жыйганы,
Азирет Аалы колдо – деп,
Кыйкырып Байыш турганы,
Обдулуп барып тартканы,
Опол-тоодой эр Байыш
Ордо үстүндө жатканы.
Жүгүрүп келип Желкайып
Көзүнөн жашы буурчактап,
Жан-жагын карап кылчактап,
Үстүнө түшө калганы,
Оо, дүнүйө жалганы,
Ашыгына жетпесе,
Арылбас кыздын арманы.
Окуранды Ак тулпар
Жыттагылап Байышты,
Көзүнөн жашы чууруп,
Заманасы куурулуп,
Чай кайнам жатты эр Байыш,
Эс-учуна келе албай,
Эмне экенин биле албай,
Көзүн ачып бир кезде
Көрө калды ашыгын,
Канчалык баатыр болсо да,
Байыштын көрчү жашыгын.
«Айланайын жан шерик,
Азапты тарттың мен үчүн,
Ажалдан калдым сен үчүн,
Алла Таала жол берсе,
Айылга эсен барарбыз,
Ашыктык отко канарбыз.
Күлүк атты минербиз,
Күлүп-ойноп жүрөрбүз,
Аргымак атты минербиз,
Алышып ойноп күлөрбүз.

Айланайын Желкайып,
Беш жыл бою зарладың,
Мээнеттен эч бир талбадың,
Түн уйкуңду бөлгөнүң,
Саамай чачын сербейтип,
Карааныңды эрбейтип,
Канткенде коём унутуп,
Ай караңгы түндөрдө,
Кар, борошо күндөрдө,
Ор башына келгениң,
Опсуз кайрат бергениң.
Сүйлөшө турган сөзүм көп,
Сүрдүгө турган жөнүм эп.
Таазим кылам өзүңө,
Нурдай таза сезимге,
Шашыла жөнөп кетели,
Жаныш тосуп жүргөндүр,
Болжогон жерге жетели.
Азаттыкка жеткенде,
Жоодон алыс кеткенде,
Сүйлөшүп кумар жазалы,
Эки тулпар алып кел,
Эртерээк ордо барып кел,
Түнү бою качалы».
Желкайып кетти жүгүрүп,
Үч кайтара бүгүлүп,
Ашыгыма жеттим – деп,
Ашкере жүрөт сүйүнүп.
Күрүч, күрмөк жем жеген,
Күлүктүн ээси ким деген,
Эки кара тулпарды
Катары менен жетелеп,
Толтура куржун аш алып,
Айланайын атам – деп,
Ак сүтүн берген апам – деп,
Ашык болуп кыргызга
Айлымдан кетип жатам – деп.

Күчүң жетсе кечир – деп,
Жүрөктөн атым өчүр – деп,
Эки көзгө жаш алып,
Жетип келди энтелеп,
Болжогондон эртелеп.
Байыш менен Желкайып
Тулпарларга минишип,
Азиретаалы арбагы
Алдымдан тосуп колдо – деп,
Байышың азыр жолдо – деп,
Атка камчы салышты,
Аргымак оозун жыйбастан,
Бири-бирин кыйбастан,
Колдой көргүн кудурет,
Эки ашык жөнөп калышты.
Түнү бою жүрүштү,
Түркүн ойду бөлүштү,
Тоо аралап келгенде,
Калың токой көргөндө,
Кудай урду Байышты
Жатып уктап алам – деп,
Ат жалына жабышты.
Безилдеп турду Желкайып,
Аңкоо баатыр аңдабайт,
Аңды-дөңдү талдабайт,
Байкуш кызда не айып,
Айтканына болбоду,
Болбой мойнун толгоду,
Көлөкө жерге ыктады,
Аны-муну дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Коңурук тартып уктады.
Коңурукту кош тартты,
Каман сымал коркулдап,
Тердеп кирди боркулдап.
Токой ичин жаңыртып,
Коркураган үн чыкты,

Эмне болуп кетти – деп,
Жан-жаныбар селейип,
Жан-жагын карап элейип,
Коркконунан жан чыкты.
Сыядат кызы Желкайып
Тоо аралап жүргөнү,
Түркүн чөптү көргөнү,
Кубулжутуп сайраган,
Кулактын курчу канбаган,
Куштарга көңүл бөлгөнү:
«Ордодо жатып солупмун,
Оңбогондой болупмун,
Аттанып тоого чыкпапмын,
Кулпурган гүлдү тербепмин,
Жер жакшысын көрбөпмүн,
Тумчугуп жүрүп өлмөкмүн».
Көңүлү толкуп жайланып,
Ашык жары Байыштан
Көзүн албай айланып,
Көйкөлө басып турганда,
Көөдөнгө кубаныч уюганда,
Чыга келип бир жолборс
Чымырканып уктаган,
Чыркырасаң укпаган,
Жакындап келип калганы,
Секирмек болуп Байышка
Азапты башка салганы.
Арстаным, Байыш, ойгон – деп,
Көзүндү ачып толгон – деп,
Кыйкырып ийип Желкайып
Карагай чыга качканы,
Ак баранды колго алып,
Камынып калды атканы.
Аңгыча кызык иш болду,
Мындайды көргөн ким болду,
Акырын басып бул жолборс
Байышты келип жыттады,

Колун кармап кысканы.
Көңүл бөлүп карасаң,
Учурашып турганы,
Таң калтырды адамды
Кабыландын кылганы,
Муну көргөн Желкайып
Мылтыктын оозун жыйганы,
Келмеси түшпөй оозунан
Жолборско көңүл бурганы.
Жолборс жөнөп кеткен соң,
Аралап токой жеткен соң,
Алдына келип Байыштын
Арыдан-бери ойготуп,
Айтып турган сөзү бул:
«Арстаным, Байыш, баш көтөр,
Айта берсең сөз жетер,
Өзүң уктап жатканда,
Өзгөчө кыйын иш болду.
Секирмек болду өзүңө,
Тири шумдук көрүндү,
Тиктеп турган көзүмө,
Ак баранды колго алып,
Атууга калдым камынып,
Карагай бутак жамынып.
Аңгыча жолборс токтоду,
Сени тааныган өңдүү окшоду,
Жыттады келип өзүндү,
Сылаган сымал бетиңди,
Колунду кармап кыскандай,
Учурашып тургандай,
Көрүп туруп таң калдым,
Сырыңды айтчы бул кандай?»
«Жаным шерик Желкайып,
Ника кайып буюрса,
Болорсуң мага бир зайып.
Жашыра турган сырым жок,
Билгеним айтып берейин,

Бирден айтып терейин.
Энебиз Күлүкан каныша,
Көтөрүп кош бой болгондо,
Талгагы жанбай койгондо,
Атабыз Нуркан падыша,
Алтымыш шаардын мергенин,
Адырдан теке тергенин,
Калтырбай баарын жыйган – дейт,
Жолборс таап келгин – деп,
Жүрөгүн сууруп бергин – деп,
Туш-тарапка кууган – дейт,
Жолборсту таап келе албай,
Канга жооп бере албай,
Айлалары курганда
Энеден туума жыланач
Он бештеги жаш бала
Жетелеп жолборс келиптир,
Карт мергенге карматып,
Көздөн кайым болуптур.
Кабылан менин колдоочум,
Кан майданда жолдошум,
Келген тура жаныма,
Караган тура алыма,
Мунун жайы ушундай,
Коркобу адам ушуга ай.
Чырым алдым көрүнөт,
Ата, энем кандай алда – деп,
Көңүлүм көпкө бөлүнөт,
Эртерээк жолго чыгалы,
Жанышты издеп табалы.
Жата бербей токойдо
Беш жылдан ашты кеткеним,
Канатым болсо каккылап,
Бүгүн да турам жеткеним.
Аттанып экөө жөнөштү,
Бир-бирине жанашып,
Асыл сөздөр сүйлөштү.

Болжолдуу жер ушу – деп,
Кара үңкүргө келгени,
Оттоп жүргөн айланып,
Кер тулпарды көргөнү,
Окуранып жаныбар
Анды-дөндү карабай,
Байышка ыкчам жеткени,
Ач буурадай аңгырап,
Кишенеп кирди заңгырап,
Ак тулпар экөө жанашып,
Моюндашып калганы,
Адам эмес, айбан да,
Сагынат экен үйрүн – деп,
Карап турган эр Байыш
Көзүнө жаш алганы,
Бул дүнүйө жалганы.
Айлана чууга толгондо.
Эмне болуп кетти – деп,
Басып келсе эр Жаныш,
Сабыр кылган кишиге
Жеткирет экен жараткан,
Алдында турат эр Байыш.
Аман-эсен көрдүмбү,
Айланайын боорум – деп,
Кучактап барып жыгылды,
Буурчактап жашы төгүлдү,
Жатындаш эки бир тууган
Айкалышып турганда,
Аңгырап ыйлап курганда,
Күкүк, Зейнеп сыяктуу
Ашык жардай көрүндү.
Бирин бири кармалап,
Беттеринен аймалап,
Кыса-кыса кучактап,
Көзүнөн жашы буурчактап,
Өңүм болбой түшүмбү,
Түшүмдө көргөн ишимби

Түшүм болсо кантем – деп,
Ишене албай чочуду.
Жараткан бизди колдо – деп,
Ичинен келме окуду,
Бир чай кайнам болгондо
Жаныш эсин жыйганы.
Алланын атын жай айтып,
Ай туякты бат айтып,
Колуна шамшар алганы,
Мууздамакка Кер тулпар
Жанына басып барганы.
Муну көрүп эр Байыш
Шашыла жетти жанына:
«Айланайын бир боорум,
Аттан барбы жакының,
Кайда кеткен акылың,
Өлүмдөн сени куткарып,
Ала качкан – Кер тулпар.
Жоо-жаландап саксактап,
Изин бурган – Кер тулпар,
Аталаштай кырк жигит
Таштап сени кеткенде
Жанында калган – Кер тулпар,
Кампайып чөп жебестен,
Кандыра суу ичпестен,
Жарат алып жатканда,
Дара каның акканда,
Үңкүрдүн оозун каралап,
Аза күткөн – Кер тулпар
Жаныңа эге жолдошуң,
Жараткан сени колдосун,
Олдоксон ишти кылбагын,
Тулпарга канжар урбагын,
Али уруш бүтө элек,
Жоолашкан жооң жолунда,
Ак бараң болсун колунда,
Тулпарың болсун астында,

Элине жете келгенсип,
Алды-артыңды карабай,
Айтууга акыл жарабай,
Тулпарды жарып салам – деп,
Алдастап катуу шаштың да.
Акыл токтот бир боорум,
Бакытка толкуп массың да».
Онтойсуз кылган ишине
Уялып калды кичине.
«Байышты бала – деп жүрсөм,
Байыр алып турмуштан
Баамдап калган турбайбы,
Бала сымал жүгүрүп,
Тулпарды жарып салам – деп,
Ай туякка чалам – деп,
Жолду тосуп жоо турса,
Жоболоңдуу чуу салып,
Мени кудай урганбы».
Байкап турган буларды
Желкайып келди кериле,
Салам берди ийиле.
«Айланайын чырагым,
Ажырап Байыш калам – деп,
Санаа тарткан убагым,
Жалгызды аман көрсөттүң,
Жалгасын сени кудайым.
Алла Таала жар болсун,
Антташкан жарың бар болсун,
Алдында бала ойносун,
Аңдыган душман кор болсун,
Аттанып жолго чыгалы,
Азиретаалы атамдын
Арбагы бизди колдосун».
Аттанып үчөө жөнөдү,
Кубаныч жүзүн бөлөдү.
Көпүрө жакын калганда
Чебеленди Желкайып:

«Байкагыла, баатырлар,
Алдыбызды тоскон бар,
Түнү жүрүп озгон бар,
Жоголду деп тулпарлар
Канга кабар жеткендир,
Чогулуп орго баргандыр,
Ордон чыгып качты – деп,
Байышты издеп калгандыр,
Желкайып кошо кетти – деп,
Түбүбүзгө жетти – деп,
Ордого чуу салгандыр,
Менден да кабар алгандыр.
Алтымыш балбан ээрчитип,
Атам менин Сыядат
Алдыбызда жаткандыр.
Асаба кылыч алгыла,
Ак олпокту кийгиле,
Ылдамдата жүргүлө,
Алышар жоо алдыда,
Алдырып койсоң кокустан
Желкайып калар кайгыда.
Бүбү Батма колдосун,
Кабылан болсун жолдошуң,
Жалтанбастан баргыла».
Кыздын келди болжолу,
Алтымыш балбан астынан
Жолду тороп калганы,
Жоболонду салганы.
Кыргыз, кыргыз – деп,
Кыраан баатыр эр Байыш,
Карышкырча качырды,
Карт буурадай бакырды,
Бир жагында эр Жаныш,
А да кетип баратат,
Андан калбай бир карыш.
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумганча,

Алты балбан кулады,
Ажал таап сулады.
Муну көргөн Желкайып
Токтотом – деп урушту
Атасынын алдына
Жүгүрүп жете барганы,
Бооруна колун алганы,
Жалооруп айтып калганы:
«Айланайын атаке,
Минемин десең, ат мына,
Киемин десең, тон мына,
Билемин десең, эр мына,
Өлтүрөм десең, баш мына,
Чабамын десең, таш мына,
Төгөмүн десең, кан мына,
Жуламын десең, чач мына.
Айтайын сага арманым,
Беш жыл бою зарланып,
Кетип барат дарманым,
Ашык болдум Байышка,
Өзүнө жар издемек,
Адамзатка парыз да.
Кызуулук менен чабышып,
Алтымыш балбан кытайдын
Канына сабын* болбогун,
Алды-артынды ойлогун,
Кырылып бекер калбасын,
Алтымыш катын зыркырап,
Жетим бала буркурап,
Каргышка сени албасын,
Касабы* тийип калбасын».
Желкайып сүйлөп токтолду,
Атанын сөзү ок болду:
«Бала бактым – деп жүрсөм,
Балаа баккан экенмин,
Кызды бактым – деп жүрсөм,
Кыянат тапкан экенмин,

Эки бала кыргыздын
Түбүнө мен жетемин,
Коё тургун кара бет,
Чачынды бирден жулдуруп,
Бетиңе кара көө сыйпап,
Атасын саткан арсыз – деп,
Жалпы журтка дааналап,
Куурай сымал арттырып,
Кыл чылбыр менен бастырып,
Атка жүктөп кетемин,
Азабынды беремин,
Албарсты сымал азгырган,
Ата менен баласын
Бир-бирине кас кылган,
Байышты азыр көрөмүн,
Шейит өлүм кыламын,
Ак-Күргүнгө агызып,
Көзүнөн жашын тамызып».
Сыядат сөзүн укканда
Ачууланып Желкайып
Ордунан тура калганы,
Колуна кылыч алганы,
Бул кылганым болбос – деп,
Атасына кол салган
Акыр түбү оңбос – деп,
Өзүн өзү токтотуп,
Аттын башын бурганы,
Акыл сөзгө келбестен,
Кыз сөзүнө көнбөстөн,
Атасын кудай урганы,
Ажал жетип турганы.
Алты алптын өлгөнүн
Сыядат барып көргөнү,
Жекеге – деп бакырып,
Жекирип турган Байышка
Жеткире көңүл бөлгөнү.
Желкайып сөзүн укпастан,

Жеңдирип ийип ачууга
Кызга жаман кеп айттым,
Түбүңө сенин жетем – деп,
Атка таңып кетем – деп
Ачуу сөздү неге айттым,
Ажалым жетип турганбы,
А-бу сөзгө келбестен,
Ачууга тиер кеп айттым,
Алтымыш балбан дегеним,
Ичи толгон бок экен,
Байыш менен алышар,
Каруудан кармап кайышар,
Кайраттуусу жок экен,
Калкынан баатыр чыкпаса,
Душманың көрүп ыктаса,
Атаны арман дүнүйө,
Кан деле болсо кор экен,
Кайгысы анын мол экен.
Баштап келген баатырдын
Балбандыгы жок экен,
Алтоо жатат дардайып,
Айбан сымал калдайып,
Жекеге чыгар киши жок,
Намыс менен иши жок,
Кан да болсом как өзүм
Ортого чыккан турамын,
Бу да болсо жараткан,
Сыядаттын шору экен.
Шейит өлүм мен болсом,
Артымда эркек бала жок,
Урааным айтар ага жок,
Улап кетчи иним жок,
Ойлонсом аны ичим чок,
Жети кыздын кенжеси,
Жетилип сүйгөн эркеси,
Желкайыптын кылганы
Сөөгүмдү сыздатты,

Көңүлүмдү муздатты.
Аялдан аяр акылман
Ордумду басар дечи элем,
Анын камын жечи элем,
Кыз деген душман турбайбы,
Кыйып кетти өзүмдү,
Кыйналгансып турамын,
Кыйын баатыр Байыштан
Шейит кетчү кезимби».
Аңгыча Байыш келгени,
Жекеге чыкчуң барбы? – деп,
Желпинип сүйлөп киргени.
Сырын түйүп ичине,
Сыздаганын билгизбей,
Сур тулпарга мингени,
Суурулуп чыгып тобунан
Сыядат жакын келгени.
Эки баатыр таймашты,
Каруудан алып кармашты,
Найза менен чабышты,
Омуроодон алышты,
Тулпарлар да тирешти,
Ооздуктар кагышты,
Ойт берип чыга калышты,
Бир аш бышым болгондо,
Канча баатыр болсо да,
Алтымышта Сыядат
Алы кетти алсырап,
Каны кетти кансырап,
Оңтоюна келгенде,
Обдула калып эр Байыш
Оодарып аттан кеткени,
Ажалынын жеткени.
Атынан түшпөй эр Байыш
Өлөр жериң ушул – деп,
Өлчөп келип сайганы,
Кан тамырын кыйганы,

Бардык күчүн жыйганы,
Омкоруптуп урганы.
Опол-тоодой Сыядат
Олчоюп жатыш калганы,
Канча кылса ата да,
Карап турган Желкайып,
Көз кырын салып Байышты
Баалап турган Желкайып,
Бакырып келип жыгылды,
Алыска ыйы угулду.
«Айланайын атаке,
Айткан сөзүм укпастан,
Армандуу кылдың өзүмдү,
Кашайттың эки көзүмдү.
Жакшы сөзгө келбедиң,
Жаныңа жакын бала элем,
Жайылып бата бербедиң.
Узатпадың колуңдан,
Уруш салдың жолумдан,
Жайкалып узап кетпедим,
Бу да менин шорумдан.
Кагылайын калайык,
Каргыш айтпа өзүмө,
Жаман оюм жок эле,
Жалпы журт сенин өзүңө,
Ашыгым болду бир бала,
Айыбым менин бир гана».
Ботодой боздоп Желкайып
Эл, жери менен коштошту,
Карап турган калайык
Кош айтышып боздошту.
Кыздын көрүп абалын
Кыйналып турду эр Жаныш,
Не кыларын биле албай,
Жалдырап карайт эр Байыш.
Ошондо Жаныш турганы,
Калкка көңүл бурганы:

«Назар салгын сөзүмө,
Өчүбүз жок өзүндө,
Атабыз Нуркан падыша,
Энебиз Күлүкан каныша,
Сейил куруп келгенбиз,
Айдың-Көлдүн чегине
Курал, жарак жок эле,
Силер менен кыркышып,
Урушаар оюм жок эле.
Каз, өрдөктөн илдирип,
Кыраандыгын билдирип,
Ит агытып, куш салып,
Көңүлүбүз ток эле.
Капыстан калың жоо көрдүк,
Жолду тоскон доо көрдүк.
Жарат алып кырк жерден
Жашынып үңкүр мен жүрдүм,
Өлбөгөндөй күн көрдүм,
Жалгызымдан айрылып,
Жабыркадым ыйладым,
Жараттуу жанды кыйнадым.
Кудай Таала кудурет,
Тирүү көрдүм жалгызды,
Өлүмгө болгон аралжы
Желкайыптай нур кызды.
Каса үйүр жылкы айдап,
Калк чогултуп, той камдап,
Айдың-Көлдө мал жайнап,
Алтын, күмүш зер алып,
Асыл булду мол алып,
Каада менен келбедим,
Мойнума салып курумду
Куда – деп салам бербедим,
Бул айыбым мойнумда,
Журт каадасы оюмда.
Эрегиштен эр өлдү,
Сыядаттай кан өлдү,

Элиңерге баргыла,
Кудайдын экен буйругу,
Ардактап көөмп алгыла.
Айланайын Желкайып,
Шейит болду атаңыз,
Ага биз да капабыз.
Уруштун жайы ушу экен,
Кармашкан эки адамдын
Бир өлмөк шарт экен.
Кайрат кылгын каралдым,
Байыш үчүн жаралдың,
Атаң өлсө, жарың бар,
Паана кылар жайың бар.
Нуркан өңдүү атаң бар,
Күлүкан аттуу апаң бар,
Калың кыргыз элиң бар,
Алты-Шаар жериң бар,
Алтын, күмүш зериң бар,
Ардактар сени, жеңең бар,
Кайнагаң бар кайрымдуу,
Калың журтка алымдуу,
Кайрат берер өзүнө,
Кулак салгын сөзүмө.
Эсиңди жый чырагым,
Эртерээк жолго чыгалы,
Байыш менен кеңешип,
Жолдун камын кылалы,
Элди көздөй жылалы».
Сөзүн бүтүп эр Жаныш,
Атасынын сөөгүнө,
Кайгыга катуу чөмүлө,
Башын ийген кан кызын
Көтөрүп атка мингизди,
Урмат, сыйын билгизди.
«Айланайын атаке,
Ашык жардын айынан,
Эр Байыштын жайынан,

Айрылып сенден баратам,
Жүрөгүм канайт жараттан.
Атаны, кокуй, дүнүйө,
Атам бир сени эстесем,
Арманым артар күнүгө.
Айланайын атаке,
Жаткан жериң жай болсун,
Топурагың май болсун,
Алың келсе кечиргин,
Армандуу кылбай мендейди
Күйүтүмдү өчүргүн».
Күйүп ыйлап Желкайып
Кош айтышты кучактап,
Көзүнөн жашы буурчактап,
Жөнөп калды кылчактап.
Эки айга жакын жол жүрдү,
Жол жүргөндө мол жүрдү,
Элге жакын келишти,
Жаныш, Байыш эки бек,
Кароолго алып шаарды
Байкоо салып көрүштү.
Карап турган адамга
Шаар башка көрүндү,
Бир балакет бар го – деп,
Жаныштын көөнү бөлүндү.
Бастырып алар келатса,
Алдынан чыкты бир адам,
Бутунда чокой чолчоёт
Туш-туштан эти көрүнүп,
Кементайы олчоёт.
Жакын келсе жанына
Ордонун экен башчысы,
Алты-Шаардын сакчысы,
Жай сураша келгени,
Жайма-жай суроо бергени:
«Жолоочум айтчы жөнүндү,
Өнүң тааныш көрүндү,

Калк башкарган каның ким?
Каада күткөн бегиң ким?
Эл башкарган эриң ким,
Элсиздей болуп келесиң,
Артыңдан бирөө куугандай,
Ашыгып неге желесиң?
Ачыгын айтчы жашырбай,
Армандуу кандай немесиң?».
«Айланайын бектерим,
Аңдап билдиң өзүмдү,
Тыңшап тургун сөзүмдү.
Алтымыш шаар кыргызга
Азиретаалы баласы,
Тегинде жок чаласы,
Ардактуу Нуркан кан эле,
Айтканымдай бар эле,
Телегейи тең эле,
Өрүшү анын кең эле,
Жаныш, Байыш баласы
Жараткан сүйгөн шер эле,
Беш жыл мурда болгону,
Нуркандын эки баласы
Айдың-Көлгө барам – деп,
Азапты бизге салганы,
Атанын тилин албады,
Сексен жигит ээрчитип,
Сейилдеп кетип калганы,
Ошондон бери дайын жок,
Бул дүнүйө жалганы.
Алар кетип калган соң,
Акжол, Дарбаз эки кул,
Калкка бүлүк салганы,
Кандыкты тартып алганы,
Нуркан азыр кой багат,
Байбиче Күлүкан уй жаят,
Чөп алачык киргени,
Ушундай тагдыр болорун

Алардын кайдан билгени.
Эртели-кеч ыйлашат,
Кара жанын кыйнашат.
Жаныштын жары Күмүшай,
Жанына түштү бүлүк ай,
Акжол аны алмакчы,
Азапка башын салмакчы,
Ак өргөөгө кирмекчи,
Жылкы баккан кара кул,
Кан сыяктуу жүрмөкчү,
Кан ордого кирмекчи.
Кой кайтарган Дарбаз кул,
Жети атасы жарыбас кул,
Бек сыяктуу жүрмөкчү,
Бек үйүнө кирмекчи,
Бектин жайын билмекчи,
Жаныштын жалгыз баласы
Баяман калды балаага,
Баш көтөрбөс жалаага.
Күмүшай Акжол барбаса,
Тийбеске кылса далбаса,
Баланы дарга асмакчы,
Терендеп көрүн казмакчы,
Байкуш бала өлмөкчү,
Өлбөсө да өкүрүп,
Өлгөндүн күнүн көрмөкчү.
Эки бектин барында
Эсирген жандын бири элем,
Эр башына тең элем,
Аргымак атты минчи элем,
Азем менен жүрчү элем,
Күлүк атты минчи элем,
Күлпөттө жыргап күлчү элем.
Ордонун элем сакчысы,
Кан ордонун башчысы,
Эми төө кайтарган кул болдум,
Төбөсү жыртык кементай

Үстүмдөн түшпөй кор болдум.
Бутумда чокой чолчоюп,
Баса албаймын олчоюп,
Кул баласы кутурду,
Канбача уулу утулду,
Күнү-түнү кайтарат,
Сабап мизим майтарат,
Качайын десем кармалам,
Бектер келип калат – деп,
Үмүтүм үзбөй айланам.
Жылкычы, койчу эки кул,
Кан ордосун ээледи,
Калкка тынчтык бербеди,
Калкты жыйып той кылат,
Каяша айтса бой кылат,
Элди жыйып той кылат,
Жаныш, Байыш эки эрди
Эскерип койсо бой кылат,
Эки кул катуу эсирди,
Аллага кылды кесирди,
Ордого элди жыйганы,
Молдолорду чакыртып,
Акжол калды камынып,
Күмүшкө нике кыйганы,
Кулду кудай урганы.
Жар боюнда алачык
Жансактап Нуркан отурат,
Айрылдым – деп эки бек,
Көзүн жашка толтурат.
Ак байбиче Күлүкан
Уй сааган күң болгон,
Жашоо ага түн болгон,
Күндөп-түндөп ыйласа,
Күйүтү анын артылат,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өлөсө жанын кыя албай,
Муңканып күндө чарпылат».

Жаныш, Байыш эки бек
Сакчынын угуп айтканын
Санаа тартып ичинен
Жарылып кете жаздады,
Бастыргын – дейт инисин
Узатып коюп сакчыны
Жаныш кебин баштады.
Көзүнөн жашы чууруп,
Өлүп кете таштады:
«Айланайын жараткан,
Беш жыл бою азапты
Көргөнүбүз аз беле,
Тагдыр бизге кас беле,
Жылкы баккан кара кул,
Дити бузук даана кул,
Ордону ээлеп алганы,
Нурканды кууп салганы.
Ушуга кантип чыдаймын,
Ак никелүү зайыбымды
Аламын деп калганы,
Жалгыз уулум Баянды
Өлтүрмөк болуп байлатып,
Бутуна чынжыр салганы.
Айланайын жалгызым,
Эртерээк элге жетели,
Эки кулду өлтүрүп,
Эсесин колго берели.
Жалган болсо укканым,
Аны дагы көрөлү,
Ак олпокту чечели,
Ак тулпарды жашырып,
Аска тоого батырып,
Думана болуп ак уруп,
Кул алдынан өтөлү.
Укканыбыз чын болсо,
Дили башка акмактын
Бул кылганы дүң болсо,

Азабын колго берели,
Өлтүрүп көргө көмөлү».
Желкайыпты калтырып,
Аса таяк асынып,
Адам көрсө жашынып,
Думана сымал ак уруп,
Эки бек жолго салганы,
Жар боюнда алачык,
Кедейлерге жарашык,
Келип кулак чалганы,
Кемпир, чалдын күбүрүн
Эки бек угуп калганы:
«Ой, Нуркан падыша,
Эки кул болду каргаша,
Эки бек келип калабы,
Жараткан бизди жалгаса.
Түндө жатып түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм,
Кер тулпар менен Ак тулпар,
Кермеге келип байланды,
Кемпир, чал көөнү жайланды.
Эки бирдей ак шумкар,
Келип конду туурга
Артынан келип боз кептер,
Айланып учуп конгону,
Катып калган кара эмчек
Кайкалап сүткө толгону,
Алжып жатат дебегин,
Ай жаркырап асманда
Азем заман болгону.
Жата бербей курган чал,
Кой артында котур козуну
Колтуктап алып келсеңчи,
Аксарбашыл чалсаңчы,
Кудайга тилек кылсаңчы».
«Куурап калган куу кемпир,
Куураган сөздү баштайсың,

Өлүп калган балдарды
Айта берип какшайсың,
Өлгөн кайта келчиби,
Беш жыл бою күтөбүз,
Ыйлай берип таппадык,
Алла таала кудурет,
Алганын кайта берчиби,
Айтканда аман келчиби?
Кайта-кайта кеп айтып,
Балдарың тирүү – деп айтып,
Толтурба жашка көзүмдү,
Көп ордуна көрбөймүн,
Келжиреген сөзүндү,
Кейитпечи өзүмдү».
Алардын сөзүн укканда
Аталап Жаныш бакырды,
Апасын Байыш чакырды.
Кучакташып калышты,
Мойнуна курун салышты.
Көлдөй толкуп жаш акты,
Эмне шумдук болду – деп,
Сары күчүк баш бакты,
Салаа-салаа жаш акты,
Мекиренип сүт издеп,
Жетим улак баш бакты.
Ыйлай берип токтошту,
Бирин бири жоктошту.
Анда Жаныш кеп айтат,
Угуп тур ата – деп айтат:
«Ордого эрте баралы,
Кулдардан кабар алалы,
Алааматты салалы,
Күмүшай менен Баянды
Ажыратып калалы.
Жата бергин сүйүнүп,
Душманга болсун күйүнүч».
Кош айтышып жөнөштү,

Ата менен энесин
Кубанычка бөлөштү,
Эки бек келди аттанып,
Думана болуп шаттанып,
Эки кулдун кашына,
Бастырып алар келгени,
Куттук айтып бергени:
«Ассалом алейкум эки бек,
Тоюң тойго айлансын,
Тоскоол кылган байлансын,
Кандык сага куш болсун,
Каныша катын туш болсун,
Жылкың жүрсүн жайылуу,
Элиң болсун байырлуу,
Алло акбар, алло акбар!
Кызың туусун эгизден,
Эркек, кызы семизден,
Уулуң болсун урушчаак,
Катының болсун болушчаак,
Жооң сени жайласын,
Акжол, Дарбаз эки кул,
Издеп келдим кайдасың?
Токтоно албай эр Байыш
Койнундагы кылычты
Колтуктан сууруп алганы,
Келгенин билип бектердин
Экөөнү кудай урганы
Кечир, бегим, кечир – деп,
Белин ийип бүгүлүп,
Келиндерче жүгүнүп,
Бизди кудай урду – деп,
Алдына келип жыгылып,
Чөк түшүп жатып калганы.
Карап турган калың эл,
Думана болгон эки бек
Жаныш, Байыш экенин
Жардана карап билгени,

Жабыла салам бергени.
Анда Жаныш кеп айтат,
Айланайын калайык,
Амансыңбы – деп айтат,
Ажалыбыз жок экен,
Аман-эсен биз келдик,
Ак никелүү зайыбымдын
Алааматтуу тоюнда
Акжол, Дарбаз туш келдик.
Түбү душман кулдардын
Кылганы жетти башына,
Алпарып орго салгыла,
Тамашага кангыла.
Алып келгин Баянды,
Күмүшай сулуу аялды,
Көрүшөлү бетме-бет,
Моюндашып көзмө-көз.
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Аткарылды айтканы.
«Акжол сага тийгенче,
Азабымды керөрмүн,
Ажалы жок өлөрмүн,
Бычак менен жарармын
Тозокко кире барармын».
Кыйкырып келет Күмүшай,
Эри өлгөн катындай,
Чачын жулуп жулкунуп,
Бетин тытып булкунуп,
Эч адамдан тартынбай.
Чоюлган эстүү жан элең
Эмне болгон капырай.
Бир жагында баласы,
Бөлүнөт Жаныш санаасы,
Эки көздөн от жанып,
Жанына келген жигитти
Жан-жагына ыргытат.

«Жакын келгин эр болсоң,
Жарып салам ичиңди,
Жанчып салам тишиңди,
Тилип салам бетиңди,
Кескилеймин этиңди,
Жулуп алам бутуңду,
Жаныш, Байыш жогунда
Жылкычы кулуң кутурду,
Кой кайтарган комдонуп,
Адам сымал оңдонуп,
Ордого кирип отурду.
Жаным барда жалбарбайм,
Алым барда алдырбайм,
Күмүшайды бергенче,
Күйөөлөгөн Акжолду
Атакелеп сүйгөнчө,
Ажалсыз өлүп кетемин,
Кудурет салса нетемин.
Он бешке араң келсем да,
Акырет көздөй кетемин,
Алла салса нетемин».
Баяндын угуп сөздөрүн,
Карышкыр сымал көздөрүн,
Жаныштын тынды санаасы,
Кайратынан кайтпаган,
Кадимки баатыр баласы.
Ошондо Жаныш кеп айтат,
Ойлонор сөздү эми айтат:
«Адамдан аяр Күмүшай,
Эри өлгөн сымал өкүрдүң,
Бул эмине жүрүш ай.
Алдыңда турат Жанышың,
Айкалышсын Байышың,
Экөө тирүү турганда
Чачыңды жулуп жулкунуп,
Бетиңди тытып булкунуп,
Мынча неге кайыштың?

Бери кара өзүмдү,
Белсенип уккун сөзүмдү,
Беттеп кара көзүмдү,
Айланайын Баяным,
Көзүм өтсө карааным,
Артымдагы туягым,
Аргымак сындуу куланым,
Кайратыңдан кагылам,
Атанын уулу чунагым,
Угуп айткан сөзүңдү
Муунум бошоп турамын.
Бери келчи өзүмө,
Көрүнчү тике көзүмө,
Бетиңден сүйүп өбөйүн,
Берендигиң билейин,
Мойнундан бекем жыттайын,
Өзүңдү карай ыктайын».
Ата, бала көрүштү,
Кучакташып өбүштү,
Көрүп Жаныш, Байышты
Күмүшай зарлап кайышты.
Өңүмбү деп ыйлады,
Асыл жанын кыйнады.
Отуз келин, отуз кыз,
Желкайыпка жиберип,
Жетине албай алдырды,
Пери сымал Желкайып
Кундуздай чачы жер чийип,
Мунарага чыкканда
Көргөндүн көзүн талдырды.
Ырчылар кошуп ырдады,
Сынчылары сындады,
Байышка ылайык экен – деп,
Көпчүлүк карап ылгады.
Кудурети кудайдын
Баары калды табышып,
Ордого кире барышып,

Карылары карашып,
Жаштары жүрөт жанашып.
Ата-энесин алдырып,
Ай туякты бат айтып,
Алланын атын жат айтып,
Аксарбашыл чалдырып.
Ошондо Нуркан карысы,
Балдарым аман келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп,
Калкын жыйып той берди,
Малы жокко кой берди,
Аты жокко тай берди,
Сүтү жокко уй берди,
Үйү жокко үй берди,
Пулу жокко пул берди,
Мындайды мурун ким көрдү.
Чогулуп келген көпчүлүк
Батасын берип тарады,
Болду сөздүн тамамы.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ[1]

Көлбоор – тилемчинин мойнуна асып жүрүүчү баштыгы.

Күлө (фарсы сөзү) – конус сыяктуу, конус формалуу дербиштин баш кийими.

Чеге – эпосто калканч, таяныч, коргоочу деген мааниде.

Абайы – саймаланган, кооздолгон.

Апек – жибек аралаш токулган жол-жол болгон материал.

Амир (араб сөзү) – башкаруучу, буйрук берүүчү маанисинде.

Зади (фарсы сөзү) – теги, чыккан жери.

Забын/зобун (араб сөзү) – бекерден бирөөнүн канына аралжы болуу, күнөөсүн көтөрүү деген мааниде.

Кутпа (араб сөзү) – нике кыйганда окулуучу дуба.

Жамал (араб сөзү) – сулуу, татынакай, жагымдуу, көркөм.

Бакыбат/бакубат (араб сөзү) – алдуу, күчтүү, кубаттуу.

Мискин (араб сөзү) – жарды-жармач, кедей, бакытсыз, үлүшсүз, таалайсыз.

Умөт (араб сөзү) – Мухаммеддин амирин тутуучу, жолун жолдоочу, улантуучу.

Азыткы – азгыргыч, бузуку, козуткуч.

Албарсты – аял кебетесиндеги демондук укмуштуу жан.

Шаймерден (фарсы сөзү) – жигиттин пири, колдоочусу.

Каса (араб сөзү) – эң мыкты, эң жакшы, өзгөчө, бөтөнчө, таза.

Бейиш (фарсы сөзү) – жыргалдуу, берекелүү, бейпил.

Апта (фарсы сөзү) – бир жума.

Касаба (касакана) – чуулганды салганбыз деген мааниде.

---

[1] Айрым сөздөр эки вариантта тең орун алгандыктан, сөздөрдүн түшүндүрмөсүн бир жерге топтодук.

МАЗМУНУ

Мукасов М. Баш сөз 3

Жаныш, Байыш (*Калык Акыевдин айтуусу боюнча*) ... 31
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 312

Жаныш, Байыш (*Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусу боюнча*) 313
Сөз башы 314
Сапарга жөнөрдө Айчолпондун айтканы 317
Сапарга чыкканы 319
Ала-Көл 321
Желмаян менен Шумурат кан 323
Желмаяндын кайра келгени 327
Калмактар менен Жаныш, Байыштын урушканы 333
Жаныш уруштан кийин 344
Байыш 346
Байыш менен Белкыс. Байыштын зынданга салынганы 352
Кырк кыз нөкөрү менен Белкыстын Байышты издеп чыкканы 366
Белкыс менен Байыштын кутулганы 372
Белкыс менен Байыштын Жакыпты тапканы 380
Калмактар менен уруш 383
Желмаяндын өлтүрүлүшү, Жаныш менен Байыштын элине кайтканы 390
Эл-журтунан кабар алганы 392

Жаныш, Байыш той үстүндө катындары
менен жолукканы 400
Баласына өзүн таанытканы 411
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 417

Жаныш, Байыш (*Жусупаалы Жанаевдин
айтуусу боюнча*) 419
Сөз башы 420
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 448

Жаныш, Байыш (*үзүндү*) 449

Жаныш, Байыш (*Сарыкунан Дыйканбаевдин
айтуусу боюнча*) 459
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 565

Адабий-көркөм басылма

«Эл адабияты» сериясы

ЖАНЫШ, БАЙЫШ

Кенже эпос

IV том

Түзгөндөр:
Акматалиев Абдылдажан, Кебекова Батма, Мукасов Мураталы

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*

Редактору *Теңирбергенова Ж.*
Техн. редактору *Жусупбекова А.*
Корректору *Мукасов М.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.06.2015-ж. берилди.
Басууга 03.12.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $84x108^{1}/_{32}$.
Көлөмү 35,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 04.

Бишкек шаары, «Аврасия Пресс» басмаканасы.